

# Кенже балдарга сабак өтүү 1-деңгээл



Рухи Институту





Китеп 3

# Кенже балдарга сабак өтүү
# 1-Деңгээл

Рухи Институту

Китептердин ырааты:

Төмөндө Рухи Институту тарабынан иштелип чыккан китептердин тизмеси учурдагы аталыштары менен берилди. Бул китептер жаштардын жана улуу муундагы адамдардын өз жамааттарына кызмат өтөө жөндөмдүүлүктөрүн жогорулатуу үчүн үзгүлтүксүз аракеттерди жүргүзүүдө, курстардын негизги ырааттуулугу катары колдонууга багытталган. Мындан сырткары, Рухи Институту ырааттагы үчүнчү китептин бир бутагы болгон кенже балдарга сабак өтүүчү мугалимдерди окутууга багытталган кошумча курсту жана ошону менен бирге эле, өспүрүмдөр топторунун алып баруучуларын даярдоого арналган, 5-Китептен алынган кошумча жыйнактарды чыгаруунун үстүндө иштөөдө. Бул эки жыйнак тең төмөндөгү тизмеге киргизилген. Белгилей кетсек, берилген тизме жер-жерлердеги бул тармакта топтолгон тажрыйбанын негизинде өзгөрүшү ыктымал, ал эми иштелип жаткан материалдар жалпы окуу программаларынын бир катары кеңири колдонууга сунушталганда ага жаңы элементтер кошулмакчы.

| | |
|---|---|
| 1-Китеп | *Рух жашоосу тууралуу ой толгоолор* |
| 2-Китеп | *Кызмат өтөөгө умтулуу* |
| 3-китеп | *Кенже балдарга сабак өтүү, 1-деңгээл* |
| | *Кенже балдарга сабак өтүү, 2-деңгээл (*курстун бир бутакчасы) |
| | *Кенже балдарга сабак өтүү, 3-деңгээл (*курстун бир бутакчасы) |
| | *Кенже балдарга сабак өтүү, 4-деңгээл (*курстун бир бутакчасы) |
| 4-китеп | *Кудайдын кош Жарчылары* |
| 5-китеп | *Өспүрүмдөрдүн дарамет-күчүн ачуу* |
| | *Баштапкы импульс: 5-китептин биринчи бутакча курсу* |
| | *Айлананы кеңейтүү: 5-китептин экинчи бутакча курсу* |
| 6-китеп | *Ишке окутуу* |
| 7-китеп | *Кызмат өтөө жолун чогуу аркалоо* |
| 8-китеп | *Бахаулланын Осуяты* |
| 9-китеп | *Тарыхый көз карашка ээ болуу* |
| 10-китеп | *Жигердүү жамааттарды түзүү* |
| 11-китеп | *Материалдык каражаттар* |
| 12-китеп | *Үй-бүлө жана коом* |
| 13-китеп | *Коомдук иш-аракеттерге тартылуу* |
| 14-китеп | *Коомдук ой-талкууларга катышуу* |

Автордук укук © 2025 Рухи фондуна таандык, Колумбия
Бардык укуктар корголгон. Edition 2.2.2.PE.PV (provisional translation) in Kyrgyz
published in November 2025
Printed in Kyrgystan

Originally published in Spanish as *Enseñar clases para niños, primer grado*
Автордук укук © 1987, 1996, 2021 Рухи фондуна таандык, Колумбия
ISBN 978-958-52941-7-2

Permission for a limited printing of this book in Kyrgyz has been granted by the Ruhi Institute.

Рухи Институту
Кали, Колумбия
Email: instituto@ruhi.org
Веб-сайт: www.ruhi.org

# Мазмуну

Алып баруучу үчүн бир нече ой-пикирлер ...... v

Бахаи билим берүүсүнүн кээ бир принциптери 1

Кенже балдар үчүн сабактар, 1-деңгээл ......... 39

# Алып баруучу үчүн бир нече ой-пикирлер

Бул китеп эки бөлүктөн турат, алардын максаты – коңшулукта жана айыл-кыштактарда барган сайын көп адамдардын балдарга руханий билим берүү боюнча үзгүлтүктүксүз сабактарды өтүүгө байланышкан мактоого татыктуу жөндөмдүүлүктөрүн өстүрүү. Бул Рухи Институтунун курстарынын негизги ырааттуулугундагы китептердин үчүнчүсү жана кызмат өтөөгө умтулгандар үчүн атайы жолго багыт көрсөткөн китептердин биринчиси болуп саналат. Мындай чечим кабыл алган катышуучулар балдарды окутуу боюнча бир катар бутакча курстарды изилдөөгө киришет жана ар кимиси жеке шарттарына жараша, ырааттуулукта көрсөтүлгөн багыт боюнча өзүнө ылайыктуу темп менен алдыга жылууну улантышат.

Топ менен бирге бул китепти изилдеп жатып, алып баруучу жогоруда белгиленген учурду эсине алышы шарт, анткени жалпы катышуучулардын белгилүү бир пайызы гана өздөрүн ишмердүүлүктүн дал ушул чөйрөсүнө арноону чечиши мүмкүн. Андыктан, китеп өзүнүн негизги максатынан тышкары, кызмат өтөө жолуна өзүн толук багыштаган ар бир адамды, алардын айылында же коңшулукта уюштурулуп жаткан кенже балдар үчүн билим берүү программасынын негизин түзгөн айрым түшүнүктөр жана идеялар менен кеңири тааныштырат. Ошентип, жаш балдарга руханий жактан таалим-тарбия берүү милдети жана балдар менен мамиле түзүүдө чоңдор белгилүү бир сапаттарды, мамилелерди жана жүрүм-турумдарды көрсөтүү керектиги боюнча жамааттын аң-сезимин жогорулатууга бул китеп өз салымын кошот деген үмүттөбүз.

2-китептин экинчи бөлүгүн окуу менен, катышуучулар Абдул-Баха белгилеген билимдин үч түрү - материалдык, гуманитардык жана руханий билим менен таанышкан. Бул жерде аларга билимдин акыркы белгиленген түрү тууралуу - адамзаттын эң жогорку табияты болгон руханий табиятын өнүктүрө турган билим туурасында өз түшүнүктөрүн өркүндөтүүгө мүмкүнчүлүк берилет. Бул жерде башынан баштап эле бир нерсе так түшүнүктүү болушу керек, Бахаи ишениминдеги балдарга руханий билим берүү деген түшүнүк, айрым учурларда диний насаат катары кабыл алынып келген догматикалык ишенимдерди таңуулоодон кескин түрдө айырмаланат.

Жаш муунду тарбиялоодо диний осуяттарды четке кагуу мүмкүн эместигин моюнга алуу да маанилүү, анткени бул Кудайдын акыйкатын таанууга жана алардын ойлору менен иш-аракеттерин башкарууга багытталган принциптерди билүү мүмкүнчүлүгүн жокко чыгарууга барабар болмокчу. Жаш жеткинчектердин жеке стандарттары жана дүйнөгө болгон көз караштары коом менен өз-ара алака түзүү процессинде пайда болушу керек, аларга эркин тандоо мүмкүнчүлүгүн берүү зарыл деген көз-карашты колдогондор, саясий, экономикалык жана маданий күчтөр өз кызычылыктарына туура келген ынаным менен жүрүм-турум үлгүлөрүн канчалык деңгээлде агрессивдүү түрдө жайылтып жаткандыгын түшүнбөгөн сыяктуу. Бирок, мындай болбогон күндө дагы, болочок муун адамзаттын руханий табиятын азыктандырган мыкты дүйнөнү билими жок кура алат деп болжоого негиз жок. Ыйык Устаттын жетекчилигинен айрылган адамзат башаламандык, адилетсиздик жана азап-кайгы гана жаратат.

Андыктан, Бахаи ишениминин принциптери балдарды окутууга арналган алты жылдык программаны камтыган ушул китептин жана андан тараган бөлүктөрдүн маанилүү негизи болуп саналат. Ошентсе да, программанын түзүлүшү, айрыкча, камтылган материалдын класстарга жараша ырааттуу түрдө бөлүштүрүлүшү бардык балдардын катышуусуна жол ачат. 1-деңгээлдин сабактары 5-6 жаштагы балдардын рухий сапаттарын өркүндөтүүгө багытталган, бул алардын мүнөздөрүн өркүндөтүүгө жардам берет. 2-деңгээл ушул сабактарга таянып, өткөн жылы каралган ички сапаттарды чагылдырган адаттарды жана жүрүм-турум үлгүлөрүн өстүрөт, мисалы, дуба окуу адаты. Бул адаттын аркасында адам Кудайга жакын болуу тилеги мүнөздүү болгон өзгөчө ички абалга ээ болот. Кийинки деңгээлдер билим жөнүндөгү маселелерге кайрылат. Маселен, аң-сезимдүү түрдө жеке руханий өнүгүүнүн үстүндө иштөө үчүн адамдар Кудай жөнүндөгү билимди тараткан Булак менен байланышты түзүшү керек. Ошондуктан, бул деңгээлдер үчүн каралган сабактарда жашоодо негизги мааниге ээ болгон темалар талкууланат, маселен  ушул Күндөгү Кудайдын кош Жарчылары жана Аларга чейин келген Элчилердин жашоосу. Акыркы деңгээлде балдар Абдул-Баханын келтирген мисалдарына жана түшүндүрмөлөрүнө таянып, Бахаулланын Аяны тууралуу өз билимдерин өстүрүү мүмкүнчүлүгүн алат. Бул билимдер балдарга өз жашоосунда ой-санаалары менен иш аракеттерин Бахаулланын окуусуна шайкеш келтирүүгө болгон умтулууларында Анын Жазмалары менен сөздөрүнө кайрылуу адатын чыңдоого жардам берет деп үмүттөнөбүз. Жашы 11-12ге толгон кезде алар өспүрүмдөрдүн руханий дарамет-күчүн ачуу программасына өтүүгө даяр болушат, анда алардын өрчүп жаткан аң-сезими топтун алып баруучусунун жардамы менен өздөштүрүлгөн тексттердин аркасында дагы кеңейет, бул тексттер алардын Бахаи балдар класстарында алган билимдерин андан ары улантмакчы. Мыкты болууга умтулган балдар класстарынын окутуучулары, бахаи эмес ата-энелер уул-кыздарын ушундай сабактарга жиберүү мүмкүнчүлүгүн колдооруна жана руханий окуулардын алардын назик жүрөктөрүнө жана акыл-эстерине тийгизеген таасирин көрүп кубанып жатканына толук ынанышы керек.

Жогоруда белгиленгендей, 1-деңгээлдин сабактары кулк-мүнөздү калыптандырууга багытталат. Андыктан "Бахаи билим берүүсүнүн кээ бир принциптери" бөлүгү билим берүү тармагына зор таасир тийгизген Ишенимдин Жазмаларынан алынган айрым олуттуу түшүнүктөрдү изилдейт. Бөлүктүн биринчи жарымы дал ушул талкуулоого негизделген, ал эми калган бөлүгү мугалимдин сабактарды өтүүдө жана ата-энелер менен иштешүүдө кандай мамилелерди колдонууга болоорун чагылдырат.

Бөлүмдө талкууланган эң биринчи түшүнүктөрдүн бири – бул адамдын ички дарамети. Ал Бахаулланын ар бир адамды "баа жеткис асыл заттарга бай кен" катары салыштыруу образдары аркылуу изилденет. Катышуучуларга бул айтылган аныктамадан түздөн-түз келип чыкчу эки бүтүм тууралуу ой жүгүртүү сунушталат, тактап айтканда, окуучуларды маалымат менен толтуруу керек болгон бош идиш катары караган билим берүү ыкмаларынан баш тартуу жана тийиштүү тарбия берилбесе, балдар өздөрүнүн ичинде катылган көптөгөн асылдыктарды таба албай тургандыгы.

Китептин бул бөлүгүндө айтылгандай, ар бир адамга ыйгарылган асылдыктардын арасында "руханий сапаттар" деп аталган өзгөчө тобу бар, алардын негизинде гана адеп-ахлактуу мүнөздү калыптандырууга болот. Алар "изгиликтер" деген өзгөчө категорияны чагылдырат – бул түшүнүк адаттар жана жүрүм-турумдарды жана ошону менен бирге эле көндүмдөрдү жана жөндөмдөрдү камтыган мактоого арзырлык бардык касиеттер үчүн колдонулат, андыктан бардык катышуучулардын алардын бардыгын жеткиликтүү

деңгээлде билүүсү маанилүү. 6 жана 7-бөлүмдөрдө ушул айтылган аныктамалардан келип чыккан бүтүмдөр каралат. Топтун мүчөлөрү учурда талкуулап жаткандарын 1-китептин үчүнчү бөлүмүндө изилдеген нерселери менен байланыштыра алаарына окутуучунун көзү жетиши керек, анда алар адамдын рухуна тиешелүү жөндөм болгон руханий сапаттарды Кудайга бет алган чексиз сапарыбызда бизге жардам бере тургандай кылып бул жашоодо кантип өнүктүрүү керек деген маселенин үстүндө ой жүгүртүшкөн. Руханий сапаттарды өнүктүрүүдө Кудайды сүйүү жана Кудайды таанып-билүү маанилүү болуп саналат. Жогоруда айтылган эки бөлүмдө камтылган идеялар 1-Деңгээлдин сабактарын, маселен  тактык менен чынчылдыкты бирдей эле касиет катары караган жалпы изги сапаттар жөнүндөгү курстан кандайча айырмалап тураарын катышуучулар так көрүшү керек. Качан гана окутуучулар мындай айырмачылыкты ажырата билгенде, алар жакшы кулк-мүнөздү өнүктүрүүнү жүрүм-турумду өзгөртүү катары кароо тенденциясынан алыс болушмакчы.

Руханий сапаттардын өзүнө мүнөздүү динамикасы бар экендиги шексиз жана дуба окуу, цитаталарды жаттоо жана аңгеме-баян сыяктуу сабактын негизги элементтери аркылуу аны өрчүтүүгө аракет жасалат. Катышуучулар буга чейин 1 жана 2-китептерди окуу менен ушул элементтердин табияты жөнүндө бир аз түшүнүк алышкан, ал эми 8-бөлүмдө алар өздөрү үйрөнүп, билгендерин балдарды окутуу иш-аракетинде колдонгонго мүмкүнчүлүк алышат. Муну менен бирге окутуучулар бир нерсени аңдап түшүнүшү керек, жаш жеткинчектердин руханий сапаттарын өнүктүрүүдө сабактар аларды түздөн-түз Кудайдын Сөзү менен байланыштырып, адам баласынын кынтыксыз үлгүсү болгон Абдул-Баханын баяндары аркылуу шыктандырат.

Бөлүмдө изилденген дагы бир түшүнүктөрдүн бири Кудайдан коркуу болуп саналат, бул тууралуу 12-бөлүмдө айтылат. Бахаи Жазмаларына таянсак, бул - адамды тарбиялоодогу “башкы фактор” болуп эсептелет. Коркуу сезимин Кудайга болгон сүйүүдөн бөлүп кароого болбой турганын катышуучулар түшүнүүсү зарыл, анткени бул коркуу сезими Сүйүктүүбүзгө ырахат тартуулоого болгон каалоодон жана Анын Сүйүүсүнүн белектеринен ажырап калбоо аракетинен жаралат. Бизди адепсиз жүрүм-турумдан баш тартууга мажбур кылган сүйүү жок учурдагы коркуу сезими – коркуунун дагы бир түрү болуп саналат, ал - каары кайнаган Кудайдын жазасынан коркуу. Бирок бул балдардын аң-сезиминде сакталып кала турган образ болбошу керек. Жаңы үйрөнгүч окутуучулар окуу процессинде Кудайга болгон сүйүү менен Кудайдан коркуу сезимдеринин ортосундагы байланышты жакшы түшүнүп билиши зарыл, бул теманы сабактын жүрүшүндө ачык-айкын көтөрүүнүн кереги жок экенин билүүлөрү кажет. Тескерисинче, алар окуучулардын жүрөгүндө Кудайга болгон сүйүүнүн отун жандырып, Кудай адамды Өзүнүн чексиз сүйүүсүнөн жаратkандыгына жана бизди мындан ары да өнүктүрүп-өстүрүп, коргой берет деген бекем ынанымга ээ болууга жардам берүүлөрү керек. Так ошол Анын Сулуулугуна болгон сүйүү, акыры келип Ага жакпаган иш-аракеттерди кылуудан баш тарттырат.

Жогоруда белгиленген концепциялар менен идеяларды талкуулоо аркылуу катышуучулар төмөнкүдөй түшүнүккө келиши керек, руханий билим берүү процессинде балдар руханий сапаттарга ээ болууну чоң белек катары, ал эми жаман мүнөзгө ээ болууну эң чоң жаза деп кабылдашы кажет. Ошентип мунун баары катышуучуларга балдардын жүрүм-турумун оңдоого башкача көз караш менен кароого мүмкүндүк берет, б.а. жүрүм-турумду оңдоо негизги максат эмес, ал мүнөздү жакшыртуудагы жардамчы аспект. Буга ылайык, алар балдар менен болгон өз-ара мамилелеринде үлгүлүү жүрүм-турумга шыктандыруу жана адепсиз жүрүм-турум үлгүлөрүнөн баш тартуу үчүн

ылайыктуу ыкмаларды колдонушат, алардын кээ бири 13-бөлүмдө келтирилген. Бул бөлүмдө кыскача каралган башка концепциялардын бири – бул эркиндик жана тартип. Балдарды тарбиялоодо катаал жаза колдонууга жол берилбеген сыяктуу эле, каалаганын кылган толук эркиндикти берип коюу да алардын рухий өнүгүүсүнө бирдей зыян келтирет.

Бөлүмдөгү андан кийин сөз болгон маселе - класс ичиндеги тартипти сактоо менен бирге окуу үчүн көңүлдүү чөйрөнү кантип түзүүгө болот деген суроо. Алып баруучу курска катышкандардын көбүнүн балдарды окутуу боюнча тажрыйбасы жок экендигин эске алуусу керек, андыктан бул жерде аларга карап чыгууга бир нече гана идея сунушталат. Аларга кызмат өтөөнүн аталган түрүнө киришкенден кийин кайрадан тийиштүү бөлүмдөрдү кайталап чыгуу сунушталат, алган тажрыйбасынын негизинде бул идеялар туурасында кайталап ой жүгүртүү пайдалуу болмокчу.

Мындан соң катышуучулар сабактын жүрүшүндөгү ар кандай ишмердүүлүктөргө балдарды тартуу үчүн колдонула турган айрым ыкмаларды карап чыгууга өтүшөт. Жогоруда белгиленип кеткен дуба окуу, цитаталарды жаттоо жана аңгеме-баяндарды окуу иш-аракеттеринен тышкары, ырлар, оюндар жана сүрөт боёо сыяктуу көнүгүүлөр да камтылган. Аларга карата сунушталган ыкмаларды талдоо үчүн катышуучулар тазалык руханий сапаты жөнүндөгү биринчи сабакты карап чыгышат.

26-бөлүмдө болсо, алар окутуучу менен анын классындагы балдардын ата-энелеринин ортосундагы маектешүүлөрдүн мүнөзүн карашат. Бул бөлүмдө катышуучулар буга чейин 2-китептен үйрөнгөндөрүн кароону улантышат жана ошондой эле, улам кеңейип бара жаткан достордун өзөктүк курамы менен бирге коңшулуктагы же айылдагы сабактарга катышкан балдардын үйлөрүнө барып маек курган учурларда алган тажрыйбанын негизинде үйрөнгөндөрүн карап чыгышат. Ата-энелер менен сүйлөшүүгө даярдануу максатында, ушул бөлүмдө берилген түшүнүктөрдү кайрадан карап чыгууга багытталган көнүгүүнү аткарууга алып баруучу катышуучуларга жетиштүү убакыт бөлүшү керек. Көнүгүү топтун мүчөлөрүнө алар талкуулаган көптөгөн түшүнүктөрдү жана идеяларды эсинде сактап калууга жардам берет.

“Кенже балдар үчүн сабактар, 1-деңгээл” китебинин экинчи бөлүмү эки бөлүктөн турат: ушул деңгээлге сунуш кылынган жыйырма төрт сабак жана мугалимдерге сабактардын мазмуну менен жакшы таанышууга мүмкүнчүлүк берүүчү киришүү бөлүмдөрү, алардын ар бири руханий сапатты өнүктүрүүнүн айланасында түзүлгөн. Бул киришүү бөлүмдөрүнүн жардамы менен ар жолу төрт сабактан изилдөө аркылуу катышуучулар ар бир сабактын элементтери туурасында жалпы түшүнүк алышат, ар бир сабакты мурунку бөлүмдө тазалык жөнүндө биринчи сабакка талдоо жүргүзгөн сыяктуу эле анализ кылып чыгышат.

Бахаи Жазмаларынан алынган цитаталар ар бир сабактын өзөктүк элементи болуп саналат. Ар бир цитатаны балдарга тааныштыруу үчүн мугалимдерге көмөк боло турчу кыскача түшүндүрмөлөр кошо берилген. Кыска болгонуна карабастан, түшүндүрмөлөрдө Жазмалардан алынган сөздөрдүн менен образдардын топтому колдонулат, бул болсо өз учурунда балдардын аң-сезиминде талданып жаткан руханий сапатты мүнөздөгөн динамиканын картинасын түзүүгө жардам берет. Мугалимдин кириш сөздү жөнөкөй жана табигый жол менен түшүндүрүүсү жана окуучуларга ушул динамика жөнүндө түшүнүк алууга жардам берүү жөндөмү тажрыйба аркылуу жана сабактарда талкууланган руханий сапаттар жөнүндө ой жүгүртүүнүн негизинде өсөт. Ушул себептен улам, киришүү бөлүмдөрдө катышуучулардан алардын жеке

жашоосунда болобу, же окутуучулук аракеттеринде болобу ар бир руханий сапаттын маанилүүлүгү боюнча ой жүгүртүү сунушталат, ошондуктан ар бир сапатка тийиштүү болгон цитаталардын чакан топтому берилген.

Ушундай ой жүгүртүүлөрдөн кийин, катышуучулар алар карап чыккан сапаттарды чагылдырган баяндарды талдап чыгышат. Негизинен алар Абдул-Баханын жашоосунан алынган жана адам рухунун сыпаты болгон руханий сапаттарга ээ болуунун чексиздиги тууралуу балдарга түшүнүк берүүгө арналган. Ушул максатта баяндамада берилген окуялардын ырааттуулугу менен гана чектелбестен, алар изилдеп жаткан рухий чындыкка көз чаптырууга мугалимге жардам берүү максатында, ар бир баян үчүн суроолор каралган. Айрыкча, Абдул-Баханын окуяларына токтоло турган болсок, бул суроолор мугалим өз түшүндүрмөсүндө Ал кандайча руханий сапаттарды эң жогорку деңгээлде көрсөтө алганына басым жасап жана Анын кылган иштеринин чыныгы маанисин көрүүгө тоскоол боло турган шашылыш жана үстүртөн жасалган өз ара байланыштарды  келтирүүдөн алыс болгондой кылып түзүлгөн.

Катышуучулар төрт сабактан турган топтомду ушундай жол менен талдап бүткөндөн кийин, биринчи бөлүмдө талкууланган ыкмаларды колдонуп, сабактын ар кандай элементтеринин үстүндө бири-бири менен иштеп машыгууга убакыт бөлүү сунушталат. Практикалык компоненттин маанилүүлүгүн ашыкча баалоо мүмкүн эмес. Топтун мүчөлөрү өздөрүнүн потенциалдуу мугалим катары жөндөмдөрүн өркүндөтүүгө аракет кылып жаткан ушул учурда алып баруучунун аларга чоң жардам берүүсү талап кылынат. Сабактарды төрт топтомго бөлүп окутуу, бул жагынан алганда ийкемдүү болууга шарт түзөт жана алып баруучу эмнени кандай кылуу керектиги тууралуу жакшылап ойлонушу керек, эгер зарылдык боло турган болсо балдар класстары боюнча институттун координатору менен кеңешсе болот. Кээде катышуучулар кызмат өтөөнүн бул түрүнө кирише электе эле, бардык бөлүмдөрдү, анын ичинде практикалык компонентин да толугу менен окуп бүтүп койгон болушат. Мындай учурларда, сабак берүүнү каалагандар 3-китепти аяктагандан кийин тез аранын ичинде, өз алдынча же башка мугалимге жардам берүү аркылуу тажрыйба топтошу керек. Ал эми башка шарттарда, төрт сабактан турган бир же эки топтомду окуп бүтүрүп, аларга карата практикалык ишти аткаруу менен окутуу тажрыйбасына ээ болуу жемиштүү болушу ыктымал. Белгилүү бир убакыттан кийин алып баруучу катышуучуларды кайра чогултуп, алардын барган сайын өсүп жаткан тажрыйбасынын негизинде дагы 4 сабакты чогуу изилдеп машыгууга болот. Бул жерде эске ала турчу нерсе, киришүү бөлүмдөрүн төрт сабактан турган топтомдорго бөлүү, андагы руханий сапаттардын кандайдыр бир өз-ара байланышы бар дегенди билдирбейт.

Мындай аракеттерге карабастан, мугалимдер үчүн сабактар менен терең таанышып, ар бир сабакка мыкты даярдык көрүү өтө маанилүү. Эгерде мугалим цитатаны түздөн-түз китептен окубай, дубаларды жана цитаталарды жатка айтып берүүгө үйрөнсө, сабак үчүн берилген цитатаны түшүндүрүүгө жана окуя-баянды айтып берүүгө алдын ала даярданган болсо, анда балдарга өтүлө турчу сабактар бир топ ийгиликтүү болмокчу. Мындай даярдыктан сырткары, оюндар үчүн керектелчү буюмдар, боёгонго атайы сүрөттөр жана карандаштар менен бирге дагы башка материалдар менен ресурстар талап кылынат. Экинчи бөлүктүн аягында боёо үчүн берилген сүрөттөрдүн ксерокөчүрмөсүн жасап же аларды башка кагаз бетине дал өзүндөй кылып түшүрүп алууга болот.  менен аларды көп санда даярдап алууга болот. Же болбосо, аларды Рухи Институтунун сайтынан басып чыгаруу үчүн жүктөп алсаңыз болот. Ошондой эле, веб-сайтта 1-класска арналган ырлардын жаздырылган үлгүлөрү берилген, аларды мугалимдер өздөрү

сабакка даярданууга колдонуу менен гана чектелбестен, балдарга ырдап үйрөнүүгө жардам берүүдө да колдоно алат. Өз жамаатындагы балдар үчүн сабак өтүүнү баштагандарга иш-аракеттерин жазып туруу үчүн дептер ачуу сунушталат, бул учурда керектүү маалымат дайыма кол алдыңда болот жана даярдык көрүү менен ой жүгүртүү адаттарын бекемдейт.

Бул жерде белгилеп кетчү нерсе, 1-деңгээл үчүн каралган жыйырма төрт сабактын ар бири бөлбөй бир өтүүгө ылайыкташтырылып иштелип чыккан. Сабакты бөлүп эки жолу өтүү анда каралган ишмердүүлүктүн түрлөрүн жөнсүз создуктурууга алып келет. А түгүл мындай көрүнүш окуу процессинин эффективдүүлүгүнүн начарлашына алып келиши да мүмкүн, анткени сабактын жүрүшүндөгү ар бир ишмердүүлүктүн өз ыргагы бар жана алардын ортосундагы ритмди сактай билүү маанилүү.

Акырында, билим берүү процессиндеги мугалим менен окуучулардын ортосундагы мамиле жөнүндө бир нече сөз айта кетүү зарыл, бул тема биринчи бөлүктүн 9 жана 10-бөлүмдөрүндө каралса да, бирок ал китепти баштан-аяк коштоп жүрөт. Ар бир мугалим 1-деңгээлде окуучуларга үйрөтүлө турган руханий сапаттардын бардыгын балдар менен жүргүзгөн ишинде көрсөтүүгө колдон келишинче аракет кылуусу зарыл экени анык. Булардын ичинен сүйүү – Кудайга болгон сүйүүнү чагылдырган сүйүүдөн өткөн маанилүү нерсе жок. Бул сүйүү мугалим түзгөн чөйрөдө сезилиши кажет - сабакка чейинки даярдык учурунда, сабактын башындагы дуба окууда, окуучуларга карата сүйлөгөн сөзүндө жана окуучулардын жараткан жетишкендиктери үчүн айткан мактоо жана кубаттоолорунда сезилүүсү абдан маанилүү.



# Бахаи билим берүүсүнүн кээ бир принциптери

## Максаты

Бахаи Жазмаларындагы билимге байланыштуу айрым принциптер менен түшүнүктөрдү изилдөө жана руханий тарбия берүүгө багытталган сабактарга балдарды кантип тартуу керектиги тууралуу ой жүгүртүү.

# 1-БӨЛҮМ

Рухи Институтунун бул үчүнчү китеби сизге эң сооптуу кызмат өтөө иши болгон - Бахаи кластарында балдарга руханий таалим-тарбия берүү менен тааныштырат. Бул китепти окуп, анын практикалык бөлүктөрүн аткарып чыккандан кийин өз убактыңызды жана күчүңүздү кызмат өтөө ишине арноону чечсеңиз, анда сиз өз коомуңуздагы 6 жылдык билим берүү программасынынын 1-деңгээлине катышып баштаган жаштардын тобуна жума сайын сабак өтүп баштасаңыз болот. Балдарга сабак өтүү менен гана чектелип калбастан, негизги китептер ыраатындагы китептерди окууну уланта бериңиз.

Балдарды окутуу - сиз аркалаган жолдогу өтөй турган көптөгөн кызматтардын бири гана. Эгер сиз бул иш менен алек болбоону чечсеңиз да, бул курс менен таанышып чыгуу сиз үчүн баалуу болмокчу. Айылыңызда, шаарыңызда же коңшу аймактарда жигердүү жамаат курууга өз салымыңызды кошууда, кичинекей балдар менен баарлашкан учурлар көп болушу мүмкүн, андай учурларда сиз ушул китептен алган түшүнүктөрүңүз менен билимдериңизди колдоно аласыз. Төмөндө берилген Бүткүл Дүйнөлүк Адилеттик Үйүнүн балдарга арналган билдирүүсүн окуп, ой жүгүртүңүз:

> **“Балдар - бул коомдун баа жеткис байлыгы, анткени алар – келечектин үмүтү жана кепилдиги болуп саналат. Алар болочоктогу коомдун касиет-сапаттык үрөнүн өзүндө алып жүрүшөт. Ал үрөн өз учурунда коом ичинде чоңдордун балдарга карата кылып же кылбай келген мамилеси менен түптөлөт. Алар ар бир коом кам көрө турган негизги милдет болуп саналат, бул милдетке кайдыгер караган коом жазасыз калбайт. Балдарга болгон чексиз сүйүү, аларга жасалган мамиле, аларга көңүл буруунун сапаты, чоңдордун аларга көрсөткөн жүрүм–турумунун мүнөзү - мунун бардыгы талап кылынган мамиленин маанилүү аспектилери.”**[1]

Китептин экинчи бөлүгүндөгү биринчи деңгээл үчүн берилген сабактар жөнөкөй. Алардын ар бири руханий сапатты өнүктүрүүгө багытталган иш-чаралардан турат. Балдарга Жазмалардан келтирилген дубаларды жана цитаталарды жаттоо, аңгеме-баяндарды жана Ишенимдин принциптери тууралуу түшүндүрмөлөрдү угуу, сүрөттөрдү боёо, ырдоо жана ойноо сунушталат. Бул сабактарды өтүү үчүн билим берүү боюнча чоң билим талап кылынбайт. Мугалимдик атайын билимиңиз бар же жок экенине карабастан, бул курс сизди көптөгөн жума бою балдарга сабактарды натыйжалуу өтүүгө даярдайт. Үчүнчү китептен алынган бул курсту окуп, тажрыйбага ээ болууда, сиз билим алуу жаатында орчундуу деп эсептелген көптөгөн маселелер тууралуу ой жүгүртүүгө мүмкүнчүлүк аласыз. Адеп башында сиз, балким, сабактардын планын эч өзгөртпөстөн колдонушуңуз мүмкүн, бирок барган сайын аларды өзүңүз иштеп чыккан кошумча материалдар менен байыта аласыз.

# 2-БӨЛҮМ

Келгиле, мугалимдин аткарган кызматын баалоого жардам берген Бахаулла менен Абдул-Баханын төмөндөгү сөздөрүнө көңүл бөлөлү. Аларды окутуу процессинде эстеп жүрүү үчүн жаттап алууну каалашыңыз толук мүмкүн.

**“Балдарды окутууга аттанган жана адамдарды Кудайдын, Берүүчүнүн, Сүйүктүүнүн жолуна багыттаган мугалим – Алланын ыраазылыгына ээ болот…”** [2]

**“Балдарды окутуу жана тарбиялоо - адамдын Кудуреттүү Кудайга кыла ала турган кызматтарынын ичинен эң улуусу. ..”** [3]

**“Кудайдын түшүргөн Сөздөрүнө ылайык, балдарды окутуу – эң зарыл жана айныксыз милдет. Мындан улам, мугалимдер Кудай Тааланын кызматчылары, анткени алар өздөрүн Кудайга сыйынуу менен барабар болгон бул милдетти аткарууга арнады. Андыктан ар бир демиң менен кошо алкыш айт, себеби сен өзүңдүн руханий балдарыңды окутуп жатасың”.** [4]

1. Бул сөздөрдүн маанисине карата ой жүгүртүү менен, төмөндөгү сүйлөмдөрдө калтырылып кеткен жерлерди толтуруңуз.

а. Балдарды ____________ аттанган жана адамдарды Кудайдын, _____________, ________________ ____________ багыттаган ________________ Алланын ______________ _______ _________.

б. Балдарды _______________ жана ________________ - адамдын Кудуреттүү Кудайга кыла ала турган _________________ ичинен эң _____________.

в. Кудайдын түшүргөн Сөздөрүнө таянсак, балдарды окутуу – ____________ жана айныксыз _____________. Мындан улам, _____________ Кудай Тааланын _______________, анткени алар өздөрүн __________________ ______________ менен барабар болгон бул кызматты аткарууга _____________. Ар бир демиң менен кошо ____________ айт, себеби сен өзүңдүн __________________ __________________ окутуп жатасың.

2. Буга чейин окугандарыбызга таянып, төмөндөгү сөздөрдүн кайсынысы туура экенин чечиңиз:

_____ Балага руханий тарбия берүү үчүн ата-энелер, мугалимдер жана коомдун бардыгы жоопкерчиликтүү

_____ Балдардын руханий билим алуусу үчүн коом ичинде класстарды түзүү ар бир жамааттын милдети

_____ Балдарды окутуу Кудайга сыйынууга барабар

_____ Балдар мектепке барып билим алып жаткандыктан, коом алардын руханий тарбия алуусу үчүн класстарды түзбөй деле койсо болот

_____ Балдарды окутуп жаткан мугалим өзүнүн руханий уул-кыздарын окутуп жатат

## 3-БӨЛҮМ

Бул китепте Ишенимдин Жазмаларындагы билим берүү тармагына байланыштуу көптөгөн үзүндүлөр камтылган. Алардын айрымдарын бул курстун жүрүшүндө жана кийинки курстрда окуйбуз. Алгач Бахаулланын төмөндөгү сөздөрүн окуңуз:

> **"Адамды баа жеткис асыл заттарга бай кен деп эсептегиле. Билим гана ал катылган кенчти таап, адамзатка анын пайдасын көрүүгө шарт түзөт."[5]**

Төмөндөгү сүйлөмдөрдө калтырылып кеткен боштуктарды толтуруу – бул айтылган сөздүн мааниси тууралуу терең ой жүгүртүүгө жардам берет.

а. Адамды _____________ асыл заттарга бай __________ деп эсептегиле.

б. _____________ гана ал катылган кенчти ___________, адамзатка анын _______________ көрүүгө шарт түзөт.

Бахаулланын айткан сөздөрүнүн билим берүү тармагына тийгизген таасири зор жана алардын кээ бири кийинки бөлүмдөрдө каралмакчы. Азыр болсо бир идея тууралуу ой жүгүртүп көрсөк. Элестетиңиз, сизге жыйырмага жакын бош идиштерди берип, аларга кашыкты гана колдонуу менен суу толтурууну сунуштады дейли. Эгерде билим берүүнүн маңызы окуучуларга маалыматты аз-аздан берүүдө боло турган болсо, анда бул жадатма иш болмок, туурабы? Эми болсо баалуу асыл заттар толгон кенди элестетип көрүңүз, бул асылдыктын бардыгы табылууга, ачыкка чыгууга даяр турушат. Окутууну асыл заттарды казып алуу иш-аракетине салыштыра турган болсок, анда ал чоң кубаныч тартуулаган кесип болмок, буга макулсузбу?

## 4-БӨЛҮМ

Келгиле, жогоруда берилген цитата жөнүндө дагы ой жүгүртөлү. Сүйүү, чынчылдык, адилеттүүлүк, марттык, туруктуулук жана ак ниеттүүлүк өңдөнгөн касиеттерди Бахаулла айткан асыл заттарга кошо алабызбы? Адамзат акылынын күчү, ал акылдын табият сырларын ача ала турган жөндөмү, керемет искусство чыгармалары жаратуу жана асыл, улуу ойлорду жаратуу жөндөмдөрү жөнүндө эмне айтууга болот? Сиз окута турган балдарда бул сапаттарга ээ болуу дарамети бар. Сиз дагы мындан башка сапаттарды айта аласызбы? Ал сапаттарды тийиштүү билим берүүсүз деле өрчүтүүгө болобу? Бул суроолор тууралуу ой жүгүрткөндө, 1-китепте берилген ушуга окшош мисалды эстеңиз - чырактын жарык берүү мүмкүнчүлүгү бар, бирок бул үчүн аны жандыруу керек.

______________________________________________________________

______________________________________________________________

______________________________________________________________

______________________________________________________________

______________________________________________________________

______________________________________________________________

## 5-БӨЛҮМ

Өз дараметибизди өнүктүрүү үчүн, биз билим берүү процессинин ар кандай этаптарынан өтөбүз жана ал өмүрүбүздүн аягына чейин созулат деп айтсак жаңылышпайбыз. Биз үйдө, мектепте, ишибизде жана коом ичинде билим алабыз. Ушул жерде биз өзүбүзгө бир суроо беришибиз кажет: Бахаи балдар класстарында, айрыкча 1-деңгээлде, өмүр бою улана турган билим алуу процессинин бир өңүтү болгон негизги көңүл бурула турчу нерсе эмне болушу керек? Абдул-Баханын кээ бир насааттары биздин бул суроону табууга жардам берет:

> **"Жакшы мүнөздү биринчи кезектеги маанилүү нерсе деп кароо зарыл. Ар бир ата-эне өз балдарына узак убакыт бою кеп-кеңешин берип, түбөлүктүү даңкка алып келе турган нерселерге талыкпастан багыттоосу керек."**[6]

> **"Балдарды адеп-ахлакка жана жакшы мүнөзгө үйрөтүү китептеги билимди бергенге караганда маанилүүрөөк. Тыкан, сүйкүмдүү, жакшы мүнөз жана жүрүм-турумга ээ болгон бала сабатсыз болсо дагы, орой, илээнди, тарбиясыз, бирок бардык илимдер менен искусство жагынан терең билими бар балага караганда артыгыраак. Мунун себеби, сабатсыздыгына карабай, өзүн жакшы алып жүргөн бала башкаларга пайда келтирет, ал эми тарбиясыз, тээжики бала, терең билимге ээ болгонуна карабастан адамдарга зыян гана алып келет. Бирок, эгер балага билим да, жакшы мүнөз да берсе, ал жарык нурга айланат".** [7]

> **"Келечекте адеп-ахлак чектен ашып бузулат. Андыктан балдарды бахаи жолунда тарбиялоо маанилүү, анткени бул алардын бул дүйнөдө да, акыретте да бактылуу болуусуна өбөлгө түзөт. Болбосо, алар кайгы-капага батып, кыйынчылыктарга дуушар болот, анткени адамдык бакыт руханий жүрүм-турумга негизделет."** [8]

Ушул сыяктуу үзүндүлөр Рухи Институтунун балдарга руханий билим берүү программасынын 1-деңгээлинде жакшы мүнөздү калыптандырууга өзгөчө көңүл буруусуна түрткү болду. Бул максатты изилдөөдөн мурда, сиз өз тобуңуздун ичинде "жакшы мүнөз" дегенди кандай түшүнөөрүңөрдү талкуулоону жана ал талкуулоодон келип чыккан тыянактарды төмөндө берилген бош саптарга жазууну туура көрөт болушуңуз керек.

______________________________________________________________________

______________________________________________________________________

______________________________________________________________________

______________________________________________________________________

______________________________________________________________________

## 6-БӨЛҮМ

Жакшы мүнөз тууралуу ойлогондо эсибизге дароо "изгилик" деген түшүнүк келет. Дүйнөдө окуучунун бул же тигил топтогу изги сапаттарын өстүрүүгө багытталган

ар кандай программалар көп. Бул программалар адамзаттын сандаган мыкты сапаттарын сүрөттөө үчүн "изгилик" деген терминди колдонушат. Алардын кээ бири, мисалы, тактык адаты болсо, айрымдары кыйынчылыкка дуушар болгон адамдарга жан тартуу сыяктуу мамиленин түрлөрү. А кээ бири кандайдыр бир жөндөмдөргө байланыштуу, мисалы, так сүйлөө. Бирок булардын баарынан өзгөчөлөнгөн изигиликтердин дагы бир топтому бар, алар - чынчылдык, марттык, момундук, сүйүү. Бул биз "руханий сапаттар" деп атаган изгиликтердин айрымдары гана. Сизден курстун биринчи деңгээлинде адам рухунун негизги касиеттери болгон ушул сапаттарды өрчүтүүгө аракетиңизди жумшоо талап кылынат. Бирок бул балдар менен иш алып барууда башка изгиликтерди унутта калтыруу керек дегенди түшүндүрбөйт. Тек гана, сиз өтө турган сабактарда негизинен Кудайга багыт алган рухубуздун түбөлүк сапары үчүн маанилүү болгон сапаттарга көбүрөөк көңүл бөлүнгөн. Бул жердеги айырмачылыкты түшүнүү үчүн, тактыкты изги сапат деп караңыз. Кээ бирөөлөр так болгону менен, митаам жана таш боор болушу ыктымал. Бирок чынчылдык, сүйүү, адилеттүүлүк, марттык жана кечиримдүүлүк өңдөнгөн ыйык сапаттарга ээ болгондорго митаамдык менен таш боордук мүнөздүү болбосо керек. Анан албетте, бул мындай адамдын так болгону да жакшы. Сиз буга чейин 1-китептин 3-бөлүгүндө белгиленип кеткен, рух бул жашоодо ээ болушу керек болгон сапаттар тууралуу ой жүгүрткөнсүз. Ал бөлүккө кайрылып, тиешелүү бөлүмдөрдү кайрадан карап чыгуу сиз үчүн пайдалуу болмокчу. Ошону менен бирге эле, руханий сапаттарды жаштайынан өрчүтүүнүн маанилүүлүгү тууралуу окуп билгендериңиз тууралуу ой жүгүртүңүз. Ой-пикирлериңизди төмөндө берилген бош саптарга жазыңыз.

__________________________________________________________________

__________________________________________________________________

__________________________________________________________________

__________________________________________________________________

__________________________________________________________________

__________________________________________________________________

__________________________________________________________________

## 7-БӨЛҮМ

Балдарга жакшы мүнөзгө ээ болууга жардам берүүдө, сиз, албетте, алардын жүрүм-туруму менен да иштейсиз, анткени изги сапаттар сөзсүз түрдө иш жүзүндө көрүнүшү керек. Мугалим катары сиз ар кандай жолдор менен жакшы жүрүм–турумду калыптандырууга аракет аласыз. Мактоо, шыктандыруу, насаат айтуу, түшүндүрүү, сыйлык берүү - булардын ар бирин жаш жеткинчектердин чакан тобун окутууда байма-бай колдонуп турасыз. Кээде, сиздин жумшак нааразылыгыңыз эле айрым балдардын туура эмес жүрүм-турумун токтотуу үчүн жакшы каражат боло алат, бирок бул өз классыңыздагы балдар менен өз ара терең сүйүү жана тыгыз байланышты түзгөндөн кийин гана келет. Окуучулар менен өз ара мамиле курууга байланыштуу маселелер менен кийинки бөлүмдөрдө таанышабыз. Азыркы талкуу үчүн бир мисалды карап көрөлү. Сиз балдар менен иш алып барууда, алардын бөлүшө билүү адатын жана ага тийиштүү мамилени калыптандырууга аракет кылаарыңыз шексиз. Бул боюнча эмне деп

айтмаксыз жана эмне кыла алмаксыз? Бул суроону өз тобуңуздун мүчөлөрү менен талкуулаңыз.

Эми төмөнкү суроого жооп бериңиз: Эгерде бөлүшүү адаты Жоомарт, Берекелүү Кудайдын берешен касиетин чагылдырган руханий сапат болбосо, жокчулук учурда бөлүшүү жүрүм-турумдун бир өңүтү катары кала береби? Буга жооп мындай: албетте, жүрүм-турумду оңдоонун үстүнөн иштөө керек, бирок эң негизги максат – бул руханий сапаттарды өнүктүрүү, алар адамзат рухуна таандык жөндөм болгондуктан аларды Кудайды таануу билимдери жана Кудайга болгон сүйүү менен азыктандыруу керек. Абдул-Баха бизге мындай деп кеңеш берет:

> **“Балдар тууралуу жазыптырсың: балдар башынан баштап эле рухий билим алууга тийиш жана аларга Кудайды оозанып жүрүү керектигин үзгүлтүксүз эстетип туруу керек. Кудайга болгон сүйүү эне сүтү менен айкалышып, алардын ички маңызын азыктандырсын.”[9]**

> **“Баланы ымыркай кезинен эле Кудайдын сүйүү көкүрөгүндө бапестеп, Анын билиминин кучагында тарбиялоо керек, ошондо ал жарык нурун чачып, руханий өсүп-өнүгүп, акылмандыкка жана билимге толуп, периште кошуундарынын мүнөзүн ала алат.”[10]**

> **“Сенин балдарды тарбиялоо боюнча суроoңо кайрыла турган болсок: алар жүздөрүн Кудайга бурушу үчүн, алардын өмүр жолу жакшы жүрүм-турумга шайкеш келиши үчүн, эч нерсеге тендешсиз мүнөзгө ээ болушу үчүн, адамзатка таандык бардык асылдыкка жана мактоого татыктуу сапаттарга ээ болушу үчүн, сен аларды Кудайдын сүйүү көкүрөгүндө алпештеп багып, рухий баалуулуктарды көздөй бет алууга үндөшүң керек...” .[11]**

Бул цитаталардын жок дегенде бирөөсүн жаттап алсаңыз болот.

## 8-БӨЛҮМ

5 же 6 жаш курактагы балдарга сиз өтө турган 1-деңгээлдин сабактары, ушул кезге чейин биз изилдеп келген идеялардын негизинде иштелип чыккан. Азыр сизге китептин экинчи бөлүмүнө кайрылып, эки же үч сабакты окуп чыкканыңыз пайдалуу болмокчу, биринчи сабакка өзгөчө көңүл буруңуз. Кийинчерээк бардык жыйырма төрт сабакты кененирээк талдоого мүмкүнчүлүгүңүз болот. Ал эми азырынча, мурунку бөлүмдөрдөгү талкуулоолорго таянуу менен төмөндө белгиленген сабактардын ар кайсы элементтери жөнүндө ой жүгүртүүнү сунуштайбыз.

Ар бир сабак сиздин же айрым окуучулардын дуба окуусу менен башталат. Андан соң, балдар дароо эле сиздин жардамыңыз менен дубаны жаттоого өтүшөт. Дуба – «Кудайдын сүйүү көкүрөгүндө бапестелүүгө» тийиш болгон баланын өнүгүшү үчүн өтө маанилүү. Абдул-Баха бизге мындай дейт: «Балдар жаш өсүмдүктөр сыяктуу, аларга дубаларды үйрөтүү – назик жана сергек болуп өсүшү үчүн аларды жамгыр менен сугарганга барабар жана кубанычка балкыткан Кудайдын сүйүүсүнүн назик желаргысы менен сергиткенге тете”. Азыр болсо ой жүгүртүүгө бир аз убакыт бөлүңүз, сабактын бул элементи балдардын жакшы мүнөзүн калыптандырууга кандайча салым кошо алат?

Өз ойлоруңузду бир нече сүйлөм аркылуу билдирүүгө аракет кылыңыз. 1-китепте келтирилген төмөндөгүдөй айрым үзүндүлөр сизге жардам болот:

> **“Кудай менен баарлашуудан башка эч бир чоң жетишкендик же эң таттуу абал жок. Ал руханий күчтү, терең ойду жана болуп көрбөгөндөй сезимдерди жаратып, Падышалыкка болгон жаңы суктанууну пайда кылат жана алда канча жогорку интеллектуалдык деңгээлдеги сезимталдыкты жаратат.”[12]**

> **“О, пендем Менин, ырдагын Кудайдан алган ырларды, Ага жакындар кандай ырдашкан болсо, дал ошолордой ырдагын, обондоруңдун жагымдуулугу жаныңды эргитип жана да бардык адамзат пенделеринин жүрөгүн өзүнө тартып тургандай кылып ырда..”[13]**

> **“Рух таасир этүү жөндөмүнө ээ; дуба руханий таасирге ээ.”[14]**

> **“Пенде Кудайдын колдоосун сурап дуба кылуусу зарыл жана Ага жалынып, Анын жардамын тиленүүсү керек. Пендечиликтин даражасы дал ушундай, ал эми Теңир өзүнүн терең акылмандыгына жараша эмнени туура көрсө, ошону буйрук кылат.”[15]**

__________________________________________________________

__________________________________________________________

__________________________________________________________

__________________________________________________________

__________________________________________________________

__________________________________________________________

Ар бир сабактын темасы Ыйык Тексттен алынган цитатанын тегерегинде түзүлгөн, балдар аларды жаттап алышы кажет. Сиз бул цитаталардын негизги маанисин балдарга жеткирүү үчүн болгон аракетиңизди жумшашыңыз керек, анткени балдардын алган ошол түшүнүгү руханий сапаттарды өнүктүрүү үчүн зарыл болуп саналат. Буга байланыштуу ой жүгүртүп көрүңүз, тиешелүү сапаттарды Кудай Сөзүнө таянбастан кандайдыр бир башка мыкты жол менен өстүрө алат белеңиз? Ойлоруңузду калыптандырууда негизги ырааттагы буга чейинки китептерди окуу учурунда пайда болгон ой-пикирлериңизди эстеңиз, мисалы, 2-Китептин 1-бөлүмүнөн алынган Кудай Сөзүнүн күчү. Маселен, балким сиз жатка билишиңиз мүмкүн болгон төмөндөгү үзүндү бул суроо боюнча ой учугун улоого кандайча жардам бере алат?

> **“Кудайдын Сөзү - адамдардын жүрөгүнө тамырын жайылткан көчөт сыяктуу. Анын тамыры бекем болуп, бутактары асман тиреп, андан да өйдөлөп өссүн десең, сен аны акылмандыктын мүрөк суусу, аруу жана ыйык сөздөр менен асырап өстүрүшүң керек”.[16]**

__________________________________________________________

__________________________________________________________

__________________________________________________________

__________________________________________________________

Сабактардын дагы бир элементи болуп аңгеме-баяндар саналат. Алардын көпчүлүгү Атасынын Окуусунун эң мыкты үлгүсү Абдул-Баханын жашоосунан алынган, ал силер өнүктүрүүгө умтулган сапаттардын баарын өз жүрүм-турумунда көрсөтө алган. 2-Китептин үчүнчү бөлүгүнөн окугандай, Абдул-Баха адамзатка берилген өзгөчө белек экенин силер билесиңер. Анын жашоосу тууралуу окуган баяндар балдардын мүнөзүн калыптандырууда өзгөчө роль ойнойт жана аларга маал-маалы менен Анын балдарга болгон улуу сүйүүсү тууралуу эскертип туруу керек. Алардын Абдул-Баха менен болгон байланышы бекемделген сайын, Аны үлгү тутууга кылган аракеттери менен алар Анын жүрөгүнө кубаныч тартуулап жаткандыгына ишендире аласыңар. Абдул-Баханын жашоосунан алынган окуяларды жайдары маанай жана терең урматтоо менен айтып берүү алардагы сиз каалаган сапаттарды өстүрүүдө кандай жардам берет деп ойлойсуз?

Сабактардын дагы бир бөлүгү болгон ыр ырдоо – балдардын жүрөктөрүн жана жан дүйнөсүн бакытка бөлөйт. Абдул-Баха мындай дейт:

> **“Музыка искусствосу - кереметтүү жана таасирдүү. Ал рухтун жана жан дүйнөнүн азыгы. Музыканын сыйкыр күчү адамдын жан дүйнөсүн көкөлөтөт. Ал балдардын жүрөгүн толкундатып, өзгөчө сезим жаратат. Балдардын жүрөгү абдан таза болгондуктан, музыканын обону өзгөчө таасир калтырат. Музыканын күчү менен балдардын мурда катылып, көрүнбөй жаткан шыктары ачыкка чыгышы мүмкүн.”**[17]

Өз тобуңуз менен балдардын жаштайынан көркөм ырларды ырдаганды үйрөнгөнү эмне үчүн маанилүү экендигин талкуулаңыз.

Оюндар жана сүрөт боёо – сабактардын дагы бир бөлүгү. Бул оюндар кызматташтыкка үйрөтүүгө багытталган жана талаптагыдай мамилелер менен адаттарды калыптандырууга өбөлгө түзөт. Боёо үчүн берилген сүрөттөр өтүлүп жаткан сабактын

темасы болгон руханий сапатка байланыштуу. Сүрөт боёо дагы балдардын өнүгүүсүнүн ушул этабында керек болгон маанилүү көндүмдөр менен жөндөмдөрдү чыңдайт. Ишмердүүлүктүн бул эки түрү шаңдуу маанайды жаратат, бул болсо руханий билим берүү класстарынын негизги өзгөчөлүгү болуусу керек.

______________________________________________

______________________________________________

______________________________________________

______________________________________________

______________________________________________

## 9-БӨЛҮМ

Акыркы бөлүмдөрдүн бир нечесин окуу менен, сиз 1-деңгээлге тийиштүү сабактардын максаты тууралуу бир аз түшүнүккө ээ болдуңуз жана ал сабактарда камтылган көнүгүүлөрдүн ар биринин балдардын мүнөздөрүн калыптоодо кандай роль ойноорун көрдүңүз. Эми сиз окута турган балдар менен өз ара мамилеңиздин мүнөзүнө кыскача токтоло кетсек.

Баарынан мурда бул сиздин окуучуларга болгон сүйүүңүз, ал сүйүү Кудайдын сүйүүсү сымал эле ар бир баланы, тек-жайына карабай өз кучагына алат. Мугалим өз сүйүүсүн ар бир бала сезе ала тургандай кылып жеткирүүгө умтулушу керек.

Окуучуларыңызга болгон сиздин таза жана калыс сүйүүңүз, Кудуреттүүнүн Колу менен ар бир балага берилген баа жеткис асыл заттарды табууда чоң жардам болот. Сиз ар бир окуучуга Кудайдын бейнеси боюнча жаралган асылзат катары карап каласыз, бул акыйкатты төмөндөгү Бахаулланын сөздөрү айгинелейт:

> **“Өзүмдүн түбөлүктүү парда артындагы болмушумда жана эзелки Маңызымда, Мен сага болгон сүйүүмдү тааныдым: ошондуктан Мен сени жараттым жана сага өзүмдүн келбетимди чегип, сага өзүмдүн сулулугумду бердим”.[18]**

> **“Мен сени кудуреттүү колум менен жасап, манжаларымдын күчү менен жараттым; сага Өзүмдүн жарыгымдын маңызын уюттум. Ушуга каниет кыл да, башканы издебе, анткени Мен тарабынан жаратылгандар кынтыксыз жана Менин осуятым айныксыз. Буга ишен да, күмөн саначу болбо”.[19]**

> **“ Сен Менин чырагымсың, Менин жарыгым сенде. Андан нурлан да, Менден бөлөк эч кимди издебе. Анткени, Мен сени дөөлөттүү кылып жараттым жана Өзүмдүн жакшылыгымды молунан тартууладым”.[20]**

Сүйүү сөзсүз түрдө сыноого туш болоорун сиз, албетте, түшүнүшүңүз керек. Сиздин окутуу иш-аракетиңизде окуучулардын жагымсыз мүнөздөрүнө күбө болгон учурлар болбой койбойт. Мындай учурларда кээ бир балдар оңолбойт деген жаңылыш түшүнүктү четке кагуу өтө маанилүү. Бахаи балдар класстарынын мугалими ар бир бала

Кудайды Анын Элчилери аркылуу таанып жана Алардын Окууларынын мыйзамдарына баш ийүү жөндөмүнө ээ экенинен күмөн санабашы керек. Ар бир баланын руханий өсүп-өнүгүү мүмкүнчүлүгү бар. Сиздин класстагы ар бир жаш жеткинчек асыл болуп жаралган жана сиздин жардамыңыз менен ал асылдыгын айгинелей алмакчы.

Сүйүктүү Устат балдарга карата колдонуп келген учкай сөздөрдү эстөө менен, Кудайдын жаратмандыгы болгон балдардын руханий маңызын айкыныраак көрө аласыңар. Төмөндө ушул сыяктуу учкай сөздөрдүн тандалмасы берилген; аларды окуп, ой калчап көргүлө, силер окута турган асыл жандарга карата болгон көз карашыңарды бул сөздөр кантип калыптандыра алат?

- бул сүйкүмдүү балдар
- бул жүзүнөн жарык нур төгүлгөн балдар
- бул Падышалыктын керемет балдары
- бул Өзүңдүн жетекчилигиңдин агымы менен өнүп чыккан көчөттөр
- Абха Бейишинин жаш өсүмдүктөрү
- Сенин бакчаңдын өсүмдүктөрү
- Кудайдын сүйүү бакчасынын назик бүчүрлөрү
- Кудайдын билим шалбаасынын жаңыдан өнүп чыккан көчөттөрү
- Сенин ыйык көктөмүңдө гүлүн ачкан көчөттөр
- Сенин бакчаңдын раушандары
- Сенин жетекчилик багыңдын раушандары
- Сенин шалбааңдын гүлдөрү
- Өмүр дарагынын бутактары
- Сенин билим бакчаңда өсүп жаткан жаш бутактар
- Сенин ырайым бакчаңда байлаган бүчүрлөр
- Куткаруу шалбаасынын чымчыктары
- Куттуу Кынтыксыздын манжалары менен жандырылган шам чырактар
- Сенин кубаттуулугуңдун манжаларынан жаралгандар
- Сенин улуулугуңдун кереметтүү белгилери
- Абдул-Баханын сүйүктүүлөрү

## 10-БӨЛҮМ

Сүйүүдөн тышкары, окуучулар менен түзгөн мамилеңиз курстун биринчи деңгээлде берилген башка бардык руханий сапаттар менен мүнөздөлмөкчү. Бул сапаттарды сиз окуучулар менен гана мамиле түзүүдө көрсөтпөстөн, жашооңуздун ар учурунда барган сайын көбүрөөк көрсөтүүгө умтулаарыңыз шексиз. Бахаулла бизге мындай деп кеңеш кылат:

> **"О, адамдар, башкаларга жакшы кеңеш берип, бирок өзү аны аткарбагандардардан болбогула". [21]**

Балдар класстарынын мугалими катары сабакта каралган сапаттардын мааниси тууралуу барган сайын көбүрөөк түшүнүккө ээ болуу маанилүү, бул түшүнүктөр назик көчөттөрдү өз камкордугуңуздун алдында тарбиялап өстүрүүгө көмөк болот. Сиз байкагандай, мисалы, биринчи сабакта тазалыкка көңүл бөлүнөт. Мүнөзгө байланыштуу сабактарды жүрөктүн тазалыгына байланыштуу суроону изилдөө менен баштоо орундуу сыяктанат. Бахаулла эскертет: "Жүрөктөн башка, көк менен жердеги бардык нерсени" Кудай биз үчүн буюрган, ал эми адам жүрөгүн Өз сулуулугунун жана даңкынын мекен-жайы кылып жараткан. Жүрөктүн күзгүсүн тазалоо - адамдын жан дүйнөсүн көркүнө чыгарган башка бардык каситтерди чагылдырууга мүмкүндүк берет.

Курстун бул деңгээлинде карала турган руханий сапаттар жөнүндө ойлонууга мугалимдерге жардам берүү үчүн, алардын ар бирине байланыштуу болгон цитаталар экинчи бөлүмдө камтылган. Азыр болсо тазалыкка байланыштуу төмөндө келтирилген цитаталарды окуп чыгуу сунушталат. Андан соң, өз тобуңуз менен бул сапаттын жалпы эле адамдын жашоосундагы маанилүүлүгү туурасында, айрыкча балдарды окутууга кадам таштагандардын көргөн аракети үчүн канчалык маанилүү экенин талкуулагыла. Төмөндө берилген бош саптарга өз оюңарды жазып болгон соң, келтирилген цитаталардан кеминде бирөөнү жаттап алууну туура көрүшүңүз мүмкүн.

> **"О, бир боорум! Таза жүрөк күзгү сыяктуу; чыныгы күн жаркырап тийип, түбөлүк таң агарсын десең, аны сүйүүнүн жарыгы менен жана Кудайдан башканын баарынан арылуу аркылуу жалтырата тазала".[22]**

> **"О, болмуш баласы! Сенин жүрөгүң - Менин түнөгүм; Мени кирсин десең аны жарык кыл. Сенин рухуң - Менин аянымдын жайы; Мени көрүнсүн десең аны тазала". [23]**

> **"Адамдын жүрөгү канчалык таза жана ыйык болгон сайын, ал ошончолук Кудайга жакындап, анда Чындыктын Күнү жаркырап тиет".**

> **"Адамдын жашоосунда тазалык биринчи орунда болуусу зарыл, андан кийин сергектик, аруулук жана рухтун эркиндиги. Биринчи кезекте арыктын нугун тазалоо керек, ошондон кийин гана дарыянын жагымдуу сууларын ага буруга болот".[25]**

__________________________________________________________________

__________________________________________________________________

__________________________________________________________________

## 11-БӨЛҮМ

Эми сиз жаш балдардын мугалими катары өзүңүзгө суроо берип көрүңүз: Кудай Өзүнүн Элчиси Бахаулла аркылуу ачкан окууларга ылайык өзүн алып жүрүүгө жана Анын айтуусу боюнча, адамдын жан дүйнөсүнүн көркү болгон сапаттарды өнүктүрүүгө болгон балдардын умтулуусун бекемдөөгө сиз кантип жардам бере аласыз? Бул суроого жооп издөөдө, Бахаулланын төмөндө айткан сөздөрү туурасында ой жүгүртүп көрүңүз:

> **“Бардыгынан кудуреттүү даңк асманымдан Өз өкүмүмдүн Тили Менин жараткандарыма мындай деген сөздөр менен кайрылды: “Осуяттарымды Менин сулуулугума болгон сүйүүңөр үчүн аткаргыла. Бир да тил сүрөттөй алгыс, кут-береке жыпары менен аңкыган Сүйүктүүнүн бул сөздөрүнүн жытын искеген пенде – бактылуу.”** [27]

> **“Кудайдын сүйүүсүнөн жанган от силердин нур чачкан жүрөктөрүңөрдө алоолоп күйүп жансын. Ага Кудайдын жетекчилигинин майын тамызып жана туруктуулук чатырыңарда сактагыла. Анын жарыгын заардуу шыбырлар өчүрбөс үчүн, ишеним жана Кудайдан башканын баарынан арылган байланбастык аркылуу аны коргоого алгыла”.** [28]

> **“Менин сүйүүм - Менин чебим: ага кирген коргоо алдында жана коопсуздукта болот, андан жүз бурган жолунан адашат жана жок болот”** [29]

1. Төмөндөгү сүйлөмдөрдү жогоруда келтирилген цитаталарга жараша толтуруңуз:

   а. Биз Кудайдын осуяттарын Анын ________________ сүйгөндүктөн аткаруубуз керек.

   б. Кудайдын сүйүүсүнөн жанган от, биздин нур ____________ жүрөктөрүбүздө ____________ күйүп жанат.

   в. Биз Кудайдын ______________ жанган отко Кудайдын ______________ __________ тамызып тутантуубуз керек. Биз Кудайдын сүйүүсүнөн жанган отко ______________ жетекчилигинин майын _____________ тутантуубуз керек.

   г. Биз аны өз туруктуулук ______________ алдында сакташыбыз керек.

   д. Биз Кудайдын ____________ жанган отту ____________ жана Кудайдан башканын баарынан арылган ___________ аркылуу _____________ керек.

e. Биз Кудайдын осуяттарын Анын _______________ сүйгөндүктөн аткаруубуз керек. Кудайдын сүйүүсүнөн жанган от, биздин нур ___________ жүрөктөрүбүздө ___________ күйүп жанат. Биз Кудайдын сүйүүсүнөн жанган отко _____________ жетекчилигинин майын ____________ тутантуубуз керек. Биз аны өз туруктуулук _____________ алдында сакташыбыз керек. Биз Кудайдын ___________ жанган отту ___________ жана Кудайдан башка бардыгынан арылган __________ менен коргошубуз керек. Анын _____________ заардуу шыбырлар өчүрбөс үчүн, аны ишеним жана Кудайдан башка бардыгынан арылган байланбастык аркылуу коргошубуз керек. Кимде ким Кудайдын __________ болгон Анын ____________ башпааналаса, ал ____________ алдында жана______________ болот. Кимде ким Кудайдын __________ болгон Анын ______________ башпааналаса, ал коргоо алдында жана _____________ болот.

## 12-БӨЛҮМ

Жаштар менен иш алып барууда, сиз алардын нурлуу жүрөктөрүндө “Кудайдын сүйүү жалынын” жандырууга умтуласыз, Анын кут-берекелерин аңдап-сезүүгө жана Анын сөздөрү аркылуу өсүп-өнүгүү мүмкүнчүлүгө кубана билүүгө жардам бересиз. Албетте, биздин Кудайга болгон сүйүүбүз жана Анын ырыскыларына ээ болууга болгон умтулуубуз жүрөгүбүздө коркуу сезимин жаратат, кандайдыр бир себептерден улам, Анын сүйүүсү бизге жетпей калсачы деп коркобуз. Эгерде биздин туура эмес иштерибиз Анын ырыскыларына ээ болууга тоскоол болсочу? Кудайдын сүйүүсү - биздин жаралуубуздун себеби, эгерде биз андан бир саамга гана ажыратылган болсок, биздин жашообуз кыйрап жок болмок. Эгерде Кудайга баш ийбесек, анда биз Анын сүйүүсүн ала албай калабыз деген коркуу сезими бизди туура жолго салып, өзүмчүлдүккө болгон азгырыктан, ач көздүктөн, куру кыялдардан жана ыплас каалоолордон алыс кармайт.

Балдардын жүрөктөрүнө Кудайга болгон сүйүү үрөнүн себүү аракетиңизде, сиз Кудайдан коркуу сезимин да эске алышыңыз зарыл, анткени алар бири-биринен ажырагыс. Абдул-Баха бизге мындай деп насаат кылат:

> **“Бул балдарды Кудайдын насааттары менен тарбиялагыла. Жаштайынан эле алардын жүрөктөрүндө Кудайга болгон сүйүүнү өрчүткүлө, алар Кудайдан коркуп жашагандай болсун жана Кудайдын ырыскылары эч качан бүтпөйт деген бекем ишенимге ээ болсун. Аларды пенделик чектөөлөрдөн бошонуп, ар бир адамдын жүрөгүндө катылган Кудайдын жеткилеңдиктерине ээ болууга үйрөткүлө”.**[29]

Белгилей кетүүчү нерсе, Кудайдан коркуу темасын балдар менен түздөн-түз талкуулоонун кажети жок. Алар жүрөктөрүндө алып жүрө турган бир гана образ болушу керек - бул аларды чексиз сүйгөн Кудайдын образы жана Анын ырыскылары менен кут-берекелери чексиз экенине бекем ишенип, аларга таянып жашоолору керек. Алардын жүрөктөрүндө Кудайга болгон сүйүүнү тутантууга болгон аракетиңизде, айрым сөздөр

жана иштер Кудайга жагат, ал эми айрымдары жакпайт деген түшүнүктү жеткирүү шарт. Кудайды сүйгөндүктөн Ага жагууну кааларыбызды балдарга маал-маалы менен эскертип турсаңыз болот. Мисалы, аларга жакшы сөз жана бири-бирибизге кылган сүйкүмдүү мамилебиз - Кудайга жаккан иштер экендигин, ал эми жаман сөз жана бирөөгө зыян келтирүү Ага жакпай турганын айтууга болот.

Төмөндөгү цитаталар силерге ой жүгүртүү үчүн берилди:

**“Сен кандай жагдайда болбосун, адамдарды рухий сапаттары менен изги иштерин көрсөтүүгө үндөшүң керек, бардыгы адамды көкөлөтө турган эмне экенин аңдап-түшүнүп, эң жогорку Абалга жана Даңктын туу чокусуна карай болгон күчү менен умтула алгандай болушсун. Кудайдан коркуу - Анын жараткандарын окутууда дайыма эң башкы күч болуп келген. Ага жеткен – кут-берекеге ээ!”**[30]

**“Бул Аянда аны жеңишке жеткире турган жоокерлер - мактоого татыктуу иштер менен чынчыл мүнөздүн ээлери. Мындай кошуундардын кол башчысы жана жетекчиси – бул Кудайдан коркуу сезими, бардык нерсени кучагына алган жана бардык нерсеге үстөмдүк кылган коркуу сезими.”**[31]

**“Жеткилеңдиктин дагы башка сыпаттары - Аллахтан коркуу, Аллахтын пенделерин сүйүү аркылуу Анын Өзүн сүйүү, жөнөкөйлүк, сабырдуулук жана токтоолук, ак ниеттүүлүк, моюн сунуу, мээримдүүлүк жана боорукердик; чечкиндүүлүк жана кайраттуулук, ишенимдүүлүк жана күч-кубатка ээ болуу, аракетчилдик жана өжөрдүк, жоомарттык жана берилгендик, бирөөгө жамандык ойлобоо, тырышчаактык жана өзүн сыйлоо сезими, асылзаттык жана айкөлдүктү көрсөтүү, башкалардын укугун урматтоо.”**[32]

Бул жана мурунку бөлүмдөгү үзүндүлөрдү эске алуу менен, Кудайды сүйүү менен Кудайдан коркуунун ортосундагы байланышты жана алардын ортосундагы өз ара тыгыз байланыштын жакшы мүнөздү тарбиялоодо канчалык маанилүү экендиги тууралуу бир-эки сүйлөм жазгыла.

__________________________________________________________________________

__________________________________________________________________________

__________________________________________________________________________

__________________________________________________________________________

__________________________________________________________________________

__________________________________________________________________________

__________________________________________________________________________

__________________________________________________________________________

__________________________________________________________________________

__________________________________________________________________________

__________________________________________________________________________

__________________________________________________________________________

## 13-БӨЛҮМ

Мурунку бөлүмдөрдөгү талкууларыбыздан көрүнүп тургандай, руханий тарбия сулуулукка тартылуунун күчүнө таянат жана рухий сапаттарды өнүктүрүүгө басым жасоо менен балдардын жүрөгүн чыныгы сулуулукка багыттайт — жакшы мүнөздүн сулуулугу, Ыйык Сөздүн сулуулугу, үлгүлүү жүрүм-турум сулуулугу, бийик ойлордун сулуулугу жана эң негизгиси, бардыгынан Даңктуунун Сулуулугуна тартуу. Акыры келип, Кудайдын мыйзамдарына баш ийүү Анын сулуулугун сүйүүдөн келип чыгат. Ошондо балдар руханий сапаттарга ээ болуу эң чоң сыйлык, ал эми татыксыз мүнөзгө ээ болуу эң чоң жаза экенин түшүнүшөт. Абдул-Баха мындай дейт:

> **"Жаман иш кылуунун негизги себеби – түркөйлүк, ошондуктан биз кабылдоо жана билим куралдарына бекем таянышыбыз керек. Жакшы мүнөзгө тарбиялоо кажет. Жарык узак алыска тарашы керек, анткени адамзаттын мектебинде бардыгы рухтун жогорку касиеттерине ээ болушу азбел, жаман, арамза кулк-мүнөзгө ээ болуудан өткөн катаал тозок жана куйкалаган оттуу туңгуюк жок экенине бардыгы өз алдынча айныксыз ынанышы керек; жекирүүгө татыктуу сапаттарды көрсөтүүдөн өткөн караңгы аң жана ачуу азап жок экенин билиши керек."[33]**

Балдарга жогорку сапаттарды көрсөтүү кубанычын сезүүгө жардам берүү үчүн, биз аларды туура жүрүм-турумга үгүттөп, жагымсыз жүрүм-турумдан алыс болууга чакыруубуз керек. Катаал жазадан да, жана балдар өз каалаганын кылган чексиз эркиндиктен да алыс болуу кажет. Бүткүл Дүйнөлүк Адилеттик Үйү эсибизге салгандай, "Сүйүү тартип менен кайратты талап кылат, балдарды толугу менен өз оюна коюп, каалаганын кылдырбастан, аларды кыйынчылыктарга да көндүрүү керек". "Балдарды", деп айтылат андан ары, "бахаи эрежелери боюнча жашоого сүйүү аркылуу, бирок ошону менен бирге эле өжөрлүк менен багыттоо керек". Абдул-Баха мындай деп түшүндүрөт:

> **"Эне баласынын жакшы иш кылганын көрсө, аны мактап, анын жүрөгүн кубантууга тийиш; ал эми тырмактай жагымсыз адатын байкаса, анда ал балага насаатын айтып, аны жазаласын, бирок акылмындык менен иш кылышы керек, зарыл болсо оозеки жеме айтсын. Бирок, баланы уруп-сабоого жана ага басынткан сөз айтууга таптакыр болбойт, анткени токмоктоо же жаман сөз менен кемсинтүү баланын кулк-мүнөзүн толугу менен бузат."[34]**

Абдул-Баханын берген көрсөтмөлөрүнө ылайык, мугалим балдар жакшы журүм-турум көрсөткөн учурда аларды мактоонун жана алардын жүрөктөрүнө кубаныч тартуулоонун жолдорун ойлонушу керек. Бул мугалимден баамчылдыкты талап кылат, ал ар бир баланын ийгиликтерин өз дептерине белгилеп алып, айрым балдарды гана кайра-кайра мактап, башкасын көз жаздымда калтыруудан алыс болуусу керек. Ошентип, мугалимдин мээримдүү мамилесине көнгөн окуучу үчүн, кандайдыр бир

тартипсиздикке карата мугалимдин жактырбаган көз карашы эле балким жумшак, бирок натыйжалуу жаза болушу мүмкүн. Кээде жаза андан катаалыраак болушу ыктымал, терс жүрүм-турумга, айрыкча, эгер бала кандайдыр бир ишмердүүлүктүн жүрүшүнө тоскоолдук жаратып жаткан болсо, ага карата бул туура эмес экенин оозеки түрдө билдирүү зарыл болот. Мындай эскертүү ачуулануу же сабырсыздыктын бир дагы белгисин көрсөтпөстөн, өктөм, бирок ошол эле учурда сый-урмат көрсөткөн үн менен жасалышы керек. Мындан тышкары, көпчүлүк учурда мугалимдер балдардын кээ бири менен класстан сырткары сүйлөшүү жана кеңеш берүү үчүн убакыт табуусу керек болот.

Мугалим жогоруда белгиленген кеңешти аткарса дагы, кээ бир балдар биз күткөндөй жүрүм-турумду көрсөтпөй койгон учурлар да кездешпей койбойт. Мындай учурларда кичине жана орундуу жазаларды колдонуу талап кылынышы мүмкүн. Буларга сүрөт боёо учурунда ага сүрөт боёо мүмкүнчүлүгүн чектөө, оюндан бир нече мүнөткө четтетип коюу сыяктуу жазалар кирет. Буга байланыштуу эске ала турчу негизги 2 нерсе бар. Биринчиси, мугалим ал окуучуга анын эмне иш кылгандыгы үчүн жазаланып жаткандыгын так түшүндүрүп берүүсү кажет, мисалы, “Сен бул же тигил ишти кылгандыгың үчүн сен оюнга 5 мүнөттөн кийин кошуласың” деген сымал. Экинчиси, жаза жагымсыз жүрүм-турум орун алаар замат колдонулушу керек; антпесе бала жазанын жүрүм-турум менен байланыштуу экендигин түшүнбөй калышы ыктымал.

Эми жогорудагы идеяларды өз тобуңар менен талкуулагыла. Балдардын жакшы жүрүм-турумун кубаттоо жана алардын жекече же топ ичинде жетишкен ийгиликтерин мактоо үчүн колдонууга боло турган сүйлөмдөрдү өз тобуңар менен чогуу түзө аласыңарбы? Жагымсыз жүрүм-турумду алдын алуу үчүн кандай сүйлөмдөрдү колдонуу орундуу болот?

________________________________________________

________________________________________________

________________________________________________

________________________________________________

________________________________________________

________________________________________________

________________________________________________

________________________________________________

________________________________________________

________________________________________________

## 14-БӨЛҮМ

Балдардын мактоого татыктуу сапаттарын өнүктүрүүгө жардам берүү үчүн, силер класста тартип жагынан айырмаланган өзгөчө чөйрөнү курушуңар керек.
Абдул-Баха мындай дейт:

> **“...балдар мектеби - тартипти катуу сактаган жай болушу талап кылынат жана окутуу өтө негиздүү ишке ашырылып жана кулк-мүнөздү жакшыртуу**

**жана өрчүтүүгө багытталуусу кажет; ошондо гана жаштайынан балада Кудайкерчилик негиз түптөлүп, ыйыктык маңыз кошо өнөт."**[35]

Ал эми ар жума сайын өтүлө турчу сабактар боюнча, Ал төмөндөгүдөй кеңешин берет:

> **"Сен, бул уюшулган ишмердүүлүктү эч токтотпостон уланта беришиң керек жана ал күндөн-күнгө Ыйык Рухтун деми менен мындан ары да жанданып, өсүп-өнүгө бере тургандай көңүл бөлүүң кажет. Эгерде бул ишмердүүлүк жакшы уюштурулган болсо, ишенип кой, ал чоң натыйжаларды берет."**[36]

Окутуу чеберчилигинин басымдуу бөлүгү болуп, көңүлдүү ошол эле учурда тартиптүү окуу чөйрөсүн түзгөндөй кылып ар бир баланын жүрүм-турумун кантип багытоо керектигин билүү эсептелет. Буга байланыштуу, албетте, силер өз тажрыйбаңардан өтө көп ачылыш-ойлорго ээ болооуңар шексиз, ошондуктан бул бөлүмдө силерге эң башында даярдык көрүүгө жардам бере турган бир нече негизги идеялар тууралуу сөз кылмакчыбыз. Азыр болсо сабактын бир бөлүлүгүн сүрөттөгөн үзүндүнү окуп чыккыла:

> Балдар келген соң, аларга даярданып, тынчтануулары үчүн бир нече мүнөт бересиз. Бардык балдар орун алгандан кийин, сиз бөлмөдөгү жымжырт абалдан колдонуп, сабакты дуба окуудан баштайсыз. Андан кийин алек боло турган ишмердүүлүк – бул ыр ырдоо. Андан соң сиз өтүлө турчу сабактын темасы менен тааныштырасыз да, балдарга цитата жаттоого жардам бересиз. Мындан кийин балдардын кызыгуусун арттыра аңгеме айтып бересиз. Анын соңунда балдар оюн ойношот. Оюн ойнолуп бүткөн соң, аларга боёо үчүн сүрөттөрдү жана карандаштарды берип, аларды кылдаттык менен боёону суранасыз. Сабактын соңунда балдардан тынч отурууну өтүнүп, жыйынтыктоочу дуба окууга даярдайсыз да, сиз жана бир нече бала дуба окушат.

Көнүгүүлөрдүн мындай ирети атайын бир ой менен уюштурулганбы? Сиздин оюңузча, эмне үчүн көнүгүүлөр дал ушундай иретте уюштурулган?

______________________________________________________________________

______________________________________________________________________

______________________________________________________________________

______________________________________________________________________

______________________________________________________________________

______________________________________________________________________

______________________________________________________________________

______________________________________________________________________

## 15-БӨЛҮМ

Балким, өзүңөр буга чейин талкуулаган болсоңор керек, балдар сабакка тынч отуруу үчүн келишпейт. Ошондой эле, сиз да ага умтулбашыңыз керек. Сиз алардын

табигый энергиясын туура пайдаланып, аны окууга багытташыңыз зарыл. Бул үчүн сабак учурундагы тынч отурган убакытты, активдүү жана эркин кыймылдуу мезгилдерди алдын ала пландап алышыңыз керек. Кандай учур болбосун, негизги элемент болуп - уюшкандык эсептелет. Класс жакшы уюштурулган болсо, балдарга көңүл буруу жана үйрөнүү оңой болот. Буга байланыштуу төмөндөгү үч учурду эске алуу пайдалуу болот:

1. Ар бир сабакты так жана ырааттуу түрдө баштап, ошондой эле уюшкандыкта бүткөрүү.

2. Күн тартибин бекитип алуу керек. Балдар ошондо кайсы иш-аракеттен кийин эмне боloорун жана эмне кылуу керектигин билип калышат.

3. Ар бир ишмердүүлүккө арналган убакыт ийкемдүү болууга тийиш, бул балдардын жигердүүлүгүнө жана энергиясына жараша болот.

Буга чейинки бөлүмдөрдө белгиленгендей, ар бир сабакта балдар алек боло турган ишмердүүлүктөр төмөнкүлөр:

а. Дубаларды окуу жана жаттоо

б. Ыр ырдоо.

в. Бахаи Жазмаларынан үзүндүлөрдү окуу жана жаттоо.

г. Аңгеме-баяндарды угуу

д. Оюн ойноо.

е. Сүрөт боёо

ж. Жыйынтыктоочу дуба окуу

Ишмердүүлүктүн бул түрлөрү кыймылдуулугу жана шаңдуулугу боюнча албетте, айырмаланышы мүмкүн. Кээ бирлери өтө активдүү болсо, башкалары тынч жагдайда өтөт.

Жогорудагы жети ишмердүүлүктүн кайсынысы көбүрөөк кыймыл-аракетти талап кылат?____________________________________________

________________________________________________

________________________________________________

________________________________________________

Кайсы ишмердүүлүк тынч жагдайда өтөт? ________________________

________________________________________________

________________________________________________

________________________________________________

Тартиптүү атмосфераны түзүүдө мугалим үчүн белгилүү бир талаптар бар. Төмөндөгүлөрдүн кайсынысы сиз каалаган жагымдуу атмосфераны түзөт, кайсынысы

тоскоолдук жаратат? Аларды тиешелүү түрдө “Ж” (жагымдуу) же “Т” (тоскоолдук) тамгалары менен белгилеңиз:

_____ Сабак өтүлгөн жерди таза жана иреттүү кармоо

_____ Кандай гана жагдай болбосун, тынч жана сабырдуу болуу

_____ Балдар берилген көрсөтмөлөрдү укпай койгон учурда чыдамдуулукту жоготуу

_____ Ар бир көнүгүү үчүн керектелчү материалдарды алдын ала даярдоо

_____ Балдарды күттүрүп коюп, керектүү окуу куралдарды ар кайсы жерден издөө

_____ Ар бир көнүгүүгө карата балдарга эмне кылуу керектигин так түшүндүрүп берүү

_____ Тапшырманы эрте бүтүргөн окуучуларды башка нерсе менен алек кылуу максатында башка көнүгүүлөрдү камдап коюу

_____ Балдарга биринчи көнүгүүдөн экинчи көнүгүүгө ыраттуу түрдө өтүүгө жардам берүү

_____ Балдарга аңгемени китептен окуп берүү

_____ Балдарга аңгемени жеңил жана жандуу айтып берүү максатында, аны жакшылап жаттап алуу

## 16-БӨЛҮМ

Класс ичинде тартиптүү жана ырааттуу атмосфераны түзүүгө болгон аракетиңизде, белгилүү бир жүрүм-турум стандарттарын бекитип алууңуз керек болот. Бул жагынан алганда алгачкы бир нече жума абдан маанилүү болуп саналат. Бул башталгыч мезгилде кандай күтүүлөрүңүз орногон болсо, негизинен ошол эле ыргак жыл аягына чейин сакталат. Алгач мугалим жүрүм-турумдун бир нече эрежелерин тандап алып, аларды жөнөкөй тил менен түшүндүрүп берүүсү кажет, ар бир жолу 3 же 4 эрежени түшүндүрүү жетиштүү болот. “Биз өзүбүздү жакшы алып жүрүүбүз керек” деген сыяктуу жалпы эрежелер адатта эч кандай деле жардам бербейт, бирок “Кезек менен сүйлөшүбүз керек” деген сыяктуу эрежелерди түшүнүү оңой. Төмөндө берилген аныктамалардагы эрежелерди топ мүчөлөрү менен бирдикте талкуулагыла жана ал тизмеге дагы бир нече эрежелерди кошкула.

а. Биз оюн ойноп жаткан учурда бири-бирибизге жардам беребиз

б. Биз биримдикти сактайбыз жана мушташпайбыз

в. Биз жаңы келген досторубузду жылуу тосуп алабыз

г Биз бири-бирибизди жана мугалимди сүйлөп жатканда, аларды кунт коюп угабыз

д. Биз бири-бирибиз менен жылуу-жумшак сүйлөшөбүз

е. Бир нерсе айткыбыз келсе, өз кезегибизди күтөбүз

ж. Биз башкалар менен карандаштарыбызды бөлүшөбүз

з. Биз тапшырмаларыбызды бүтүргөнгө аракет кылабыз

и. ____________________________________________

к. ____________________________________________

л. ____________________________________________

м. ____________________________________________

Ушул сыяктуу жөнөкөй сүйлөмдөрдү түзүү менен, балдардан кандай жүрүм-турум күтүлөөрү тууралуу балдар менен талкуулап жана алар менен бирге бул эрежелерди мезгил-мезгили менен окуп туруу керек. Ошондо, бул аныктамалар эреже катары кабыл алынып, балдар аларды сактаганга аракет кылат, ошол эле учурда бул эрежелер катуу таңууланган эрежелер болбошу керек. Качан балдар белгилүү бир эрежелердин тобу менен таанышып болгон соң, мугалим башка жаңы эрежелерди киргизсе болот, бирок дароо өтө көп эреже киргизүүнүн кереги жок экенин эске алышы керек. Эгер сабак учурунда кандайдыр бир кыйынчылыкка пайда болсо, балдарга бул көйгөйгө байланыштуу бир нече жөнөкөй сунуштарды жазууга жардам берүүгө болот. Мындай учурларда, мугалим бектигин жана иш-аракетинде ырааттуулугун көргөзүп, ошол эле учурда жылуу жана назик мамиле кылуусу керек.

## 17-БӨЛҮМ

8-бөлүктө биз 1-деңгээлдеги сабактарда камтылган ар түрдүү элементтердин маанилүүлүгүнө кыскача токтолуп, алардын ар бири мактоого татыктуу мүнөздү калыптандырууга кандайча жардам берээрин талкууладык. Бул жана кийинки жети бөлүмдө балдарды сунушталган көнүгүүлөргө тартуу үчүн колдоно турган кээ бир ык-амалдарды карайбыз, алгач жаттоо көнүгүүсүнөн баштайбыз.

Жазмалардан алынган дубаларды жана цитаталарды жаттоо – сиз окута турган сабактардын негизги бөлүгү болуп саналат жана ар бир сабак учурунда сиз балдарга дубаларды жатка айтууга жана бир жаңы цитатаны жаттоого жардам бересиз. Бул көнүгүүгө аларды кантип тартуу керектигин талкуулоодон мурун, балдарга Ыйык Сөздөрдү жаттоого жардам берүү учурунда көп кездешчү жаңылыштыктар тууралуу сөз кылуу орундуу болмокчу, андай жаңылыштыктардан оолак болуу кажет.

Сиз мугалимдик ишмердүүлүгүңүздүн башында, “балдар дайыма эле бир нерсени кайталай бербеши керек”, “алар өз ойлорун айтууну үйрөнүүшү керек” “алар маанисин түшүнбөй эле маалыматты же фактыларды кайталай бербеши керек” деген

сыяктуу ой-пикирлерди уккан болушуңуз керек же угушуңуз мүмкүн. Мындай механикалык жаттоого карата айтылган сын-пикирлер көп болгондуктан, бул идеялар дүйнө жүзүнө кеңири тароодо. Чындыгында эле, математикалык теңдемени же физикадагы мыйзамдын түшүндүрмөсүн же болбосо адабияттан бир чыгарманын үзүндүсүн маанисин түшүнбөстөн жаттап алууга болот. Бирок сиз өзүңүзгө мындай суроо беришиңиз керек: Эмне үчүн терең маанидеги аныктаманы/билдирүүнү жаттоону жана анын маанисин түшүнүүнү бири-бирине карама-каршы коюу керек? Эс тутум - түшүнүү, ой жүгүртүү жана элестетүү жөндөмдөрү сыяктуу эле адамдын аң-сезиминин күчү. Алар бири-бирин өз-ара толуктап, бири-бирин күчтөндүрүп турат. Адамдын жүрөгү менен акыл-эсин жандандырууда чексиз мүмкүнчүлүктөргө ээ болгон Кудай Сөзүн жаттоо балдардын акыл-эсин жана түшүнүктөрүн канчалык кеңейте алаарын элестетип көргүлөчү. Кийинчерээк, алар өсүп-өнүгүүнүн ар кандай баскычтарынан өтүү менен жаттап алган үзүндүлөрдөн жаңы ой-түшүнүктөргө ээ болушат жана Кудай Сөзүнүн жандандыруучу, өзгөртүүчү жана жаратман күчүн өмүр бою өз жашоолорунда колдоно алышат.

Кудайдын Сөзүн жаттоо балдардын аң-сезимине жана жүрөктөрүнө руханий билимдин үрөнүн себүүгө жардам берет жана убагы келгенде ал үрөн өсүп-өнүгүп, кереметтүү жемиштерди берет деген мугалимдин ишеничи эмне үчүн маанилүү экенин топ мүчөлөрү менен талкуулагыла.

____________________________________________________________

____________________________________________________________

____________________________________________________________

____________________________________________________________

____________________________________________________________

____________________________________________________________

____________________________________________________________

## 18-БӨЛҮМ

Жогорудагы талкууларды эске алуу менен, 1-сабакта келтирилген цитатанын мисалында, Жазмалардан алынган үзүндүнү жаттоого балдарга кантип жардам берээриңер туурасында ойлонуп көрөлү. Адегенде сабактын негизги темасы болгон руханий сапаттын мааниси тууралуу баштапкы түшүнүктү алууга жардам берүүнү көздөйсүз. Бул үчүн баштапкы кыскача киришүү сөзү берилген. Андан сон, цитатадагы кездешкен оор сөздөрдү тандап алып, ал сөздөрдү балдарга жакшы тааныш болгон кырдаалдарда колдонуу менен балдарга цитата жөнүндөгү алгачкы жалпы түшүнүктү алууга жардам бере аласыз. Бул ыкма тазалык темасына арналган 1-сабакта кандайча сүрөттөлгөнүн карап көрөлү.

Биздин жүрөгүбүз күзгү. Биз аны дайыма таза кармообуз керек. Бирөөгө ачуулануу, көз артуу жана жаман мамиле кылуу – мунун бардыгы биздин жүрөгүбүздүн күзгүсүн жаап калган чаң сыяктуу. Биздин жүрөктөрүбүз таза болсо, алар Кудайдын жарыгын жана анын мээримдүүлүк, сүйүү жана жоомарттык сыяктуу сапаттарын чагылдырып, жана биз башкалардын бакыт булагына айланабыз. Биздин журөгүбүз таза болуусу үчүн, келгиле, Бахаулланын бул сөздөрүн жаттап алалы:

**“О, Рух баласы! Менин биринчи кеңешим мындай: Жүрөгүң таза, мээримдүү жана нурдуу болсун...”**

*Кеңеш*

1. Бир жолу Жерар менен Мэри сүрөттөрдү боёп жаткан. Жерарга сары карандаш керек болот, бирок Мэри бергиси келбей коёт. Мугалим Мэриге бөлүшүү керектигин айтат. Мугалим Мэриге жакшы кеңеш берди.

2. Патрисия акчасын эмнеге коротоорун чечиши керек эле - момпосуй алсабы же аңгемелер китебин сатып алганы жакшыбы. Ата-энеси ага аңгемелер китебин алганы жакшы экенин айтышты. Патрисияга ата-энеси жакшы кеңеш берди.

*Таза жүрөк*

1. Кэти ачууланып, Аготко жаман сөздөрдү айтты. Агот капалана түшүп, бирок бат эле Кэтини кечирди. Аготтун жүрөгү таза.

2. Густаво момпосуюун башка балдар менен бөлүшүп жегенди жакшы көрөт, а түгүл дайыма эч нерсеси менен бөлүшпөгөн Хорхе менен да бөлүшөт. Густавонун жүрөгү таза.

*Мээримдүү жүрөк*

1. Минг Лингдин ата-энеси үйүнө досторун чакырганда, ал дайыма кубана дасторкон жаят. Минг Лингдин жүрөгү мээримдүү.

2. Робертсон мырза жашы улгайган адам. Жимми ага өзү өстүргөн жемиштерин базарга жеткиргенге жардам берет. Жимминин жүрөгү мээримдүү.

*Нурдуу жүрөк*

1. Мен капаланып турган кезде, менин апам дайыма менин көңүлүмдү көтөрүп, мага бакыт тартуулайт. Менин апамдын жүрөгү нурдуу.

2. Обуйа ооруп калгандыгына байланыштуу бүт убактысын төшөктө өткөрүүгө туура келди. Ал көп дуба окуп, капаланган жок, ал шаттуу маанайда кала берди. Анын жүрөгү нурдуу.

Албетте сиз бул киришүү сөздөрүн жана түшүндүрмө сүйлөмдөрдү жөн гана окуп берип койбойсуз. Аларды эркин түрдө айтып берүү үчүн сиз алдын ала жакшылап даярданышыңыз шарт.

Балдардын дубаларды жаттоосу боюнча айта турган болсок, ошол эле ыкманы колдонуу сунушталат, бирок кайсы сөздөрдү же сүйлөмдөрдү түшүндүрүп берүү керектигин өзүңүз чече аласыз. Буга байланыштуу этият болгонуңуз кажет. Кээ бир учурда балдарга дубаларда кездешкен айрым сөздөрдүн маанисин бара-бара өз алдынча түшүнүп алуусуна жол бергениңиз жетиштүү болот. Мисалы, балдар 1-сабакта жаттай турган дубаны карап көрөлү. Андагы “таза жүрөк” жана “бермет” деген сөздөр кандайдыр бир баалуулукту түшүндүрөөрүн алар оңой эле түшүнүшөт. Бирок таза жүрөк бизге Кудай тарабынан берилээрин түшүнүү үчүн алар, балким “тартуула” деген сөздүн маанисин түшүнүп алуулары керек болот. Бул максатта сиз кандай сүйлөмдөрдү түзөт элеңиз?

“Ал - Кудай! О, Кудай, Кудайым менин! Мага бермет сымал таза жүрөк тартуула”. [37]

________________________________________

________________________________________

________________________________________

________________________________________

## 19-БӨЛҮМ

Эми, келгиле, окуучуларга дубалар менен цитаталарды жаттап алууга жардам бере турган ыкмалардын бирин карап көрөлү. Сиз берилген үзүндүнү кыска бөлүктөргө бөлө аласыз, ар бир кыска бөлүктү бир-бирден жатташат. Биринчи бөлүктү жаттап бүткөндө ага экинчи бөлүктү кошосуз, анан үчүнчүсүн, ошентип цитатаны же дубаны толук жаттап бүткөнчө уланта бересиз. Бөлүктөрдү балдар сиздин артыңыздан жекече же топ менен чогуу кайталаса болот.

Мисалы, 1-сабактагы цитатаны жаттатуу үчүн, сиз “О, Рух Баласы! деген сөз менен баштайсыз да, аны кайталоону сурайсыз. Андан соң “О, Рух Баласы” деген сөздөргө “Менин биринчи кеңешим мындай” деген сөздөрдү кошуп айтасыз да, балдар бул эки бөлүктү кошуп кайталайт. Акырында “Жүрөгүң таза, мээримдүү жана нурдуу болсун” деген сөздөрдү кошосуз. Ушундай жол менен балдар цитатаны жаттап бүткөн

соң, бир нече балага жатка айтууга жардам берсеңиз болот. Балдар толук көңүлдөрүн буруп, шайыр атмосфера сакталышы үчүн, бул көнүгүүнү ыкчамдуу маанайда аткаруу керек. Кийинчерээк, алардын жөндөмдөрү бара-бара өрчүгөндөн кийин, алар дубанын мындан да узунураак бөлүктөрүн же цитатаны толугу менен жаттаганга өтө алышат.

Сабактардын бул бөлүгүн аткарып жатканда, алдын ала көрүп билүүгө мүмкүн болбогон ар кандай жагдайлар жаралышы ыктымал, сиз аларды өз тажрыйбаңызга таянып, чечүүнү үйрөнүшүңүз керек. Ошентсе да, кээ бир жагдайларды сабакка даярдануу учурунда эске алышыңыз керек болот. Топтун мүчөлөрү менен чогуу төмөндөгү суроолорду талкуулагыла:

- Эгерде класста балдар көп болсо, аларга цитатаны жаттоого кантип жардам бере аласыз?

- Балдардын кээ бири башка балдарга салыштырмалуу тезирээк жаттап алса эмне кыласыз?

- Эгер бир же бир нече балдар жаттай албай кыйнала турган болсо, эмне кыласыз?

- Эгер бала сабактын жүрүшүндө цитатаны толугу менен жаттай албай койгонуна карабастан, ал өзүнөн алдыга жылыш бар экенин сезиши үчүн сиз эмне кыласыз?

________________________________________________

________________________________________________

________________________________________________

________________________________________________

________________________________________________

________________________________________________

________________________________________________

________________________________________________

## 20-БӨЛҮМ

Балдар ырдаганды жакшы көрүшөт жана цитата жаттоого чейин аткарыла турган бул көнүгүү эң шаңдуу ишмердүүлүктүн бири болуп саналат. Ал эми ийгиликке жетүүнүн бирден бир ачкычы – тажрыйба. Адегенде сиз өзүңүз ырларды жакшы билген башка бирөө менен чогуу ырдап көрүшүңүз керек. Ырдап жатканыңызда, ырдын ыргагына жана обонуна өзгөчө көңүл бөлүңүз. Эгерде ал ырлардын жаздырылган жазылмаларын угууга мүмкүнчүлүгүңүз болсо, анда аларды тезирээк үйрөнүп аласыз. Ошондой эле балдар ырларды жакшылап жаттап алганча, алар менен чогуу ырды кайра-кайра кайталашыңыз керек болот. Ырлардын сөздөрүн жаттоодо, цитатаны жаттоодогу ыкма колдонулат, болгону бул жолу сөздөр обон менен коштолот. Окуучуларыңыздын жөндөмдөрүнө жараша, сиз алар үчүн кээ бир ырларды ырдоо оор болуп жаткандыгын

байкашыңыз мүмкүн, мындай учурда, ырларды өзүңүз ырдап, окуучулар кайырманы чогуу ырдаса болот.

## 21-БӨЛҮМ

Кийинки биз карай турчу көнүгүү – аңгеме-баян айтып берүү. Буга чейин айтылгандай, 1-деңгээлдеги аңгемелердин көпчүлүгү Абдул-Баханын жашоосунан алынган. Алар өзгөчө максатты көздөйт. Бул баяндар балдарга алар өнүктүрүүгө аракет кылып жаткан руханий сапаттарды эң мыкты Үлгү өзүнүн жер бетиндеги жашоосунда толугу менен көрсөтө алганын көрүүгө жардам берет. Бул окуяларды айтып берип жатканда мугалим көрсөткөн терең урмат-сый алардын назик жүрөктөрүндө бийик сезимдерди козгоп, руханий сезимталдыктарын ойготот.

Абдул-Баха жөнүндө балдарга айтып бере турчу аңгемелер кыска болгондугуна карабастан, андагы чагылдырылган руханий түшүнүктөрдүн мааниси абдан терең. Андыктан, сиз балдарга руханий реалдуулукка көз чаптырууга жардам берүү максатында, аларды аңгемеде сүрөттөлгөн окуялардан тышкары да чыгарууну каалашыңыз мүмкүн. Буга байланыштуу 1-сабактан алынган аңгемени карап көрөлү:

*Абдул-Баха ар дайым адамдардын жүрөгүндө эмне бар экенин билип турчу жана Ал нурдуу, таза жүрөктүү адамдарды абдан жакшы көрчү. Бир айымга Абдул-Баханын кечки тамагына конок болуп кетүү урматы көрсөтүлгөн экен. Ал айым Анын акылман сөздөрүнө кулак салып отуруп, алдында суу куюлган чөйчөккө көзү түшөт да, мындай деп ойлонот: "Эх, ушул чөйчөккө куюлган суу сымал, Абдул-Баха да менин жүрөгүмдү алып, аны көр дүйнөнүн куру бекер кыялдарынан тазалап, Кудайдын сүйүүсү менен түшүнүккө толтуруп койсо эмне..."*

*Бул ой ага бир саамга гана келип кеткендиктен, бул тууралуу эч кимге үн каткан жок. Бирок бир аздан кийин болгон окуядан улам, ал Абдул-Баха анын оюн окуп койгонун түшүндү. Абдул-Баха сөзүнүн ортосуна келгенде, бир азга токтоп, кызматкерин чакырып бир нерсе деп шыбырайт. Кызматкер ал айымдын жанына акырын басып келип, анын чөйчөгүн алып бошотот да, аны кайра анын алдына коёт.*

*Бир саамдан соң, Абдул-Баха сөзүн улай, үстөлдөн суу куюлган кумуранын алып, жайбаракат шашпай басып келип айымдын бош чөйчөгүн сууга толтурат. Эч ким эмне болгонун байкаган жок, бирок ал айым Абдул-Баха анын жүрөгүндөгү тилегине жооп берип жаткандыгын билди. Ал кубанычка бөлөндү! Абдул-Баха үчүн адамдардын жүрөктөрү менен акыл-ойлору ачык китеп сымал экени жана Ал аларды улуу сүйүү жана мээримдүүлүк менен окууру ал айымга эми маалым эле.*

Тазалык бул руханий сапат экени түшүнүктүү жана бул аңгеме жана деги эле бул сабак толугу менен ошол сапатка арналган. Бул жерде, аңгеме гана эмес дээрлик бүт

сабак негизги көңүлдү тазалык руханий сапатына бурат. Төмөндөгү суроолор сиздин аңгемеңиз окуучулардын бул сапат жөнүндө түшүнүгүн кантип кеңейтээри жана ага умтулуу деген эмнени түшүндүрөөрү жөнүндө ой жүгүртүүгө жардам берет.

1. Балдарга Абдул-Баханын мейманы жүрөктүн тазалыгына ээ болууга умтулганын түшүнүү маанилүү. Аңгемедеги мындай каалоо менен меймандын алдындагы чөйчөк суунун ортосунда кандай байланыш бар?

2. Тазалыкка ээ болуу үчүн, биз өзүбүздү чөйчөк сымал бошотуп, анан кайрадан толтурушубуз керек, Кудай жүрөгүбүздү сүйүү, жоомарттык жана мээримдүүлүк сыяктуу сапаттар менен нурландырышы үчүн, өзүбүздү жаман ойлордон жана сезимдерден арылтуубуз керек. Албетте, биз эч нерсени Аллахтын көзүнөн жашыруу мүмкүн эмес экенин билебиз. Бул түшүнүк тазалыкка болгон умтулуубузга кандай жардам бере алат?

Бул суроолорду тобуңуздун башка мүчөлөрү менен талкуулагандан кийин, кээ бир ойлоруңузду бул жерге жазыңыз.

____________________________________________________________

____________________________________________________________

____________________________________________________________

____________________________________________________________

____________________________________________________________

____________________________________________________________

____________________________________________________________

____________________________________________________________

____________________________________________________________

Курстун бул деңгээлинде, Абдул-Баханын өмүрүнө байланышы жок, бирок руханий сапаттардын маанисин чагылдырган бир нече аңгеме бар. Бул аңгемелерден балдар, ал сапаттарды көрсөтүү менен кандай алкыш алаарын жана тескерисинче ал сапаттарды көрсөтпөгөндүн кесепеттери кандай болоорун көрө алышат. Мисалы, 4-сабакта берилген көп элдердин маданияттарына тааныш “карышкыр”” деп кыйкырган чабан тууралуу аңгеме, калп айтуунун кесепеттерин көрсөтүп, чынчылдык сапат тууралуу түшүнүктү берет. Бул окуяларда чагылдырылган билдирүүлөрдөн балдар пайдалуу сабактарды алып жана алардын кулк-мүнөздөрүнүн калыптанышы үчүн абдан баалуу болмокчу.

## 22-БӨЛҮМ

Аңгеме айтуу – бул искусство. Аңгемени мыкты чеберчилик менен айтуу үчүн, аңгеменин өзүн жакшы билүү керек. Бул бөлүмдө, 1-сабакта берилген аңгемени мугалим окуучуларга кандай айтып бериши керектигин үйрөнүү үчүн аны кененирээк изилдейбиз.

Биз чөйчөктүн мисалында чагылдырылган руханий сапат жүрөктүн тазалыгы - баяндын негизги темасы экенин аныктадык. Анда өзүңүздөн сурай турган биринчи суроо, окуянын кайсы бөлүктөрү бул негизги темага түздөн-түз байланыштуу? Окуянын өзөгү болгон учурлардын бири - Абдул-Баханын акылман сөздөрү айымды маңдайында турган чөйчөк сымал, жүрөгүн жашоодогу жөнү жок тилектерден бошотууга болгон күчтүү каалоосу туурасында ойлонууга мажбур кылганы. Экинчи маанилүү бөлүк болуп, Абдул-Баханын кызматчысына чөйчөктөгү сууну төгүүгө көрсөтмө бергени жана чөйчөктү кайрадан толтурганы. Абдул-Баханын кызматчысынан айымдын чөйчөгүн бошотууну сураганын айтпай кетсек эмне болмок?

Окуянын маанилүү бөлүктөрүн аныктап алганыбыз менен, анын башка деталдарын да көз жаздымда калтырууга болбойт. Эгер сиз жөн гана Абдул-Баханын мейманы кечки тамак учурунда отуруп, жүрөгүмдү чөйчөктү бошоткондой тазалоого мүмкүн болсо эмне деп тилек кылганын айтып берген болсоңуз, бул окуя толук кандуу баян боло алат белет? Аңгеме баяндоодо дайыма майда элементтер болот, алар окуяга өзгөчө маанай жана жандуулук берип турат. Алар кайсылар?

- Мейманга бош чөйчөк туурасындагы ой Абдул-Баханын акылман ойлорун угуп жаткан учурда келди, бирок ал өз оюн эч кимге айткан жок.
- Конокко келгендер менен баарлашып жаткан Абдул-Баха, айымдын ичиндеги оюна жооп кайтаруу үчүн бир саамга тыным кылды.
- Эмне болуп жатканын эч ким байкаган жок.
- Мейман Абдул-Баха анын жүрөгүнүн тилегин түшүнгөндүгүн билип, абдан кубанат.

Бул жерде белгилей кетүүчү нерсе, ар бир мугалим 1–деңгээлдин аңгемелерин айтууда, ага кошумча деталдарды кошуп, аны мындан да көркөмдөп айтуудан алыс болуусу керек, мындай көркөмдөө менен балдардын көңүлү аңгеменин негизги максаты болгон руханий сапаттарга бурулбастан, таптакыр башка нукта кетип калышы мүмкүн.

Аңгеме айтып жатканыңызда, аңгеме айтып берүүнүн негизги максаты – бул балдарды маанилүү бир нерсеге үйрөтүү экендигин эсиңизден чыгарбооңуз керек. Аны сиз кубанычтуу маанайда жана эмоциялардын коштоосунда айтып берсеңиз, алар жакшы түшүнөт. Балдар зериктирген бирдей ыргак менен айтылган окуяга кызыгышпайт. Сиз үндүн, мимиканын жана жаңсоолордун жардамы менен бакыт, кайгы, капалануу, коркуу жана кайраттуулук сыяктуу сезимдерди билдирүүнү үйрөнүшүңүз керек. Үнүңүздүн ыргагы жана бийиктиги, аңгемедеги окуяларга жараша өзгөрүүсү тийиш, ал эми жаңсоолоруңуз өтө ашыкча колдонулбастан, аңгеменин ар бир бөлүгүнө төп келүүсү керек. Аңгеме айтууда, ритмге жана ылдамдыкка да көңүл бөлүңүз. Өтө эле шашпай сүйлөө менен сиз балдарды зериктирип жибересиз, ал эми бат-бат сүйлөсөңүз балдар аңгеменин өзөгүнөн артта калуусу мүмкүн. Эсиңизде болсун, сиз сахнада роль жаратып жаткан жериңиз жок, сезимдериңиз чыныгы сезимдер болушу кажет. Балдар чыныгы сезимдин жоктугун дароо эле байкап коюшат. Бул жердеги негизги максат - балдардын жүрөгү менен байланыш түзүү жана кылымдардан бери аңгеме-баяндарды айтуу менен адамзаттын көөнөрбөс акылмандык казынасын муундан муунга берүү салтын улантуу.

## 23-БӨЛҮМ

Эми аңгеме баяндоодон кийин бериле турчу эки көнүгүүнү карай турган болсок – бул оюн ойноо жана сүрөт боёо. Бул бөлүмдө биз оюндарга арналган убакытты кандай уюштуруу керектигин талкуулап, кийинки бөлүмдө сүрөт боёо ишмердүүлүгүнө токтолобуз.

Буга чейин белгиленгендей, 1-деңгээл үчүн тандалып алынган оюндардын көпчүлүгү биргелешип аткара турчу оюндар. Көпчүлүк адамдар оюндар кызыктуу болуш үчүн алар атаандаштык негизде ойнолушу керек деп эсептейт. Бирок, балдардын атаандашып ойноосу жагымсыз жүрүм-турумдардын же көндүмдөрдүн өрчүүсүнө алып келет жана балдардын ал жүрүм-турумдары оюн бүткөндөн кийин дагы бир топко сакталышы мүмкүн. Мындан сырткары, мыктылыкка атаандаштык менен гана жетүүгө болот деген түшүнүк дагы бар. Бул ой-пикирдин канчалык туура экендигин кылдаттык менен изилдеп чыгышыңыз керек. Биз кызматташтык менен мыктылыкка жете албайбызбы? Атаандаштык болгон жерде бирөө утат да, бирөө сөзсүз утулат; кызматташтыкта ар бири жетишкендик сезимин сезе алат.

1-деңгээлдеги оюндар балдардын уга билүү жана көрсөтмөлөрдү так аткаруу жөндөмдөрүн өрчүтүүгө багытталган. Алар ар бир оюн бардык класс үчүн жалпы максатка жетүүгө негизделгендигин жана өз аракеттерин багыттоо менен ар бири максатка жетүү үчүн өз ролун аткаруу керектигин көрүшөт. Мындан сырткары, алар бири-бирине кам көрүү деңгээлин жогорулатып, туруктуулукка үйрөнүп, аларды байланыштырып турган достук мамилелерин чыңдашат. Дагы бир эске ала турган нерсе, ийгиликке жетүү үчүн оюнду кынтыксыз түрдө ойноонун кереги жок. Мисалы, 1-сабакта сунушталган оюнду карап көрсөңүз болот. Алдыга коюлган максатка жетүүгө оюн кандайча өбөлгө түзүүдө?

> Кийинки көнүгүү үчүн унаанын желим дөңгөлөгүн жерге коюңуз да, балдардан бир эле мезгилде анын үстүндө канчоосу тура алаарын сураңыз. Дөңгөлөк жок болсо, сиз килемче же сүлгүнү же ушуга окшош башка нерсени деле колдонсоңуз болот. Кандай буюм тандабаңыз, ал жетиштүү деңгээлде кичине болушу абзел, ошондо гана класстагы балдардын тобу үчүн татаал жана кызыктуу болмокчу.

Мугалимдин оюнду кандай түшүндүрүп бергени, балдардын кандай ойнооруна түз таасир этет. Оюндун максаты так түшүндүрүлүшү керек. Балдарга оюндун шарттарын түшүндүрүүдө, мугалим көп учурда аны кандай ойноо керектигин өзү көрсөтүп берүүгө мажбур болот жана балдар менен чогуу ойноого туура келет.

## 24-БӨЛҮМ

Көркөм чеберчилик иш-аракеттер балдардын чыгармачылыгын жана психикалык жөндөмдөрүн өнүктүрүүдө маанилүү болуп саналат, андыктан аларга кичинекей кезинен тартып эркин сүрөт тартуу жана көркөм чеберчиликтин башка

жолдору аркылуу фантазиясын өрчүтүүгө мүмкүнчүлүк берүү керек. Адатта, дүйнөнүн көп жерлеринде, беш же алты жашка чейинки балдардын сүрөт тартууга мүмкүнчүлүгү аз болот, карандаштарды колдонуу мүмкүнчүлүгү андан да азыраак. 1-деңгээлдеги сабактарда камтылган сүрөттөрдү боёо - сабак учурундагы эң кызыктуу бөлүк болуп саналат жана алар кийинки деңгээлдерде бериле турган мындан да татаалыраак көркөм чеберчилик ишмердүүлүгүнө ишенимдүү өтө алышат. Ошондой эле, сүрөт боёо алардын шамдагайлыгын арттырып жана тартипке үйрөтүү каражаты болуп саналат. Сүрөт боёо балдардын төмөндөгү жөндөмдөрүн, көндүмдөрүн жана мамилелерин кандайча жакшыртат?

- Тартипти жана сулуулукту түшүнүү
- Деталдарга көңүл буруу
- Берилген тапшырмага көңүл буруу
- Ресурстарды башкалар менен бирге колдонуу
- Башкаларды урматтоо

Сүрөт боёого арналган бөлүк, белгилүү бир жөндөмдөрдү жана мамилелерди өрчүтүүдөн сырткары, мугалимге 1-деңгээлдеги сабактарда карала турчу сапаттарды окуучулар менен талкуулоого дагы бир мүмкүнчүлүк берет. Класска тартылган сүрөттөр тууралуу суроолорду берүү аркылуу, мугалимдер балдарга сүрөттө болуп жаткан нерселерди өз аң-сезиминдеги идеялар менен байланыштырууга жана ойлорун калыптандырууга мүмкүнчүлүк бере алышат. 1-сабак үчүн каралган сүрөттү карап чыгып, өз тобуңуз менен бирге ойлонуп көргүлө, ал сүрөттү балдарга кандайча тааныштырат элеңер?. Ойлоруңузду төмөндөгү бош саптарга жазыңыз:

________________________________________

________________________________________

________________________________________

________________________________________

________________________________________

Мугалим бул көнүгүүгө жакшы даярданышы абзел. Балдар боёгонду абдан жакшы көрүшөт, бирок, эгер мугалим класста ишти жакшы уюштура албаса, анда башаламандык орун алышы мүмкүн. Балдар үчүн сүрөттөрдү боёгонго атайы жер аныкталып, ар бир сабак үчүн сүрөттөрдүн көчүрмөлөрү алдын ала даярдалуусу абдан маанилүү. Негизи, алгачкы сабактарда, мугалим балдар үчүн карандаштарды колдонуу боюнча эрежелерди түзүп, аларды тартип жана кызматташтык менен колдонууга чакыра алат. Балдарга мугалим кармап турган кутучадан, бир карандашты тандап алууга уруксат берилет. Эгерде алар башка карандаш алууну кааласа, анда кармап турган карандашын берип туруп, анан башка түстөгү карандашты ала алат. Бир канча сабактан кийин, балдар мындай тартипке көнүп калган соң, карандаштарды ортого калтырып коюуга болот.

Эми төмөндө берилген мисалдарды карап чыгыңыз. Эки мисалдын кайсынысы бул көнүгүүнүн натыйжалуу болушуна шарт түзөт?

_____ Эгер окуучу жакшы боёгонго аракет кылып жатса, мугалим ага сүрөттүн сызыгынан чыгарып боёого уруксат берет.

_____ Бардык балдардан сызыктан чыгарбай боёо айныксыз талап кылынат

_____ Балдар боёп жаткан учурда, мугалим аларды аралай басып, аларга жардам берип кубаттап турат.

_____ Балдар боёп жаткан учурда, мугалим отуруп алып, өзүнүн башка иштери менен алек болот.

_____ Сүрөт боёо үчүн берилген убакытта, балдар колундагы тапшырмага гана көңүл бурушат.

_____ Сүрөт боёого берилген убакыт ичинде балдар бири-бирин алаксытышат.

_____ Сүрөт боёп жаткан мезгилде балдар сүйлөбөй отурушат.

_____ Сүрөт боёо учурунда, балдар шайыр маанайда бири-бири менен сүйлөшүп, бири-бирине дем беришет.

## 25-БӨЛҮМ

Көптөгөн мугалимдер атайы дептер ачып, сабакка катышкан балдар тууралуу негизги маалыматтарды дептерге жазып туруу пайдалуу деп эсептешет. Бул жагынан эки таблицаны колдонуу ыңгайлуу болмокчу, алардын бирине балдардын аты-жөнүн жана жаш курагын көргөзүп, сабакка катышуусун белгилеп, экинчисин цитаталарды жаттоодогу ийгиликтерин көзөмөлдөө үчүн колдонууга болот. Экинчи таблицанын сол жагына балдардын аты-жөнүн жазып, жогору жагына сап-сабы менен өтүлгөн сабактардын номерин жазууга болот. Ал эми туш-тушундагы бош чакмак көздөргө кайсы бала кайсы цитатаны жаттагандыгын көрсөтүүгө болот.

Дептерде сабактарга арналган бөлүмдөр да болушу мүмкүн, анда мугалимдер ар бир сабактын анализин, аны кантип өтүү боюнча өз ой-пикирлерин жана өтүлгөн сабактын жыйынтыктарын жаза алышат.

Башка бөлүмдөрдө, мугалим ар бир окуучунун жетишкендиктерин белгилеп жана алардын ата-энеси менен бөлүшүүгө боло турган бардык учурларды жаза алат. Кээ бир мугалимдер дептерге балдардын ата-энелери жана бир туугандары тууралуу маалыматты жана алар менен жолукканда талкууланган темаларды жазууну да туура көрүшөт.

## 26-БӨЛҮМ

Балдардын мугалими катары сиз ар бир окуучунун үй-бүлөсү менен болгон достук мамилелерди бекемдешиңиз керек, ал үчүн алардын уул-кыздарынын жетишкендиктерин талкуулоо үчүн жана алардын колдоосуна ээ болуу максатында ата-энелер менен үзгүлтүксүз жолугуп туруу зарыл. 2-китепти окуп бүткөн соң, балким сиз

өз жамаатыңызда сабакка барып жүргөн кээ бир балдардын үй-бүлөлөрү менен барып жолуккан болушуңуз ыктымал. Буларды эске салуу үчүн, ошол китептин үчүнчү бөлүгүндөгү 15-бөлүмгө кайрылуу туура болмокчу. Бул бөлүмдө биз балдар класстарынын мугалими Марибелдин Эмманын апасына экинчи жолу барганда эмнелерди сүйлөшөөрү тууралуу ойлорун ирети менен жазганын көрөбүз. Ал Эмма сабакка келгенде, бул анын жүрөгүнө кубаныч тартуулаарын белгилеп, кызынын жакшы сапаттарын айтуудан баштоону чечет. Мугалимдин жамааттагы балдарга чоң кубаныч жана ышкыбоздук менен кызмат кылганын көрүү ата-энелер үчүн канчалык маанилүү? Ата-энелердин жүрөгүн өзүнө тарта турган жана алар менен ишеним байланыштарын түзүүгө өбөлгө боло турган дагы кандай сапаттар бар?

______________________________________________________________
______________________________________________________________
______________________________________________________________
______________________________________________________________
______________________________________________________________

Мугалимдин ою боюнча балдарда өнүгүп келе жаткан руханий сапаттарга ата-энелеринин көңүлүн буруу мугалим үчүн эмнеге маанилүү?

______________________________________________________________
______________________________________________________________
______________________________________________________________
______________________________________________________________
______________________________________________________________
______________________________________________________________

Марибел ошондой эле, ушул бөлүктүн 3-бөлүмүндө сиз окуган цитатаны Эмманын апасы менен бөлүшүүнү жана анын балдардын билимине тийгизген таасирин изилдөөнү чечет. Ата-энелер менен болгон баарлашууларыңызда, сиз балдар класстарынын программасынын негизин түзгөн билим берүү идеяларын түшүндүрүп берүүгө мүмкүнчүлүк аласыз. Төмөндө сиз бул бөлүктө караган кээ бир түшүнүктөр берилди. Балдарга руханий тарбия берүү контекстинде, ата-энелерге алардын ар бири жөнүндө эмне айтып бересиңер? Жазмалардан алынган тигил же бул түшүнүккө байланыштуу болгон үзүндүлөр барбы, аларды ата-энелер менен болгон мактешүүлөрүңүздө бөлүшө аласызбы?

Мактоого татыктуу мүнөздү өрчүтүү: _________________________________
______________________________________________________________
______________________________________________________________
______________________________________________________________
______________________________________________________________

Руханий сапаттарга ээ болуу: ________________________________________

______________________________________________________________

______________________________________________________________

______________________________________________________________

______________________________________________________________

Дубалардын балдардын жүрөгүнө тийгизген таасири: ________________

______________________________________________________________

______________________________________________________________

______________________________________________________________

______________________________________________________________

Кудай Сөзүн жаттоонун маанилүүлүгү:______________________________

______________________________________________________________

______________________________________________________________

______________________________________________________________

______________________________________________________________

Абдул-Баханын жашоосунан алынган баяндардын балдарга тийгизген тарбиялык таасири: ______________________________________________

______________________________________________________________

______________________________________________________________

______________________________________________________________

______________________________________________________________

Кудайга болгон сүйүү жана Кудайдан коркуу: _______________________

______________________________________________________________

______________________________________________________________

______________________________________________________________

______________________________________________________________

Тартип жана эркиндик: ___________________________________________

______________________________________________________________

______________________________________________________________

______________________________________________________________

______________________________________________________________

Марибел идеяларын бөлүшүп жаткан мезгилде, бир саамга тыныгып, Эмманын апасынан өз оюу менен бөлүшө кетүүсүн суранат. Убакыттын өтүшү менен мугалимдер менен балдардын ата-энелеринин ортосунда мындан да тереңирээк маектешүүлөр болуп, өз-ара мамилелер өрчүйт деп күтүлөт. Ата-энелер менен болгон биринчи

жолугушуулардан тартып каралып жаткан темалар боюнча алардын пикирлерин, ойлорун жана идеяларын билүү мугалим үчүн эмнеге маанилүү?

Ата-энелер менен руханий сапаттар тууралуу жалпы түшүнүктөрдү талкуулоодон сырткары, жыл ичинде жаралган мүмкүнчүлүктөрдөн пайдаланып, өтүлүп жаткан сабактардын жардамы менен алардын уул-кыздарында өрчүтүүгө аракет көрүлүп жаткан белгилүү бир сапаттар тууралуу да сүйлөшүңүз. 1-сабакта айтылган жүрөктүн тазалыгы жөнүндө алган ой-түшүнүктөрүңүздү эске алып, тобуңуздун мүчөлөрү менен бул тууралуу кантип маек курууга болоорун изилдеңиз.

____________________________________________________________

____________________________________________________________

____________________________________________________________

____________________________________________________________

____________________________________________________________

Эмма үчүн катышып жаткан сабактары пайдалуу болуусу үчүн, Марибел менен Эмманын апасынын ортосунда өз ара түшүнүшүү жана колдоо болушу керек экенин Марибел түшүнөт. Класста өтүлгөн дубалар менен цитаталарды, мисалы ата-энелердин жардамы менен үйдө кайталоого болот. Мындай жол менен балдар Кудайдын Сөзүн жакшыраак өздөштүрө алышат, ал жүрөктөрүнө жана жан дүйнөсүнө сиңип, мүнөздөрүн калыптайт. Ата-энелер мугалимдердин аракеттерин кандай жолдор менен кубаттап жана колдой алаарын тобуңуздун мүчөлөрү менен талкуулаңыз.

____________________________________________________________

____________________________________________________________

____________________________________________________________

____________________________________________________________

____________________________________________________________

Балдардын жүрөгү менен акыл-эсине тийиштүү биз күткөн сапаттарды талаптагыдай билим аркылуу гана узак убакыттын ичинде өнүктүрүүгө болот. Ушул тапта бир нерсе анык, ата-энелер менен болгон үзгүлтүксүз жолугушууларда кичинекей болсо да, алардын балдары жараткан ийгиликтерди белгилөө керек. Сиздин ата-энелер менен болгон баарлашууңуз чыңдалган сайын, сиз ата-энелер менен чогуу бул жетишкендиктерди бекемдөө жолдорун изилдей аласыз. Мындай позитивдүү нуктагы баарлашуу орнотулгандан кийин, мугалим балдарда байкалып жаткан кыйынчылыктар тууралуу алардын ата-энелери менен өтө этияттык менен бөлүшө алат. Мунун максаты балада байкалган кыйынчылыктарды жеңүүгө жардам бере турган, кызматташтыкка негизделген каражаттарды табуу. Ата-энелер менен мындай конструктивдүү байланышты түзүүнүн маанилүүлүгүн тобуңуз менен талкуулаңыз.

____________________________________________________________

____________________________________________________________

____________________________________________________________

## 27-БӨЛҮМ

Буга чейин белгиленгендей, бул курска катышып жаткандардын бардыгы эле балдар класстарын уюштурууну каалашпайт. Айрымдар белгилүү бир убакыт ичинде гана, кызмат өтөөнүн башка түрүнө өткөнчө балдарга сабак бериши мүмкүн. Кээ бирлер болсо балдарды Кудайдын сүйүүсүндө тарбиялаган сабактарды узак убакыт бою өтүп, өздөрүн бул иш-аракетке толук арнашат. Бирок, ар бир катышуучунун аркалай турган жолунун ар түрдүүлүгүнө карабастан, алардын баарында коңшуларына барганда, жолугушууларга жана чогулуштарга катышып жатканда, же болбосо ага-эже же ата-эне катары жамааттын жаш мүчөлөрү менен баарлашуу мүмкүнчүлүгү болот. Бул бөлүмдө изилденген түшүнүктөр жана идеялар, кандай гана жагдай болбосун, катышуучуларга Бүткүл Дүйнөлүк Адилеттик Үйү айткандай, өз жамаатынын "эң баалуу байлыгына" кам көрүү жоопкерчилиги туурасында түшүнүк берет. Баарыбыз, адамзаттын жаркын келечегине үмүт менен карап, төмөнкү үзүндүлөрдөн дем-күч жана кубат алалы:

> **"Биз бардык адамдарга Кудай Сөзүн Анын пенделеринин арасында көкөлөтүүнү, жана ошондой эле дүйнөнү өнүктүрүүнү жана рухтарды жогору көкөлөтүүнү өкүм кылабыз. Бул үчүн эң мыкты каражат – балага билим берүү."**[38]

> **"Балдарга билим берүү жана тарбиялоо адамзаттын эң сооптуу иштеринин бири, ал Баарынан Жогорунун мээримин жана жакшылыгын тартат, анткени билим - бардык адамдык мыктылыктын пайдубалын түзүп, адамга түбөлүк даңктын бийиктигине жетүүгө жол ачат. Эгерде бала ымыркай кезинен эле тарбия алса, анда ал Ыйык Багбандын мээримдүү камкордугу аркылуу булак түбүндө өскөн жаш дарак сымал рухтун жана билимдин мөлтүр сууларына каныгат. Арийне, ал өзүнө Акыйкат Күнүнүн жаркыраган нурларын өзүнө тартып, анын жарыгы жана жылуулугу аркылуу өмүр бакчасында бар көркөмү ачылып, бүрдөп өсөт.**

> **Эгерде бул маанилүү иш-аракет үчүн зор күч жумшалса, анда адамзат дүйнөсү башка жасалгалар менен көркко бөлөнүп, керемет жарык нурун чачат. Ошондо бул караңгы өрөөн нурданып, бул жердеги мекен-жай Асман бейишине айланат."** [39]

# БИБЛИОГРАФИЯ


1. From a message dated 21 April 2000, published in Messages from the Universal House of Justice, 1986–2001: The Fourth Epoch of the Formative Age (Wilmette: Bahá'í Publishing Trust, 2010), no. 331.26, p. 727.

2. Bahá'u'lláh, in "A Compilation on Bahá'í Education", compiled by the Research Department of the Universal House of Justice, published in The Compilation of Compilations (Maryborough: Bahá'í Publications Australia, 1991), vol. 1, no. 576, p. 251.

3. Selections from the Writings of 'Abdu'l-Bahá (Wilmette: Bahá'í Publishing, 2010, 2015 printing), no. 106.1, p. 187.

4. 'Abdu'l-Bahá, in "A Compilation on Bahá'í Education", published in The Compilation of Compilations, vol. 1, no. 614, pp. 273–74.

5. Gleanings from the Writings of Bahá'u'lláh (Wilmette: Bahá'í Publishing Trust, 1983, 2017 printing), CXXII, par. 1, p. 294.

6. Selections from the Writings of 'Abdu'l-Bahá, no. 108.1, p. 188.

7. Ibid., no. 110.2, p. 190.

8. Ibid., no. 100.2, p. 179.

9. Ibid., no. 99.1, pp. 178–79.

10. Ibid., no. 103.5, p. 183.

11. Ibid., no. 122.1, pp. 198–99.

12. Words of 'Abdu'l-Bahá, cited in Star of the West, vol. 8, no. 4 (17 May 1917), p. 41.

13. Gleanings from the Writings of Bahá'u'lláh, CXXXVI, par. 2, p. 334; also in Bahá'i Prayers: A Selection of Prayers Revealed by Bahá'u'lláh, the Báb, and 'Abdu'l-Bahá (Wilmette: Bahá'í Publishing Trust, 2002, 2017 printing), p. iii.

14. From a talk given on 5 August 1912, published in The Promulgation of Universal Peace: Talks Delivered by 'Abdu'l-Bahá during His Visit to the United States and Canada in 1912 (Wilmette: Bahá'í Publishing, 2012), par. 6, p. 345.

15. 'Abdu'l-Bahá, in Prayer and Devotional Life: A Compilation of Extracts from the Writings of Bahá'u'lláh, the Báb, and 'Abdu'l-Bahá and the Letters of Shoghi Effendi and the Universal House of Justice, compiled by the Research Department of the Universal House of Justice (Wilmette: Bahá'í Publishing, 2019), no. 24, p. 7.

16. Gleanings from the Writings of Bahá'u'lláh, XLIII, par. 9, p. 109.

17. From a talk given by 'Abdu'l-Bahá on 24 April 1912, published in The Promulgation of Universal Peace, par. 1, p. 71.

18. Bahá’u’lláh, The Hidden Words (Wilmette: Bahá’í Publishing Trust, 2003, 2012 printing), Arabic no. 3, p. 4.

19. Ibid., Arabic no. 12, p. 6.

20. Ibid., Arabic no. 11, p. 6.

21. Gleanings from the Writings of Bahá’u’lláh, CXXVIII, par. 6, p. 313.

22. The Call of the Divine Beloved: Selected Mystical Works of Bahá’u’lláh (Haifa: Bahá’í World Centre, 2018), no. 2.43, p. 31.

23. The Hidden Words, Arabic no. 59, p. 17.

24. From a talk given by ‘Abdu’l-Bahá on 26 May 1912, published in The Promulgation of Universal Peace, par. 1, p. 204.

25. Selections from the Writings of ‘Abdu’l-Bahá, no. 129.2, p. 204.

26. Gleanings from the Writings of Bahá’u’lláh, CLV, par. 4, pp. 376–77.

27. Ibid., CLIII, par. 5, p. 369.

28. The Hidden Words, Arabic no. 9, p. 5.

29. From a talk given by ‘Abdu’l-Bahá on 24 April 1912, published in The Promulgation of Universal Peace, par. 4, p. 73.

30. Bahá’u’lláh, Epistle to the Son of the Wolf (Wilmette: Bahá’í Publishing Trust, 1988, 2016 printing), p. 27.

31. Tablets of Bahá’u’lláh Revealed after the Kitáb-i-Aqdas (Wilmette: Bahá’í Publishing Trust, 1988, 2005 printing), no. 8.53, p. 126.

32. ‘Abdu’l-Bahá, The Secret of Divine Civilization (Wilmette: Bahá’í Publishing, 2007, 2016 printing), par. 74, p. 53.

33. Selections from the Writings of ‘Abdu’l-Bahá, no. 111.1, p. 191.

34. Ibid., no. 95.2, pp. 176–77.

35. Ibid., no. 111.4, pp. 191–92.

36. Ibid., no. 124.1, p. 200.

37. ‘Abdu’l-Bahá, in Bahá’i Prayers, p. 29.

38. From a Tablet revealed by Bahá’u’lláh, in Social Action: A Compilation Prepared by the Research Department of the Universal House of Justice (Wilmette: Bahá’í Publishing Trust, 2020), no. 178, p. 107.

39. Selections from the Writings of ‘Abdu’l-Bahá, no. 103.1–3, p. 182.



# Балдар класстары үчүн сабактар 1 - Денгээл

## Максаты

5 же 6 жаштагы балдар үчүн алардын мүнөздөрүн жакшыртууга багытталган сабактарды өтүү жөндөмүн өнүктүрүү. Сабактар дубаларды, цитаталарды, ырларды, аңгеме-баяндарды окуу жана жаттоо, оюн ойноо жана сүрөт боёону камтыйт.

# 1-БӨЛҮМ

Буга чейинки бөлүктө силер биринчи деңгээлди окутуудагы көрүлгөн күч-аракеттердин табияты жөнүндө ой жүгүртүп, сабакты түзгөн ар кандай элементтерди карап чыктыңар. Ал эми бул экинчи бөлүк, сиз билгендей, руханий сапаттарды өнүктүрүүнүн тегерегинде түзүлгөн жыйырма төрт сабактан турат. Баштапкы бөлүмдөрдө сиз сабактардын мазмуну менен таанышуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болуп, аларды өткөрүүгө машыгасыз. Биз ар жолу төрт сабактан алып, алардын ар биринде берилген руханий сапаттар тууралуу ой жүгүртөбүз. Ар бир төрт сабактын кийинки топтомуна өтүүдөн мурун, сабактарды башка катышуучуларга толугу менен өтүп, бардык көнүгүүлөрдү ыраатты менен аткаруу сунушталат.

# 2-БӨЛҮМ

1-деңгээлдин ар бир сабагы мугалим тарабынан сабакты ачуу дубасы менен башталышы керек. Жардам катары сизге ар бир төрт сабак сайын бир жаңы дуба сунушталат, бардыгы болуп алты дуба. Эгерде сиз бул дубаларды жаттай алсаңыз, бул балдардын жаттоо аракеттерин абдан шыктандырат. 1 жана 4 -сабактар үчүн төмөнкү дуба сунушталат:

> **"О, Кудай! Ушул балдарга өзүң тарбия бер. Бул балдар - Сенин бакчаңдын өсүмдүктөрү, шалбааңдын гүлдөрү, гүлзарыңдын раушандары. Өз жамгырыңды аларга төк; Акыйкат Күндүн Нурлары аларды Сенин сүйүүң менен жаркыратсын. Аларды Өзүңдүн желаргың менен сергит, алар өссүн, илимдүү болсун, өнүксүн, ажары төгүлгөн керемет жандардан болсун. Сен Сыйкорсуң, Сен Кайрымдуусуң.."[1]**

Жогоруда берилген дуба окулган соң, сиз балдардан алар жатка билген дубаларын айтууга чакырасыз. Балдардын баары эле сабактын бул бөлүгүнө башынан баштап эле дароо тартыла коюшпайт. Бирок бара-бара бул деңгээлдеги дубаларды жаттаган сайын, балдардын көбү бул ишмердүүлүккө тартыла башташат. Мурунку бөлүмдү изилдөө учурунда сиз төмөндө келтирилген дуба менен таанышкансыз, ал эми балдар алгачкы бир нече сабактарда өз аракеттерин дал ушул дубага жумшашат.

> **"Ал - Кудай! О, Кудай, менин Кудайым! Мага бермет сымал таза жүрөк тартуула".[2]**

Ачуучу дуба үчүн бөлүнгөн сабактын бөлүгү эң маанилүү; бул Кудайга берилгендик жана окуп-үйрөнүүгө өбөлгө боло турган атмосфераны түзөт. Абдул-Баха балдар чогулуп жана дуба окууга үйрөнүп жатканда, бул алардын жүрөгүнө "кубаныч тартуулаарын" айтат. Кудай менен баарлашуу "эң жогорку интеллектуалдык деңгээлде сезимталдыкты пайда кылат".

Балдарга Кудай алдында терең сый-урмат сезимин өрчүтүүгө жана дуба окуу учурунда тиешелүү түрдө өзүн алып жүрүүгө үйрөтүү керек. Балдар өздөрү дуба окуп жатабы же башка бала окуган дубаны угуп жаткан болобу, жүрөгүн жана акыл-эсин толугу менен Ыйык Сөзгө бурууга аларга жардам керек болушу мүмкүн. Мугалим балдардан кантип сый-урмат көрсөтүүгө болоорун сураса болот - мисалы, кантип отуруу

керек, башкаларды алаксытпоо үчүн колун кандай кармоо керек, эгерде алар улам эки жакта карай бергенин токтото албаса, эмне кылуу керектигин суроого болот. Мугалим ошондой эле, алардан дуба окууга кантип даярданышаарын көрсөтүп берүүнү сураса болот. Ызы-чуу түшүп, жандуу атмосфера учурунда ар бир бала бирден дуба окуганга караганда, руханий атмосферада үч же төрт гана баланын дуба окуганы жакшы экенин эсиңизге алышыңыз керек. Андыктан, ар бир сабактын башталышында дуба окуй турган балдарды алдын ала тандап алганыңыз дурус болмокчу. Ар бир балага, үч же төрт сабактан кийин, бир дубаны жатка айтып берүүсүнө мүмкүнчүлүк берилиши керек.

Жыл бою сиз окуучуларыңызга маал-маалы менен дубанын табияты жөнүндө жана эмне үчүн сыйынып жатканыбыз тууралуу айтып турганыңыз маанилүү. Биринчи окуу жумаларында алар менен эмне жөнүндө сүйлөшөөрүңүздү төмөндөгү бош саптарга сүрөттөп жазыңыз.

________________________________________

________________________________________

________________________________________

________________________________________

________________________________________

________________________________________

________________________________________

________________________________________

________________________________________

________________________________________

________________________________________

## 3-БӨЛҮМ

Эми биринчи төрт сабакты тобуңуздун башка мүчөлөрү менен бирдикте кылдат окуп чыгыңыз. Сиз киришүүдө берилген ой-пикирлер менен окуучулар жаттай турган цитаталарга өзгөчө көңүл бурушуңуз керек. Сиз билгендей, биринчи сабак тазалык темасына арналган. Кийинки үч сабакта карала турган негизги рухий сапаттарды жазыңыз.

1-сабак: Тазалык

2-сабак: ____________________

3-сабак: ____________________

4-сабак: ____________________

Бул сабактарды өтүүгө даярдык көрүүдө, сиз биринчи бөлүктө жүрөктүн тазалыгы тууралуу ой жүгүрткөн сымал эле, ар бир сапат тууралуу ой жүгүртүүгө бир аз

убакыт бөлүшүңүз керек. Төмөндө башка үч сапатка байланыштуу Жазмалардан алынган бир нече цитаталар келтирилген. Окуучуларыңыз жаттай турган цитатаны эске алуу менен, ар бир топтомду өз тобуңуз менен бир нече жолу окуп, үзүндүлөр үстүндө чогуу ой жүгүртүү сунушталат. Андан кийин, ал сапаттын жалпы эле адамдын жашоосундагы маанилүүлүгү туурасында жалпы ой-пикирлериңизди жана мугалим катары жумшаган сиздин аракеттериңизге тийгизген таасири тууралуу жазыңыз. Эсиңизде болсун, бул цитаталар сиздин класстагы балдар үчүн берилген жери жок, алар сиздин жеке ой жүгүртүүңүз үчүн берилүүдө.

**"Адамзат үчүн адилеттик жарык сыяктуу. Аны басмырлоонун жана зомбулуктун каршы соккон шамалдары менен өчүрүп албагыла. Адилеттүүлүктүн максаты - адамдар арасында биримдикти орнотуу."**[3]

**"Эч бир нурдун жарыгы адилеттиктин жаркыраган нуруна тең келбейт. Дүйнө тартиби жана адамзаттын бейпилдиги андан көз каранды."**[4]

**"Дүйнөнү теске салган - бул адилеттик, ал эки тирек менен кармалып турат - сыйлык жана жаза. Бул эки тирек - дүйнө жашоосунун булагы."**[5]

**"О, Рух Баласы! Адилеттик – Мен үчүн бар жаратылгандардын ичинен эң сүйүктүүсү; эгер Мени кааласаң, андан баш тартпа, эгер Менин ишенимиме ээ болгуң келсе, ага кайдыгер караба. Анын жардамы аркылуу башкалардын көзү менен эмес, өз көзүң менен көрө аласың, жакындарыңдын акыл-эси менен эмес, өз акыл-эсиң менен тааный аласың. Кандай болууң керектиги жөнүндө жүрөгүң менен ойлон. Акыйкатта, адилеттик - менин сага болгон белегим жана Менин сүйүү-мээримимдин белгиси. Бул дайым көз алдыңда болсун."**[6]

____________________________________________________________
____________________________________________________________
____________________________________________________________
____________________________________________________________
____________________________________________________________

Сүйүү сапаты тууралуу Жазмалар бизге буларды айтат:

**"Сүйүүнүн маңызы - адамдын жүрөгүн Жалгыз Сүйүктүүсүнө буруу, Андан башка баарынан баш тартуу жана Алла Тааланын тилегинен башка эч нерсени каалабагандык."**[7]

**"Бүгүнкү күндө, Кудай Ишине кызмат өтөө – бул Анын досторунун арасында сүйүүнү жана достукту орнотуу."**[8]

**"Кудайдын Элчилеринин келишинин максаты дайыма адамзат дүйнөсүндө достукту жана сүйүүнү орнотуу болуп келген."**[9]

**"Муну чындап билип ал, Сүйүү - бул Кудайдын ыйык Падышалыгынын сыры, Бардыгынан Ырайымдуунун чагылуусу, рухий булактардын**

**башаты. Сүйүү - асмандын мээримдүү нуру, адамдын жанын жандандырган Ыйык Рухтун түбөлүк деми.”**[10]

Ал эми чынчылдык тууралуу бизге мындай кеңеш берилет:

**“Айт: “Чынчылдык менен сыпайылык силерди коoздгон жасалгаңар болсун.”**[11]

**“Чынчылдык болбосо, Кудайдын бардык дүйнөлөрүндө, эч бир жан үчүн өнүгүү жана ийгилик мүмкүн эмес.”**[12]

**“Чынчылдык - сапаттардын эң мыктысы, анткени ал өзүнө башка изгиликтерди да камтыйт. Чынчыл адам бардык бузуку иштерден корголот, жамандыктан оолак болуп, ар бир адепсиз жосундардан сакталат, анткени бардык жаман жорук-жосундар чынчылдыкка карама-каршы келет, ал эми чынчыл адам андай иштерге жекирүү менен карайт.”**[13]

Азыр болсо бул сабактардын жүрүшүндө балдар жатка үйрөнө турган цитаталардан тышкары, ар бир топтомдон жок дегенде бир үзүндүнү жаттап алуу сунушталат.

## 4-БӨЛҮМ

Жогорудагы ой толгоолорду эске алып, алгачкы төрт сабакта окуучуларга айтып бере турган аңгеме-баяндарды кайра окуп чыгыңыз. Төртөөнүн ичинен үчөө адамдык мыктылыкты туюнткан - Абдул-Баханын жашоосунан алынган. Сиз окутуп жаткан 1-деңгээлдеги балдардын кээ бири Абдул-Баханын ким экендигин билбеши мүмкүн, андыктан сиз Аны кыскача тааныштырып өтүшүңүз керек. 2-китептин үчүнчү бөлүгүндө үйрөнгөндөрүңүз Анын ээлеген өзгөчө абалы тууралуу сиздин түшүнүгүңүздү тереңдетти, ал эми курстарды ырааты менен изилдеген сайын, адамзатка берген Абдул-Бахадай баалуу белеги үчүн сиздин Кудайга болгон ыраазычылык сезимиңиз өсөт. Биринчи деңгээлдеги 1-сабакты өтүүдө сиз Ал жөнүндө эмне айтып бересиз?

Биринчи бөлүктөн окуп билгениңиздей, балдарга аңгеме айтып берүүдө, руханий реалдуулукка көз чаптырууга жардам берүү максатында, аларды окуялардын алкагынан тышкары да чыгарууну каалашыңыз мүмкүн экенин билесиз. Буга ылайык, 1-сабакта Абдул-Баханын меймандары тууралуу аңгеме окуучуларыңызга тазалык сапатынын маанилүүлүгүн түшүнүүгө жана ага умтулууга кандайча жардам бере алаары тууралуу ой жүгүрткөнсүңөр. Келиңиздер, кийинки үч сабактагы аңгемелерди да дал ушундай жол менен карап көрөлү.

Сиз көргөндөй, 2-сабакта сиз сабактын негизги темасы болгон, Абдул-Баханын адилеттүүлүккө болгон көз карашын чагылдырган аңгемени айтып бересиз. Абдул-Баханын бир күнү Аккадан Хайфага бара жаткандагы окуясы сүрөттөлөт. Балдар аңгеменин жүрүшүнөн калбай окуяны ээрчип угушу үчүн, алар өздөштүрүүгө тийиш болгон бир нече деталдар бар - мисалы, эл ташуучу жалпы унаадагы орундук менен жеке унаадагы орундун айырмасы. Бул баларга Абдул-Баха муктаж болгондорго руханий жана материалдык көмөк көсөтүү үчүн, өзүнүн ыңгайлуулуктарынан баш тартууга даяр экенин көрүүгө жардам берет. Өзү үчүн өтө зарылдыгы жок нерселерге ашыкча акча коротпой, муктаждарга жардам берүүнү биринчи орунга коюп жашаган Абдул-Баханын жашоо образы, адилеттүүлүк руханий сапатын чагылдыра турганын окуучуларыңар түшүнүшү үчүн кандай аракеттерди көрөсүңөр? Аңгемени айтуудан мурун кайсы деталдарды өзүңүз үчүн тактап алуу туура болот?

Сүйүү 3-сабактын темасы, ага байланыштуу сиз балдарга Аккадагы Абдул-Баханы таптакыр сыйлабай, бирок ошол эле учурда көп жылдар бою Анын мээримдүү боорукерлигине күбө болуп келген адам жөнүндө аңгемени айтып бересиз. Албетте, жүрөгүбүздө бизге боорукердик менен мамиле кылгандарга карата сүйүү сезимин ойготуу оңой. Бирок Абдул-Баханын сүйүүсү эч кандай чек жана шарт дегенди билген эмес. Аңгемени айтып жатканда, Абдул-Баханын сүйүүсүнүн бул өзгөчөлүгүн балдарга жеткиликтүү кылуу үчүн эмне кыласыз? Наадандыктан улам туура эмес иш кылган адамдын жүрөгүн өзгөртүүдөгү сүйүүнүн күчүн түшүнүүгө аларга кантип жардам бере

аласыз? Кайсы деталдарга көңүл бурулбай калса, балдардын аңгемени түшүнүүсү кыйындап, туура түшүнүк алуусу оорлойт?

Чынчылдык сапатына багытталган 4-сабак көпчүлүккө белгилүү болгон - “карышкыр” деп кыйкырган койчунун аңгемесин баяндайт. Окуя жаш чабандын калп айтканынын кесепетин көрсөтөт, аны балдар дароо эле түшүнө алышат. Бирок сиз аңгемедеги түшүнүктү мындан ары да өрчүтүп, балдар чынчыл болуунун артыкчылыгын көрүүсүн күтөсүз. Бул жерде чынчылдык үчүн ээ боло турган сыйлык эмне жана балдар аны аңгеменин жүрүшүндө байкашы үчүн кантип көмөк кыласыз?

## 5-БӨЛҮМ

Бул бөлүмдөрдө сиз 1-деңгээлдин алгачкы төрт сабагында айтылган руханий сапаттар жөнүндө ой жүгүртүп, алардын мааниси боюнча өзүңүздүн түшүнүгүңүздү тереңдеттиңиз. Бул деңгээлде сиздин окуучуларыңыз мындан ары да өрчүтөт деп үмүттөнгөн сапаттардын табияты аңгемелерде кандайча чагылдырылганын да көрө алдыңыз.

Кийинки төрт сабакка өтүүдөн мурун, башка катышуучулар менен бирге бул төрт сабакты өтүүгө даярдык көрүү үчүн белгилүү бир убакыт бөлгүлө. Мурунку бөлүмдө талкууланган ыкмаларга таянып, баарыңар кезектешип алгач жаттоо үчүн берилген дубаны сунуштап, сабактын темасы болгон руханий сапат менен тааныштырып, цитатаны жаттатууга аракет кыласыңар. Бири-бириңерге аңгеме-баянды айтып беришиңер керек, оюндарды ойноп, ырларды ырдап, бул сабактарды ишенимдүү өтө алгыдай деңгээлге жеткенче машыккыла. Боёо үчүн бериле турган сүрөттөрдү кантип тааныштыраарыңарды элестетип көргүлө. Бул көнүгүүнү аткарууну баштоодон мурда, балким биринчи бөлүмдүн 17-24чү бөлүктөрүн кайра карап чыгуу пайдалуу болушу мүмкүн.  Сунуш кылынгандай, ар кандай элементтерди иш жүзүндө колдонуп көргөн соң, сиздин топтун ар бир мүчөсүнө бир же бир нече сабак өтүп көрүүнү сунуштоого болот, ал эми калгандары окуучу катары катыша алат. Ал тургай, эгерде шарт болсо, үч же төрт баланы чогултуп, алар менен сабак өтүүгө болот.

Көнүгүүлөрдү жогорудагыдай иш жүзүндө аткарып көрүүдө, балким ар бир сабак боюнча ойлоруңузду жазып, аны кантип өтүү керектиги жөнүндө пикирлериңизди белгилеп алууну туура көрөсүз. Кээ бир оюндар үчүн керектеле турган буюмдарды сабакка чейин даярдоо керек болушу мүмкүн. Көптөгөн мугалимдер биринчи бөлүктө сүрөттөлгөн дептердин бир бөлүгүн ушундай даярдыктарга арнашат.

Бул китепти жана дептерди өзүңүз менен чогуу алып жүрөөрүңүз айкын, бирок сиз аларды жөн гана окуп берүү үчүн колдонбойсуз. Сабактын мазмунун оңой жана эргүү менен берсеңиз, окуучуларыңыз көнүгүүлөрдү ышкыбоздук менен аткара алышат. Бул үчүн практика жана даярдык абдан маанилүү.

## 6-БӨЛҮМ

5-8чи сабактар үчүн ар бир сабакты ачып жатканда төмөндөгү дубаны жатка айтуу сунушталат:

> **“О, изги Теңир! Бул аруу балдар - Сенин кубаттуулугуңдун манжаларынан жаралгандар жана Сенин Улуулугуңдун ажайып жышаандары. О, Кудай! Ушул балдарды сакта, ырайымдуулугуң менен аларды өз билимиңе сугар жана адамзатка кызмат кылышына көмөкчү бол. О, Кудай! Бул урпактар нак берметтин маңызы, ылайым, алар Сенин назик камкордугуңдун асыл казынасында бапестеп багылсын.**
>
> **Сен Жоомартсың, бардыгын Сүйүүчүсүң.”**[14]

Окутуу боюнча күч-аракеттериңизге байланыштуу өңүттөн туруп, бул сөздөр тууралуу ой жүгүртүү мүмкүнчүлүгүнөн пайдалансаңыз болот. Алар сиздин ар бир сабакка болгон мамилеңизге кандай таасир этет? Балдардын назик жүрөгүндө Кудайга болгон сүйүүнү алар кантип бекемдейт?

____________________________________________________________

____________________________________________________________

____________________________________________________________

____________________________________________________________

____________________________________________________________

Бул сабактардын жүрүшүндө, сиз окуучуларыңызга төмөндөгү дубаны жаттоого жардам бересиз. Сиз билгендей, окуучулардын анын мааниси жөнүндө бир аз түшүнүгү бар болсо, аны жаттоо аларга оңой болот. Бул боюнча өз ой-пикириңизди төмөндөгү бош саптарга жаза аласыз. Сиздин оюңузча кайсы сөздөр алар үчүн жаңы же тааныш эмес сөздөр болушу мүмкүн жана аларды балдарга оңой жеткирүү үчүн кандай мисалдар аркылуу түшүндүрүүгө болот? Мындай сөздөрдөн тышкары, аларга чырак да, жылдыз да жарык берерин, жарык болбосо караңгы болуп, биз көрө албай жана адашып калаарыбызды түшүнүүгө жардам беришиңиз керек. Ошондуктан биз дуба окуп жатканда Кудайдан рухий жарык менен бизди жарыктандыр деп сурайбыз жана Анын каалаганын жасай ала турган Кудурети жана Күчүнө күбө экенибизди тастыктайбыз.

**"О, Кудай, мени башкар, мени сакта, мени жанып турган чырак, жаркыраган жылдыз кыл. Сен Кудуреттүү жана Күчтүүсүң."**[15]

____________________________________________________________

## 7-БӨЛҮМ

Эми 5-8-сабактарды бир-бирден окуп чыгып, окуучулар менен бөлүшө турган алгачкы кириш сөзгө жана алар жаттай турган цитаталарга өзгөчө көңүл буруңуз. Бул жерге ар бир сабакта талкуулана турган руханий сапатты жазыңыз:

5-сабак: ________________________________________

6-сабак: ________________________________________

7-сабак: ________________________________________

8-сабак: ________________________________________

Төмөндө ушул төрт сапатты түшүндүрө турган, Жазмадан алынган бир нече цитаталар берилди. Ар бир топтом тууралуу мурункудай эле ой жүгүртүп, кээ бир ойлоруңузду берилген бош орунга жазыңыз.

Жоомарттык сапаты жөнүндө биз буларды окуйбуз:

**"Токчулукта жоомарт болуп, жокчулукта сабырдуу бол."**[16]

**"Айкөлдүктүн башаты - адам өз байлыгын өзүнө, үй-бүлөсүнө жана Ишенимдеш боордошторунун арасындагы жакырларга сарпташы."**[17]

**"Канчалык көп каршылыкка туш болсо, ошончолук өздөрүнүн изги ишенимдерин көрсөтүшсүн; канчалык көп азаптарга жана кырсыктарга дуушар болгон сайын, ошончолук жоомарттык менен берекелүү чөйчөктү сунсун. Бул дүйнөнүн жашоосу боло турган рух мына ушундай, анын жүрөгүндөгү чачыраган нур дал ушундай: ал эми ким андай кылбаса. Ал Теңирдин ыйык Босогосунда кызмат кылууга татыктуу эмес. . . "**[18]

**"Ушул жаңы доордо, керемettүү кылымда улуу сыйлыктарга кол жеткиргиң келсе, жоомарттыктын агарган таңы бол, тирүүлүктүн сырларынын таң шоокуму бол, илхам оргуган жай бол, сонундуктун таңы бол жана Ыйык Рухтун колдоосуна ээ болгон, Теңирге суктанган, Андан башкалардын баарынан баш тарткан, адамдык касиет-сапаттан жогору турган, бейиш периштелерине мүнөздүү сапаттарга оронгон ыйык жан бол."**[19]

Таза дил тууралуу сөз болгондо, бизди төмөндөгүлөрдү эске алууга чакырат:

**“. . . бири-бириңерди чексиз сүйүп, өзүңөрдөн аларды артык көрүшүңөр керек.”[20]**

**“О, Теңирим! Мага таза дилдин чөйчөгүнөн ичире көр; анын кийимине ороп, мухитине чөмүлт. Мени сүйүктүүлөрүң баскан жолдогу топурак кыла көр жана Өзүңдүн жолуңдагы тандалма жандарыңдын буттары баскан жерге жанымды курмандыкка чалууга уруксат эт, о, Улуу Жараткан!.” [21]**

**“Адам - өз кызыкчылыгын башкалар үчүн унуткан жан. Ал башкалардын жыргалчылыгы үчүн өз жыргалчылыгынан баш тартат. Керек болсо, ал адамзаттын жашоосу үчүн өз жанын кыюуга даяр болушу керек. Мындай адам - жалпы адамзаттын сыймыгы. Мындай адам – жалпы адамзаттын даңкы. Мындай адам түбөлүктүү жыргалга ээ болот. Мындай адам Кудайдын босогосуна жакын. Мындай адам түбөлүк бактылуулуктун нак жарчысы” [22]**

Төмөндөгү цитаталар бизге кубанычтын күчүн көрсөтөт:

**“Кубанычтын канаты менен Кудай сүйүүсүнүн асманына оболоп уч.” [23]**

**“Анын бар экендигин сезген, Анын сулуулугун көргөн, Анын обондорун уккан жана Анын ыйык жана улуу, даңктуу жана кереметтүү эриндеринен чыккан Сөзү менен жандангандар - бүт кубанычка ээ болгон адамдар!” [24]**

**“Кубаныч бизге канат берет! Бактылуу учурларда биздин күчүбүзгө күч кошулуп, акылыбыз курчуйт жана кабыл алуу жөндөмүбүзгө эч нерсе көлөкө түшүрө албайт.” [25]**

**“Колуңардан келишинче, ар бир жолугушууда сүйүү шамын жандыргыла жана назиктик менен ар бир жүрөктү кучак жайып кубанткыла.” [26]**

Төмөндөгү үзүндүлөр бизге ак ниеттүүлүк жөнүндө айтып берет:

**"Айт: ак ниет жан Кудайдын жакындыгын эне сүтүн эңсеген баладай эңсейт, жок, эгер билген болсоңор анын эңсөөсү андан да күчтүү! Анын кумарлуу эңсөөсү кут-берекенин мүрөк суусуна чаңкаган адамдын азабы сыяктуу, же күнөөкөрдүн кечирим менен ырайымга ээ болуу тилегине окшош."** [27]

**"Бул күндөрдө чынчылдык менен ак ниеттүүлүк жалгандын чеңгелинде катуу азап чегүүдө, адилеттүүлүк адилетсиздиктин заарынан запкы жеп жатат."**[28]

**"Өмүрдүн бул кыска көз ирмемин ак ниеттүүлүк жана адилеттик менен өткөрүү - ар бир адамдын милдети."**[29]

**"Жүрөгүңөр таза жана ниетиңер ак болгондо гана Кудайдын кут-берекелерин өзүңөргө тарта аласыңар."**[30]

Жогорудагы цитаталар топтомдорунун ар биринен кеминде бирөөнү жаттаганга аракет кылыңыз.

## 8-БӨЛҮМ

Эми келгиле, 5чиден 8чиге чейинки сабактардагы аңгемелерди кайра карап чыгып, алар балдарга изилдеп жаткан руханий сапаттарды түшүнүүгө кантип жардам берээрин ойлонуп көрөлү. Ар бир аңгемени кайра окуп чыккандан кийин, төмөндөгү суроолорго көңүл буруңуз.

5-сабактагы аңгеменин негизги темасы - жоомарттык, анда Абдул-Баханын бала кезинде болгон Атасынын койлоруна байланыштуу окуя баяндалат. Аңгеменин кайсы бөлүктөрү негизги темага байланыштуу? Кайсы деталдарга көңүл бурулбай калса, балдардын окуяны түшүнүүсү кыйындайт? Баарынан маанилүүсү, албетте, Бахаулланын Уулунун койчуларга карата кылган жоомарттыгын укканда алган ырахаты. Ал Абдул-Баха чоңойгондо адамзаттын жыргалчылыгы үчүн колунда болгонун гана эмес,

бүтүндөй жанын арнаарын алдын ала эле айтып кеткен. Балдар Абдул-Баханын жоомарттыгынын чексиз экенин түшүнүүсүн кантип камсыз кыласыз?

6-сабактын аңгемеси балдарга дилдин тазалыгы кандайча аныкталаарына көз чаптырууну сунуштайт. Абдул-Баха кымбат чапанды кабыл алуудан баш тартуу менен, башкаларды Өзүнөн артык көрөөрүн көрсөтөт. Сиздин аңгемеңизден кийин балдар ушундай бүтүмгө келишин кантип камсыздайсыз? Аңгемени айтып берүүгө чейин сиз тактап ала турган деталдар кайсылар?

7-сабактын темасы - кубаныч. Анда сиз Лерой Йоас жөнүндөгү аңгемени айтып бересиз, ал кичинекей кезинде Абдул-Баха менен таанышып, өмүрүн Кудайдын Ишин жайылтууга арнаган. Аңгемеде Лерой Абдул-Бахага арнап сатып алган гүлдестени ага белек кылгандын ордуна, жүрөгүн сунуштагысы келет. Балдар Лерой эмне үчүн мындай кылганын түшүнүшү үчүн, аларга жүрөктүн материалдык нерседен алда канча баалуу экендигин түшүндүрүү маанилүү. Аңгеменин ошол бөлүгүн айтып жатканда үнүңүзгө басым жасоо жетиштүү болобу? Балдар аңгемедеги идеялардын ырааттуулугун ээрчип, Абдул-Баханын Леройго чапанынан кызыл розаны белек кылганы эмне үчүн ага мындай кубаныч тартуулаганын балдар түшүнүшү үчүн кандай деталдарды баса белгилөө керек?

Абдул-Баха өмүр бою Анын алдына келгендердин баарына кубаныч тартуулаган. Бул баянда Леройдун Абдул-Баханын жүрөгүнө кубаныч тартуулоодон башка каалоосу жок экенин көрөбүз. Эмне үчүн балдардын кубанычтын эң улуу булактарынын бири - башкаларга кубаныч тартуулоо экенин түшүнүшү зарыл?

Ак ниеттүүлүк 8-сабакта көңүл бурула турчу сапат. Андагы аңгемени балдарга айтып берүүдө мындай деп түшүндүрсөңүз болот, кээде кандайдыр бир сапатка ээ болуу деген эмне экенин жакшы түшүнүүгө, ал сапат жок болгон учурду чагылдырган окуяны

угуу жардам берет. Кошунасын даракты кыюу зарыл экендигине ишендирген адам тууралуу аңгеме мисал катары берилет. Балдарга сырткы көрүнүш кээде жаңылыш жыйынтык чыгарууга алып келээрин түшүнүүгө кантип жардам бересиз? Аңгемени баяндоодо, балдардын ак ниет эмес кошуна чындыгында утушка ээ болду деген ойдо калбашына кам көрүшүңүз керек. Балдарга жаман ниеттин терс кесепеттерин түшүнүүгө жардам берүү үчүн эмнелерди айтасыз?

________________________________________________

________________________________________________

________________________________________________

________________________________________________

________________________________________________

## 9-БӨЛҮМ

Эми 5-8чи сабактарда талкууланган руханий сапаттар жөнүндө бир аз түшүнүккө ээ болгондон кийин, биринчи төрт сабак боюнча машыккан сыяктуу эле, бул сабактарды жана андагы көнүгүүлөрдү да катышуучулар менен иш жүзүндө аткарып көрүү үчүн убакыт бөлүңүз. Дептериңизге ар бир сабак тууралуу эстеп калуу керек болгон учурларды белгилеп, аны кантип өтүү боюнча ойлоруңузду жазып алууга болоорун унутпаңыз.

### 10-БӨЛҮМ

9 -12чи сабактарды төмөнкү дубаны окуу менен ачуу жана аны жаттап алуу сунушталат.

**“О, Теңирим! Сенин сулуулугуң - менин азыгым, Сенин жүрөгүмдө бардыгың - менин суусундугум, Сенин эркиң – менин үмүтүм, Сени алкоо - менин кылаар ишим, Сени эскерүү - менин шеригим жана Сенин кудуреттүү үстөмдүгүң - менин колдоочум, Сенин мекен жайың - менин үйүм болсун. Сенден көшөгө менен калкаланып алгандарга коюлган чектөөлөрдөн Өзүң тазарткан жер - менин турагым болсун.**

**Акыйкатта, Сен эң Кудуреттүүсүң, бардыгынан Даңктуусуң жана бардыгынан Күчтүүсүң..”[31]**

Бул төрт сабакта сиз окуучуларыңызга төмөндөгү дубаны жаттоого жардам бересиз. Дубанын мааниси жеткиликтүү болуусу үчүн балдарга кандай сөздөрдү же сүйлөмдөрдү түшүндүрүү керек?

**“Кудайды эскерип, Аны даңазалаган бардык жер болобу, үй болобу, жай болобу, калаа болобу, жүрөк болобу, тоо болобу, түнөк болобу, үңкүр болобу, адыр болобу, чөл болобу, деңиз болобу, арал болобу, шалбаа болобу - баары Анын батасына ээ болот.” [32]**

______________________________________________________________

______________________________________________________________

______________________________________________________________

______________________________________________________________

______________________________________________________________

## 11-БӨЛҮМ

Буга чейинкидей эле, 9-12чи сабактарды окуп, кириш сөзгө жана жаттоого берилген цитаталарга өзгөчө көңүл буруңуз. Төмөндөгү бош саптарга бул сабактын ар биринде талдана турган руханий сапаттарды жазыңыз.

9-сабак: ______________________________________________________

10-сабак: _____________________________________________________

11-сабак: _____________________________________________________

12-сабак: _____________________________________________________

Жогорудагы төрт сапаттын мааниси жөнүндө өзүңүздүн түшүнүгүңүздү тереңдетүү үчүн, алардын ар бирине байланыштуу цитаталардын топтомун окуп, ой жүгүртүңүз. Муну менен бирге эле, окуучуларыңыз жаттай турчу үзүндүлөрдү да эсиңизден чыгарбаңыз. Андан кийин сапаттын жеке адамдын жашоосундагы жана балдар класстарынын мугалими үчүн болгон маанилүүлүгү тууралуу өз ой-пикириңизди жазыңыз.

Момундук сапатына байланыштуу Жазмаларда төмөнкүлөр айтылат:

**“Момундук адамды даңктын жана күчтүн асманына көтөрсө, текебердик аны арамзалык менен бузукулуктун түпсүз туңгуюугуна түшүрөт.”** [33]

**“Ушул Күнү Кудайдын жолун момундук менен жолдоп, Аны бекем карманган ар бир жан, бардык жакшы ысымдын жана абалдын урматы менен даңкына бөлөнөт.”** [34]

**“Кудайдын сүйүктүүлөрү кайсы жерде чогулбасын, ким менен жолукпасын, Кудайга болгон мамилесинде жана Анын улуулугун даңазалоодо, анын берилгендигин таман алдындагы чаңдын ар бир бүртүкчөсү күбөлөндүрө тургандай деңгээлдеги момундук менен баш ийүүчүлүктү көрсөтүүлөрү керек.”** [35]

**“Арийне, адамдын эң жогорку өзгөчөлүгү - бул анын Кудай алдындагы момундугу жана баш ийүүсү...”** [36]

Ыраазычылыктын маанилүүлүгү тууралуу биз буларды окуп билебиз:

**"Билип ал, Мен сага касиеттин бардык жыпар жыттарын аңкыттым, Өз сөзүмдү толугу менен сага ачып бердим, сен аркылуу марттыгымды мурдагыдан да арттырдым жана Өзүм үчүн эмнени кааласам, ошону сен үчүн да кааладым. Менин төккөн мээриме канагаттан да, Мага ыраазы бол!"** [37]

**"Кудайдан башка нерсеге муктаждыгың болбосун. Анын Рухуна кошулуп, ыраазылардын катарында бол."** [38]

**"Андыктан, Анын Ишин алдыга жылдырууга сага күч бергени үчүн; билимдин жана түшүнүктүн гүлдөрүн жүрөгүңдүн бакчасында өстүргөнү үчүн Кудайга ыраазы бол. Анын кут-берекеси сага жана бүткүл жаратылгандарга ушундайча төгүлдү."** [39]

**"Акыйкаты бул - Кудай адамга табиятта жок изгиликтерди, күчтөрдү жана мыкты жөндөмдөрдү ыйгарды, анын аркасында адам бийик, улук жана өзгөчө. Бизге берилген бул белектер, бул күчтөр үчүн жана башыбызга таккан таажы үчүн биз Кудайга ыраазы болушубуз керек."** [40]

Төмөндөгү цитаталарда кечиримдүүлүк жөнүндө айтылат:

**"Ал күнөөлүүнү кечириши керек жана анын мындай төмөнкү абалын жекирбеши керек, анткени кимдин акыры кандай болоорун эч ким билбейт."** [41]

**"Болмуш дүйнөнүн ыйык маңызы өз күбөлүгүн жар салат: "Бул Күнү бардык кечирим бир гана Кудайдан, Аны менен теңдеш эч ким жок, Ага эч ким шерик боло албайт, бүткүл адамзаттын Эгедер Коргоочусу жана алардын күнөөлөрүн Жашыруучу!"** [42]

**"Ошондуктан, эч кимдин кемчилигин издебе; кечиримдин көздөрү менен менен кара. Кемчилиги бар көз кемчиликтерди көрөт. Кемчиликти жашырган көз - жандардын Жаратуучусуна тигилген көз."** [43]

**“Жүрөгүң эч кимге таарынбасын. Эгер кимдир бирөө сага карата туура эмес иш кылып, катачылык кетирсе, аны дароо кечиришиң керек.”** [44]

____________________________________________________________________________

____________________________________________________________________________

____________________________________________________________________________

____________________________________________________________________________

____________________________________________________________________________

Ал эми бул үзүндүлөр биз умтулган адалдыктын үлгүсүн сүрөттөйт:

**“Айт: адалдык, изгилик, акылмандык жана ыйык адеп-ахлак адамды көкөлөтөт, ал эми алдамчылык, калп, наадандык жана эки жүздүүлүк аны басынтат.”** [45]

**“О, Кудайдын шаарларындагы Анын достору жана Анын жерлериндеги Анын сүйүктүүлөрү! Бул Куугунтукталган Жан силерге адалдык менен изгиликти өкүм кылат. Алардын нуру менен жаркыраган шаарга кут түшөт. Алар аркылуу адам көкөлөйт жана бардык жаратылгандардын бет алдында коопсуздуктун эшиги ачылат. Аларды бек туткан жана алардын артыкчылыгын тааныган адам - бактылуу, аларды танган адам - азаптуу!»** [46]

**“Ишенимдүүлүк, акылмандык жана адалдык, акыйкатта, Кудайдын жараткандары үчүн Анын кооз жасалгалары. Бул жарашыктуу кийимдер ар бир ибадаткана үчүн ылайыктуу кийим. Түшүнгөндөр - бактылуу жана мындай изгиликтерге ээ болгондорго кут келет.”** [47]

____________________________________________________________________________

____________________________________________________________________________

____________________________________________________________________________

____________________________________________________________________________

____________________________________________________________________________

Жогоруда берилген топтомдордун ар биринен кеминде бирден үзүндү жаттаганга аракет кылыңыз.

## 12-БӨЛҮМ

Эми бул төрт сабакта каралган аңгемелер окуучуларыңызга жогорудагы руханий сапаттар жөнүндө түшүнүк берүүгө кандайча көмөк болоорун карап көрөлү.

9-сабактагы аңгеме Абдул-Баханын бир нече бай коноктор менен жолукканда болгон окуясын сүрөттөйт; анда балдар Анын жупуну момундугун көрө алышат. Абдул-Баха өзүнө карата шаан-шөкөттүү, ыксыз ысыраптуу мамиле кылынышын

каалабагандыгы аңгеменин негизги көңүл бөлө турчу идеясы. Бул Анын момундугун кандайча көрсөтүп турат? Албетте, ыксыз шаан-шөкөттүн белгилери болгон - табак, суу жана жыпар жыттуу сүлгү - бул кызыктуу деталь болгону менен алар аңгемени айтууда негизги темадан алаксытпашы керек. Тескерисинче, чыгарылган бүтүмгө басым жасалууга тийиш. Бул Абдул-Баханын момундугу жана Анын башкаларга кызмат кылууга болгон каалоосу жөнүндөгү балдардын түшүнүгүн кандайча кеңейтет?

10-сабактын темасы - ыраазычылык, балдар Абдул-Бахага жолугууга келип, Ага өзүнүн кайгы-капасын айтып берген бир аял жөнүндөгү аңгемени угушат. Абдул-Баха аны Мирза Хайдар-Али менен тааныштырат, ал жашоодо чоң кыйынчылыктарды башынан кечиргенине карабастан, Кудайдан алган бардык жакшылыктарына ыраазы болуп, каниет кылчу. Аңгемени айтып берип жатканда, Абдул-Баха ал айымга Мирза Хайдар-Алини кокусунан тааныштырбаганы окуучуларыңызга түшүнүктүү болушун каалайсыз. Сиздин оюңузча, айым аны менен жолугушуудан эмнени үйрөнө алды? Аңгеме бул сабакты кантип жеткире алат?

Кечиримдүүлүк - 11-сабактын темасы, ага байланыштуу сиз окуучуларыңызга биз кечирген адамдарга кечирим кандай таасир берээрин көрсөткөн Абдул-Баха жөнүндөгү аңгемени айтып бересиз. Окуяда көптөгөн деталдар камтылган, балдар аңгемедеги идеялардын ырааттуулугунан калбай, аны толук түшүнүүсү үчүн бул деталдардын бардыгын калтырбай, так айтып беришиңиз керек. Бул Абдул-Бахага жана Анын шериктерине чоң зыян келтирүүнү көздөгөн Акка шаарынын губернатору тууралуу окуяны баяндайт. Аңгемеде Абдул-Баха губернаторду анын Ага карата кылган жаман иштерин кечирүү менен гана чектелбестен, бардыгынан айрылган губернаторго боорукерлик менен мамиле кылып, ага кыйналган учурда жардамын аябайт. Бул аңгеменин негизинде балдар, Абдул-Баха көрсөткөндөй, кечирим бул – жөн гана бизге жамандык кылган адамдарга карата жаман сезимдерден арылуу менен чектелбестигин түшүнөт деп үмүт кылышыңыз керек. Алардын бул идеяны түшүнгөнүн кантип биле аласыз?

12-сабакта берилген аңгемеде, балдар Абдул-Баханын араба менен жол жүрүүгө көп акы талап кылган айдоочу тууралуу болгон окуясын угушат. Боорукерликтин жана кичи пейилдиктин үлгүсү болсо да, Абдул-Баха Өзүнө жана адамдарга карата кылынган алдоочулук жана арамзалык мамилеге эч качан жол берген эмес. Сиздин оюңузча, айдоочу Абдул-Баханын жообунан эмнени үйрөндү? Чындыгында биз алдамчылыктын айынан көп нерсе жоготоорубузду, ал жоготууларыбыз айдоочу куру калган кошумча акы өңдөнгөн материадык жоготуулардан алда канча чоң жоготуу экенин түшүнүүгө балдарга кантип жардам бересиз?

## 13-БӨЛҮМ

Башка катышуучулар менен 9-12чи сабактардагы ишмердүүлүктүн түрлөрүн аткарып машыккан соң, кийинки төрт сабакка өтсөңүз болот. 13-16-сабактардын ар бирин төмөнкү дубаны жатка айтуу менен ачуу сунушталат.

**“О, мээримдүү Теңирим! Бул - Сенин мээрим бакчаңда өскөн кызгалдак жана чыныгы билим токоюнда бутактанган чынар чырпык. О, жоомарттыктын Өкүмдары, аны Өзүңдүн өмүр желаргың менен бардык убакта үзгүлтүксүз сергит, ырайымдуу булуттарыңды төгүп, аны жашылдандыр, жандандыр, гүлдөтүп өстүрө көр, о, мээримдүү Теңир!**

**Акыйкатта Сен даңктуулардын Даңктуусусуң.”** [49]

Төмөндө окуучулар 13-16чы сабактарда жаттай турган дуба келтирилген. Алардын маанисин түшүнүүгө жардам берүү үчүн, окуучуларга жаңы же тааныш эмес боло турган сөздөрдү же сөз айкаштарын таап, аларды түшүндүрүү үчүн тиешелүү сүйлөмдөрдү ойлоп тапкыла. Албетте, балдар дубада келтирилген образдарды сиз бул сабактарда окуй турган дубаларга окшоштуруп оңой эле түшүнүп алышат.

**“О, Теңирим! Ушул назик көчөттү Өзүңдүн түркүн-түстүү кут-берекелериңдин бакчасына отургуз, аны назик мээримиңдин булагы менен сугар, ырайымыңды жана берекеңди төгүү аркылуу аны изги өсүмдүккө айланта көр.**

**“Сен Кудуреттүүсүң жана Күчтүүсүң.”**[49]

## 14-БӨЛҮМ

Бул курстун катышуучулары менен адаттагыдай эле 13-16чы сабактардын ар бирин окуп чыккан соң, аларда айтылган сапаттарды жазгыла.

13-сабак: ______________________

14-сабак: ______________________

15-сабак: ______________________

16-сабак: ______________________

Төмөнкү цитаталар сизге буга чейин аткаргандай эле, бул сабактарда талкууланган руханий сапаттар жөнүндө ой жүгүртүү мүмкүнчүлүгүн берет.

Боорукердиктин маанилүүлүгү жөнүндө биз төмөндөгүлөрдү окуйбуз:

**"Боорукердиктин нурун төк, жүрөктөр арууласын, тазалансын, алар Сенин далилдериңден өз үлүштөрү менен энчисин алсын."[50]**

**"Кылган иштериңерден чырак сымал жарык нур төгүлүп турушу үчүн боорукер болгула."[51]**

**"Силер бир дарактын жемиштери жана бир бутактын жалбырагысыңар; бүт адамзатка боорукер жана мээримдүү болгула."[52]**

**"Ушул күндөрү  Кудайды сүйгөндөр Анын бул көрсөтмөлөрүн аткаруу үчүн көтөрүлүп туруулары керек: алар адамзат баласына мээримдүү ата болсун, жаштарга боорукер бир тууган болсун, карыларга жанаябас урпак болсун."[53]**

Байланбастык сапаты боюнча бизге мындай кеңеш айтылат:

**“Эч нерсеге байланбай Менден башкасынын баарынан баш тарткыла, жана жүзүңөрдү Менин жүзүмө бургула, анткени бул - силер ээлик кылган бардык нерселерден алда канча артык.”** [54]

**“Көр дүйнөнүн жалган заттарына суктанып, ага үмүт артпагыла. Эң Жогорку, эң Улуу Аллахты эскерүүгө таянгыла.”** [55]

**“Байланбастыктын маңызы - Теңирдин сарайына умтулуу, Анын жакындыгына ээ болуу, Анын Жүзүн көрүү жана Анын алдында күбө болуу.”**[56]

**“Байланбастык күн сыяктуу; кайсы жүрөктө жаркырабасын, ал ачкөздүк менен өзүмчүлдүк отун өчүрөт. Көзү түшүнүк нуру менен нурланган жан, акыйкатта, бул дүйнөгө жана анын курулай убаракерчилигине байланбайт. . . . Дүйнө жана анын жамандыктары силерди капа кылышына жол бербегиле. Байлык көптүрбөгөн, жакырчылык чөктүрбөгөн адам бактылуу.”** [57]

________________________________________________________________

________________________________________________________________

________________________________________________________________

________________________________________________________________

________________________________________________________________

Төмөнкү үзүндүлөр бизге каниет кылуу сапаты жөнүндө айтып берет:

**“Чексиз ааламды кыдырып учсаң да, асманды жарып өтсөң да, Менин алдымда баш ийип, мыйзамдарыма моюн сунуудан башка нерседен жаның жай таба албайт.”** [58]

**“О, кумардын маңызы! Ар кандай ач көздүктү таштап, каниет кылганга умтул, анткени ач көз баарынан айрылат, каниет кылган дайыма сүйгүнчүктүү жана мактоого татыктуу.”** [59]

**“Андыктан, ынтымак менен момундуктун жолун аркала. Эч бир кыйынчылык жүрөгүңдү оорутпасын, көр тирликтин сыйларына үмүт артпа. Жүрөгүң менен жаның жай алып, жан дүйнөң менен абийириң чыныгы кубанычка бөлөнсүн десең, Кудайдын эркине каниет кылып, бактылуу бол”** [60]

________________________________________________________________

________________________________________________________________

________________________________________________________________

________________________________________________________________

________________________________________________________________

Төмөндөгү үзүндүлөр биздин мээримдүүлүк жөнүндөгү түшүнүгүбүздү тереңдетет:

> **“Биз силерди Менин ырайымымдын бейишинде ар дайым ынтымакта жана достукта болуп, кылган иштериңерден достуктун, биримдиктин, мээримдүүлүктүн жана жолдоштуктун жытын искесе деп каалайбыз”** [61]

> **“Сырткы келбетиң менен гана эмес, чын дилиңден мээримдүү бол. Кудайдын сүйүктүүлөрүнүн ар бири муну көңүл чордонунда кармасын: адамдар үчүн Теңирдин кайрымдуулугу болгула; Теңирдин кут-берекеси болгула. Жолунан өткөн ар бир адамга жакшылык кылсын жана ага кандайдыр бир пайдасын тийгизсин.”** [62]

> **“. . . эмне үчүн адамдар Кудайга жакпаган иш кылып, бири-бирине адилетсиз жана начар мамиле кылышы керек? Ал бизди сүйүп турса, биз эмне үчүн ачууланып, жек көрүшүбүз керек? Эгер Кудай бардыгын сүйбөсө, Ал бардыгын жаратып, өстүрүп жана кам көрмөк эмес. Назик мээримдүүлүк - бул Кудай орноткон көрсөтмө.”** [63]

> **“Достукту сөз аркылуу гана көрсөткөнгө канааттанып калбастан, жолуңарда ким жолукпасын, бардыгы үчүн жүрөгүңөрдө сүйүү оту жанып турсун.”** [64]

________________________________________________________________

________________________________________________________________

________________________________________________________________

________________________________________________________________

________________________________________________________________

Жогорудагы цитаталар топтомдорунун ар биринен жок дегенде бирөөнү жаттаганга аракет кылыңыз.

## 15-БӨЛҮМ

13чү жана 16чы сабактарда айтылган руханий сапаттар жөнүндө түшүнүгүңүздү тереңдетип, төрт баянды кайра окуп чыгыңыз да, төмөндөгү суроолорду тобуңуз менен талкуулаңыз.

13-сабактын темасы – боорукердик, жана сиз айтып бере турчу ангеме Абдул-Бахага жолугууну самап, Ал турган үйгө келип, эшигин кагып, кайра артка кетүүгө мажбур болгон аял тууралуу болмокчу. Аңгеменин кайсы бөлүгү Анын аялга болгон боорукердигин көрсөтөт? Кайсы деталдар балдарга аңгеменин нугунан калбай, бардыгына бирдей мамиле кылган боорукер жүрөк кыйынчылыкка туш болгон, оор абалдагы жана кайгыга чөккөн адамдар үчүн өзгөчө сезимтал экенин түшүнүүгө жардам берет?

14-сабак байланбастык руханий сапатына багытталган. Аңгеме Ыйык Жерге саякатка барууну чечкен эки дос тууралуу баяндайт, алардын бири бай, экинчиси кедейирээк. Албетте, байланбастык сапаты жөнүндө түшүнүк алуу үчүн, балдар Ыйык Жерге баруу Кудайга жакындоого барабар экенин түшүнүшү керек болот. Сиз байланбастык сапаты биздин канчалык көп же аз нерсеге ээлик кылгандыгыбыздан эмес, ошол биз ээлик кылган нерселердин биздин Кудайга жакындообузга канчалык деңгээлде жолтоо болгонунан көз каранды экендигин балдарга түшүндүрүүгө умтуласыз. Аңгеме бул түшүнүктү өнүктүрүүгө кандайча жардам берет?

15-сабактагы аңгеме балдарга негизги тема болгон ыраазычылык сапаты жөнүндө түшүнүк берет. Абдул-Баха шериктерине чеп-шаар болгон Аккада камакта жүргөндө бактылуу болгонун айтат, анткени Ал ошол күндөрдү кызмат өтөө жолунда өткөргөн. Бул айтылгандар балдардын ыраазычылык жөнүндөгү түшүнүгүнө кандай таасир этет? Абдул-Баханын түрмөдө отурганына карабастан, Анын рухунун эркиндигин чектөө эч качан мүмкүн болбогондугун балдарга кантип жеткирүүгө болот?

16-сабакта Аккадагы ачууга жана жек көрүүгө толгон бир киши жөнүндөгү аңгемени айтып берип жатканда, сиз кээ бир деталдарды баса белгилешиңиз керек болот; антпесе балдар аңгеменин негизги темасы болгон мээримдүүлүккө кандай тиешеси бар экенин түшүнбөй калышы ыктымал. Бул деталдар кайсылар? Узак убакытка бою ачуу менен жек көрүүдөн арыла албай келген киши Абдул-Бахадан кандай сабак алды?

## 16-БӨЛҮМ

13-16-сабактарды талдоо жемиштүү болуп, андагы элементтерди башка катышуучулар менен чогуу аткаруудан ырахат алдыңыздар деп үмүттөнөбүз. 17-20-сабактарга токтоло турган болсок, ар бир сабактын башталышында төмөнкү дубаны жатка айтып берсеңиз болот:

> **"О, менин Кудайым! О, менин Кудайым! Ушул сенин кулуң Сага карай жакындап, Сенин сүйүүңдүн чөлүндө кумарлана жер кезип, Сенин кызматыңдын жолунда жүрөт, ал сенин ырайымыңды күтөт, жоомарттыгыңа үмүт артат, Сенин падышачылыгыңа ишенип, белектериңдин шарабына мас болгон. О, менин Кудайым! Анын Сага болгон берилүүсүнүн жалынын күчөт, Өзүңдү алкоодогу туруктуулугун бекемде жана Сага болгон сүйүүсүнүн илебин арттыра көр.**
>
> **"Акыйкатта, Сен эң Жоомартсың, берекелүү кут-берекенин Теңирисиң. Кечиримдүү, Ырайымдуу Сенден башка Кудай жок."** [65]

Бул сабактарда балдар төмөндөгү дубаны жатка айтууга аракет кылышат жана сиз буга чейин аткарып келген сыяктуу эле, балдар жаттай турган кээ бир сөздөр тууралуу түшүнүктөрдү кантип жеткирээриңизди белгилеп жазып коюңуз. Бул дуба мурункуларга караганда бир аз узунураак, эгерде балдар аны бул үчүн бөлүнгөн төрт сабакта жаттай алба кыйналышса, анда сиз өзүңүз ылайыктуу көргөн өзгөртүүлөрдү киргизсеңиз болот.

> **"Сенин атың – - мага даба, о жараткан Теңирим. Мен сени эстеп дарыланам, Сага жакындыгым - менин үмүтүм, Сага деген сүйүүм - менин шеригим. Сенин мага болгон ырайымың - менин айыкканым жана бул дүйнө менен о дүйнөдөгү көмөгүң. Акыйкатта, Сен баарынан Жоомартсың, баарынан Билермансың, баарынан Акылмансың.."**[66]

## 17-БӨЛҮМ

17-20чы сабактарды талдоону баштоо үчүн, аларды адаттагыдай эле окуп чыгыңыз да, балдар менен бирге изилдей турган руханий сапаттарды жазыңыз.

17-сабак: ________________________________________

18-сабак: ________________________________________

19-сабак: ________________________________________

20-сабак: ________________________________________

Төмөндө сизге жана башка катышуучуларга жогоруда айтылган сапаттардын мааниси жөнүндө түшүнүк алууга жардам бере турган бир нече цитаталар келтирилген. Аларды жеке адамдын жашоосунун алкагында гана талкуулоо менен чектелбестен, өзүңүз сыяктуу жаш балдардын мугалими үчүн канчалык мааниге ээ экендиги тууурасында да ой жүгүртүүнү унутпаңыз.

Эр жүрөктүүлүк сапаты жөнүндө бизге мындай кеңеш айтылат:

**“Табиятыңарга мүнөздүү болгон эр жүрөктүүлүк менен теңдешсиз күчкө ээ болуу үчүн, Кудай Падышалыгына жүз бурууга колуңдан келишинче араке кыл.”[67]**

**“Жүрөгү жараланганга жубатуучу булак бол. Жолоочуга башпаанек бол. Коркунучка чулганга эр жүрөктүүлүктүн булагы бол. Ошентип, Кудайдын ырайымы жана жардамы аркылуу дүйнөнүн борборунда адамзаттын бактысынын туусу көтөрүлүп, жалпы ынтымактын желеги желбиресин.” [68]**

________________________________________

________________________________________

________________________________________

________________________________________

________________________________________

Үмүттүн маанилүүлүгү жөнүндө биз буларды окуй алабыз:

**“Бүт үмүтүңдү Кудайга арт жана Анын өчпөс мээримин бекем карма. Андан бөлөк ким жакырды байытып, басынгандарды кордугунан куткара алат?”[69]**

**“О, басып жүргөн топурак! Мен сени менен сүйлөшүүнү каалайм, бирок сен Мага ишенбейсиң. Козголоңчу кылычың сенин үмүтүңдүн дарагын кыйып салды. Мен ар дайым сенин жаныңдамын, бирок сен дайыма Менден алыссың. Мен сен үчүн өчпөс даңкты тандадым, бирок сен өзүң үчүн чексиз кордукту тандап алдың. Дале убакыт бар, кайт, сага берилген мүмкүнчүлүктү колдон чыгарба..”[70]**

**“Адам кандай гана жагдай болбосун Кудайдын ырайым деңизине чөмүлгөн. Андыктан, башыңа эмне келбесин, эч качан чөкпө, үмүтүңдү үзбө.”[71]**

**“Эгер жүрөк Кудай сунган кут-берекеден баш тартса, анда ал кантип бакытты үмүт кыла алат? Эгерде ал Кудайдын Ырайымына үмүтүн жана ишеничин артпаса, ал канткенде бейкуттукка жете алат?”**[72]

______________________________

______________________________

______________________________

______________________________

______________________________

Ишенимдүүлүк жөнүндө Жазмаларда булар айтылат:

**“О, адамдар! Бүгүнкү күндө Кудайдын түшүнүгүндөгү эң асемдүү кийим - бул ишенимдүүлүк. Мындай кийит жамынган жан бар болгон ырыскы менен урмат-сыйга арзыйт.”** [73]

**“Ишенимдүүлүк - бул адамзат шаары үчүн чеп жана адам ибадатканасынын көзү. Кимде-ким андан ажыраса, ал Анын Тактысынын алдында көрүү мүмкүнчүлүгүнөн айрылгандардан болуп саналат.”** [74]

**“Жердин ар бир булуң-бурчунда Кудайдын ишенимдүүлүгүн көрсөтө алгандардан болгула. Алтын үйүлүп жаткан шаарларды кыдырсаңар да, анын жылтыр сыйкырына бир саамга да азгырылбаган сымал, бул сапатты ушундай жогорку деңгээлде көрсөтүшүңөр керек.”** [75]

______________________________

______________________________

______________________________

______________________________

______________________________

Бул сөздөр бизге жалындуулук жөнүндө айтат:

**“О, достор! Баарыңар ушул күнү Кудай сүйүүсүнүн оту менен жалындап жанып турушуңар керек, анын табы бардык кан тамырыңарда, денеңердин ар бир мүчөсүндө сезилип, бүткүл дүйнө эли ал чоктун учкунунан тутанып, Сүйүктүүнүн асманына жүз бургандай болушу керек.”**[76]

**“Жаның дүйнөнүн чок ортосунда күйүп турган бул өчпөс Оттун жалыны менен тутанып, керек болсо ааламдын суулары да анын таптуу илебин суута албагандай болсун.”** [77]

**“Бардыгынан Ырайымдуу болмуш дүйнөсүнүн как жүрөгүнүндө жандырган бул өчпөс Оттун жалыны менен тутан, Ал Сүйүүсүнүн ысык илеби сен аркылуу сүйүктүүлөрүнүн жүрөгүндө жалындап күйсүн деди. Менин жолумду жолдо жана Кудуреттүү, Улуу Мени эскерүү аркылуу адамдардын жүрөктөрүн ырахатка бөлө.”**[78]

**“Сүйүүнүн отун жандыргын да, бардыгын анда өрттөп сал; андан соң сүйгөндөрдүн мекенине кел.”**[79]

Жогорудагы топтомдордун ар биринен жок дегенде бирден үзүндү жаттаганга аракет кылыңыз.

# 18-БӨЛҮМ

Эми 17-20чы сабактардагы аңгемелерге кайрылсак. Ар бирин кайра окуп чыккандан кийин, тобуңуздун башка мүчөлөрү менен бирге төмөнкү суроолорду карап чыгыңыз.

17-сабакта сиз Али-Аскар тууралуу айтып бересиз, ал саткын кызматчынын коркутуп-үркүткөнүнө карабай, калп айтууга жана алдамчылыкка барган эмес. Калп айтуу Аллахтын көз алдында жагымсыз иш экенин балдар жакшы билишет. Аңгеме аларга сабактын темасы болгон Кудайдын окууларына баш ийүү кандайча эр жүрөктүүлүктүн булагы боло алаарын көрүүгө мүмкүнчүлүк берет. Окуянын кайсы бөлүктөрү аларга бул байланышты түзүүгө жардам болмокчу? Балдар окуяны ээрчип, бул маанилүү ойду түшүнүшү үчүн, баянды айтып берүүдө кайсы деталдарды баса белгилөө маанилүү болот?

18-сабак үмүттөнүү сапаты тууралуу, ага карата сиз балдарга Абдул-Баханын көңүлү чөккөн адамдын үмүтүн жандандырган окуясын айтып бересиз. Ал кишиге мээримин төгүп, анын Кудай Падышалыгында анын бай экендигин эсине салат. Кудайдын Падышалыгында бай болуу - бул чоң материалдык байлыкка ээ болуу дегенди билдирбейт. Ал эмнени билдирет? Кантип Абдул-Баханын айткандары ал адамдын Кудайдын мээримине болгон ишенимин кандайча бекемдеди? Балдарга Кудайга ишеним болбосо, үмүттү үзбөй сактап калуу кыйынга тураарын түшүнүүгө кантип жардам бересиз?

Ишенимдүүлүк – 19чу сабактын темасы. Бул сапаттын маанилүүлүгүн көрсөтүү үчүн окуучуларга Ыйык Жерге кат ташуу милдетин Абдул-Баха ишенип тапшырган Мухаммед-Таки тууралуу аңгемени айтып бересиз. Балдар анын негизги идеясын эсинде сактап калуусу үчүн, окуяны айтып берүүдө эске ала турчу бир нече деталдар бар. Алар кайсылар? Мухаммед-Такини сүрөттөөдө сиз “ишенимдүү” жана “ишенчиликтүү” деген сөздөрдү колдоносуз. Сиздин оюңузча, адам бир эле учурда кайдыгер жана ишенчиликтүү боло алышы мүмкүнбү?

Жалындуулук темасына арналган 20-сабактын аңгемесинин өзөгүн Томас Брейквел жөнүндөгү окуя түзөт. Жазмаларда көп колдонулган жандырылган чырак, алоолонгон жалын, жалындаган от сыяктуу метафоралар бизге жалындуулук сапаты – биздин жүрөгүбүздөгү Кудайга болгон сүйүүнүн күчү экенин түшүнүүгө жардам берет. Бул метафоралар аркылуу окуучуларыңыз жалындуулук эмнени түшүндүрөөрү туурасында түшүнүк ала алганына ынанышыңыз керек. Балдар кичинекей кезинен баштап эле абстракттуу ой жүгүртүүгө жөндөмдүү жана ал алардын сүйлөө жөндөмдөрү менен бирге өнүгөт. Муну эске алуу менен, Кудайга болгон сүйүү оту Томас Брейквеллдин жүрөгүндө кандайча тутанганын окуянын кайсы бөлүктөрү көрсөтөөрүн аныктаңыз. Окуяны кызыктуу кылган айрым деталдар кайсылар?

## 19-БӨЛҮМ

Сизге жана курстун башка катышуучуларына 17-20чы сабактардын элементтерин иш жүзүндө аткаруу шыктануу тартуулады деп ойлойбуз, ошентип 1 -деңгээлдин соңку төрт сабагы болгон 21-24чү сабактарга өтүүгө даярсыз. Бул дубаны ар бир сабактын башында жатка окусаңыз болот:

> **“Мага таза жүрөк жарата көр, о менин Кудайым жана таза абийир бер, о, Үмүтүм менин! Сенин рухуңдун күч-кубаты менен мени бекемде, о**

**Сүйүктүүм менин; Сенин даңкыңдын жарыгы менен Өз жолуңду мага көрсөт, о Сен, менин умтулууларымдын Максаты! Сенин ыйыктыгыңдын Асманына карай, жеңилбес кубатыңдын күчү менен мени көкөлөт, о менин тирлигимдин Башаты! Сенин түбөлүктүүлүгүңдүн желаргысы менен мени кубант, о менин Кудайым! Сенин түбөлүктүү обондоруң мага бейпилчилик тартууласын, о, Шеригим менин, Сенин байыркы ажарыңдын кенчи мени Сенден бөлөк башка бардык нерселерден калкалап турсун, о Төрөм менин жана Сенин түбөлүктүү маңызыңдын ачылышы тууралуындагы жагымдуу кабар мага кубаныч алып келсин, о, аныктардын Анығы, касиеттүүлөрдүн Касиеттүүсү!!”** [80]

Төмөндө балдар курстун бул деңгээлинде жаттай турган соңку дуба. Алар анын маанисинин басымдуу бөлүгүн оңой эле түшүнсө дагы, жаңы же тааныш эмес болгон сөздөрдү же сөз айкаштарын кантип түшүндүрөөрүңүздү аныктап алыңыз.

**“О, мээримдүү Теңир! Мен кичине баламын, Өз Падышалыгыңа кирүүгө уруксат берүү менен мени көкөлөт. Жердеги пендеңмин, асманыңа көтөр. Төмөндөгү дүйнөдөнмүн, жогорудагы бейишиңе кабыл ал; көңүлүм чөккөн, нур чачууга жардам бер, затмын мен, рухумду байыт, Сенин чексиз ырайымдуулугуңду көрсөтүүгө уруксат эт. Сен Күчтүүсүң, бардыгын Сүйүүчүсүң.”** [81]

____________________________________________________________

____________________________________________________________

____________________________________________________________

____________________________________________________________

____________________________________________________________

## 20-БӨЛҮМ

1-деңгээлде өтө турган соңку төрт сабакты окуп чыккыла, балдар жаттай турган цитаталар менен тааныштырууда, адаттагыдай эле, алар менен бөлүшө турган идеяларга көңүл бургула. Ар бир сабакта талдана турган тиешелүү сапаттарды жазгыла.

21-сабак: ________________________________________________

22-сабак: ________________________________________________

23-сабак: ________________________________________________

24-сабак: ________________________________________________

Төмөндөгү цитаталар сизге жана тобуңуздун башка мүчөлөрүнө мурунку сабактардагыдай эле, бул сабактарда берилген руханий сапаттар жөнүндө чогуу ой жүгүртүүгө мүмкүнчүлүк берет.

Нур чачуунун мааниси жөнүндө Жазмаларда булар айтылат:

**“О, Кудайга болгон сүйүүнүн жалыны! Нур жарык төгүшү керек жана күн көтөрүлүп чыгышы керек; толгон ай жаркырап турушу керек, жылдыз жылтылдашы керек. Сен нурсуң, андыктан Теңирден ааламды агартууга, жарык берүүгө, бүт дүйнөгө Кудайга болгон сүйүү отун жалындатууга уруксат эт деп жалбарып сура.”** [82]

**“Оо, адамдар, бири-бириңерге нур чачып, кубанычта жашагыла.”** [83]

**“Баарын Сүйүүчү Кудай адамды Кудайдын нурун чачсын деп жана дүйнөнү өзүнүн сөзү, иши жана өмүрү менен жарык кылсын деп жараткан.”** [84]

**“Адамзатка кызмат кылуу - бул Кудайга кызмат кылуу. Силерге карап тургандардын баары анын жарыгы менен жаркырамайынча, Падышалыктын сүйүүсү жана жарыгы силер аркылуу чагылып турсун. Өзүнүн асман бийиктигиндеги ордунан жаркырап турган жана нур чачкан жылдыз сымал болгула.”** [85]

____________________________________________________________________

____________________________________________________________________

____________________________________________________________________

____________________________________________________________________

____________________________________________________________________

Бул үзүндүлөрдөн биз берилгендик сапаты жөнүндө түшүнүк алабыз:

**“Кудайдын даңкы сенде, ар бир чынчыл жана тайманбас жүрөктө жана ар бир туруктуу жана берилген жанда болот.”** [86]

**“Баарынан Ырайымдуунун күңдөрүнө бул кабарды жеткир – катаал сыноого туш болгон кезде, Бахага болгон сүйүүсүндө туруктуу жана бек болушсун. Кышында бороон улуп, ызгаар шамал ызылдайт, бирок кышты көрктөнгөн жаз алмаштырып, адырлар менен талаалар гүлдөп, жыпар жыттуу чөптөрдүн жыты аңкып, кызыл-тазыл гүлдөр көздүн жоосун алат.”** [87]

**“Ушул күнү Теңирдин босогосундагы Анын сүйүктүүлөрү – бардыгына берилгендиктин чөйчөгүн сунгандар, касына да жоомарттыктын берметтерин чачкандар, бийликтен кулаган куугунтуктоочусуна да жардамга колун сунгандар, айыгышкан душманына да сүйүктүү дос болуп бергендер. Куттуу Сулуулуктун Окуусу мына ушундай, Улуу Ысымдын насааты да мына ушундай.”** [88]

____________________________________________________________________

____________________________________________________________________

____________________________________________________________________

Төмөндөгү үзүндүлөр бизге чыдамдуулук жөнүндө айтып берет:

**“О, адам баласы! Ар нерсенин өз белгиси бар. Сүйүүнүн белгиси - Менин осуяттарымдагы туруктуулук жана Менин сыноолорумдагы чыдамдуулук..”** [89]

**“Кыйынчылыктарды кайрат менен көтөрүп, жокчулук менен кайгы-кырсыктарда чыдамдуулук көрсөткөндөр, тагдырына наалынбай, момундук менен өз жолун аркалагандар чыныгы бакытка ээ.”** [90]

**“Өзгөрүлбөс өкүм менен жазылганга ыраазы болгула, кыйынчылыктарды чыдамдуулук менен көтөргөндөрдөн болгула.”** [91]

**“Жүзүн эң жогорку Мейкиндикке бургандар, сабырдын учугун бекем кармап, Кудайга таянышы керек, Ал коркунучта Колдоочу, Чексиз.”** [92]

Туруктуулукка байланыштуу төмөнкүлөрдү окуйбуз:

**“Түбөлүктүү Чындык болгон Аны таануудан кийинки адамдарга жүктөлгөн биринчи жана эң башкы милдет - Анын Ишинде туруктуу болуу.”** [93]

**“Сенин Кудайдын Ишине болгон туруктуулугуң – жер бетиндеги эч бир нерсе өз милдетиңди аткарууга бөгөт боло албагандай болушу керек.”** [94]

**“Кудайга болгон сүйүүңдө кадамдарыңды бекем ташта, Анын Ишениминде түз бас жана өз сөзүңдүн күчү менен Ага жардам бер.”** [95]

**“Ошентип, Аллахтын ырайым шалбаасынан соккон желаргы Кудайдын кабыл алуусунун жыпар жытын бизге жеткирип, биз сыяктуу ажалдуу пенделерди, түбөлүк даңктын Падышалыгына кирүүгө татыктуу кылуусу үчүн күмөнсүздүктүн Жолунда туруктуу кадамдарыбыз менен алдыга умтулалы.”** [96]

**“Ишенимдүү жана туруктуу болгула; Силердин кылган кызматыңар асман күчтөрү тарабынан кабылданат, анткени силердин ниетиңер бийик, максатыңар таза жана татыктуу.”** [97]

Жогорудагы топтомдордун ар биринен эч болбосо бир үзүндү жаттаганга аракет кылыңыз.

## 21-БӨЛҮМ

Эми окуучуларыңызга айтып бере турчу соңку төрт аңгемени карап көрөлү. Сиз алар менен бирге көптөгөн сонун сааттарды чогуу өткөрүп, алар үйрөнүп жаткан руханий сапаттарды аларда өрчүтүүгө аракет кыласыз. Ар бир аңгемени кайра окуп чыккандан кийин, төмөндөгү суроолорду тобуңуз менен талкуулаңыз.

21-сабакта балдар Дороти Бейкердин секелек кыз кезинде Абдул-Баха менен биринчи жолку жолугушуусу жөнүндөгү аңгемени угушат. Алар аңгеменин жүрүшүндө Дороти Анын, сабактын темасы болгон нур чачып турган касиетине суктанганын көрүшөт. Абдул-Баханын жарык нуру Доротиге кандай таасир берген? Бул аңгеме, сиз үмүт кылгандай, кандайча балдардын Абдул-Бахага болгон жакындыгын арттырат?

22-сабактын темасы - берилгендик жана бул сапат Исфандияр жөнүндөгү аңгемеде чагылдырылган. Аңгеменин кайсы бөлүктөрү бул темага түздөн-түз байланыштуу? Исфандиярдын дагы кандай сапаттары анын берилген бойдон калуусуна көмөк болду? Сиз өз баяндооңузда кандай деталдарды сөзсүз түрдө камтыйсыз?

23-сабак чыдамдуулук сапатына арналган. Ли Шин сабырдуулук менен өзү отургузган шабдалы дарагын багып, кичинекей уруктан тартып, акыры мөмө байлаган даракка айланганга чейинки бардык этаптарды башынан өткөрөт. Аңгеме узак убакыт бою көрсөткөн чыдамдуулук кубаныч алып келээрин баса белгилеп, эмгегибиздин

үзүрүн көрүүдөн мурун канчалык талыкпай күч-аракет жумшоо керектигин көрсөтөт. Балдар үчүн чыдамдуулук рухий сапатын ушул жагынан карoo эмнеге маанилүү? Аңгемени окуучуларыңызга айтып берүүдө, сиздин оюңуз боюнча, кайсы деталдарды так аныктап алышыңыз керек?

______________________________________________

______________________________________________

______________________________________________

______________________________________________

______________________________________________

24-сабакта сиз балдарга Абдул-Баханын карындашы Бахийи-ханумдун жашоосу жөнүндө айтып бересиз. Бул аларга Бахийи-ханумдун кыйынчылык башына түшкөндө кантип туруштук көрсөткөнүн баяндап берет. Бирок сиз аларга Кудайга болгон сүйүүдө туруктуу болуу кандайдыр бир кыйынчылыкты же оорчулукту жеңүүдөн да көбүрөөк мааниге ээ деген түшүнүктү жеткирүүгө умтуласыз. Анын өмүр баяны балдарга Кудай Ишинде бек болуу үчүн талап кылынган кайрат менен туруктуулук туурасында түшүнүктү кандайча жеткирет?

______________________________________________

______________________________________________

______________________________________________

______________________________________________

______________________________________________

## 22-БӨЛҮМ

Бул бөлүмдө сиз биринчи деңгээлде балдар менен изилдей турган, алардын мүнөздөрүн өрчүтүүдө салым кошот деп үмүт кылган руханий сапаттар жөнүндө ойлонуп, бул жыйырма төрт сабакта камтылган ар кандай элементтерди аткарып машыктыңыз. 1-деңгээлде окуучуларыңызга өнүктүрүүгө жардам бере турган бардык руханий сапаттарды эстөө үчүн бир аз убакыт бөлүңүз. Булардын ичинен, Кудай сүйүүсүнө болгон туруктуулук сабактарды жыйынтыктоочу тема болгону орундуу болгондой, ошондой эле сабактарды, буга чейин талкуулангандай, жүрөктүн тазалыгына басым жасоо менен баштоо дагы алар үчүн маанилүү. Окутуу боюнча алгачкы тажрыйбаңызды баштап жатып, сиздин камкордугуңуздагы окуучуларга алардын ичинде жашырылган бардык асыл сапаттарды өнүктүрүүгө болгон аракетинде Кудайга болгон сүйүүдөгү туруктуулук кандайча жардам бере алаары тууралуу көбүрөөк ойлонушуңуз керек болот.

# Балдар үчүн 24 сабак

# 1-САБАК

**А. Дубаларды окуу жана жаттоо**

Кудайдын батасына ээ болуу үчүн жана руханий маанайды түзүү үчүн, өз сабагыңызды жатка билген дубаңызды айтуу менен баштаңыз, маселен 2-бөлүмдө сунушталган дубаны жатка окуп берсеңиз болот. Андан кийин, балдардан жатка билген дубалары болсо айтып берүүгө чакырыңыз. Мындан соң, алар төмөндөгү дубаны жатташмакчы. Анын маанисин түшүндүрүү үчүн, андагы кээ бир сөздөрдү конкреттүү мисалдардын негизинде түшүндүрүп бериңиз. Балдардын көпчүлүгү муну оңой эле жаттап алат деп күтүлөт, бирок сиз аны кийинки үч сабактын башталышында балдар менен бирге кайталап турасыз, натыйжада, 5-сабакта жаңы дубаны жаттоого өткөнгө чейин, бул дуба алардын жүрөктөрү менен акыл-эсине сиңгендей болушу керек.

> **“ Ал - Кудай! О, Кудай, Кудайым менин! Мага бермет сымал таза жүрөк тартуула!”[98]**

Бул алгачкы сабактарда балдар жаттай турган дуба кыска болгондуктан, алар менен 2-бөлүмдө айтылган дубанын табияты жана ага карата көрсөтүлчү сый-урмат мамиле тууралуу кээ бир ойлорду талкуулоо үчүн сизде мүмкүнчүлүк болот.

**Б. Ырлар**

Дубага бөлүнгөн убакыттын соңунда, балдар сабактын темасы болгон жүрөктүн тазалыгы жөнүндөгү алар жаттай турган цитатаны обонго салып ырдай алышат. Балдарга кээ бир сөздөр оор болушу мүмкүн, андыктан сиз аларга алгачкы төрт сапты ырдап үйрөнүүгө жардам берсеңиз болот, а сиз ырдын калган бөлүгүн ырдап бересиз.

Менин биринчи кеңешим

```
 C C/B    Am C/B
О, Рух баласы!
C  C/B    Am C/B
О, Рух баласы!
      F                    G
Биринчи кеңешим мындай:
      F                    G
Биринчи кеңешим мындай:
               F     G             C        Am
Болсо жүрөгүң таза, боорукер жана нурдуу
         F           G    C         Am
Падышалыкка сен жетесиң –
F                G        C       C/B  Am  C/B
Эзелки, өчпөс, түбөлүктүү (түбөлүктүү)

F                G        C
Эзелки, өчпөс, түбөлүктүү.
```

**B. Цитата жаттоо.**

Кийинки иш-аракет - Бахаи Жазмаларынан алынган цитатаны жаттоо. Сиз балдарга сабактын темасын жана цитатаны төмөндөгүдөй жол менен түшүндүрө аласыз:

Биздин жүрөгүбүз күзгү сымал болгондуктан, биз аны дайыма таза кармообуз керек. Бирөөгө ачууланууу, көз артуу жана жаман мамиле кылуу – мунун бардыгы биздин жүрөгүбүздүн күзгүсүн жаап калган чаң сыяктуу. Биздин жүрөктөрүбүз таза болсо, алар Кудайдын жарыгын жана анын мээримдүүлүк, сүйүү жана жоомарттык сыяктуу сапаттарын чагылдырып, жана биз башкалардын бакыт булагына айланабыз. Биздин журөгүбүз таза болуусу үчүн, келгиле, Бахаулланын бул сөздөрүн жаттап алалы:

> **"О, Рух баласы! Менин биринчи кеңешим мындай: жүрөгүң таза, боорукер жана нурлуу болсун..."** [99]

Балдар бул цитатаны жакшы түшүнө алышса, аны оңой эле жаттап алышат. Андыктан сизге андагы сөздөрдүн жана сүйлөмдөрдүн маанисин алар менен чогуу талкуулоо үчүн бир аз убакыт бөлүү сунушталат. Сизге жардам боло турчу кээ бир сүйлөмдөр төмөндө келтирилген:

*Кеңеш*

1. Бир жолу Жерар менен Мэри сүрөттөрдү боёп жаткан. Жерарга сары карандаш керек болот, бирок Мэри бергиси келбей коёт. Мугалим Мэриге бөлүшүү керектигин айтат. Мугалим Мэриге жакшы кеңеш берди

2. Патрисия акчасын эмнеге коротоорун чечиши керек эле - момпосуй алсабы же аңгемелер китебин сатып алганы жакшыбы. Ата-энеси ага аңгемелер китебин алганы жакшы экенин айтышты. Патрисияга ата-энеси жакшы кеңеш берди.

*Болуу/ ээ болуу / ээ*

1. Лена жатаарда келмелерди окуганды жакшы көрөт. Анын келмелер жазылган кичинекей китеби бар. Лена кичинекей келмелер китебине ээ.

2. Биз бакчабызда көптөгөн даамдуу жашылчаларды өстүрөбүз. Биз жашылчаларга бай жер тилкесине ээбиз.

*Таза жүрөк*

1. Кэти ачууланып, Аготко жаман сөздөрдү айтты. Агот капалана түшүп, бирок бат эле Кэтини кечирди. Аготтун жүрөгү таза.

2. Густаво момпосуюун башка балдар менен бөлүшүп жегенди жакшы көрөт, а түгүл дайыма эч нерсеси менен бөлүшпөгөн Хорхе менен да бөлүшөт. Густавонун жүрөгү таза.

*Мээримдүү жүрөк*

1. Минг Лингдин ата-энеси үйүнө досторун чакырганда, ал дайыма кубана дасторкон жаят. Минг Лингдин жүрөгү мээримдүү.

2. Робертсон мырза жашы улгайган адам. Жимми ага өзү өстүргөн жемиштерин базарга жеткиргенге жардам берет. Жимминин жүрөгү мээримдүү.

*Нурдуу жүрөк*

1. Мен капаланып турган кезде, менин апам дайыма менин көңүлүмдү көтөрүп, мага бакыт тартуулайт. Менин апамдын жүрөгү нурдуу.

2. Обуйа ооруп калгандыгына байланыштуу бүт убактысын төшөктө өткөрүүгө туура келди. Ал көп дуба окуп, капаланган жок, ал шаттуу маанайда кала берди. Анын жүрөгү нурдуу.

**Г. Аңгеме**

Балдар цитатаны жаттап бүткөн соң, таза жүрөктүн маанилүүлүгүн дагы бир жолу баса көрсөтө турчу, Абдул-Баха жөнүндө төмөндөгү аңгемени аларга айтып берсеңиз болот. Эсиңизде болсун, эгерде балдардын кээ бири Абдул-Баханын ким экендигин билбесе, ангемени баштаардан мурун аларга Ал тууралуу бир аз айтып берүүгө даяр болуңуз.

*Абдул-Баха ар дайым адамдардын жүрөгүндө эмне бар экенин билип турчу жана Ал нурдуу, таза жүрөктүү адамдарды абдан жакшы көрчү. Бир айымга Абдул-Баханын кечки тамагына конок болуп кетүү урматы көрсөтүлгөн экен. Ал айым Анын акылман сөздөрүнө кулак салып отуруп, алдында суу куюлган чөйчөккө көзү түшөт да, мындай деп ойлонот: “Эх, ушул чөйчөккө куюлган суу сымал, Абдул-Баха да менин жүрөгүмдү алып, аны көр дүйнөнүн куру бекер кыялдарынан тазалап, Кудайдын сүйүүсү менен түшүнүккө толтуруп койсо эмне...”*

*Бул ой ага бир саамга гана келип кеткендиктен, бул тууралуу эч кимге үн каткан жок. Бирок бир аздан кийин болгон окуядан улам, ал Абдул-Баха анын оюн окуп койгонун түшүндү. Абдул-Баха сөзүнүн ортосуна келгенде, бир азга токтоп, кызматкерин чакырып бир нерсе деп шыбырайт. Кызматкер ал айымдын жанына акырын басып келип, анын чөйчөгүн алып бошотот да, аны кайра анын алдына коёт.*

*Бир саамдан соң, Абдул-Баха сөзүн улай, үстөлдөн суу куюлган кумураны алып, жайбаракат шашпай басып келип айымдын бош чөйчөгүн сууга толтурат. Эч ким эмне болгонун байкаган жок, бирок ал айым Абдул-Баха анын жүрөгүндөгү тилегине жооп берип жаткандыгын билди. Ал кубанычка бөлөндү! Абдул-Баха үчүн адамдардын жүрөктөрү менен акыл-ойлору ачык китеп сымал экени жана Ал аларды улуу сүйүү жана мээримдүүлүк менен окууру ал айымга эми маалым эле.*

### Д. “Бөлүшүү” оюну

Кийинки көнүгүү үчүн унаанын желим дөңгөлөгүн жерге коюңуз да, балдардан бир эле мезгилде анын үстүндө канчоосу тура алаарын сураңыз. Дөңгөлөк жок болсо, сиз килемче же сүлгүнү же ушуга окшош башка нерсени деле колдонсоңуз болот. Кандай буюм тандабаңыз, ал жетиштүү деңгээлде кичине болушу абзел, ошондо гана класстагы балдардын тобу үчүн татаал жана кызыктуу болмокчу.

### Е. Сүрөт боёо: 1-сүрөт

Оюн бүткөн соң, сиз балдарды чогултуп, аларга 1-сүрөттүн көчүрмөсүн боёгонго берип, анын ылдый жагында бүгүнкү сабакта жаттаган цитатанын жазылганын белгилеп, бүгүнкү сабактын темасы менен бул сүрөттүн ортосундагы байланышты бир нече алдын ала даярдап алган сөзүңүз менен түшүндүрө кетиңиз.

### Ж. Жыйынтыктоочу дуба

Сабакты жыйынтыктоо үчүн, эки же үч баланы алар жатка билген дубаны окуп же алар буга чейин жаттаган цитатаны айтып берүүнү сунуштаңыз. Андан соң сиз аларга жыйынтыктоочу дубаны окусаңыз болот.

## 2-САБАК

### А. Дубаларды окуу жана жаттоо

Бул жана кийинки эки сабакты 1-сабакта берилген дуба менен баштоо сунушталат. Андан соң, сиз алдын ала тандап алган бир нече баланы алар билген дубаны айтууга чакырсаңыз болот, алар айтып бүткөндөн кийин, мурдакы сабакта берилген дубаны жаттоого аларга жардам берүүнү улантыңыз.

### Б. Ырлар

Кийинки көнүгүүдө балдар эки ырды ырдаса болот: бирөө мурунку сабакта берилген ыр, экинчиси төмөндө келтирилген - ал сабактын темасы болгон адилеттүүлүккө байланыштуу.

Адилеттик – асыл жол

```
D
Адилеттик бул – асыл жол,
  A                    D
Жаркын күн алып келет мол.
    G                    D
Азапка батканды шаттандырат,
    A                          D
Жаркырап жанып турат,
       D      A        D
Адилеттик бул – асыл жол.
```

D
Абдул-Баха биз билгендей,

A D
Азга дайым шүгүр болгон.

G D
Баары менен бөлүшүп
A D
Сүйүүсү мол болгон,

D A D

Азга дайым шүгүр болгон.

D
Бөлүшө бил адилеттүү болом десең,
A D
Жашоо үчүн сүйүү берген, шаттык берген.
G D
Ырыскыны Алла берген бөлүшкүн,
A D
Ошентип, мыкты дүйнө курушкун.
D A D
Адилеттик – асыл жол.

**B. Цитата жаттоо.**

Ырлар ырдалып бүткөн соң, балдарды Бахаулланын Жазмаларынан алынган цитатаны жаттаганга чакырасыз. Аны түшүндүрүү үчүн төмөндө бир нече идеялар сунушталат:

Кудай адилеттүүлүктү сүйөт. Адилеттүүлүк өкүм сүрсө, бардыгы жашоодогу жыргалчылыктардан ырахат алып жашайт. Ар бир бала мектепке бара алат, ар бир үй-бүлөнүн жайлуууу үйү бар болот жана кимдин колунда бар болсо Кудайдан алган ырыскысын башкалар менен кубана бөлүшөт. Биз башкаларга акыйкат жана адилеттүү мамиле кылганда, Ал бизге ыраазы болот. Эгерде кимдир бирөөнүн туура эмес мамилеге дуушар болгонун көрсөк, анда биз аны коргоп, жардам беришибиз керек. Досторубуздан же кошуналарыбыздан аларга таандык нерселерди тартып албашыбыз керек. Бир нерсени бөлүп берүү керек болсо, биз эч кимди унутта калтырбастан, ар бири өз үлүшүнө ээ болгонуна кам көрүшүбүз керек. Адилеттүү болуу үчүн Бахаулланын мындай цитатасын жаттап алалы:

**"Адилеттүүлүктүн жолу менен бас, анткени ал, акыйкатта, туура жол."**[100]

Балдарга бул цитатаны жаттоого берүүдөн мурун, анын негизги маанисин түшүндүрүү маанилүү. Балдар үчүн жаңы болушу ыктымал деген кээ бир сөздөрдү түшүндүрүү үчүн, төмөндө бир нече сүйлөмдөр берилди.

*Басуу*

1. Токойдогу дарактардан түшкөн жалбырактар чыйыр жолду жаап калды. Фумико токойдо сейилдеп жүрөт. Ал жалбырак төшөлгөн жолдо басып бара жатат.

2. Педро досторуна биргелешип көңүлдүү ойноого жардам бергенди жакшы көрөт. Педро жана анын достору абдан ынтымактуу. Педро биримдиктин жолу менен басат.

*Жол*

1. Луистин коделеги бар. Ал аны жашыл жайсаңга алып чыгып, жалгыз калтырды. Коделек үйгө келүүчү жолду өзү таап келди.

2. Мектепке баруучу эки жол бар. Милли дайыма чоң энесинин үйүнүн жанынан өтүүчү жол менен барганды жакшы көрөт.

*Адилеттүүлүк*

1. Карлоско класска таратып берүү үчүн түстүү карандаштарды беришти. Карандаштын саны - оноо, а балдар болсо – бешөө. Карлос балдардын ар бирине экиден карандаш берди. Карлос карандаштарды адилеттүүлүк менен таратып берди.

2. Аннанын кудугунда суу толтура, ал эми анын коңшусунун кудугу кээде соолуп калат. Анна өзүнүн кошунасынын суусуз калуусун каалабайт, андыктан ал ар дайым жайдары маанайы менен кошунасын өз кудугунан суу алып туруугa чакырат. Анна адилеттүүлүктү жакшы көрөт.

**Г. Аңгеме**

Балдар цитатаны жаттап бүткөндөн кийин, сиз Абдул-Баханын канчалык адилеттүү экендигин чагылдырган төмөндөгү аңгемени айтып берсеңиз болот.

> *Күндөрдүн биринде Абдул-Баха Аккадан Хайфага барып келмекчи болот. Ал атка чегерилген жөнөкөй эле унаадан арзан орун сатып алат. Унаанын айдоочусу таң калып, “Абдул-Баха мындай арзан унаага түшүп акчасын эмне мынча сарамжалдайт? – деген ой келет. “Улуу Урматтуум, балким Сиз жеке карета менен саякаттагыңыз келээр?”- деп сурайт. “Жок!”- деп жооп берген Устат, Хайфага кадимки араба менен эле келет. Хайфага жетип, арабадан түшүп жаткан кезде, Анын жанына капалуу балыкчы аял басып келип, жардам берүүсүн сурайт. Кечке чейин ал бир да балык кармай албай койгонун, эми өзүнүн ачка отурган үй-бүлөсүнө кайтып бараарын айтат. Абдул-Баха ал аялга көп акча берип, анан Өзүн алып келген арабакечке кайрылып айтат: “Ушунча адам ачка отурганда, мен эмне үчүн жеке ырахатымды ойлоп, ыңгайлуу шартта саякатташым керек?”.*

**Д. “Чаңкап суусоо” оюну**

Аңгемеден кийин балдар кубана оюн ойношот. Чыканактарын бүгө албагандай кылып, алардын колдоруна таяктарды байлаңыз да, алардын чөлдө жүргөндүгүн жана абдан суусап жаткандыгын элестетүү керектигин айтыңыз. Алар сиз алдын ала камдап койгон суу куюлган чөйчөктөргө барганда, андагы суусундукту ичүүнүн жолун табуулары керек. Алар бир гана жол бар экенин түшүнөт - бири-бирине жардам берүү. Бири-биринин үстүнө суу төгүп албагандай абайлоо керектигин эскертиңиз.

**Е. Сүрөт боёо: 2-сүрөт**

Кийинки көнүгүү катары, ар бир балага 2-сүрөттүн көчүрмөсүн боёгонго бериңиз. Сиз балдарга алар жаттаган цитата барактын ылдый жагында берилгенин эскертип, сабактын темасына бул сүрөттүн кандай тиешеси бар экенин бир нече сөз менен айтууга даяр болушуңуз керек.

**Ж. Жыйынтыктоочу дуба**

Балдар сүрөттү боёп бүткөн соң, аларды бүгүнкү же мурунку сабакта жаттаган дубаларын же цитаталарын жатка айтып берүүгө чакыруу дурус. Андан соң сиз аларга соңку дубаны сунуштасаңыз болот.

## 3-САБАК

**А. Дубаларды окуу жана жаттоо**

Сабакты ачуу үчүн, жатка билген бир дубаны айтып бериңиз да, алдын ала тандап алган бир нече баланы жатка билген дубаларын айтууга чакырыңыз, алар айтып бүткөндөн кийин, мурдакы сабакта берилген дубаны кайрадан кайталоо үчүн бир аз убакыт бөлсөңүз болот.

**Б. Ырлар**

Кийинки көнүгүүнү балдар менен алар мурунку сабактарда жаттаган 2 ырды ырдоо менен баштаңыз. Андан соң, аларга төмөндөгү бул сабактын темасына байланышкан ырды үйрөтүңүз.

Сүй, сүй, сүй

```
  C          F
Сүй, сүй, сүй
  G                C
Сүй боордошуңду.
  C          F
Сүй, сүйүүдөн
  D7               G
Дүйнө жаралды.
  C            F
Жаратканын сүйүп Эгем,
  C       G
Сени жаратты.
  C          F
Теңирди сүй,
G            C
 Сүй адамзатты.
```

Сүй, сүй, сүй,
Түбөлүктүү жакшылыкты.
Сүй, сүй, сүй,
Достукту, ынтымакты.
Жаратканын сүйүп Эгем,
Сени жаратты.
Теңирди сүй,
Сүй адамзатты.

Кудай жаратkандарды,
Сүйгүн кайда болсо дагы,
Жарык жылдыз деп бил,
Ар бир жанды, адамды
Жаратканын сүйүп Эгем,
Сени жаратты.
Теңирди сүй,
Сүй адамзатты.

**B. Цитата жаттоо**

Цитатаны жаттоого берүүдөн мурун, сиз балдар менен сабактын темасына байланышкан төмөндөгү идеялар менен бөлүшсөңүз болот:

Кудайдын сүйүүсү адамзатка күндүн нуру сымал төгүлөт. Күндүн нуру чөлдөргө да, сейил бакчаларга да бирдей тиет. Анын жылуулугу аркылуу түшүмдүү жерге отургузулган уруктар өсүп, баалуу жемиштерин берет. Биз дагы жүрөгүбүздүн таза топурагына, Анын мээримдүү камкордугунун жылуулугу астында өнүп, гүлдөй турган, Кудай сүйүүсүнүн үрөндөрүн отургузуубуз керек. Ошондо биздин сүйүүбүз жайылып, биз баарына, атүгүл кээде бизге жамандык каалагандарга да сүйүүбүздү көрсөтө алабыз. Бүткүл адамзатты сүйгөндү үйрөнүү үчүн, Бахаулланын бул цитатасын жаттап алалы:

**“О, досум! Жүрөгүңдүн бакчасына бир гана сүйүү розасын өстүр...”** [101]

Бул цитатадагы түшүндүрмөнү талап кылышы мүмкүн болгон жалгыз сөз - “бир гана”.

1. Динео күн жана гүлдөр тууралуу ырларды ырдаганды жакшы көрөт, ал башка нерселер тууралуу ырдабайт. Динео бир гана күн жана гүлдөр жөнүндө ырдайт.

2. Та Жен өзөн жакка баргысы келген, бирок ал үй тапшырмаларын аткара элек. Атасы ага тапшырмаларын бүтүрмөйүнчө эч жакка барбасын айтканда, Та Жендин көңүлү чөктү. Чоң энеси ага мындай деди: “Жарыгым, бир гана атаңды ук, ошондо бардык ойлогондоруң ишке ашат».

**Г. Аңгеме**

Жаттоого бөлүнгөн убакыттан кийин, балдарга төмөндөгү аңгемени айтып бериңиз:

*Абдул-Баха Аккада туткунда жүргөн кезинде, ал жерде ага карата орой мамиле жасаган бир адам бар эле. Ал Абдул-Баханы жаман адам деп ойлочу, эгер бахаилерге адамдар жаман мамиле кылышса, Кудай ага маани бербейт деп эсептечү. Ал тургай, ал киши бахаилерди жек көрүү менен өзүнүн Кудайга болгон сүйүүсүн көрсөтүп жатам деп ишенчү. Ал Абдул-Баханы чын жүрөгү менен жек көргөн. Жек көрүүсү күн өткөн сайын күчөп, кээде сынык кумарадан аккан суу сымал сыртка ташып чыкчу. Мечитке адамдар сыйынуу үчүн келишкенде, тигил киши дайыма Абдул-Бахага каршы кыйкырып, Ал жөнүндө жаман сөздөрдү айтчу. Көчөдөн Абдул-Баханы жолуктуруп калса, Аны көрбөш үчүн бетин чапаны менен калкалап жаап алчу.*

*Ал киши өтө кедей болгондуктан, көп учурда жегенге тамагы да болбой калчу, жылуу кийими да жок эле. Абдул-Баха ага эмне кылды деп ойлойсуңар? Абдул-Баха ал кишиге дайыма мээримдүү мамиле кылып, ага тамак-аш, кийим-кечек жиберип, ага толук камкордук көрүлүшүн көзөмөлдөп турган. Мисалы, бир жолу ал адам катуу ооруп калганда, Абдул-Баха ага дарыгер жиберип, анын дары-дармегин, тамагын төлөп, дагы бир аз акча берген. Ал киши Абдул-Баханын бергендерин алып, бирок Ага ыраазычылык билдиргенге да жараган эмес. Ал гана турсун, ал бир колун тамырынын кагышын ченетиш үчүн дарыгерге сунуп, экинчи колу менен Абдул-Баханын жүзүн көрбөш үчүн бетин жаап алган. Ошентип арадан көп жылдар өтөт. Күндөрдүн биринде ал адамдын жүрөгүндөгү муз эрийт. Ал түз эле Абдул-Баханын үйүнө келип, Анын бутуна жыгылат. Жүрөгүндө оор таш тургандай, эки көзүнөн жаш токтобой шорголоп агып: "Мырза, мени кечириңиз, жыйырма төрт жыл бою Сизге кастык кылдым. Сиз болсо жыйырма төрт жыл бою мага мээрим гана төктүңүз. Азыр мен туура эмес кылганымды түшүндүм. Мени кечириңиз, суранам", – деп ыйлайт. Ошентип, Абдул-Баханын чексиз сүйүүсү жек көрүүнү жеңип чыгат.*

**Д. "Көпүрө" оюну**

Кийинки көнүгүү үчүн жерге отургучтарды, тактайларды, кыштарды же такталарды колдонуп, узун тилке жасагыла. Бул "көпүрө" болот. Балдарды эки топко бөлүп, аларга эки топ эки жактан келип көпүрөнүн үстүнөн бир убакта өтүшү керектигин түшүндүрүңүз, "көпүрөдөн" эч ким кулап калбашы керек. Бул тапшырманы аткарыш үчүн балдар бири-бирине жардам берип, орундарын алмаштырып, бири-бирин өткөрүү керектигин түшүнүүгө тийиш.

Аларга жардам берүү үчүн, сиз балдарды оюнду баштай турган жерге баштап барып, ар бир кадамды так түшүнүүгө жардам бериңиз. Балдардын бардыгын тең дароо эле көпүрөнүн үстүнө тургуза салбастан, алгач аларды эки-экиден же бир нечесин гана өткөрүп машыгууга болот. Бир нече жолу өтүп көрсөткөндөн кийин, алардын санын көбөйтүп, баары оюнга катышкандай болушу керек.

**Е. Сүрөт боёо: 3-сүрөт**

Оюнду улай, акыркы көнүгүү катары ар бир балага 3-сүрөттүн көчүрмөсүн боёгонго бериңиз. Андагы сүрөттүн сабактын темасы менен болгон байланышы тууралуу бир нече сөз айтууну унутпаңыз.

**Ж. Жыйынтыктоочу дубалер**

Сабакты бүтүрүү үчүн, окуучуларыңызды тынч отурууга үндөңүз, эки же үч окуучу жатка билген дубаларын же цитаталарды айтып беришет. Андан кийин сиз же балдардын бири соңку жыйынтыктоочу дубаны окуса болот.

## 4-САБАК

**А. Дубаларды окуу жана жаттоо**

Сабакты дуба менен ачкандан кийин, окуучуларыңыз менен чогуу акыркы бир нече сабакта жаттаган дубаны кайталап чыгыңыз.

**Б. Ырлар**

Кийинки ишмердүүлүккө өтүүнүн алдында, балдарды мурунку сабактарда үйрөнгөн ырларын ырдаткыла, андан соң чынчылдык темасына байланышкан бул жаңы ырды үйрөтүңүз:

Ак сөздөр

```
    G                          D
Күзгүнүн бети чаңдаса,
  A                            D
Күндүн жарыгы чагылбайт.
   G                           D
Куш канаты булганса,
   A                D       D7
Асманга сызып уча албайт.

КАЙЫРМА
      G                   D
Чынчыл болсок ар убак,
     A                   D    D7
Көкөлөп учат жаныбыз.
         G                  D
Адамдык изгиликтин негизи -
  A                  D
Чынчылдык бул - билебиз.

КАЙЫРМА
```

Кеме алдыга жылабы,

Жел айдагыч жыртылса?!

Көздөрүң жолду көрөбү,

Көшөгө аны жаап турса?!

КАЙЫРМА (*акыркы сап кайталанат)*

**B. Цитата жаттоо**

Сабактын темасын жана жаттоого бериле турган цитатаны төмөнкүчө тааныштыруу сунушталат:

Чынчылдык - бул адамзат үчүн эң маанилүү руханий сапаттардын бири. Биз, эч ким билбей турган болсо дагы, эч качан тырнактай да калп айтпообуз керек. Адамдар кээде чындыкты айтуудан корккондуктан калп айтышат. Бирок биз эмне кылбайлы, Кудай бардыгын көрүп тургандыгын биз билебиз жана биз Андан эч нерсени жашыра албайбыз. Биз чындыкты сүйүшүбүз керек. Эгерде биз чынчыл болбосок, анда өзүбүздө адилеттүүлүк, сүйүү жана боорукердик сыяктуу башка руханий сапаттарды өнүктүрүү кыйын болуп калат да, биз Кудайга жакын боло албайбыз. Келгиле, Абдул-Баханын төмөнкү цитатасын жаттап алалы:

**“Чынчылдык - адамзаттын бардык изгиликтеринин пайдубалы.”** [102]

Төмөндө балдарга түшүнүксүз болушу ыктымал делген цитатадагы татаалыраак сөздөрдүн маанисин түшүндүрүүдө жардам болчу бир нече сүйлөмдөр келтирилди.

*Чынчылдык*

1. Санжей стаканды колунан түшүрүп, аны сындырып алды. Апасы андан сураганда, ал калп айтпастан чындыкты айтты. Санжар чынчыл экенин көрсөттү.

2. Гита бир күнү кечинде ушунчалык көпкө ойногондуктан, үй тапшырмасын бүтүргөн жок. Эртеси күнү, аны тапшырууга убакыт келгенде, ал мугалиминин нааразы болорун түшүнүп турса да, чындыкты айтуу керек деп чечти. Гита өзүнүн чынчылдыгын көрсөттү.

*Пайдубал*

1. Алоканынн атасы үй куруп жаткан. Үйдүн дубалдарын көтөрүүдөн мурда, дубалдар тура турчу жерге биринчи таштарды салып, ага цемент куюп катытты. Цемент менен таш үйдүн пайдубалын түзөт, бул үйдүн бекем болушун камсыздайт.

2. Окууганды жана жазганды үйрөнүүдөн мурда тамганын өзүн жана анын айтылышын билүү керек. Тамгалардын окулушун билүү - окуунун жана жазуунун пайдубалы болуп эсептелет.

1. Аврора досчул мүнөздүү, сыпайы жана мээримдүү кыз. Досчул мүнөз, сыпайылык жана мээримдүүлүк анын көптөгөн изгиликтеринин бири.

2. Пэтил айым балдарды адилеттүүлүк, марттык, момундук жана адалдыкка үйрөтүп келет. Бул жакшы изгиликтер ар бир адамда болушу керек.

**Г. Аңгеме**

Кийинки көнүгүү катары сиз окуучуларыңызга төмөндөгү аңгемени айтып берип, балдарга чынчылдык изгилиги тууралуу ой жүгүртүүсүнө жардам бериңиз.

*Алыскы бир өлкөдө, мындан көптөгөн жылдар мурда, жаш чабан жашаптыр. Анын атасы талаада иштеп, апасы болсо үйдөгү чарба менен алек болчу. Ал эми анын милдети - үй-бүлөсүнө тиешелүү болгон малга көз салуу эле. Бир жолу бала зеригип, өзүнүн кошуналарын тамашага салып, бир аз көңүл ачкысы келет. Ал кокусунан эле "Карышкыр! Карышкыр койлорго тийди!"- деп кыйкыра баштайт. Анын бардык достору карышкырды куууганга жардам берели деп келишсе, ал үрөйү учкан теңтуштарын көрүп каткыра күлөт, карышкырдын дайыны жок. Достору үйлөрүнө кайтып бара жатып, анын туура эмес кылганы тууралуу кеп кылышат.*

*Эртеси бала адаттагы тамашасын кайрадан кайталайт. "Карышкыр! Карышкыр! Жардамга! Жардамга!" Кээ бир кошуналары дагы да болсо жардамга шашыла келип, чабан баланын кайрадан аларды шылдыңдап күлүп жатканына күбө болушат. Үчүнчү күнү кошуналары дагы "Карышкыр! Карышкыр! Жардамга! Карышкыр койго тийди!"- деп кыйкырган үндү угушканда, дагы эле баягы калпынын бири экен деп ойлошуп, эч ким көңүл бөлбөй коёт. Бирок бул жолу карышкыр чынында эле койлорго тийип, аларды жеп кетет! Жаш чабан абдан капа болот, бирок бул ал үчүн жакшы сабак болуп калат. Эгерде биз калп айтсак, анда бир күнү чын айтып жатсак да, бизге ата-энелерибиз, бир туугандарыбыз, досторубуз ишенбей койгон күн келет.*

**Д. "Бузук телефон" оюну**

Бул аңгемени айтып берген соң, балдарды оюн ойнотсоңуз болот. Балдар бир катарга тизилип, бир багытты карап туруулары керек. Ал эми акыркы бала дубалда, бакта, же доска бар болсо, анда доскада илинген кагазга бет маңдай турат. Анын колунда жазууга ыңгайлуу болгон курал болушу керек. Эгер балдар көп болсо, алар бир нече катарга тизилсе болот.

Манжаларыңыз менен акыркы турган баланын аркасына бир нерсенин сүрөтүн тартыңыз. Ал бала өз кезегинде өзүнүн алдында турган экинчи баланын аркасына өзүнө тартылган сүрөттү манжалары менен тартат, экинчи бала ал сүрөттү үчүнчү баланын артына тартат ж.у.с. Акырында сүрөт тартуу кезеги досканын жанында ага бетме-бет турган балага келет да, ал бала сүрөттү дубалда илинген кагазга же доскага тартат. Мындан кийин доскага келип, акыркы бала тарткан сүрөттүн жанына өзүңүздүн тарткан сүрөтүңүздү тартыңыз. Бардык балдар тарта алгандай, сүрөттөр жөнөкөй, тартууга оңой болушу кажет.

### Е. Сүрөт боёо: 4-сүрөт

Сиз балдарга кийинки көнүгүү катары, 4-сүрөттүн көчүрмөсүн адаттагыдай боёо үчүн таратып берсеңиз болот.

### Ж. Жыйынтыктоочу дуба

Адаттагыдай эле, цитаталарды жана дубаларды айтуу учурунда балдардан тынч отурууну суранып, сабакты жыйынтыктаңыз.

## 5-САБАК

### А. Дубаларды окуу жана жаттоо

Бул жана кийинки үч сабакты, дагы бир сиз жатка билген дуба менен ачсаңыз болот, ошондой эле, 6-бөлүмдө келтирилген дуба ушул максат үчүн сунуш катары берилет. Балдардын бир нечеси сизге кошулуп сабакты ачуучу дубаны айткан соң, сиз аларга төмөндө келтирилген жаңы дуба туурасында айтып берип, жаттоого жардам бересиз. Бул сабак учурунда алар жок дегенде дубанын бир бөлүгүн үйрөнө алышат жана 8-сабакка чейин аны толугу менен жаттап алышат.

> **“О, Кудай, мени башкар, мени сакта, мени жанып турган чырак, жаркыраган жылдыз кыл. Сен Кудуреттүү жана Күчтүүсүң.”** [103]

### Б. Ырлар

Бул сабакта, балдарга төмөндөгү жаңы ырды үйрөтүүдөн тышкары, буга чейин жаттаган ырлардын кээ бирин алар менен бирге ырдасаңар болот.

Марттыктын булагы

```
    C
Оргума бол, булак бол,
   C                G
Токтобой аккан арык бол.
  F               C
Берешен бол, жоомарт бол,
   Dm7      G7      C
Бакыт келет сага мол.
            F           C
Жүрөгүңдөн күндө изде,
     D7                          G7
Башкаларга бергенге.
```

Бактылуу болуу - максатың,
Жүрөгүңдү жана жаныңды арнагын.
Акыйкатта, бул чындык,

Кудай болот сени менен дайым,
Жүрөгүңдөн күндө изде,
Башкаларга бергенге.

Бактылуу болуу- максатың,
Жүрөгүңдү жана жаныңды арнагын.
Акыйкатта, бул чындык,
Кудай болот сени менен дайым.

**B. Цитата жаттоо**

Төмөндө келтирилген идеялар, балдарга бүгүнкү сабактын темасын жана алар жаттай турган цитатаны тааныштырууда сизге жардам болот:

Өзүнүн жаратdebкандары үчүн Алла Таала ар дайым март келет. Ал өсүмдүктөргө жамгырын жаадырып, жан-жаныбарларды жана адамдарды азык менен камсыз кылат. Ал бардыгыбызга камкордук көрөт. Ал бизге көптөгөн белектерди тартуу кылган: тоолорду, дарыяларды, жылдыздарды жана айланабыздагы бардык сулуулукту көрө турган көз берди; мукам ырларды, канаттуулардын сайраганын, ата-энебиздин кеңештерин жана Кудайдын Сөзүн уга турган кулактарды берди. Ал бизге ааламдын сырларын таанып биле тургандай акыл берди жана баарынан мурда, Анын Өзүн таанып-билип жана сүйө ала тургандай руханий күчтөрдү тартуу кылды. Кудай бизге карата кандай март болсо, биз да бири-бирибизге март болуубуз керек. Биз башкалардын муктаждыктарын канааттандыруу үчүн колубузда болгон нерселерди - тамак - ашыбызды, колубузда бар нерселерди, убактыбызды, билимибизди эч аябастан берүүбүз кажет. Биз сүйүүбүз, кубанычыбыз, үйдө жана мектепте үйрөнгөн жакшы нерселерибиз менен бөлүшүүбүз шарт. Берешен болуу аракетибизге жардам берүү үчүн, келгиле, Кудайдын берешендигин эске салган Бахаулланын бул цитатасын жаттап алалы:

> **“Тартуу кылуу жана март болуу - Мага таандык касиет; өзүн Менин изгиликтерим менен кооздогондорго ыраазычылык.”** [104]

*Марттык*

1. Рам жана Ражиш бир аз акча чогултушкан. Алар акчасын өзүлөрүнүн кичүү ини-карындаштарына китеп сатып алууга жумшоону чечишти. Рам жана Ражиш март адамдар.

2. Мерфи айым эртең мененки убактысын таттуу токоч бышырууга жумшады. Шаарга барып сатуудан мурда, ал өзүнүн кошуналарына эки чоң таттуу токочту берди. Мерфи айым марттык кылды.

*Касиет*

1. Таш абдан катуу. Катуулук - ташка мүнөздүү касиет.

3. “Тырышып окуу - сага мүнөздүү касиет”- деди мугалим Шарлинге.

*Коездоо*

1. Бүгүн кечинде жамааттык борбордо дуба кечеси өткөрүлөт. Балдар ал бөлмөгө коюу үчүн гүл теришти. Балдар жыйындар залын гүл менен кооздошту.

2. Ли Фенгтин жылмаюусу ажарлуу. Жылмаюуу дээрлик бардык учурда анын жүзүн кооздоп турат.

**Г. Аңгеме**

Бул сабакта сиз балдарга марттыктын маанисин түшүндүргөн төмөндөгү аңгемени айтып бересиз:

> *Бир күнү Абдул-Баханын атасы Бахаулланын коюн кайтарган адам айылга келип, Абдул-Бахаңы чабандар менен чогуу күн өткөрүп кетүүгө чакырат. Ал мезгилде Абдул-Баха кичине бала болчу, ошондой эле Бахаулла жана Анын үй-бүлөсү аргасыздан мекенин таштап кеткенге чейинки кез эле. Бахаулланын көптөгөн менчик жерлери жана короо-короо койлору боло турган. Апасынын уруксаты менен Абдул-Баха чабандарга барып, алар менен көңүлдүү күн өткөрөт: алар ырдап, бийлеп, сонун тамактарды жасашат. Кеч кирген соң, Абдул-Баха кетүүгө камдана баштайт, чабандар коштошуу үчүн анын айланасына чогулуп калат. Ошондо Аны коштоп жүргөн чабан, малга жана жерге ээлик кылгандарда коштошуу учурунда белек калтырып кеткен салты бар экенин айтат. Абдул-Баха бир саамга унчукпай калат. Анын жанында аларга берээрге эч нерсеси жок эле, бирок коштоп жүргөн адам койчулар андан бир керсе күтүп жатканын айтып койбойт. Аңгыча болбой, Абдул-Бахага бир ой келет: чабандарга алар өздөрү кайтарып жаткан малдан бир нече койду белекке берүүнү чечет. Бахаулла Өзүнүн баласынын чабандарга кылган марттыгын угуп, абдан ыраазы болот. Ал күлүп, бардыгына Абдул-Бахага жакшылап көз салууну айтат, антпесе бир күнү Ал Өзүн да белекке берип салаарын айтат. Чындыгында эле, Абдул-Баха өмүрүнүн акырына чейин дал ошондой кылды. Ал колунда болгонунун баарын берчү – өмүрүнүн ар бир көз ирмемин адамзатына арнады – биздин башыбызды бириктирип, чыныгы бакыт тартуулоо үчүн өмүрүн берди.*

**Д. “Эгиздер” оюну**

Аңгемеге бөлүнгөн убакыттын соңунда, балдар адаттагыдай эле оюн ойношот. Оюн үчүн балдарды эки-экиден бөлүңүз, бою бирдей келген балдар бир жупта болгону дурус. Балдар бири-бирине далысын салып турушу керек, анан аларды бутунун учуна отуруу керектигин айтыңыз. Алар чыканактары менен илишип алып, өйдө турушу керек. Алар эки-экиден ушинтип турганды үйрөнгөдө, үчтөн, анан төрттөн кылып бөлүштүрүп, ушул эле иш-аракетти кайталоону сураныңыз.

**Е. Сүрөт боёо: 5-сүрөт**

Кийинки көнүгүү катары 5-сүрөттүн көчүрмөсүн боёо үчүн таратып берсеңиз болот.

**Ж. Жыйынтыктоочу дуба**

Сабакты бир нече бала менен чогуу дуба окуу жана цитаталарды айтуу менен бүтүрүүгө болот.

# 6-САБАК

**А. Дубаларды окуу жана жаттоо**

Сиз жана бир нече окуучулардын дуба айтуусу менен сабак ачылган соң, балдарга 5-сабакта берилген дубаны жаттоону улантууга жардам берсеңиз болот.

**Б. Ырлар**

Кийинки көнүгүү катары, балдарга сабактын темасына байланышкан төмөнкү ырды үйрөтүңүз. Ошондой эле алар өзгөчө жактырган бир нече ырды ырдаса болот.

Өзгөнү өзүңдөн артык көр

```
 C      G/B  Am7    C
 Таңдай кургап, суусап турсам,
  Dm        G       C           Am7
Жакыным да чаңкап турса,

  F   Em    Dm       C
 Өзүм ичпей суумду берем,
  Dm           G            C
Суусунун кандырганча.

КАЙЫРМА:

F         G                C         Am
   Бир тууганын артык көргөн баталуу,
  F         G        C          Am
 Өзүңө эмес, өзгөгө сен кам көрсөң.
F         G                C          Am
   Бир тууганын артык көргөн баталуу,
 F        G                          C
   Бай болот көп бөлүшкөн.

Бир тууганым болсо ачка,

Азыгымды тең бөлүшөм,

Болсом да өзүм ачка,

Жакшы жол болбос башка.

КАЙЫРМА:
```

**В. Цитата жаттоо**

Бул сабакта балдар Бахаулланын Жазмаларынан алынган дилдин тазалыгына чакырган цитатаны үйрөнүшөт. Сиз аны төмөндөгүдөй жол менен сунуштасаңыз болот:

Кудай ар бирибизди жакшы көрөт жана Ал адамзатка жүрөктү Аны таанып билүү жана Аны сүйүү үчүн берген. Биздин жүрөгүбүз таза болсо, Кудайдын белгилерин биз Ал жараткандарда чагылдырылганын көрө алабыз. Биз Анын жоомарттыгын, Анын мээримдүүлүгүн, Анын ырайымдуулугун көрөбүз. Кудайга болгон сүйүүбүздүн аркасында биз айланабыздагы адамдарга – ата-энелерибизге, ага-эжелерибизге, досторубузга жана кошуна-колоңдорубузга кубаныч жана бакыт тартуулагыбыз келет. Биздин сүйүүбүз ушунчалык зор болгондуктан, биз үчүн эң чоң кубаныч – башкаларга кубаныч тартуулоо, биринчи алардын камын ойлоп, андан кийин гана өз камыбызды көрөбүз. Андыктан биз өзүбүздөн биринчи, айланабыздагы адамдар тууралуу ойлонобуз. Келгиле, Бахаулланын төмөнкү сөздөрүн жаттап алалы:

**"Өзүнөн да өзгөнү артык көргөн - баталуу"**[105]

*Бата*

1. Амелиянын апасы аны дүкөндөн беш нерсе сатып келүүнү суранган. Ал тизме түзгөн жок, бирок бирин да унутпай, баарын сатып алды. Амелия жакшы эс-тутумга ээ болуу батасына арзыган.

2. Викторлун үй-бүлөсү өз үйүндө дайыма эртең менен чогуу дуба окушат. Бул Кудайды эскерүү батасына ээ болгон үй.

*Артык көрүү*

1. Анушканын чоң энеси жалбыз кошулган да, лимон кошулган да чайды жакшы көрөт, бирок эгер аннын тандоо мүмкүнчүлүгү болсо, анда ал жалбыз кошулган чайды тандайт. Ал жалбыз чайды артыгыраак көрөт.

2. Вясна көчөгө чыгып ойносо да болот, же атасына жардам берип, бакчада иштесе да болот. Ал атасына жардам берүүнү чечти. Вясна атасына жардам берүүнү артык көрөт.

**Г. Аңгеме**

Төмөндөгү аңгеме Абдул-Баха Өз сөздөрү жана кылган иштери аркылуу бизге дилдин тазалыгын кандайча көрсөткөнүн баяндап берет.

*Абдул-Баха жупуну кийинип жүрүүнү артык көргөн. Ал үчүн эң негизгиси кийимдин тыкан жана таза болуусу эле. Өзүнүн ашык кийимдери болуп калса, аларды башкаларга берип салчу. Күндөрдүн бириндe Абдул-Бахага Акканын губернатору менен жолугушууга туура келет. Жубайы Абдул-Баханын кийип жүргөн чапанын мындай учур үчүн анча татыктуу эмес деп ойлойт. Ага чейин ал бычмачыга барып, Абдул-Баха үчүн мыкты чапанга буйуртма берип коёт. Губернатор менен жолуга турган күн келгенде, Абдул-Бахага жаңы чапан даярдап коюшат, бирок Ал өзүнүн эски чапанын издеп баштайт. Мындай*

*кымбат чапан кантип эле Аныкы болмок эле? Бул жаңы чапандын баасына жөнөкөй чапандан бешти алууга болоор эле. "Ошондо, мен жаңы чапандуу гана болбостон, башкаларга белек кыла турган дагы төрт чапандуу болот", – дейт Абдул-Баха жубайына.*

**Д. "Үлүл" оюну**

Кийинки көнүгүүдө балдарга алардын үлүл боло тургандыгын айтыңыз. Оюн ийгиликтүү болушу үчүн, балдар бир катарга туруп, колдорун кармашып бошотпошу керек. Катардын бир башындагы бала борбор болот жана ал ордунан жылбай тынч туруусу керек, экинчи башындагы бала тизилип тургандарды борбордогу баланы айланууга багыттап жетелеши керек. Акырындап алар спираль түрүндө оролуп, үлүлдү жасашат.

Бул оюнду башкача да ойнотууга болот. Мисалы, балдар жетелешип бир катарга тизилишет. Катардын башында турган бала акырын өзү тегеренип, аны жетелеп турган балдардын катары менен өзүн курчай баштайт. Бул оюн ойнолуп жаткан учурда, балдарды этият болууга, бир-биринин буттарын басып алуудан абайлоого чакырыңыз.

Убакыт кенен болсо оюнду андан ары улантсаңыз болот: балдар үлүл болуп оролгондон кийин, ортосундагы балдарды эңкейгиле деп суранасыз, ал эми борбордогу бала, жанындагы балдардын улам биринин кол астынан өтүү менен акыры үлүлдүн ичинен чыгат. Аны улай ал жетелегендер да, ал сыяктуу башка балдардын колунун астынан өтүү менен үлүлдөн чыгышат да, кайрадан бир катарды түзүп, тизилип калышат. Албетте, бул оюнду ишке ашыруу үчүн класста балдардын саны жетиштүү болушу керек.

**Е. Сүрөт боёо: 6-сүрөт**

**Ж. Жыйынтыктоочу дуба**

## 7-САБАК

**А. Дубаларды окуу жана жаттоо**

Сиз балдардын кээ бири менен чогуу сабакты ачуучу дубаны айткандан кийин, 5-сабакта балдар жаттап баштаган дубаны алар менен чогуу кайталап чыксаңыз болот.

**Б. Ырлар (буга чейинки берилген ырларды да кошо кайталаңыз)**

Кубаныч канат берет бизге

D A D G D
Кубаныч канат берет –бизге учканга
D A D A D
Кубаныч канат берет –бизге учканга

A D
Кубанганда күчүңө күч кошулат,

A D
Кубанганда акылың көккө учат,

A D
Кубанганда түшүнүгүң да ачылат.

D A D A D
Кубаныч канат берет –бизге учканга.

Dm A7 Dm A7 Dm
Бирок бизге кайгы түшсө, бизге кайгы түшсө,
A Dm A Dm

Биз алсырайбыз, күчтөн таябыз,
A Dm A Dm
Оюбуз тайкы болуп, кайгы-капага батабыз.
A7
А, бирок,

Кубаныч канат берет –бизге учканга

Кубаныч канат берет –бизге учканга

Кубанганда күчүңө күч кошулат,

Кубанганда акылың көккө учат,

Кубанганда түшүнүгүң да ачылат.

Кубаныч канат берет –бизге учканга.

**B. Цитата жаттоо**

Бул сабакта берилген, кубаныч темасына байланыштуу цитатаны балдарга жаттатууда, сизге жардам катары төмөндөгү түшүндүрмө сунушталат:

Абдул-Баха айтат, кубанычтан бизге канат бүтөт, кубанганда биздин күчүбүзгө күч кошулат, өзүбүздү бактылуу сезип турганда биз баарын тез түшүнөбүз. Кубаныч – адамдын жүрөгүнө тиешелүү сапат. Кубанычка толгон жүрөк менен гана биз айланабызда курчап турган Кудайдын ырыскыларын бардык жерден көрө алабыз – бизди сүйгөн ата-энеге ээ болуу, досторго ээ болуу жана бардыгынан маанилүүсү, Аны билүү жана Аны сүйүү бактысы. Биз, кандай жагдай болбосун, бактылуу жана жайдары болуп, ошондой эле, башкаларга кубаныч тартуулоо үчүн колубуздан келишинче аракет кылышыбыз керек. Абдул-Баха бардык балдар кубанычтын жарыгын чачып, жаркыраган шам чырак болуп жанышы каалаган. Биз ар дайым жайдары болуп жүрүүнү унутпоо максатында, келгиле, бул цитатаны жаттап алалы:

**"О, Адам баласы! Жүрөгүңдүн кубанычына шаттан, ошондо Мени менен көрүшүүгө татыктуу болуп, сулуулугумду чагылдыра аласың."[106]**

*Шаттануу*

1. Рональд чоң ата, чоң энесинен алыс жашайт. Каникул убагында аларга бараарын укканда, Рональд абдан шаттанды. Анын жүрөгү сүйүнүчкө толду.

2. Можган ата-энесине бакчага бадыраңдын үрөнүн себүүгө жардам берди. Кичинекей бадыраңдар пайда болгонун көргөндө анын жүрөгү катуу шаттанды.

*Татыктуу*

1. Сиона тырышып окугандыктан, жакшы бааларды алды. Мугалим аны аракети үчүн мактады. Сиона мугалиминин мактоосуна татыктуу эле.

2. Давид дайыма өзүнүн бир туугандарына кам көрөт. Анын ата-энеси балдарды ага таштагандан чочулабайт. Дайыр ата-энесинин ишеничине татыктуу.

*Чагылдыруу*

1. Амари тапкан ташын ушунчалык жалтырата сүрткөндүктөн, андан жарык чагыла баштады.

2. Таза жүрөктөр Аллахтын сапаттарын чагылдырат.

*Сулуулук*

1. Илананын апасы асманда учкан канаттууларды, гүлдөп жаткан өсүмдүктөрдү жана жээкке урунган океандын толкундарын карап отурганды жакшы көрөт. Ал табияттан сулуулукту көрөт.

2. Кээде ырдын сулуулугу жүрөгүбүздү ушунчалык толкунданткандан көзүбүзгө жаш алабыз.

3. Мунир дуба окуганда, Аллахтын сулуулугун, сүйүүсүн, берешендигин жана акылмандыгын эстейт.

**Г. Аңгеме**

Төмөндөгү аңгеме балдарга Абдул-Баха жанындагыларга кантип кубаныч тартуулаганын баяндайт.

*Лерой Иоас көрүнүктүү бахаилерден болгон. Ал туурасында силер кийин дагы кененирээк билесиңер. 1912-жылы Устат Чикаго шаарына келгенде, Лерой Иоас жаш улан эле. Элестетип көрсөңөр, мындай руханий дүйнөсү бай баланын Абдул-Баханын жанында болуу мүмкүнчүлүгү пайда болгондогу толкунданганын. Бир күнү Устат токтогон мейманкананы көздөй атасы менен баратканда, Леройдун оюна бир ой келет. Ал Абдул-Бахага гүл ала барууну*

*чечет. Анын бир аз акчасы бар эле, ага ак гвоздикалардан турган гүлдесте сатып алат. Бирок алар мейманканага жеткен кезде, ал өзүнүн оюнан кайтат. Ал Устатына ушундай кооз гүлдесте болсо да, материалдык белек бергиси келбейт. Андан көрө ал Ага жүрөгүн тартуулоону туура көрөт. Бул ал тартуулай ала турган эң баалуу нерсе эле. Андыктан гүлдестени Абдул-Бахага Леройдун атасы аны ким сатып алганын айтпастан тапшырат. Абдул-Баха мейманканага Аны менен жолугуу үчүн келгендердин бардыгы менен жолугуп, маектешет. Ал сүйлөп жаткан маалда, Лерой Анын бут алдында Анын накыл кебин жана сүйүүгө толгон сөздөрүн кунт коюп угуп отурат. Жыйындын соңунда, Устат ордунан тура, жолугушууга келгендердин колун кыса кармап, алардын ар бирине өз сүйүүсүнүн белгиси катары бирден ак гвоздика карматат. Лерой болсо Устаттын артында туруп: "Эх, эгерде Ал бурулуп, мага да бир гүл карматса", – деп ойлонот. Балким жүрөгүнүн түпкүрүндө ал Устаттын чындыгында гүлдү ким алып келгендигин билсе деп каалаган. Бирок гүлдөр биринин артына бири чогулган элге таратылып берилет. Ал эми Леройго бир да гүл тийбечүдөй. Күтүүсүздөн Устат бурулуп, Лерой Иоасты тигиле карайт. Анын жүзүнөн сүйүү чачырап, көздөрү мээримге толуп турган. Ал Леройго ак гвоздика сунду дейсиңерби? Жок, Абдул-Баха ага андан да баалуураак нерсе тартуу кылат. Ал Өзүнүн чапанында тагылып турган укмуштуудай сонун кызыл розаны алып, балага берет. Леройдун жүрөгү кубанычтан туйлап жатты. Устат акыры, ак гвоздикаларды ким алып келгенин билген экен.*

**Д. "Ажыдаардын куйругун карма" оюну**

Алгач балдарды биринин артынан бири тургандай кылып бир катарга тизүү керек, ар бири колун алдыда турган баланын ийинине коет. Катардын башындагы бала - ажыдаардын башы. Ал эми эң артында турган бала - ажыдаардын куйругу. Куйрук ажыдаардын башынан качып, оңго-солго секиргенди жакшы көрөт. "Башталды" деген буйрук берилмейинче, ажыдаар ордунан жылбай, балдар тизилген боюнча туруугa тийиш. Балдардын бирөөсү "бир, эки, үч, башталды" деп санайт. "Башталды" деген сөз жаңыраар замат, ажыдаардын башы куйругун кууп, аны кармаганга аракет кылат. Ажыдаардын бүт денеси үзүлбөстөн, башы менен кошо жылат. Эгер баш куйрукка тийсе, анда ал бала кайрадан ажыдаардын башы болууну уланта берсе болот. Ажыдаардын башы куйрукка жеткиче денеси үзүлүп, балдар чачырап кетсе, анда ажыдаардын башы болгон бала куйрук болуп, анын артында турган бала баш болот. Оюн балдардын ар бири ажыдаардын жок дегенде бир жолу башы же куйругу болмоюнча улана берет.

**Е. Сүрөт боёо: 7-сүрөт**

**Ж. Жыйынтыктоочу дуба**

## 8-САБАК

**А. Дубаларды окуу жана жаттоо**

Сабакты ачуу үчүн адаттагыдай эле жатка билген дубаларды өзүңүз же алдын ала тандалган бир нече окуучулар менен айтыңыз. Андан кийин балдар менен 5-сабакта жаттап баштаган дубаны кайталап чыксаңыз болот.

**Б. Ырлар (буга чейинки берилген ырларды да кошо кайталаңыз)**

Ар убакта

КАЙЫРМА

```
            E              A
Биз болушубуз керек,
B          E       A       B
Дайым чынчыл жана ак ниет.
     E          A
Биз болушубуз керек,

B          E       A       B
Дайым чынчыл жана ак ниет. (кайталанат)


     E          A         B
Сүйлөгөндө чын жүрөктөн,

  E                          A       B
Кебимди ак сөздөр көрктөндүргөн.

E                        A        B
Оо, ак ниеттүүлүк кандай байлык –

A              E              B           E
Адилет менен арулуукка  бөлөнгөн.

A            E              B       E   A E
Оо, ак ниеттүүлүк кандай байлык.
```

Кызмат өтөйм жүрөгүмдү арнап,
Иш баштайм дуба окуп, ойлорумду тазалап.
Иштерим ошентип биримдикти курат
Оо, ак ниеттүүлүк кандай байлык.
Оо, ак ниеттүүлүк кандай байлык.

Сыйынганда, чын жүрөктөн сыйынам,
Көзүмдү жумуп, Кудайга мен табынам.
Өз каалоомду, муктаждыгымды унутам,
Иштеримде ак ниеттүүлүккө умулам
Оо, ак ниеттүүлүк кандай байлык.

КАЙЫРМА *(эки жолу кайталанат)*

**В. Цитата жаттоо**

Бүгүн балдарга жаттоого бериле турган цитатаны тааныштырууда, сиз сабактын темасына байланышкан бул идеяларды колдоно аласыз:

Биздин сөздөрүбүз жана иштерибиз жүрөгүбүздөгү чыныгы сезимдерибизди чагылдырганда, биз ак ниеттүүлүк сапатын көрсөтөбүз. Ак ниеттүүлүк бизди башкалар менен болгон карым-катнашыбызда чынчыл жана калыс болууга үндөйт. Мисалы, биз жасаган ишибиз үчүн кечирим сурасак, жүрөгүбүздүн түпкүрүндө биз мындай туура эмес ишти кайра кайталабоо үчүн бүт аракетибизди жумшай турганыбызды билебиз. Ак ниеттүүлүктүн жардамы менен башкалар биздин жүрөгүбүздүн тазалыгын көрө алышат да, бизге ишенич арта алат. Бул сапаттын маанилүүлүгүн эстен чыгарбоо үчүн, биз Абдул-Баханын төмөндөгү цитатасын жаттайбыз:

> **“Биз ар убакта өзүбүздүн чынчылдыгыбызды жана ак ниеттүүлүгүбүздү көрсөтүшүбүз керек.”** [107]

*Көрсөтүү*

1. Чаба жээктен тапкан деңиз үлүлүнүн кабыгын тазалап, жылмакай жана жалтырак болгончо сүртө берди. Ал тазалап бүткөндө, үлүл кабыгынын чыныгы кооздугу көрүндү.

2. Күн чыгып, таңкы туман тараганда, тоолордун ажайып кооздугу көрүндү.

*Ак ниет*

1. Леонун классташтары окугандын ордуна ойногонго көбүрөөк убакыт бөлүшөт. Лео алар окуудан артта калат деп тынчсыздангандыктан, аларга чогуу окуйлу деп сунуштап, бири-бирине окууда кандай жардам көрсөтсө болоорун ойлоно баштады. Лео классташтарына ак ниетинен кам көрүүдө.

2. Роза апасына үй тапшырмасын ар күн сайын жасап тураарын убада кылган. Ата-энеси бир жакка кеткенде, тырышчаактык менен бардык үй тапшырмаларын аткарат. Роза убадасын ак ниеттүүлүк менен аткарууда.

**Г. Аңгеме**

Бүгүнкү сиз айтып бере турган аңгеме балдарга ак ниеттүүлүк сапатына ээ болуу деген эмне экенин ойлонууга жардам берет жана аңгемеден ал жок болгон кырдаалды көрө алышат.

> *Бир чоң дарак, бала-чакалуу үй-бүлө жашаган үйдүн артында, көптөгөн жылдар бою өсүп турган экен. Бак өскөн сайын, анын бутактары тартайып узара баштайт. Анын көлөкөсү үйдүн арткы бетине түшүп турчу. Кыштын бир күнүндө, атасы бак астынан өтүп баратып, кошунасын жолуктурат. Алар айылдагы өткөн-кеткендер тууралуу сүйлөшүп туруп калат. Бир аздан соң, кошунасы даракка көңүл бөлүп, мындай деп кайрылат: “Билесиңби, бул тартайган даракты эчак эле кыйып салышың керек эле. Ал аябай жайылып өстү. Юир бутагы сынып, үйүңдүн чатырына түшсө эмне болот, андан да*

*балдарыңдын үстүнө түшсө эмне болот?". Алар үйлөрүнө бет алганда, үйдүн кожоюну  кошунасы берген кеңеш тууралуу ойлонуп калат. Ал бактын бул жерде турганына көп жыл болгондуктан, анын качан отургузулганын эстей да алган жок. Ал билгенден бул бактын аларга эч зыяны деле болгон эмес. Бак жайында жакшы көлөкө түшүрүп, кышкысын үйдү кыштын ызгаардуу шамаалынан коргоор эле. Бак ага дагы да болсо бекем, күчтүү сезилди. Бирок ал өзүнө, "Балким, кошумнамдыкы туурадыр. Сырткы келбет кээде жалган болот. Бак бекем көрүнгөнү менен, балким андай болбосочу?"- деп ойлонот. Акыры ал бакты кыюуну чечет.*

*Аны жыгуу оңойго турбады, анткени бак абдан чоң эле жана анын чырпыктары менен бутактары көп болчу, айрымдары өтө бийик эле. Ал иштин бүтүп калган кезде, кошунасы эки баласы менен араба сүйрөп келип калат. "Бакты жыгууну туура көргөн экенсиң да, – дейт кошунасы, жерде жаткан отундарды карап. Менимче, мунун баарын жалгыз жыйнаган сага кыйын болсо керек. Мен арабамды жана эки баламды ала келдим, биз мунун бардыгын сенин короодон чыгарып салабыз." Кошунасы анын жообун күтпөстөн, балдары менен отундарды сүйрөп келген арабага жүктөй баштайт. Алар баарын жүктөп кеткен соң, кожоюн үйүн көптөгөн жылдар бою күндөн калкалап келген бактын дүмүрүнө отуруп калат. Ошондо гана ал, кошунасы анын үй-бүлөсүнүн коопсуздугу жөнүндө тынчсызданбастан, кыштын суук айларында үйүн жылытканга отун камдап алуунун камын ойлогонун түшүнөт. "Сырткы келбет чынында эле кээде жалган болот", – деп үшкүрүп кала берет. Ошол күнү үй-бүлө көркөмдүү бактан айрылганы өкүнүчтүү. Бирок, андан да өкүнүчтүүсү, коңшусу досунун ишеничинен кетти жана Кудайдын ыраазылыгына ээ болуу мүмкүнчүлүгүнөн ажырады.*

### Д. "Ысык же муздак" оюну

Балдардын бирөөсүнүн көзүн таңып, тескери бурулуп туруусун сураныңыз. Башка балдар калем сап же карандаш өңдөнгөн буюмду катышат. Көзү таңылган баланын көзүн ачыңыз, ал жашырылган буюмду табышы керек. Издеген бала буюмга жакындаган сайын, башка балдар алакандарын катуураак чабып, анын буюмду табууга жакындаганын билдирип турушат. Эгерде бала катылган буюмдан алыстай баштаса, балдар алакандарын акырыныраак чаба баштайт. Канчалык алыс кетсе, ошончолук кол чабуу акырыныраак болот. Же болбосо кол чабуунун ордуна, бала буюмга жакындаган сайын, балдар "жылуу", "жылуураак" же "ысык" деп айтып турушса болот. Эгерде бала алыстай баштаса, анда балдар "муздагыраак", "муздак" же "аяз" деп айтышат. Издеп жаткан балага багыт берип жатканда, атайылап ага туура эмес багыт көрсөткөн учурлар болбошу керек, антпесе бала башкаларга болгон ишеничин жоготуп, оюн өз маанисин жоготот.

### Е. Сүрөт боёо: 8-сүрөт

### Ж. Жыйынтыктоочу дуба

# 9-САБАК

## А. Дубаларды окуу жана жаттоо

Ушул жана кийинки үч сабакты баштоо үчүн жатка айта турган дубаларды тандаңыз, мисалы 10-бөлүмдө сунушталган дубалардан алсаңыз болот. Окуучулардын кээ бири сиз менен бирге сабакты ачуу дубасын чогуу айта алат, андан кийин жаттоо үчүн төмөндөгү дубаны бере аласыз. Бул келме балдар жаттаган мурунку эки дубага караганда узунураак, бирок аларды түшүнүү кыйын деле болбойт жана бул дубаны алар 12-сабакка чейин жаттоолору керек.

> **“Кудайды эскерип, Аны даңазалаган бардык жер болобу, үй болобу, жай болобу, калаа болобу, жүрөк болобу, тоо болобу, түнөк болобу, үңкүр болобу, адыр болобу, чөл болобу, деңиз болобу, арал болобу, шалбаа болобу, баары Анын батасын алат.”** [108]

## Б. Ырлар (буга чейинки берилген ырларды да кошо кайталаңыз)

Жердей бол

C G
Карачы жерди,

F G C
Кандай момун.

C G
Биз муктаж болгон

F G C
Бар байлыкка толгон.

C G
Тебелетип өзүн,

F G C
Бирок, уктуң беле сөзүн -

C G
“Мен баарынан баймын,

F G C
Кыйынмын өзүм”.

Карачы даракты,

Кандай момун.

Жемиши болгон сайын,

Жерге ийет колун.

Түшүмүн берет баарына,

Бирок уктуң беле сөзүн,

"Мен баарынан баймын,

Кыйынмын өзүм".

```
 C          G
Жердей бол,
 F  G        C
Даректай бол,

 C                      G
Момундуктун канаты менен,

        F          G  C
Көк даңкына көтөрүл.

 C                      G
Момундуктун канаты менен,

        F          G  C
Көк даңкына көтөрүл.
```

**B. Цитата жаттоо**

Төмөндөгү идеялар сизге сабактын темасын түшүндүрүүдө жана бул цитатаны тааныштырууда жардам болот.

Эң маанилүү руханий сапаттардын бири болуп – момундук эсептелет. Кудайдын алдында ким момун болсо, алар Кудайдын улуулугун жана Анын жаратмандыгын түшүнүп билишет. Анын жардамы жана ырайымы жок, эч кимибиз эч нерсеге жете албасыбызды билишет. Ал Кудуреттүү, баарынан Күчтүү. Ошол сыяктуу эле, Кудай алдында текебердигибизди көрсөтпөгөн сымал, биз Анын жараткандарынын алдында да момун болушубуз кажет. Жер жүзү жана андагы жандыктар Ал тарабынан жаратылып, Анын белгилерин жана касиеттерин көрсөтүп турат. Биз табиятты сыйлайбыз жана жүрөгүбүздүн түпкүрүндө айланадагылардан дайыма бир нерсе үйрөнүүгө боло турганын билебиз. Келгиле, төмөндөгү цитатаны жаттап алалы.

> **"О, адам баласы! Менин алдымда момун бол, ошондо Мен кайрымдуулук менен сага түшүп келем..."** [18]

*Момун*

1. Зейнаб математикадан берген тапшырмаларын тырышчаактык менен аткарып, дайыма жакшы окуйт. Ал абдан момун адам жана эч качан өз жетишкендиктери жөнүндө башкаларга айтып мактанбайт.

2. Юнг Фу менен коңшулаш жашаган балдар окууга абдан дилгир, андыктан алар андан кошумча сабактарды уюштуруп берүүнү сураныштты. Анын тажрыйбасы аз болгонуна жана ал өзүн татыксыз сезгенине карабай, ал Кудайга таянып,

өзүнүн бардык аракетин жумшады. Ал бул милдетти аткарууга момундук менен киришти.

*Кайрымдуулук*

1. Кэндистин үй-бүлөсү кошуналарын тамакка чакырды. Коноктор келгенде, Кэндис жылуу учурашып, аларга кайрымдуулук менен муздак суусундук сунуштады.

2. Жованни улгайган кошунасынын азык-түлүк салынган баштыктарын араң көтөрүп үйүнө бара жатканын көрүп, кайрымдуулук менен жеткирип берүүнү сунуштады.

**Г. Аңгеме**

*Момундук - Абдул-Баханын көрүнүктүү сапаттарынын бири болгон. Жолдоштору аны жогорку даражадагы наам менен атоону каалашкан, бирок ал Өзүн болгону “Абдул-Баха” деп атагыла деп суранган, бул “Баханын – Алланын Даңкынын Кызматчысы” дегенди билдирет. Кызмат өтөө анын эң күчтүү тилеги болгон. Бир жолу Анын батыштан келген бай достору Ал үчүн тамактын алдында кол жууй турган атайын шаан-шөкөт уюштурушат. Атайын кийим кийген улан кооз табак, мөлтүр булактын суусун жана атыр себилген сүлгү алып келмек болот. Устат көк чөптүн үстү менен достору жана кооз табак көтөргөн бала жыпар жыттуу сүлгү алып Аны көздөй келе жатканын көрүп, алардын оюн дароо түшүнөт. Ал жанынан тез суу таба коюп, колун чайкап, бакчынын колундагы кездеменин кесиндисин алып колдорун аарчый салат. Андан соң, Өзүнө арналган урматты досторуна көрсөтүп, мөлтүр буклактын суусу менен жыпар жыттанган сүлгүнү аларга чексиз сүйүү менен сунуштайт.*

**Д. “Кээде менин боюм узун” оюну.**

Бир окуучунун көзү таңылып, калгандары аны тегерете турушат. Алар жалпы хор менен бул сөздөрдү айтышат:

“Менин боюм абдан узун.” ( Алар буттарынын учуна турушуп, жогору көздөй мүмкүн болушунча чоюлушат.)

“Менин боюм абдан кыска.” ( Алар отура калышат да, болушунча жапыз болууга аракеттенишет.)

“Кээде менин боюм узун.” (Алар кайрадан чоюлушат.)

“Кээде менин боюм кыска.” (Алар кайрадан отурушат.)

Андан соң, сиз балдарга колуңуз менен жаңсап, аларга чоюлуу же отуруу керектигин көрсөтөсүз, а балдар болсо жалпы хор менен айтышат:

“Эми тапчы, биз азыр кандайбыз?”

Көзү байланган бала алардын үндөрүнө карап, алар "узун" же "кыска" экенин табууга аракет кылат. Ар бир баланын көзүн байлап, ортого коюп, жогорудагыдай жол менен ойнотууга болот.

**Е. 9-сүрөттү боёо.**

**Ж. Жыйынтыктоочу дуба**

# 10-САБАК

**А. Дубаларды окуу жана жаттоо**

Сабакты дуба менен ачкан соң, балдар акыркы сабакта берилген дубаны жаттоого өтүшөт.

**Б. Ырлар (буга чейинки берилген ырларды да кошо кайталаңыз)**

Ыраазымын Сага, Теңирим!

```
C         Am      Em
Ыраазымын Сага, Теңирим!

F         G
Башыма Сен кийгиздиң,
C         Am
Кайрымдуулук таажыңды.

    F             C
Ал түбөлүк жаркырайт,
    G7            Am
Шүгүр деп айтсам кайталап,
    Dm            G7      C
Ыраазымын Сага, Теңирим!
```

Ыраазымын Сага, Теңирим!
Жүрөгүмө бердиң
Сүйүү жана билим.
Ар дайым рахмат айтсам,
Өсөт дагы сүйүү, билим
Ыраазымын Сага, Теңирим!

Ыраазымын Сага, Теңирим!
Акыйкат нуруң Сенин,
Көзүмдү ачты менин.
Берекеңди көргүм келсе,
Дайыма шүгүр дейин,
Ыраазымын, Сага, Теңирим!

**В. Цитата жаттоо**

Жаңы цитатаны балдарга төмөндөгү жол менен сунуштасаңыз болот:

Биз кичинекей белек алсак да, белек берген адамга ыраазычылыгыбызды билдирип, ырахмат айтабыз. Ал эми Кудайдын бизге берген сан жеткис белектери менен ырыскылары үчүн канчалык деңгээлде ыраазычылык билдиришибиз керек – Ал бизге камкордук кылган көз берди, сүйө турган жүрөк берди, биздин өсүп-өнүгүүбүзгө шарт түзө турган бардык нерсени жаратты. Абдул-Баха бизге айтат, Кудайдын бизге төккөн ырыскысы үчүн жана биздин жүрөктөрүбүздү Өз сүйүүсү менен толтургандыгы үчүн Ага ыраазычылык билдиришибиз керек. Биз Кудайга ар убакта, керек болсо башыбызга оорчулук түшсө да ыраазы болуубуз кажет. Ага канчалык көп ыраазычылыгыбызды көргөзсөк, Анын ошончолук чексиз төгүлгөн ырыскысына ээ болобуз. Келгиле, төмөндөгү цитатаны эсибизге түйүп алалы:

**“Шаттан, шүгүр де жана Кудайга ыраазычылык билдирүү үчүн көтөрүлүп тур, анткени канчалык ыраазы болсоң, ырыскыңдын көбөйүшүнө алып келет. ”**[110]

*Көтөрүлүү/туруу*

1. Сальма чоң энесинин узак оорудан кийин төшөктөн туруп, сейилге чыкканын көрүп сүйүндү.

2. Балдар эртең менен дуба айтуу үчүн эрте турушат.

*Алып келүү*

1. Надя дайыма тыкан жүрөт. Ал тазалыктын руханий өсүү үчүн маанилүү экендигин жакшы билет. Тазалык руханий өсүүгө алып келет.

2. Сефанын үй-бүлөсү дайыма өз ара кызматташып, үй-бүлөлүк маанилүү иштерде бири-бирине жардам беришет. Алар кызматташып жашагандыктан, ортодо ынтымак өкүм сүрөт. Кызматташуу ынтымакка алып келет.

*Көбөйүү*

1. Өткөн жылы Мариянын мектебинде 5 гана мугалим бар эле. Бул жылы 8 мугалим бар. Мектептеги мугалимдердин саны үчкө көбөйдү.

2. Шайан шайыр бала, ал башкаларга жардам бергенде ого бетер кубанычы артат. Башкалар үчүн кызмат өтөгөндө анын кубанычы көбөйөт.

**Г. Аңгеме**

*Күндөрдүн биринде Абдул-Бахага жолугуу үчүн алыстан бир бай айым Ыйык Жерге келет. Ал өзүнүн башынан өткөн болоор-болбос кыйынчылыктары жөнүндө майда-чүйдөсүнө чейин айтып баштайт. Абдул-Баха сабырдуулук көрсөтүп, аны бир топ убакыт бою кулак төшөп, айткандарын мээримдүүлүк*

*менен угат. Ошентип башка жолугушууга да убакыт келип калат. Бирок кетээрден мурун, Ал терезенин жанынан өтүп бара жаткан адамды көрсөтүп мындай дейт: “Сизди бул адам менен тааныштырайын дегем. Анын аты Мирза Хайдар-Али. Ал жерде басып жүргөнү менен бейиште жашайт. Анын башынан көп кыйынчылыктар өткөн, өзү айтып берсин”.*

*Чынында эле Мирза Хайдар-Алинин башынан көп кыйынчылыктар өткөн эле. Ал Персиялык болчу, ал эми Персияда бахаилерге адилетсиз жана мыкаачылык менен мамиле кылышкан. Алардын кээ бири камакка алынып, күнөөсүз түрмөгө салынса, кээ бирин жек көрүү менен ачууга толгон эл ур-токмокко алган. Мирза Хайдар-Алинин жашоосундагы башынан өткөргөн азаптарын уксаңар жүрөгүңөр оорумак.*

*Абдул-Баха Мирза Хайдар-Алини алып келип, коногу менен тааныштырат. Аны айымга тааныштыргандан кийин Абдул-Баха чыгып кетет. Ошол замат Мирза Хайдар-Али биз жашап жаткан сонун мезгилдин жана Кудайдын бере турган ырыскылары тууралуу айымга кубанычтуу маанайда жана ошону менен бирге эле сабырдуулук менен айтып бере баштайт. Мейман айым бир азга угат да, анан чыдамы кетип, сөзүн бөлөт: “Айтмакчы, Абдул-Баха сизди башыңыздан өткөн кыйынчылыктар тууралуу айтып берет деди эле го”. Мирза Хайдар-Али таң калып, башын көтөрөт. “Кыйынчылыктар? – дейт ал, - кечириңиз, айым, менде эч кандай кыйынчылык болгон эмес. Кыйынчылык деген эмне экенин билбейм.” Албетте, Абдул-Баха Мирза Хайдар-Али чоң кыйынчылыктарды башынан өткөрсө да, алар анын бактылуу болушуна таасир эте алган эмес жана ал Кудайдын берген жакшылыктарын гана көрүп, ошого ыраазы болгонун билчү.*

## Д. “Ыкчам жооп” оюну

Балдарды жетелешип, тегерек туруууга чакырыңыз. Алгач аларды сол колдорун кыса кармаганды үйрөнүүгө чакырыңыз, андан соң, оң колдорун кыса кармашсын. Алар топ ичинде. тамырдын кагышындай (пульс) белги жөнөтүүлөрү керектигин айтыңыз. Балдардын ичинен бирөөсү оң жагында турган баланын колун ылдам кыса кармайт, экинчи бала өз учурунда ал сигналды өзүнүн жанындагы балага жиберет, үчүнчү бала да аны кайталайт, ошентип тегеректеги балдар бир-бирине сигналды, ал сигнал кайрадан биринчи балага кайтып келгенче жиберишет. Алардын ойногонуна убакыт ченеми коюлуп, аларды тез-тез ойноого чакырыңыз. Балдар бир аз көнгөн соң, аларды эми карама-каршы багытта сигнал жөнөтүүнү же колду бир эле жолу кыспай, бир нече ирет кысууну сунуштасаңыз болот.

## Е. 10-сүрөттү боёо

## Ж. Жыйынтыктоочу дуба

# 11-САБАК

### А. Дуба айтуу жана жаттоо

Сабакты адаттагыдай дуба окуу менен баштаган соң, бир нече баланы бирден дуба айтууну сурансаңыз болот. Андан соң балдарга 9-сабакта жаттап баштаган дубаны жаттоого жардам бериңиз.

### Б. Ырлар (буга чейинки берилген ырларды да кошо кайталоону унутпаңыз)

Жакшы жакты көрүү

```
            C
Мыктылыкка умтулуу - менин максатым,
     F7
Бирок өтө узак баса турган сапарым.
     C
Мага эмне жардам берет билем -
     G7          C
Күнүгө жакшыны гана көрөм.
     F7
Жаман иш кылганыңды көрсөм,
     C
Аны бул ырымда ырдабаймын,
     G7
Досторума да ал жөнүндө айтпаймын,
     F7          C
Өзүм да эч  качан эсиме албаймын.

КАЙЫРМА
                      F7
Сенден жакшыны гана көрөм,
     C
Сенден жакшыны гана көрөм,
     G7
Сен да ошону каалайсын,
     F7          C
Мен деле аны каалаймын.
     F7

Кудай да көргүсү келет,
     C           Am
Менин жакшы жагымды.
     C           G
Көрбөй койсом башкалардын
     F7
Кичинекей каталарын,
     C           G7          C
Үмүт кылам, Кудай да жашырат менин катамды.
```

Абдул-Баха болгон даанышман көсөм,
Жүрөктүн сырын көзүңдөн көргөн.
Адашкан жанды көргөндө,
Күч берип кайра көтөргөн.
Байкап калсам катаңды мен,
Эмне кылуу керектигин билем,
Ооз ачпайм эч бир жанга,
Айтпаймын сага да, мага да.

КАЙЫРМА

**В. Цитата жаттоо**

Балдарга бүгүнкү цитатаны төмөндөгү идеяларды колдонуу аркылуу тааныштырууну сунуштайбыз:

Кечиримдүүлүк - Кудайдын улуу касиеттеринин бири. Абдул-Баха бизге бири-бирибизге ар дайым кечиримдүү болушубуз керектигин айтат. Биз кечиримдүү көз менен карап, башкалардын каталарын көрбөгөнгө аракет кылышыбыз керек. Эгерде биз Абдул-Баханын мисалдарын үлгү тутсак, биз досторубуздун гана катачылыктарына кечиримдүү болбостон, бизге терс мамиле кылгандарды да кечире алабыз. Кечиримдүү болууга жумшаган аракеттерибизге жардам боло турган төмөндөгү цитатаны жаттап алалы:

> **“... кечиримдүүлүк менен ырайымдуулук, жана Кудайдын сүйүктүүлөрүнүн жүрөгүн кубандырган нерселер силерди көрктөндүргөн жасалгаңар болсун.”**[111]

*Ырайымдуулук*

1. Жаан күндө жаап жатты. Айылда жаан токтобой, суу ташкындады. Жаан ырайымсыз жаады.

2. Биз Кудайга жалынганда, Ал биздин каталарыбызды кечирет. Ал бизге ырайымын көрсөтөт.

*Кубандыруу*

1. Урсула өзүн жаман сезип жаткан. Анын курбусу Элси ага гүл алып келип, анын жанында ага ар кандай аңгемелерди айтып берип көпкө отурду. Элсинин келиши менен Урсула өзүн жакшы сезип калды. Урсуланы курбусунун келиши кубандырды.

2. Санчес айым коңшу шаарга иштегени кеткен жубайынан узун кат алды. Катта анын жакын арада үйүнө кайтаары тууралуу жакшы кабар бар экен. Бул жаңылык аны кубандырды.

*Сүйүктүү*

1. Мугалим балдардын бардыгын жакшы көрүп, алардын ар-бирине өзгөчө көңүл бөлчү. Баары анын сүйүктүүсү эле.

2. Жеймс мектепте окуган бардык сабакты жакшы көрөт, бирок табият таануу сабагы ага өзгөчө жеңил. Табият таануу сабагы анын сүйктүү сабагы.

**Г. Аңгеме**

*Устат Аккада жашап жүргөн мезгилде, ал шаардын губернатору бахаилерге дайыма зыян кылууга аракет кылчу. Бир жолу ал бахаилерди күнүмдүк киреше табуу мүмкүнчүлүгүнөн ажыратуу боюнча план ойлоп табат. Ал өзүнүн сакчыларына бахаилердин бардык дүкөндөрүн жаап, ачкычтарын ага алып келүүнү буюрат. Бирок Абдул-Баха анын планын алдын ала билип алат да, досторуна эртеси дүкөндөрүн ачпоого кеңеш берет. Ал аларга Кудайдын буюрганын күтүүнү сунуштайт.*

*Сакчылар губернаторго дүкөндөр ачылбаганына байланыштуу бир да ачкыч алып келбегенде, губернатордун таң калганын элестетип көргүлө. Бирок андан ары эмне кылуу керектигин ойлонгуча, күтүүсүз окуя болуп кетет. Ага жогору жактан губернаторлук кызматынын алынганы туурасында кат келет. Ошентип бахаилердин дүкөндөрү сакталып калат.*

*Кызматынан түшкөн губернаторго Аккадан чыгып, Дамаск деген шаарга кетүү буйругу берилет. Ал эмне кылаарын билбей айласы кетет. Ал тез жана жалгыз чыгып кетиши керек эле. Анын үй-бүлөсү эмне болот? Өкмөттүн каарына калган адамга ким жардам бермек эле? Устат бул кабарды укканда, ага жөнөйт. Ал бул бактысызга мурдагы губернатор эч качан Ишенимдин душманы болбогон сыяктуу мээримдүүлүк менен мамиле кылат. Ал ага мурда кылган туура эмес иштери тууралуу бир да сөз катпайт. А түгүл, ага колунан келген жардамын сунуштайт. Мурдагы губернатор жубайын балдары менен таштап кетип жатканына бушайман болуп турган эле. Абдул-Баха анын үй-бүлөсүнө кам көрөөрүн айтат. Кийинчерээк Абдул-Баха сапардын жайлуу болушуна бардык шарттарды түзүү менен, коштоп барууга ишенимдүү кишини дайындап, бардык чыгымдарды төлөп берип анын үй-бүлөсүн Дамаскка жөнөтөт.*

*Мурдагы губернатор үй-бүлөсү менен көрүшкөнүнө абдан кубанат. Анын жүрөгү ыраазычылыкка толуп, үй-бүлөсүн коштоп келген адамдан жолго кеткен чыгымдын баасын сурайт. Ал адам чыгымдарды Абдул-Баха төлөгөнүн айтат. Мурдагы губернатор ал адамга кылган жакшылыгы үчүн жана жолдо көргөн аракеттери үчүн белек тартуулайт. Бирок ал белекти алуудан баш тартып, жөн гана Абдул-Баханын тапшырмасын аткарганын жана ал кызматы үчүн белек албастыгын айтат. Мурдагы губернатор аны үйүнө түнөп, конок болуп кетүүсүн өтүнөт. Бирок ал Устаты Аккага кайра дароо кайтып келүүнү тапшырганын жана Анын айтканын орундатууну каалап тургандыгын билдирет. Мурдагы губернатор аны жок дегенде Абдул-Бахага кат жазгыча күтө турууусун суранат, ал макул болот. Ошентип ал адам Аккага келгенде, катты Абдул-Бахага берет. Катта мындай деп жазылган эле: "О,*

*Абдул-Баха, мен Сизге кечире көр деп жалынам, Мен түшүнбөпмүн. Мен Сизди билбептирмин. Мен Сизге чоң жамандык кылдым. А Сиз болсо мага чоң жакшылык кылдыңыз."*

**Д. "Элден-элге" оюну**

Балдарды бөлмө ичинде каалагандай эркин түрдө ары-бери басып, колдорун чаап "элден-элге" деп айтууну сураныңыз. Качан сиз "далыга-далы" деп кыйкырганыңызда, алар токтоп, бири-бирине далыларын тийгизип туруп калуулары керек. Сиздин шарттуу белгиңизге жараша алар кайрадан колдорун чаап, "элден-элге" деп баса башташат. Качан сиз "бетме-бет" деп кыйкырганыңызда, алар токтоп, баштарын ийип, өнөктөштөрүнүн маңдайына бетме-бет туруп калышат. Оюн бул эки шарттуу айтылган сөздөр менен бир нече жолу кайталанып ойнолот. Мындан сырткары "бутка-бут", "чыканакка-чыканак" деген сыяктуу шарттуу сөздөрдү да колдонууга болот.

**Е. 11-сүрөттү боёо**

**Ж. Жыйынтыктоочу дуба**

**12-САБАК**

**А. Дубаларды окуу жана жаттоо**

Сабак күндөгүдөй эле ачуучу дуба менен башталат. Андан соң, балдар менен акыркы үч сабакта жаттап келген дубаны кайталап чыксаңыз болот. Алар бул дубаны жатка айта алаарына ынаныңыз, анткени аларга 13-сабакта жаңы дуба берилет.

**Б. Ырлар (буга чейинки берилген ырларды кошо кайталаңыз)**

Күндөн да жарыгыраак

C G D G
Чынчылдык күндөн да жарыгыраак,
C G D G
Чынчылдык күндөн да жарыгыраак,
C G D G
Чынчылдык менен көрктөн, О, адамзат!
C G D G
Чынчылдык менен көрктөн, О, адамзат!

Ар бир жандын жасалгасы адалдык,
Ар бир жандын жасалгасы адалдык.
Адалдык күндөн да жарыгыраак,
Адалдык күндөн жарыгыраак.

**В. Цитата жаттоо**

Бүгүнкү сабактын темасы болгон чынчылдыкты жана балдар жаттай турган цитатаны аларга берүүдө колдонууга болчу бир нече идеялар төмөндө келтирилди:

> Бакчалар ар түркүн жана ар түстөгү гүлдөр менен көркүнө чыгат. Жазында мөмө бактар жыпар жыттуу бүчүрлөр менен көрктөнөт. Биз өзүбүздүн көркүбүздү таза жана тыкан кийимдер менен чыгарабыз. Бул көрктөнүүнүн бардыгы сулуулукту берет. Ошентсе да, материалдык нерселерден тышкары, руханий сапаттардын нуру адамды көркүнө чыгарып, жүрөгүбүзгө кубаныч тартуулайт. Биздин жашообузга көрк бере турчу аруу руханий сапаттардын бири – бул чынчылдык. Биз өзүбүздү чынчылдык менен көрктөндүргөнүбүздө, биз башкалардын буюмдарын алардын уруксааты жок албайбыз, жана эч кимди алдабайбыз же алдап иш кылдырбайбыз. Чынчылдык сапатын эсибизден чыгарбоо үчүн, келгиле, Бахаулланын бул цитатасын жаттайлы:

> **“Өз тилиңерди, о адамдар, чындык менен, ал эми рухуңарды адалдыктын саймасы менен кооздогула.”[112]**

*Кооздоо*

1. Малит өз бакчасына көрктүү розаларды отургузду. Ал розалар бакчаны кооздоду.

2. Сунил ар дайым чындыкты айтат. Ал сөздөрүн ар дайым чынчылдык кооздойт.

**Г. Аңгеме**

> *Өмүрүнүн акыркы күндөрүндө Абдул-Баха дүйнөнүн көптөгөн жерлерин кыдыра алды. Ал кайда барбасын, ар кандай катмардагы адамдар менен - жумушчулар жана жетекчилер, мугалимдер жана илимпоздор менен жолугушчу жана алардын бардыгы өздөрүн жайлуу сезиши үчүн бар күчүн жумшаган. Бир күнү Египетте Ал түшкү тамакка жогорку даражалуу мамлекеттик кызматкерди чакырат.*

> *Ал кызматкер ыңгайлуу жашоо шарттарына көнгөн адам болгондуктан, Абдул-Баха аларды көздөгөн жерине жеткирүү үчүн ат араба жалдоону чечет. Жол узак болбогондуктан, алар бат эле түштөнө турган жерге жетишет. Бирок жол кирени төлөөгө келгенде, арабакеч Абдул-Бахадан жол киренин адаттагы баасынан көбүрөөк акча сурайт. Абдул-Баха арабакечтин алдап жаткандыгын түшүнөт. Ал арабакечке канча бериш керек болсо, ошончо акча берип кетүүгө камынат. Арабакеч талашууга аракет кылганда, Абдул-Баха өз чечиминен кайткан эмес. Ал арабакечке эгерде ал жол киренин баасын көтөрбөгөндө, ага кошумча акы кошуп бермектигин айтат. Ошентип Устат өз жолу менен кетет, арабакеч өз кылганы туурасында ойлонгон бойдон калат.*

**Д. “Төрт бурчтук, айлана, үч бурчтук” оюну**

Бул оюнду ойноо үчүн балдар фигуралардын кээ бири менен тааныш болуулары кажет, мисалы: “төрт бурчтук”, “айлана” жана “ үч бурчтук”. Оюнду бул фигураларды

балдар менен чогуу кароодон баштаңыз, алар бул фигураларды айырмалай алабы, текшериңиз. Андан соң, фигуралар кандайдыр бир тартипте тартылган карточканы көрсөтүңүз – мисалы: айлана, айлана, тик бурчтук. Балдарды бул карточканы жакындан кароону сураныңыз. Андан соң карточканы ары алып салып, балдардын бирөөсүнөн фигураларды карточкадагы тартипте катуу үнүн чыгарып айтууну сураңыз. Сиз буга чейин даярдап алган, ар кандай тартипте тартылган фигуралардын сүрөттөрү бар карточкаларды колдонуп, муну бир нече жолу кайталаңыз. Эгер балдарга үч фигуранын тартибин жаттоо кыйынга турса, анда карточкаларга эки фигурадан турган комбинация тартсаңыз болот, же тескерисинче балдар үчүн 3 фигуранын тартибин эсине тутуу оңойго турса, анда 4 же 5 фигураны тартсаңыз болот.

Андан кийин, балдардын кабыл алуу өзгөчөлүктөрүнө жараша сиз эки, үч же төрт фигуранын тартибин жөн гана көрсөтпөстөн, үнүңүздү катуу чыгарып айтып, топтон бир баланы сиз айткан фигураларды тартибине жараша кайталоону сурансаңыз болот. Бул көнүгүүнү ар бир бала менен бир нече жолу аткаргандан кийин, оюнду бир аз татаалдаштырсаңыз болот, ал үчүн сиз айткан фигуралардын сүрөтүн балдар айтылган тартипте кагазга тартуулары керек.

**Е. 12-сүрөттү боёо**

**Ж. Жыйынтыктоочу дуба**

## 13-САБАК

### А. Дубаларды айтуу жана жаттоо

Бул жана кийинки үч сабакта балдар төмөндө берилген дубаны жатка айтууга аракет көрүшөт. Сиз сабакты ачуучу дубаны окугандан кийин, мисалы 13-бөлүмдө сунушталган дубаны окусаңыз болот жана бир нече окуучулар тарабынан дубалар айтылган соң, балдарга бул жаңы дубаны сунуштаңыз.

> **“О, Теңирим! Ушул назик көчөттү Өзүңдүн түркүн-түстүү кут-берекелериңдин бакчасына отургуз, аны назик мээримиңдин булагы менен сугар жана Сенин кайрымың жана ырайымың аркылуу ага изги өсүмдүк болуу бактысын тартуула. Сен Кубаттуусуң жана Күчтүүсүң.”** [113]

### Б. Ырлар (буга чейинки берилген ырларды кошо кайталоону унутпаңыз)

Адилет бол

КАЙЫРМА

```
      A
Адилет бол, адилет бол,
          E7                   A
Бардыгын жубатууга себеп бол.
      A
Адилет бол, адилет бол,
```

E7 A
Бардыгын жубатууга себеп бол.

A E
Адилеттүү болсок баарына,
E7 A
Ишенимин артат бизге алар.
A7 D
Бардыгы адилет бөлүнсө,
E A
Адилеттик нурун чачат дүйнөгө.

КАЙЫРМА

Адамдарга жардам берсең, жубатсаң,
Абдул-Баха баскан жолду жолдойсуң.
Адилеттик, акылгөйлүк коштосо,
Жүрөктөргө шаттык берип колдойсуң.

КАЙЫРМА

**B. Цитата жаттоо.**

Бул сабакта балдар боорукердик сапатына байланыштуу цитатаны үйрөнүшөт, аны сиз төмөндөгүдөй кылып бере аласыз:

Кудай бардыгынан Боорукер, Ал абдан Ырайымдуу. Кыйынчылыкка дуушар болгондо биз жүрөгүбүздү Ага буруп, бизди сооротуп, күчтөндүрүүсүн суранабыз. Андыктан биз дагы башкаларга боорукердигибизди көрсөтүшүбүз керек. Кимдир бирөө кыйынчылыкка дуушар болсо же кайгыга батса, биз аларды түшүнүп, жардам берүү үчүн колубуздан келгендин баарын кылышыбыз керек. Биз бардыгына жемишин аябаган, ал тургай таш менен урганга жемишин төккөн дарак сымал, кандай жагдай болбосун бардыгына мээримдүү жана боорукер болушубуз керек. Абдул-Баха жашоосунда болгон бардык катаалчылыкка карабастан, бардык учурда, бардык адамдарга боорукердигин көрсөткөн. Боорукер болууга жардам берүү үчүн, Анын сөздөрүн жаттап алалы:

> **“Кудай Падышалыгынын негизин акыйкаттык жана адилеттик, ошондой эле ар бир тирүү жанга карата боорукердик менен мээримдүүлүк түзөт.”**[114]

*Негиз*

1. Дарыгер айыл жериндеги балдардын ден соолугуна тынчсыздангандыктан, аларга кам көрүү максатында оорукана ачты. Оорукана анын балдарга болгон сүйүүсүнүн негизинде курулду.

2. Женна жана Мерседес көптөн бери дос. Алар чогуу окушат жана ар дайым жаңы бир нерсе үйрөнсө, бир-бири менен бөлүшөт. Алардын достугунун негизин мээримдүүлүк жана сүйүү түзөт.

*Акыйкат*

1. Бир падышалыктын гүлдөп өнүгүүсү үчүн, анын бардык жашоочулары болгон күчтөрүн аябастан иштешти. Түшүм жыйналып бүткөн соң, хан аны ар бир үй-бүлөдөгү адамдардын санына жараша бөлүштүрүп берди. Хан падышалыктын жашоочуларына акыйкат мамиле кылды.

2. Шаардык кеңеш кийинки айылды көздөй жол куруусу керек эле. Алар жолду айдоо жерлерин бойлото салууну чечишти. Муну менен көп адамдар үчүн жолдун курулушу пайдалуу болот жана дыйкандарга да эч зыян келбейт. Кеңеш акыйкат чечим кабыл алды.

*Боорукердик*

1. Ли Йонг курбусу Захранын капалуу жүргөнүн байкап, андан кандайдыр бир жардам бере алаарын сурайын деп чечти. Захра ага апасы ооруп, ооруканага жатканын айтты. Ли Йонг аны кунт коюп угуп, жубатуу сөздөрүн айтты, эртеси күнү ооруканага чогуу барууну сунуштады. Ли Йонг боорукерлигин көрсөттү.

2. Бир жолу Шиори айылда сейилдеп жүрүп, кичинекей козунун буту кашаага тыгылып калганын көрдү. Шиори анын бутун этияттык менен чыгарып, таңып койду. Ширин козуга боорукер мамиле кылды.

**Г. Аңгеме**

*Абдул-Баха батышты кыдырып жүргөндө, Ал барган ар бир шаарда көтптөгөн адамдар Аны менен жолугушуп, шыктандырган сөздөрүн угуу үчүн келишчү. Күнү-түнү дебей, Ал ар түрдүү даражадагы адамдарды: жашын да, карысын да, колунда барын да, жардысын да, жогорку даражадагы кызматкерлерди да жана жөнөкөй жарандарды да кабыл алган. Кээ бирлери Устатка болгон улуу сүйүүсү үчүн келсе, кээ бирлерине Анын эмне айтаары кызык болгон.*

*Күндөрдүн биринде бир аял Устат токтогон үйгө келип, эшигин кагат. Бул карапайым айым Абдул-Баха менен бир азга болсо да жолугуп, Аны менен сүйлөшүүнү эңсеп келген болчу. "Сиз Устат менен жолугуу үчүн жазылдыңыз беле?" – деп эшикти ачкан адам андан сурады. Ал жазылбаганын айтты. Мындай болсо ал Абдул-Бахага жолуга албастыгын, анткени Анын башка абройлуу адамдар менен жолугушуусу бар экендигин билдирди. Аял капалуу бурулуп, үйдүн алдындагы тепкичтен түшө баштайт. Анын көңүлү чөгөт. Бирок күтүүсүздөн Абдул-Баханын катчысы пайда болуп, аны Устат менен жолугууга чакырат. Устат аны көрүүнү каалаган экен. "Тез, тез алып келгиле аны мага", - деген Устаттын өктөм үнү угулуп турду.*

**Д. "Чогуу"**

Балдарды жуп-жуп кылып бөлгүлө. Аларды жанаша тургузуп, бир баланын сол бутуна экинчи баланын оң бутун кошуп байлагыла. Ар бир жупту белгилүү бир чекиттен экинчи чекитке бастыргыла, бул оюнда ийгиликке жетүү үчүн чогуу иштөө керектигин түшүндүрүңүз. Оюнду татаалыраак кылуу максатында, жолго чыбыктарды же таштарды коюп койсоңуз болот. Бирок бардыгы коопсуз абалда

болуусу зарыл. Бул оюнга альтернатива катары балдарды жөн гана бастырбастан, бака сымал секирүүнү же ат сымал текиреңдеп чуркоону ж.б.у.с. сунуштоого болот. Балдарга бири-бири менен жарышуунун зарылдыгы жок экенин түшүндүрө кетиңиз.

**Е. 13-сүрөттү боёо**

**Ж. Жыйынтыктоочу дуба**

## 14-САБАК

**А. Дубаларды окуу жана жаттоо**

Адаттагыдай эле, сабакты бир нече окуучулардын коштоосунда дуба айтуу менен баштаңыз. Балдар мурунку сабакта берилген дубаны жаттоону улантышат.

**Б. Ырлар (буга чейинки берилген ырларды кайталоону унутпаңыз)**

Байланбастык канаттары

```
КАЙЫРМА
      C      F                              G
Асманда куш бир кезде учуп жүргөн,
C                 F     G
Ишенимдүү шаттана көкөлөгөн,
C                F    G         C       F G
Калкып учуп Бейишти мекендеген.


C                 F          G        C       F G
       Бир кезде карды ачканын сезе,
C                      F        G       C      F G
       Бет алат сууга жана жерге.
C                F
       Жерден болсо,
G        C        F
       Өзүнүн каалоосунун,
G        C
       Капасына түшкөн эле.
          F           G            C      F G
       Ылайга батып канаты,
     C
       Оордугунан уча албайт,
            F     G            C       F G
       Үйүнө кайтып кете албайт.


       КАЙЫРМА
```

Куш сымал көктө менин мекеним,
Андыктан жерге байланып калбайм.
Байлыкка алданып калбайм.
Кумарга берилип албайм.
Кудайдан башка эч нерсеге байланбайм.

C G F G
Байланбастык менин кадамдарым,
C G F G
Көкөлөп учат менин канаттарым.
C G F
Эч нерсенин мага кереги жок,
G C
Бир гана Кудай байланаарым. *(кайталоо)*

**B. Цитата жаттоо**

Бүгүн балдар сабактын темасы болгон байланбастык сапатына байланышкан цитатаны жатташмакчы. Сиз аларга үзүндүнү төмөндөгүдөй жол менен түшүндүрсөңүз болот.

Кудай биздин ырахаттанып жашашыбыз үчүн бар жакшы нерселерди жаратты - чың ден соолук, даамдуу тамак-аш, сүйүү жана достук, табият сулуулугу жана акыл-эс күчү, алар бизге ар кандай ачылыштарды жасап, жаңы бир нерсе ойлоп таап жашообузду жакшыртканга шарт түзөт. Биз Кудайдын марттыгы менен берилген белектердин пайдасын көрүп, жыргалдуу жашообуз үчүн Ага ыраазычылык билдиргенибиз оң. Бирок биз этият болушубуз кажет, бул дүйнөгө байланып калбашыбыз керек. Биздин рухубуз ар дайым эркин болууга тийиш, күчтүү жана эркин куш сымал, ыйык бейиш асманында зымырап учуп жүрүүсү керек. Куш жердеги нерселерге көнүп, аларга өтө байлангандыктан, көккө калкып учкандын ордуна жерде калып калганы кандай өкүнүчтүү. Келгиле, төмөндөгү цитатаны эсибизге сактап алалы:

**“Билгин, сенин чыныгы көркүң Кудайга болгон сүйүүң жана Андан башкасынын баарынан байланбастык...”**[115]

*Байланбастык*

1. Хельги достору менен сууда сүзүүгө абдан баргысы келген. Бирок, апасы дүкөнгө барып келиши үчүн, кичүү карындашы менен үйдө калууга кубана макул болду. Хельги үй-бүлөсүнө жардам бергиси келгендиктен, өз каалоолоруна карата байланбастыгын көрсөттү.

2. Окуу жылы аяктаганда Анджали мугалимине гүл алып келүүнү туура көрдү. Бирок анын эжеси гүлдүн ордуна торт жасоону сунуштады. Анджали муну сонун идея деп тапты. Ал өз идеясына байланбастан оңой эле баш тарта алды.

*Башкасынын баарынан*

1. Бир гана окубаган баланы эске албаганда, балдар экзаменди жакшы тапшырышты. Бир окуучудан башкасынын баары жакшы баа алышты.

2. Апасы үй-бүлөсү үчүн өзгөчө тамак жасагысы келди. Бирок ал тамакты жасай албасын түшүндү, анткени анда тамакка кошо турган маанилүү бир курамы жок эле. Анда азык-түлүктүн бир түрүнөн башкасынын баары бар болчу.

**Г. Аңгеме**

*Бир күнү эки дос чай үстүндө рухий маселелерди талкуулап жатышты. Алардын бири өмүр бою байлык топтоп келгендиктен, азыр эч нерседен кем эмес эле. Экинчисинин байлыгы алда канча аз болчу. “Мен Ыйык жерге сапарга аттангым келет”, - дейт экинчиси бай досуна. Досу эч ойлонбостон: “Бул сонун ой экен! Мен сага кошулам”, - дейт. Экөө чыныларын коюп, ордунан турушат да, Ыйык Жерди көздөй бет алышат.*

*Алар бир аз жүргөндөн кийин эле түн кире баштайт. Кедейирээк адам жайыраак басып, андан соң токтойт да: “Досум, түндү өткөрүү үчүн үйлөрүбүзгө кайталы. Бизге бул ыңгайлуураак болот, эртең менен кайра уланта алабыз,” - дейт. “Эмне үчүн артка кайтышыбыз керек?” – дейт экинчиси. “Биз Ыйык Жерге бара жатабыз!”. Бирок досу наразылыгын улантты. “Ыйык Жер - жөө саякаттоо үчүн узак сапар», - деп андан ары көндүргөнгө аракетин улантты, - «жок дегенде артка кайтып, эшегимди алып алайын, таштагым келбей жатат.” “Анда, - деди бай досу экинчисине, - балким, бул сапарда сенин коштоп жүрүшүңдүн кереги деле жоктур. Мен кубаныч менен чоң байлыгымды таштадым – үйүр-үйүр жылкымды, жерлеримди жана кооз кийимдерди - бирок мен бир нерсени жоготкондой сезгеним жок. Анткени, Ыйык Жерде өткөргөн бир көз ирмемден артык белек барбы. А сен болсо жалгыз эшегиңди да таштап кете албай жатасыңбы?”. Тилекке каршы, ал өзүнүн жалгыз баалуу мүлкүн таштап кете албады. Ошентип, ал Ыйык Жерге артына бир кылчайып койбой сапар алган досун таштап артка кайтты.*

**Д. “Дөңгөлөк” оюну**

Балдар жанаша турат да, айлана түзүшөт. Алар сол колдорун айлананын ичине сунуп, бири-биринин колдоруна коюшат. Алар эми дөңгөлөк түспөл болуп калды, алардын колдору дөңгөлөктүн ортосундагы ичке зымдарды элестетет. Оюндун шартына ылайык алар дөңгөлөк сымал чогуу тегеренүүлөрү керек. Андан соң алар айлана формасын бузбай, ордуларынан жылып, сабак өтүп жаткан мейкиндикти айланышат. Оюнду татаалдатуу максатында, балдарды отуруп-туруп же секирип тегеренүүнү сунуштасаңыз болот.

Дагы татаалдаштыргыңыз келсе, балдарды жерге тегерек отургузуп, буттарын түз сундуруп, буттары ортого тийгендей кылып отургузсаңыз болот. Андан кийин алакандары менен жерге таянуулары керек. Алар азыр дөңгөлөктү кыймылга келтирүүгө даяр. Бул үчүн алардын баары колдоруна туруп, бир кадам оңго жылышы керек. Алар толугу менен бир айланып чыкканча, буттарын дөңгөлөктүн ортосунда кармап, колдору менен улам бир кадам жасоолору керек.

**Е. 14-сүрөттү боёо**

**Ж. Жыйынтыктоочу дуба**

# 15-САБАК

**А. Дубаларды окуу жана жаттоо**

Сабакты ачуу үчүн дуба айтылган соң, сиз балдарга 13-сабакта берилген дубаны жаттоого жардам берсеңиз болот.

**Б. Ырлар (буга чейинки берилген ырларды да кошо кайталаңыз)**

Ырыскымды бере көр

КАЙЫРМА

```
A
Ырыскымды бере көр,

     D         A
О, Теңирим, Теңирим.

      A                    D    A
Ырыскымды бере көр,

 E                  A
Өз эркиң менен.

      A
Шүгүр кылыш оңой,

           D                  A
Жакшылыктар толуп турса.

       A
Шүгүр кылыш оңой,

    E                        A
Ден соолугуң болуп турса.
```

D A
Шүгүр кылыш чоң сыноо,

E A
Иш оңунан чыкпай турса.

D A
Сабыр кылып оор учурда,

E A
Ырдап-бийлеп шаттана.

КАЙЫРМА

Бала кезин Устатыбыз,

Кордук менен өткөргөн,

Шартсыз жашоо, оор турмуш,

Жаштайында көп көргөн.

Ошентсе да шүгүр кылып,

Кайгы-муңга чөкпөгөн,

Бир Кудайга ишенип,

Анын эркин эп көргөн.

КАЙЫРМА

**B. Цитата жаттоо**

Сабактын темасын жана жаттоого берилген үзүндүнү балдарга тааныштыруу үчүн колдонууга боло турган идеялар төмөндө көрсөтүлгөн.

Абдул-Баха кандай жагдай болбосун Кудайдын жазганына каниет кылып келген. Ал көп айтчу, бардыгы ойдогудай болуп, ден соолугуң чың болсо, жашооң жайлуу болгон учурда шүгүр кылыш оңой. Ал эми кырсыкка учурап, ооруп же кыйынчылык башыңдап өтүп турган убакта, өзүңдү бактылуу сезүү же каниет кылуу алда канча кыйын. Анын жашоосундагы толгон-токой азаптарга карабастан, Абдул-Баха эч качан кайгыга чөккөн эмес. Жоготууларды жана кыйын убактарды башынан өткөрсө да, ал дайыма бардыгына каниет кылып, Кудайга ыраазы болгон. Ал ар дайым көңүлдүү жүрүп, ар нерсеге үмүткө толгон көздөрү менен карачу. Кудайдын Буйругуна каниет кыла билүү канчалык баалуу жана маанилүү экенин эсибизден чыгарбай жүрүү үчүн, келгиле, төмөндөгү цитатаны жаттап алалы:

**“Бүткүл даңктын булагы - Кудайдын бергенин кабыл алуу жана Кудайдын буюрганына каниет кылуу.”**[116]

*Даңк*

1. Табият таануу сабагын окугандан кийин, По Ленг окумуштуулар тобуна кошулду. Алар көптөгөн ачылыштарды жасашты. Анын иши үй-бүлөсүнүн даңкын чыгарды.

2. Суи табиятты, айрыкча тоолорду, бак-дарактарды жана деңиздерди караганды жактырат. Ал жер шарындагы сулуу нерселерди көргөн сайын, бүткүл жандыктардын жаратуучусу болгон - Кудайдын улуулугу жана асылзаттыгы тууралуу ойлонот. Табиятка көз чаптыруу менен Суи Кудайдын даңкы тууралуу ойлонот.

*Берүү*

1. Паоло өзүнүн сүйүктүү үй-бүлөсү, чың ден соолугу жана Кудайдын берген дагы башка бардык жакшы нерселери үчүн Кудайга күн сайын алкыш айтат. Паоло Кудайдын ага берген ырыскылары үчүн абдан ыраазы.

2. Күн жок болсо, жер бети караңгыга чөмүлүп, суук болмок да, жер бетинде эч бир тирүү жандык жашай алмак эмес. Күн жер шарына нурун төгүп, жылуулук берет.

*Буйрук*

1. Хан жаздын биринчи күнүндө өз өлкөсүндөгү жашоочуларды иштебесин деген жарлыкка кол койду. Жаздын биринчи күнү майрам болсун деген буйрук берилди.

2. Аймакта көптөгөн айлар бою жаан-чачын болгон эмес жана айылдын элине айыл кеңешмеси тарабынан сууну аз өлчөмдө колдонуу буйругу келген. Айыл кеңешмесинин жиберген чектөөлөрү сууну үнөмдөөгө багытталган.

**Г. Аңгеме**

*Бир жолу Абдул-Баха бир нече бахаи менен бирген Лондондун жарык көчөлөрүндө сейилдеп жүргөн. Жолдун эки тарабында тең чырактар жаркырап, көз көрө ала турган алыстыктыкка чейин жарык берип турган эле. Устаттын жанындагылар жүрөктөрү менен башка дүйнөгө учуп кеткендей сезимде болуп турушту.*

*“Мен бул көрүнүшкө абдан суктанып турам”, -деди Абдул-Баха. “Жарык деген кандай жакшы, абдан жакшы. Аккадагы абакта караңгылык көп эле.”*

*Абдул-Баханы жакшы көргөн достору Ал көп жылдар бою Атасы Бахаулла менен бирге туткун болуп, чепке айланган “Акка” шаарында канча өмүрүн камакта өткөргөнүн эстеп көңүлдөрү чөктү. Ал жер абдан жагымсыз жер болгондуктан, Анын үй-бүлөсү чоң кыйынчылыктарды башынан өткөргөн. “Сиздин эркин экениңизге биз кубанычтабыз, биз абдан кубанычтабыз”, -дешти алар.*

*Буга Абдул-Баха мындай деп жооп берди: “Мен ал түрмөдө бактылуу болчумун, анткени ал күндөр кызмат өтөө жолунда өттү. Эң чоң түрмө, - деди ал, - бул “Мен” деген түрмө. Билесиңерби, биз айланадагыларды ойлобостон, өзүбүздү гана ойлосок – бул биздин абакка камалганыбызды, чындап азап чеккенибизди билдирет!” Абдул-Баха ар дайым шүгүр кылып жашаган, анткени Ал Кудайга жана адамзатка кызмат кылуу жолунда жүргөн. Андыктан, Аккадагы туткун болгон эң караңгы күндөрдө да, Анын кажыбас рухунун жарыгы жаркырап, башкаларга жылуулук жана жубатуу тартуулаган.*

**Д. “Айкелчи оюуну”**

Өзүңүздү айкелчи деп элестетиңиз, ал эми балдар чыгарма жаратууга жардам берет. Бир бала класстын алдына чыгып, сиз көрсөткөн бир кыймылды туурап берсин - мисалы, эңкейип колду сунуу. Андан кийин, башка балдарды биринин артынан бирин чакырып, бир убакта бир нече окуучуну, топтун алдына чакырып, алар туурай турган кыймылдарды көрсөтүп бериңиз. Ар бири өзүнүн кандай абалда турушу керектигин жакшы билип алган соң, баары чогулуп бир айкелди түзүшсүн. Анан өзүңүздү айкелдин акыркы бөлүгү катары топко кошуңуз.

Оюнду андар ары да улантсаңыз болот. Бул үчүн балдарды жуптарга бөлүңүз. Жуптагы ар бир бала акелчинин ролун аткарып, экинчиси ага сунушталган дене формасын кайталасын.

Сиз бул оюндун башка варианттарын да ойлонсоңуз болот. Мисалы, балдарга “дубал боло аласыңбы?” же “бак боло аласыңбы?” деген сыяктуу суроолорду бере аласыз. Балдар өздөрүнө тийиштүү абалды көрсөтүү менен жооп беришет.

**Е. 15-сүрөттү боёо**

**Ж. Жыйынтыктоочу дуба**

## 16-САБАК

**А. Дубаларды окуу жана жаттоо**

Бул сабакка балдар 13-сабакта берилген дубаны жаттап бүтүүлөрү керек. Сиз аны сабакты ачуучу дуба айтылып бүткөң соң, чогуу кайталаңыз.

**Б. Ырлар (буга чейинки берилген ырларды да кошо кайталаңыз)**

Биз тамчыбыз

C
Биз тамчыбыз
Биз тамчыбыз *(жаңырык үн менен)*
C
Океандын,
Океандын

F
Толкундары
Толкундары

G
Бир көлдүн
Бир көлдүн

КАЙЫРМА

C
Келгин бизге
Келгин бизге *(жаңырык үн менен)*
F

Бир болобуз сен да, мен
C G C F C
Бир үй-бүлө бол биз менен.

Бүрлөрүбүз (*жаңырык үн мене)н*

бир дарактын.

Гүлдөрүбүз

бир бакчанын

КАЙЫРМА

Бүткүл дүйнө (*жаңырык үн менен)*

үйү болот,

Жер жүзүнүн

элине.

КАЙЫРМА (акыркы сап кайталанат)

**B. Цитата жаттоо**

Төмөндө берилген идеялар мээримдүүлүк жөнүндөгү бүгүнкү сабактын темасын жана балдар жаттай турган цитатаны тааныштырууга жардам болмокчу.

Кудай адамдардын бардыгын бир үй-бүлө сымал жашасын деп жараткан. Эгер биз ошондой болууну каалсак, анда биз ар кандай айырмачылыктардын арабызды бөлүп турганына жол бербешибиз керек. Тескерисинче, биз башка дин өкүлдөрү, бөлөк улуттар же расадагы жана башка таптагы адамдарга мээримдүүлүк жана сүйүү менен мамиле кылышыбыз керек. Муну дайым эстеп жүрүүгө жардам катары, келгиле, Бахаулланын төмөндөгү сөздөрүн жаттап алалы:

**“Баардык адамдарга боорукердик жана сүйүү менен мамиле кылган адам чыныгы жыргалга ээ болот.”**

*Мамиле кылуу*

1. Көк кытандар жана уй чымчыктар көбүнчө шалбаада жашашат. Аларды көп учурда чогуу кезиктирүүгө болот. Канаттуулардын бул эки түрү бири-бири менен жакшы мамиле түзө алат.

2. Дуба окуу кечесинен кийин, дуба окулуп бүткөн чоң чогулгандар кетпей, өз ара баарлашып мамиле курушту.

## Г. Аңгеме

*Абдул-Баха Аккага келгенде, ага кээ бир адамдардын кылган начар мамилеси тууралуу биз буга чейин окуган аңгемелерден улам билебиз. Алар бахаилерге заарын төгүп, алар менен сүйлөшүүнү каалаган эмес. Бирок убакыттын өтүшү менен, алар бахаилердин сүйкүмдүү жана мээримдүү адамдар экенин көрүшкөн соң, акырындап шаар тургундары аларга мээримдүү боло башташат. Ошентсе да кээ бир адамдар аларга каарын төгүп, жек көрүүнү улантышкан.*

*Бир күнү Абдул-Бахага карата жек көрүүсү кайнаган адамдардын бири, башкалардын Анын улуулугун жана мээрмандыгын даңктап жаткандарын угуп ачууланат. Ал жиндене, алар аздектеген Адам андай укмуш эмес экендигин көрсөтөөрүн айтып, ачуусу кайнаган бойдон кетет. Ошол саатта Абдул-Баханы мечитте сыйынып жаткан жеринен табаарын билгендиктен, ал ошол жакка шашылыш бет алып, сүйүктүү Устатка зомбулук менен кол көтөрүүнү көздөйт. Бирок Абдул-Баха ал адамга мээримдүү кайрылып, кадыр-урмат менен бурула карайт. Ал аны урматтоо менен, Кудайдын окуусу боюнча бардык меймандарга, а түгүл бизден айырмаланган адамдарга марттыгыбызды көрсөтүү керек экендигибизди анын эсине салат. Ошондо гана ал адам чынында эле Абдул-Баханын жана бахаилердин Аккада, башкача айтканда анын үйү болгон Аккада, мейман экенин түшүнгөн экен. Ошентип кең пейилдүү кожоюн катары, ал аларды чын жүрөктөн кабыл алып, аларга меймандос мамиле кылуу керектигин түшүнөт.*

## Д. “Жашырылган сапат” оюну

Балдарды алакандарын бириктирип, колдорун алдыга сунуп, тегерете туруууга чакырыңыз. Алардын так ортосуна туруп, колуңузга кичине таш сымал бир нерсени кармаңыз. Таш же кичинекей буюм кандайдыр бир сапатты көрсөтүп турат, мисалы, “боорукердикти”. Сиз балдарды тегерете басып, балдардын алакандарына кош алаканыңызды салып айтыңыз, мисалы: “Жон боорукер бала, Изабелла боорукер кыз, Дерви боорукер бала”, ж.б.у.с. Ар бир бала, сиз анын колуна катылган ташты салган сыяктуу, колуңузду алаар замат өз колдорун жабуулары керек. А сиз өз кезегинде бир баланын колуна колуңуздагы ташты башкаларга байкатпай салыңыз. Сиз айлананы толук бир тегеренип чыккан соң, балдардын бири таш же кичине буюмдун кимдин колуна салынганын тапканга аракет кылат, мисалы: “Кенжи абдан боорукер.” Андан соң Кенжи колун ачып, таш анын колундабы же жокпу көрсөтөт. Ар бир балага таш кимде

экенин табуу үчүн үч мүмкүнчүлүк берилет. Ал бүткөндөн кийин, башка бир сапатты колдонуу менен, оюн кайрадан улантылат.

**Е. 16-сүрөттү боёо**

**Ж. Жыйынтыктоочу дуба**

## 17-САБАК

**А. Дуба айтуу жана жаттоо**

Кийинки төрт сабакта, балдар төмөндөгү жаңы дубаны жатка айтууга үйрөнүшөт жана эгер сиз ар бир сабакты эсиңизде сакталып калган жаңы дуба менен ачсаңыз, алар үчүн бул шыктандыруу берет, мисалы мындай дуба 16-бөлүмдө берилген. Бир нече окуучулар сиз менен кошо дуба айтып сабакты баштагандан кийин, сиз бул жаңы дубаны адаттагыдай жол менен сунуштайсыз.

> **"Сенин атың – мага даба, о, Жараткан Теңирим, мен Сени эстеп дарыяланам. Сага болгон жакындыгым – менин үмүтүм, Сага болгон сүйүүм – менин шеригим. Сенин мага болгон ырайымың – менин айыкканым жана бул дүйнө менен о дүйнөдөгү көмөгүң. Акыйкатта Сен баарынан Берекелүүсүң, баарынан Билермансың жана баарынан Акылмансың."**[118]

**Б. Ырлар (буга чейинки берилген ырларды да кошо кайталаңыз)**

Кайраттын булагы

КАЙЫРМА
   Am
Кайрат-күчтүн булагы -
            Dm                E         Am
Кудай сөзүн жайылтуу.
Am
Кайрат-күчтүн булагы –
Dm                E        Am
Берилип сүйүү Кудайды.

   G
Өзүңдү унут,
   C
Көтөрүл Анын кызматына.
   E7
Алсыздарды корго,
   Am
Таянгын жалгыз Ага.

Кудай Сөзүн окуткун,
Кайраттуу бол ар дайым.
Бакытка бөлөй турган,
Кудай жолун тандагын.

КАЙЫРМА

**B. Цитата жаттоо**

Төмөндөгү аныктама сабактын темасын жана жаттоого берилчү цитатаны берүүдө сизге көмөк болот.

Кайраттуу болуу - бул жалгыз болсок да, туура эмес нерсеге каршы туруу, биз үчүн коопсуз болсо да, жардамга муктаж болгондорду коргоо жана кыйынчылыктарга алып келээрин билип турсак дагы, чындыкты айтуу. Жашоодогу ар кандай кыйынчылыктарга сабырдуулук менен жана татыктуу түрдө каршы туруу үчүн кайраттуулук керек. Биз Кудайга болгон сүйүүбүздөн жана биринчи кезекте Анын ырайымына татыктуу болууга умтулган каалообуздан кайрат алабыз. Жашоодогу кандай кырдаал болбосун кайраттуулук менен көтөрүү керектигин эстен чыгарбоо үчүн төмөнкү цитатаны жаттап алалы:

> **"Кайраттын жана күчтүн башаты - Кудайдын Сөзүн жайылтуу жана Ага болгон Сүйүүдөгү тайбастык ."[119]**

*Башат*

1. Кёнгми өрөөндө жайгашкан айылда жашайт. Айылдагы суу жакынкы тоонун чокусундагы эриген кардан келет. Айылдагы суунун башаты болуп, тоодогу кар эсептелет.

2. Паттерс айымдын үч сүйүктүү жана тартиптүү балдары бар. Анын балдары ал үчүн кубанычтын жана бакыттын башаты.

*Жайылтуу*

1. Шоанын эки досу бир нерсени талаша кетип, бири-бирине ачуулана баштады. Шоа экөөнө бири-биринин көз карашын түшүнгөнгө жардам берип, аларды элдештирди. Шоа дайыма досторунун арасында ынтымакты жана өз ара түшүнүүнү жайылтат.

2. Медайым класстарга келип, балдардын ден соолугуна пайдалуу тамак-аш тууралуу сабак өтөт. Медайым туура тамактануу көндүмүн жайылтат.

*Тайбастык*

1. Промилла өзүнүн догдур болгусу келээрин билчү. Ал мектепте ар дайым жакшы окуп, көп жылдан кийин көздөгөн максатына жетти. Ал догдур болом деген максатынан тайган жок.

2. Цвондай алыскы аймакта жайгашкан айылга жаңы мектеп ачууга жардам берүү үчүн барды. Ал үй-бүлөсүн сагынганына жана көптөгөн кыйынчылыктарга дуушар болгонуна карабастан, тайбастык менен, мугалимдерди окутуу жана балдар менен иштөө үчүн көп жыл бою айылда кала берди.

**Г. Аңгеме**

*Али-Аскар Персияда соодагер эле. Ал бахаи болгондон баштап, Ишенимге каршы чыккандардын колунан көп запкы тарткан. Аз убакыт аралыгында эле ал колунда болгон мүлкүнүн баарынан ажыраган. Ошентсе да Али-Аскардын ындыны өчкөн эмес. Ал өз туулган жеринде жашоого акча таба албастыгына көзү жеткен соң, кошуна өлкөдө жайгашкан Адрианополь шаарына кетүүнү туура көрөт.*

*Адрианопольго келгенинде, ал акчасы аз экенине карабай, бир аз сатууга товар алат. Бирок ал товарын сатып баштай электе эле, уурулар баарын уурдап кетет. Ал кайрадан куру-жалак калат.*

*Арадан көп убакыт өтпөй, уурулар колго түшүп, алардын уурдаган олжосу да табылат. Уурулардын байлыгына кызыккан жергиликтүү чоң даражадагы кызматкерлердин бири ал байлыкты өзүнө калтырууну көздөйт. Ал Али-Аскарды өз кеңсесине чакырып алып, ага мындай дейт:*

*"Али-Аскар, бул уурулар абдан бай экен. Мен өкмөткө жиберген отчётумда сенин уурдаткан мүлкүңдүн баасы өтө чоң деп жаздым. Андыктан сен сот учурунда менин жазгандарыма ылайык көрсөтмө бер". Ал кызматкер өкмөт акчанын бардыгын Али-Аскарга кайрып берет деп ишенип, ал акчаны Али-Аскар менен бөлүшүп алам деп ойлойт. Али-Аскар өзүнүн эч качан мындай жолго барбастыгын билген. "Улуу Урматтуум", - деп кайрылат ага, - менин уурдалган буюмдарымдын наркы өтө эле кичине болчу. Мен кантип жалган көрсөтмө берем? Эгер алар мага суроо берсе, мен болгонун болгондой айтып берем. Бул менин бирден-бир милдетим эмеспи", – деп жооп берет.*

*Кызматкер Али-Аскарды дагы бир жолу ынандырууга аракет кылат. "Бизде абдан жакшы мүмкүнчүлүк пайда болду. Мындан биз экөөбүз тең пайда көрө алабыз. Жашоодо бир келчү мындай учурду колуңан чыгарып жибербе!" – деп кызматкер ага кайрылат.*

*Бирок Али-Аскар баш тартат: "А мен бул кылганым үчүн Кудай алдында кантип жооп берем? Мени жайыма коюңуз, мен чындыкты гана айтам".*

*Ошондо кызматкер абдан ачууланат. Эгер Али-Аскар анын айтканын аткарбаса, анда анын ойлогону ишке ашпай, көздөгөн чоң олжодон куру калмак эле. Андыктан ал Али-Аскарды коркутуу менен аны кызматташууга мажбурлаш үчүн опузалай баштайт.*

*- "Мен сени түрмөгө камайм. Мен сени сүргүнгө айдайм, мүмкүн болчу азаптарга салып кыйноого алам!" – дейт ал Али-Аскарга. Али-Аскар макул болбосо, аны Персияга кайра кетирип жиберээрин да айтып коркутат.*

*Али-Аскар жылмаят: "Урматтуу, хан, эмне кылгыңыз келсе, өз ишиңиз. Мен туура иштен баш тартпайм".*

**Д. "Чын же калпс" оюну**

Бул оюнду балдарды тегерете туруусун суранyy менен баштаңыз. Сиз алардын дал ортосуна туруңуз. Андан соң балдарга бир маалымат же билдирүү айтаарыңызды түшүндүрүңүз. Алардын кээ бири чындыкка дал келсе, кээ бири дал келбейт. Эгер сиз берген маалымат чындыкка дал келсу, балдар "чын" деп катуу айтуу менен бир кадамга алдыга секирүүлөрү керек, эгерде сиз айткан билдирүү чындыкка дал келбесе, анда балдар "калп" деп айтып, бир кадамга артка секиришет.

Сиз айткан бардык билдирүүлөр балдар оңой түшүнө тургандай болушу керек. "Чын" деген жоопко ылайыктуу мисалдар төмөндөгүдөй: "Күн жарык берет", "Дарактар уруктан өсөт", "Тоолор бийик". Сиз ошондой эле балдардын кийимдерин сүрөттөгөн билдирүүлөрдү айтсаңыз болот, мисалы, "Сара көк көйнөк кийип жүрөт" же алардын айланасындагы көргөн нерселери тууралуу айтсак, "Тигил жакта эки отургуч турат".

"Калп" деген жоопко ылайыктуу бир нече мисалдар: "Жамгыр өйдөнү көздөй жаайт", "Балык учат.", "Таштар басып жүрүшөт". Ошондой эле, туура эмес билдирүүлөрдү жасоо үчүн да айланаңыздан мисал келтире аласыз.

Эсиңизде болсун, сизде туура эмес билдирүүлөргө караганда туура билдирүүлөрдүн саны көбүрөөк болушу керек, анткени оюндун соңунда алар сизди көздөй секирип отуруп, борборго келип, сизге жетүүлөрү керек.

**Е. 17-сүрөттү боёо**

**Ж. Жыйынтыктоочу дуба**

## 18-САБАК

**А. Дубаларды окуу жана жаттоо**

Сабакты ачуучу дубалар айтылган соң, балдар акыркы сабакта берилген дубаны жатка айтууга көнүгүү үчүн бир аз убакыт бөлүшүңүз керек.

**Б. Ырлар (буга чейинки берилген ырларды да кошо кайталаңыз)**

## Үмүт кыл

C F
Болочокту эч ким билбейт,

G C
Эртең эмне болоорун.

C F
Кудай дайым ырыскы берет,

G C
Ага ишен, танда жолун!

КАЙЫРМА

F G
Үмүт кыл, үмүт кыл!

C F
Алланын кайрымын изде,

F
Бардык жерде.

G
Күн да чыгат

C F
Асман жаркырап,

F G C
Үмүт кыл Аллага карап.

Үмүт менен өсө бергин,
Кыштан кийин жаз келет.
Анын чексиз ырыскысы,
Бардыгына дем берет.

КАЙЫРМА

Тынчтыктын, кубанычтын булагы бол,
Кызмат өтө, нур чачасың ошондо.
Кудайдын ырыскысы чексиз,
Үмүт менен кара жашоого.

КАЙЫРМА

**B. Цитата жаттоо**

Бүгүнкү сабакта жаттоо үчүн берилген цитатаны балдарга төмөндөгү идеяларды колдонуп түшүндүрсөңүз болот.

Кудайдын сүйүүсү ар дайым биз менен. Ал бизди эч качан жалгыз калтырбайт, бизге өмүр бою жардам берүүнү убада кылат. Эртең бизди эмне күтүп тургандыгын билбесек дагы, Кудайдын марттык менен берген ырыскылары бизди курчап турарын биз билебиз. Андыктан биз келечекке үмүт менен карайбыз, Анын чексиз кут-берекелеринен өз ырыскыбызды алаарыбызга толугу менен ишенебиз. Үмүткө толгон жүрөк менен биз ар дайым Кудайдын ырыскысы бизге төгүлөт деп күтөбүз. Үмүт кылуу канчалык маанилүү экендигин эстен чыгарбоо үчүн, келгиле, Абдул-Баханын бул сөздөрүн эсибизге түйүп алалы:

**"Кудайга болгон ишенимди эч качан жоготпо. Үмүтүңдү үзбө, анткени адамдарга Кудайдын ырыскысы тынымсыз төгүлүп турат."** [120]

*Ишеним*

1. Эдуард бир көйгөйгө туш болуп, жардам сурап Хунг Вэйге барды. Хунг Вэй колунан келген жардамын берээрин билет. Эдуард Хунг Вэйге ишенет.

2. Нирмала үйүнүн чатырын оңдосом дейт, бирок жалгыз жасай албасын билет. Достору ага жардам берүү үчүн кийинки күнү келүүнү сунушташты. Нримала достору убадасына туруп сөзсүз келээрине ишенет жана баарын даярдап, камылга көрө баштады.

*Үмүт*

1. Иосефина урукту күнөстүү жерге отургузуп, аны ар күн сайын сугарып жатты. Ал анын өсүшүн чыдамсыздык менен күтүп жүрдү. Иосефина уруктан бир күнү чоң өсүмдүк өсүп чыгаарына үмүт кылды.

2. Антонинин жакшы досу Маттиас башка шаарга көчүп кетти. Маттиас досун абдан сагынды, бирок аны менен бир күнү жолугамын деп үмүт кылды.

*Ырыскы (белек)*

1. Ар күнү кечинде Лилиан дуба окуп жатып, кандай бактылуу экени туурасында, көптөгөн жакшы нерселерге ээ экени жөнүндө ойлонот. Ал ата-энеси, достору, мугалимдери, жада калса уктай турган керебети бар экенине каниет кылат. Лилиан ага берилген бул ырыскылардын бардыгы үчүн дайыма ыраазы.

2. Резага жардам берип, аны жакшы көргөн көптөгөн достору жана туугандары бар. Реза алардын сүйүүсү жана колдоосу катары берилген ырыскысына абдан ыраазы.

*Тынымсыз*

1. Тахир суу түтүгүн жапканда, тынымсыз агып жаткан суу токтоп калат.

2. Булут баскан күндөрү да, күндүн нуру жерге жылуулук берип турат. Күн нуру жерге дайым тынымсыз жетип турат.

**Г. Аңгеме**

*Өткөн бир заманда үй-жайы жок бир адам болуптур. Ал Лондондогу Темза дарыясынын жээгинде жалгыз жашачу. Ал кайгыга чөгүп, бул жашоодогу бакыттан үмүтү үзүлгөн. Күндөрдүн биринде, ал дүкөндүн жанынан өтүп бараткандa, анын көзү гезит бетиндеги сүрөткө түшөт. Ал Абдул-Баханын портрети эле. Ал адам Анын жүзүнө тигиле карап, турган ордунан жылбай, катып калат. Ал буга чейин Абдул-Баханы көргөн эмес болчу, жана Анын ким экендигин билчү эмес. Ошого карабастан ал Ага жолугуу керектигине ишенип турду. Ал токтогон үйдүн дареги гезит бетинде жазылгандыктан, ал адам Аны ошол жерден табам деп үмүттөнө, ал жакты көздөй бет алат. Ал жерге чейин чейин бир топ узак эле – кырк сегиз чакырымча жерди басып өтүү керек болчу, бирок буга карабастан ал жолун улантып, Анын үйүнө келет.*

*Ал дарек боюнча көздөгөн жерине келген кезде, абдан чарчап жана карды ачат. Үйдөн чыккан айым аны кичи пейилдик менен үйгө чакырып, ага тамак берип, эс алууга мүмкүнчүлүк берет. Ал эс алып бүткөн соң, өз баянын айымга айтып берип, андан Абдул-Баханын кайда экендигин сурайт.*

*“Ал мени кабыл ала алабы?” – дейт ал.*

*Айым Абдул-Баха аны сөзсүз түрдө кабыл алаарын айтып бүтөөр замат эле, босогодон Устат өзү баш багат. Конок ордунан турат, Абдул-Баха болсо аны менен саламдашуу үчүн колун суна ага жакындайт. Абдул-Баха көптөн бери күтүп жүргөн Өзүнүн досун тосуп алгандай эле сезилип турду. Ал аны боорукердик жана мээримдүүлүк менен тосуп алып, Өзүнүн жанына отурууга чакырды.*

*Андан соң, адамдардын жүрөктөрүнө жоголгон кубанычты кайра кайтарууну жакшы билген Абдул-Баха, аны менен маегин баштайт. Ал аны шыктандырып, Кудайдын Падышалыгында анын бай экендигин эскертип, өз кайгысын унутууга чакырат. Абдул-Баха ага ушунчалык мээримин төккөндүктөн, жубаткан сөздөрү анын жүрөгүн айыктырып, ага күч-кубат берди. Бара-бара ал кайгысынан арыла баштайт. Жолго чыгаар алдында, ал Абдул-Бахага жакырчылык мындан ары аны кайгыга сала албастыгын, тескерисинче, ал талаадан иштегенге жумуш таап, такча топтоп, жер сатып алып, ага гүл өстүрүп базарга алып чыгып сатаарын айтат. Ошентип, анын үзүлгөн үмүтү кайрадан жанданат.*

**Д. “Жаан жаадыргыч” оюну**

Балдар сизди тегерете турушат. Балдардан алар ысык чөлдө жүргөнүн, жаандын нөшөрлөп жаашын абдан каалап жаткандыгын элестеткиле деп сураныңыз. Андан соң алакандарыңызды бири-бирине сүртүп жана сиз караганда ар бир бала сизди туурап алакандарын сүртүшү керектигин айтыңыз. Бирок балдар өз кезеги менен, качан гана сиз ал баланы караганда гана сизди тууршы керек. Сиз ар бир баланы карап чыккан соң, алардын баары бул кыймылды аткарып башташат. Алар алакандарын сүрткөндү улантып жаткан кезде, сиз башка жаңы кыймыл-аракетти көрсөтүп бир балага караңыз, ал жаңы кыймылды туурап баштшы керек, манжаларыңыз менен тырсылдатыңыз же алакан чабыңыз, бутуңуз менен топулдатсаңыз болот. Ошентип бардык балдар кайталап

баштаганда чыккан добуш, башында жаандын биринчи тамчыларын, аягында күндүн күркүрөшүн элестетиши керек.

**Е. 18-сүрөттү боёо**

**Ж. Жыйынтыктоочу дуба**

## 19-САБАК

**А. Дубаларды окуу жана жаттоо**

Адаттагыдай эле, дуба айтуу менен сабакты ачыңыз. Сиз андан кийин балдарга 17-сабакта жаттоого берилген дубаны жаттоону улантууга жардам бере аласыз.

**Б. Ырлар (буга чейинки берилген ырларды да кошо кайталаңыз)**

Эмгекчил колдор

КАЙЫРМА

C F
Колдору болсо иш менен алек,
C G
Балдарга бул бакыт берет.
C F
Башкаларга камкордук көрүп,
C F G C
Адамзатка жардамын берип.

C F
Куруууга жаңы дүйнөнү,
C G
Ар бир кол салымын кошсо;
C F
Кудайга шүгүр дейли,
C F G C
Максатыбыз жакын, коркпо.

КАЙЫРМА
Кудай бизге жардамчы,
Жаңы дүйнө курганга.
Өзүңдөн да артык көр,
Коңшуңду сүйүп турганга.

**B. Цитата жаттоо**

Бул сабакта балдар ишенимдүүлүк жөнүндө цитатаны жатташмакчы, сиз болсо аны төмөндөгүдөй жол менен тааныштырсаңыз болот:

Кудайдын түшүнүгүндөгү улуу сапаттардын бири болуп - ишенимдүүлүк саналат. Ишенимдүү адам адилеттүү, чынчыл болот жана айткан сөзүн дайым аткарат. Биздин айткандарыбыз башка, кылгандарыбыз башка болбошу керек. Биздин иштерибиз дайыма сөздөрүбүзгө шайкеш келүүсү кажет. Эгерде биз ишенчиликтүү адам болсок, анда башкалар биздин өз жоопкерчиликтерибизди аткарууга жана милдеттерибизди орундатуу үчүн бардык күчүбүздү жумшаарыбызга ишенишет. Ошондо гана адамдар чогуу эриш-аркак иштеп, ар-бири өзүнө тийиштүү милдетти аткараарын билет. Ишенимдүүлүктүн мааниси канчалык чоң экендигин түшүнүү максатында, төмөндөгү цитатаны жаттап алалы:

> **“Ишенимдүүлүк – бул адамдардын бейпилдигине жана коопсуздугуна алып келчү улуу дарбаза.”**[121]

*Ишенимдүүлүк (ишеничтүүлүк)*

1. Атос өз апасына кечки тамакты жасоого жардам берем деп убада кылды. Анын достору ага келип, көчөгө чыгып ойноп келүүнү сунуштаганда, ал өз апасына берген убадасын эстеп, досторуна башка күнү ойноорун айтты. Атос ишенимдүүлүк сапатын көрсөттү.

2. Сунита үй-бүлөсүнө керектүү нерселерди алуу үчүн дүкөнгө барды, бирок ал керектүү нерселердин бардыгын төлөөгө жетиштүү акча алып келбегенин көрдү. Ал дүкөндүн ээсинен калган акчаны эртеси алып келип берүүнү суранды. Дүкөн ээси макул болду, анткени ал Сунитанын ишенимдүү экенин билчү жана калган акчаны убада кылынгандай төлөп берерин билген.

*Тынчтык/бейпилдик*

1. Эмилио маанилүү чечим кабыл алыш керек болгондо, тынч жер таап, ал жерге барып ой жүгүртүүгө аракет кылат. Ал тынчтыкта жана бейпилдикте ойлору менен сезимдерин тартипке келтирүү үчүн жакын жердеги бакчага барат.

2. Күркүрөгөн чагылган басылган соң, бардыгы өзгөчө бир жымжырттыкка бөлөндү. Тынчтык жана бейпилдик өкүм сүрүп калды.

*Коопсуздук*

1. Жаныбарлардын баласы корккон учурда, ал өзүнүн энесине коргонуу үчүн чуркап жөнөйт. Энесинин жанында ал өзүн коопсуз сезет.

2. Саякатчы жолду таппай, токойдон адашып кетет. Анын кайтып келбегенин байкаган айылдагы куткаруучулар аны издеп чыгышты. Алар аны тапканда, ал өзүн коопсуз сезди, анткени алар аны коопсуз жакка алып бараарын түшүндү.

## Г. Аңгеме

*Мындан көптөгөн мезгил мурда, Ишенимдин алгачкы жылдарында, бахаилердин саны өтө эле аз болуп, алар ар кайсы өлкөлөрдө жашаган. Алар көптөгөн кыйынчылыктарга дуушар болушчу жана Ыйык Жердеги Абдул-Бахага кат жазып, жаңылыктар менен бөлүшүп, суроолорду берип турушчу. Алардын каттары көздөгөн жерге жеткенче узак чакырым аралыкты өтчү, жана Абдул-Баха аларга терең сүйүү жана чоң камкордук менен жооп жазчу. Анын шыктандырган сөздөрү аларга күч-кубат берип, жүрөктөрүнө кубаныч тартуулаган. Андыктан мындай байланыш агымынын үзгүлтүксүз түрдө улануусу чоң мааниге ээ эле.*

*Ошол убактарда ал аймакта Мухаммед-Таки деген адам жашаган. Ал жаш кезинде эле Персиядан келип, ал жерде чакан ишин баштаган. Аакырындык менен ал өзүнүн ишенчиликтүүлүгү менен тааныла баштайт. Ал ушунчалык ишенимдүү болгондуктан, Ыйык Жерде Абдул-Баха үчүн келген каттардын дээрлик бардыгы жана Анын жооптору анын үйү аркылуу өткөн. Жиберилген ар бир  катты тез жана коопсуз түрдө дарегине жеткирет деп Мухаммад-Такиге бекем ишенишчү.*

*Бирок, аз өтпөй Ишенимдин душмандары Абдул-Бахага каршы көтөрүлөт. Анын таасиринин өсүп жатканын көрө албагандар, Анын сүргүнгө айдалышын үмүт кылып, же андан да жаманы - Аны өлүм жазасына тартылса деп тилешкен. Тыңчылар Анын үйүн тегеректеп, Аны тынымсыз көзөмөлгө алып турган. Абдул-Баха менен Анын кыйышпас досторунун ортосундагы кат жазуу байланышын үзүүнү, же кээ бир баалуу кагаздарды уурдап алып, бийликтегилерди Абдул-Бахага каршы тукурууга колдонууну алар абдан каалашкан!*

*Бирок бул да Абдул-Баханы токтото алган эмес. Аны шамдын жарыгына салып, түндүн бир оокумунда кат жазып отурганын көп көрүүгө болоор эле. Ал каттарды коопсуз түрдө жөнөтүп жана кайра жоопторду алуу жолун ойлоп тапты. Кандай деп ойлойсуңар, кантип?*

*Ишенимдин душмандары Мухаммед-Такинин кандай маанилүү милдетти аткараарын билишчү. Ошондуктан, алар сөзсүз түрдө ал аркылуу ташылып жаткан каттарды тартып алууга аракет кылышмак. Ошондуктан Абдул-Баха Мухаммед-Такини жакынкы коопсуз өлкөгө жөнөтөт. Ал эми душмандардын шегин жаратпаган башка адамдар каттарды ага ташып турган. Ошентип, ал коопсуз жерден Мухаммед-Таки каттарды жиберүүнү жана кабыл алууну улантып, Абдул-Баханын ага арткан ишеничин бир да жолу бузган эмес. Ошентип эң кыйын мезгил учурунда да, Ыйык Жер менен кат алмашуу эч качан токтогон эмес жана эң алыскы аймактардагы досторго чейин жетекчилик насааттар жетип турган.*

## Д. “Багыттагыч” оюну

Окуучуларды эки-экиден кылып бөлүңүз жана алар эки-экиден жетелешип туруусун сураныңыз. Ар бир жуптагы балдардын биринин көзү таңылып, экинчиси ал баланы колунан кармап, жол көрсөтүп жетелейт. Алар басып бара жатканда,

чалынбагандай кылып, коопсуздук шарттар камсыздалышы керек. Оюнду татаалдатуу максатында, балдарды кандайдыр бир тоскоолдуктарды айланып өткөрүүнү кошууга болот. Мисалы: дарак дүмүрлөрүн, арыктарды, таштарды жана дөңгөлөктөрдү айланып өтүү. Балдардын ортосунда ишеним орногондон кийин, көзү таңылган баланы сөз аркылуу гана багыттап турууга болот. Бул учурда багыттагыч бала көзү таңылган баланын жанында кошо басып, ал бир нерсеге чалынып кете турган болсо, жардам берүүсү зарыл.

Оюндун башка варианты: бардык балдардын көзү таңылып, алар биринин артынан бири тизилет да, сиз же балдардын бири багыттагычтын ролун аткарат.

**Е. 19-сүрөттү боёо**

**Ж. Жыйынтыктоочу дуба**

## 20-САБАК

**А. Дубаларды окуу жана жаттоо**

Сиз жана бир нече окуучу сабакты ачуучу дуба окугандан кийин, балдар менен акыркы үч сабакта үйрөнгөн дубаны карап чыгыңыз.

**Б. Ырлар (буга чейинки берилген ырларды да кошо кайталаңыз)**

Кудай сүйүүсүнүн отун жандыр

D
Жүрөгүм Алла берген
A
Жалындайт
G
Жалын менен
D
Тутанат
A
Ал от
G
Алланын
D
Сүйүүсүнөн.

КАЙЫРМА:
D A
Алладан тилейм
Алладан тилейм *(жаңырык үн менен)*

G
Сүйүү

A D A
Жүрөгүмдө жансын
Жүрөгүмдө жансын *(жаңырык үн менен)*

G
Сүйүү оту

A D A
Анын сүйүү оту

G
Жүрөктөргө

A D
Нурун чачсын.

Күн сайын
Кудайга сыйынганда,
Башкаларга мен
Жакшылык кылганда,

Бул жалын алоолонот
Кудайга жана адамзатка
Кызмат кылганда.

Жалын жанып,
күйүп турса,
Ал жалындын
Жылуулугуна,
Тартылышат
Аны сезген
Башкалар да.

КАЙЫРМА

**B. Цитата жаттоо**

Бүгүнкү сабактын темасы жалындуулук сапатына байланыштуу. Бул тема менен балдар жаттай турган цитатаны берүүдө төмөндөгү түшүндүрмөлөр көмөк болмокчу:

> Ар бир адам Кудайды таанып билүү жана Аны сүйүү үчүн жаралган жана биздин жүрөктөрүбүздө Анын сүйүүсүнүн учкуну жанып турат. Кудайдын сүйүү жалынын өчүрбөстөн жандандырып туруу абдан маанилүү, ал үчүн биз ар күн сайын Ага сыйынып жана башкаларга кызмат өтөп турuубуз керек. Канчалык ал от алоолоп күйгөн сайын, биз жолубузда жолуктурган башкалар да анын жылуулугун сезишет. Ошондо, алардын жүрөктөрү да алоолонуп жанат. Биз жалындап күйүп турсак, айланага жарыгы менен жылуулугун бербей кое албаган шам сыяктуу болобуз. Келгиле, төмөндөгү цитатаны жаттап алалы:

**“Башкалардын жүрөктөрүндө от жандыруу үчүн, жалындап күйгүлө, о, адамдар, Кудай сүйүүсүнүн жалыны менен алоолонгула.”** [122]

*Жандыруу*

1. Үйдүн ичи абдан суук болгондуктан, Акселдин атасы от жагууну чечти. Ал чоң отундарды мешке салып, кичирээк чырпыктарды жандырып, аларды астына салды. Отундар бир аздан кийин күйө баштаганда, алардын табы менен бөлмө жылып калды.

2. Бир окумуштуу мектепке келип, балдарга ааламда болуп жаткан кубулуштар тууралуу ар кандай кызыктуу окуяларды айтып берди. Маек бүткөн соң, окуучулар ага ар түрдүү суроолорду беришти. Окумуштуу балдардын дүйнө тууралуу көбүрөөк билүү каалоолорун жандырды.

**Г. Аңгеме**

*Томас Брейквел деген англиялык жаш жигит Кошмо Штаттардын түштүгүндө пахта иштеткен фабрикада жооптуу кызматта иштеген жана жумуштан берилген эс алуусун Европада өткөрчү. 1901-жылы жайында Европага болгон саякаты учурунда, ал кемеден бир аялды кезиктирип калат. Ал аны менен ар кандай руханий темаларда сүйлөшөт. Алар Парижге келгенде, аял аны шаардагы батирлердин биринде жашаган курбусу менен тааныштыруу үчүн чогуу ала барат. Аял ал курбусунун Томас менен кызыкчылыктары окшош экенин байкаган. Аларды жаш айым тосуп алат, ошентип үчөө кызык маек курушат. Коштошоор алдында Брейквел ал айымдан дагы келип кетүү мүмкүнчүлүгүн берүүнү өтүнөт. Аны эртеси эртең менен келүүгө чакырышат.*

*Кийинки күнү жолугушууга келгенде, айым Брейквелдин көздөрү өзгөчө жанып, анын үнү толкундана дирилдеп жатканын байкайт. Айым аны отурууга чакырат. Брейквел бир саамга ага тилигип карайт да, анан ага таң калычтуу окуяны айтып берет. Мурунку күнү айымдын үйүнөн чыккан соң, ал өзү жалгыз бульварды бойлой басат, кечки аба жылуу жана үп болуп турган эле. Айлана жымжырт, жада калса тегеректеги жалбырактар да шырпылдабай тынч эле. Бир маалда күтүүсүз жерден кандайдыр бир шамаал пайда болуп, шамаал ага Кудайдан келген жаңы кабарды билдиргендей туюлат.*

*Жаш айым аны тынчтандырат. Чынында, ал айым Брейквелге келген кабар тууралуу билчү. Ал ага кийинки үч күн ичинде, көптөгөн сааттар бою Бахаи Ишеними тууралуу болгон билгенин айтып берет. Ал Бахаи тарыхын жана анын окуулары, ал окуулардын эң мыкты Үлгүсү болгон – Абдул-Баха, жана Анын Ыйык Жерде түрмө-шаар болгон Аккада жашап жаткандыгы тууралуу айтып берет.*

*Үчүнчү күндүн соңунда, Брейквелдин жүрөгү кубаныч менен үмүткө толуп, бирден бир тилеги - Аккага барып, Абдул-Бахага жолугууну чечет. Ошол эле учурда башка бир жаш жигит Ыйык Жерге дал ушундай максат менен барууну көздөп жаткан болот, ал Брейквелди чогуу ала барууга жан дили менен макул болот. Абдул-Бахага Ага барууга уруксаат сураган кат жөнөтүп, көп өтпөстөн алар жолго чыгышат.*

*Экөө Абдул-Баханын үйүнө келгенде, аларды адамдар чогулуп отурган бөлмөгө алып киришет. Брейквел аларды тегерете карап чыгып, тынчы кете баштайт. Отургандардын бири да анын журөгүн козгой албайт, Абдул-Баха алардын бири болсо керек деген ой менен, Парижде ага айтып беришкен Улуу Инсанды тааный албай калдым деп бушайман болот. Маанайы чөгүп, отуруп калат. Дал ошол маалда эшик ачылып, Брейквел ал жакты карайт. Ал жаркыраган нурду көрөт, ал нурдан Абдул-Баха чыга келет. Ошол замат Брейквел өзүнүн улуу тилегинин орундалганын түшүнөт.*

*Брейквел Абдул-Баханын жанында жүрүп, эки сонун күндү өткөрөт. Бул убакыттын ичинде анын жүрөгүндөгү жандырылган учкун, алоолонгон чоң отко айланат. Брейквел Абдул-Бахага пахта өндүрүшүндө иштээрин жана ал фабрикада кичине балдар жумушчу күч катары колдонулаарын айтып бергенде, Абдул-Баха ага жумушунан кетүүнү сунуштайт. Брейквел аны эч ойлонбостон ишке ашырат. Бул жолугушуудан кийин ал Парижге келет, анын руху жалындап турган эле. Ал жаркыраган шам сыяктуу жолунда жолуккан адамдардын баарына жүрөгүндө жанган оттун жарыгын тартуулай алды. Анын көзү өткөндө Абдул-Баха анын урматына Ыйык Насаат арнайт, анда мындай саптар жазылган: "О, Брейквел, менин ардактуум! Сен Көктүн Кошуундарынын шамын жандырдың, сен Абха Бейишине кадам таштадың, сен Улуу Дарактын көлөкөсүнөн баш калка таптың, сен бейиштин мекенинде Анын алдына бардың."*

**Д. "Оорулууга жардам бер" оюну.**

Балдардын бири "оорулуунун" ролун ойнойт. Дагы эки баланы бетме-бет тургузуп, бир-биринин билектерин кайчылаш карматып, "отургуч" жасатыңыз. Балдардын жаш курагына жана алардын жөндөмдүүлүктөрүнө жараша отургучту башкача жол менен жасоого болот. Мисалы: балдар оң билектерин өз сол колдору менен кыса кармайт, андан соң, оң колдору менен бир-биринин сол колдорунун билектерин кармашат.

Башка балдар "оорулууну" отургучка отургузууга жардам берет. Кандайдыр бир жерди же бакты "оорукана" кылып белгилеп алгыла да, оорулууну отургучка отургузуп, ал жерге алып келүүнү тапшырыңыз.

Балдардын тобу чоңураак болсо, алар "замбил" жасаса болот. Ал үчүн балдар кырка бетме-бет турушат да, чыканактарын бүгүп, колдору менен бет маңдай турган баланын билегинен кармашат. "Оорулуу" замбилге жаткырылып, "ооруканага" жеткирилүүсү керек. Балдарга, эгерде алар "оорулууну" коопсуз абалда "ооруканага" жеткиребиз десе, алар биргеликте иштөөлөрү керектигин эскертиңиз. Сиз аларга мындай деп айтсаңыз болот: "Эгерде биз оорулууну кулатып алсак, анын бир жери оорушу мүмкүн да, биз капаланабыз. Бирок, эгер биз оорулууну ооруканага эч кандай кыйынчылыкка туш кылбай жеткирсек, биз кубанычка батып, досубузга жардам бергенибиз үчүн өзүбүзгө ыраазы болобуз."

**Е. 20-сүрөттү боёо**

**Ж. Жыйынтыктоочу дуба**

## 21-САБАК

**А. Дубаларды окуу жана жаттоо**

Бул жана кийинки үч сабакты ачуу үчүн жатка билген дубаны айтыңыз, андай дубалардын бири 19-бөлүмдө сунушталган. Сиз жана бир нече окуучу сабакты ачуу үчүн дубаларды айткан соң, ушул деңгээлдеги соңку дуба болгон, төмөндөгү дубаны жаттоого бериңиз.

> **"О, Мээримдүү Теңир! Мен жаш жеткинчекмин, мени көкөлөтүп Өз Падышалыгыңа кирүүгө ракым эт. Мен жерге байлангам, асманыңа көтөр. Мен төмөнкү дүйнөңдөнмүн, мени жогорудагы бейишке багытта; көңүлүм чөккөн, жалындап жанууга жардам бер, мен затмын, рухумду жандандыр жана өзүңдүн чексиз берекелериңдин далили кыла көр."**
>
> **"Сен Күчтүүсүң, баардыгын Сүйүүчүсүң."** [123]

**Б. Ырлар (буга чейин берилген ырларды да кошо кайталаңыз)**

Нур чачуу

```
  E                    A
Көктүн жарыгын чагылдырсак,
B                      E
Жүрөгүбүз мээрим чачат.
  E          A
Шаттанып, нурданып турсак,
  B                    E
Сүйүүсүн Анын баары туят.

КАЙЫРМА
  E            A
О, тирлик баласы!
  B                 E
Шамымсың Менин, жарыгым Менин сенде!
  E            A
О, тирлик баласы!
  B                 E
Шамымсың Менин, жарыгым Менин сенде!
```

Алланын сүйүүсү түбөлүк жашайт,
Кызмат кылсаң, ого бетер жаркырап,
Бар күчүң менен ал жарыкты таркаткын,
Жүрөктөрдү ал от менен жаркырат.

КАЙЫРМА *(акыркы эки сап кайталанат)*

## В. Цитата жаттоо

Бүгүнкү сабакта балдар нур чачуу жөнүндө цитатаны үйрөнүшөт, сиз аны төмөндөгүдөй кылып түшүндүрсөңүз болот:

> Кудайдын сүйүүсүнүн нуру тынымсыз түрдө биздин жүрөктөрүбүзгө жарыгын чачып турат. Бул жарык канчалык күчтөнүп жанган сайын, биздин жүрөгүбүз ошончолук Анын сүйүүсү менен нурданат. Кудай жөнүндөгү билимдин жарыгы – Анын улуулугун, Анын даңкы жөнүндөгү билим көздөрүбүзгө жарык берет. Сүйүүнүн жарыгы да, билимдин жарыгы да биздин жакшы иштерибиз менен жылуу сөздөрүбүз аркылуу жаркырап турат. Ал эми айланабыздагы адамдар болсо биздин кубанычыбыздан шаттанышат. Нур чачкан адам болуу канчалык маанилүү экенин эстен чыгарбоо үчүн төмөндөгү цитатаны жаттап алалы:

**“О, болмуш урпагы! Сен Менин чырагамсың, Менин жарыгым сенде. Андан нурлан да, Менден бөлөктү издебе.”** [124]

*Нур чачуу*

1. Тайрель ойгонсо, бөлмө жарык нурга бөлөнгөн экен. Ал нур чачкан күндүн жылуулугун туйганда өзүн бактылуу сезди.

2. Сантос айым бардыгын өз үй-бүлөсүндөй жакшы көрөт. Ал ар дайым берешен, мээримдүү жана башкалардан жардамын аябайт. Анын жүрөгүнөн чыккан сүйүүнү бардыгы сезет, бул бардыгына кубаныч тартуулайт. Бардыгы анын нур чачып турганына суктанат.

*Издөө*

1. Жумурткадан жөжө чыкканда, энеси ага тамак таап келуүнүн камын ойлойт. Канаттуу эне кичинекей жөжөсүнө тамак издей баштайт.

2. Мектеп окуучуларды өзгөчө сейилдөөгө чакырды. Ага баруу үчүн балдар ата-энелеринен уруксат алуулары керек эле. Бардык окуучулар ата-энелеринен уруксат алуунун жолун издей башташты.

## Г. Аңгеме

*Дороти Бэйкер тууралуу бир күнү дагы көптү биле аласыңар. Ал кичинекей кезинде Абдул-Баха менен жолугуу бактысына ээ болгон. Чоң энеси аны Абдул-Баха батышты кыдырып жүргөн кезинде аны менен жолугушууга алып барат. Дороти мурда келип көрбөгөн чоочун үйгө келгенде көп адамдар чогулган бөлмөгө кирет, чогулгандар Абдул-Баханын сөз сүйлөшүн күтүп тынч маектешип отурушкан. Чоң энеси экөө бөлмөгө киргенде Абдул-Баха ал экөөнө жылмая карап, кичинекей Доротиге башы менен жаңсай, жанына отурууга чакырат. Дороти бир аз толкундана, бирок ишенимдүү басып, башын жерден көтөрбөстөн меймандарды аралай өтүп, Анын бут алдындагы отургуска барып отурат.*

*Абдул-Баха сүйлөп жаткан мезгилде, ал башын көтөрбөстөн, өзүнүн кара бут кийиминен көзүн албай тиктеп отурат. Ал Доротини карабайт, Дороти да Аны караганга даай албайт. Дороти толкунданып, белгисиздик коркуткандыктан башын жерге салган калыбында отура берет. Бара-бара анын коркуу сезимдери тарап, бир аз тынчтана баштайт. Анда кандайдыр бир күчтүү каалоо пайда болот: анын жаны Абдул-Бахanын сүйүүсүнүн улуулугуна эрип сиңип кетишин каалайт. Анын нур чачкан жарыгы жана жылуулугу кичинекей кыздын жүрөгүн толкутту.*

*Абдул-Баха ал күнү эмне жөнүндө сүйлөгөнү Доротинин эсинде жок. Бир гана эсинде калганы – Анын мээримдүү жүзү, мукамдуу үнү жана анын жакындыгынан сезген жылуулук. Доротинин жүрөгүндөгү сүйүү ушунчалык күчтүү болгондуктан, акыры ал Абдул-Бахага кат жазууну чечет. Өз катында ал Ага жана Анын Атасы, Бахаулланын Ишине кызмат өтөөгө уруксат берүүнү суранат. Доротиге жазган жообунда Абдул-Баха анын мындай умтулуусун мактоого алып, Кудайдын кайрымы күмөнсүз экенин айтып, ал өз максатын ийгиликтүү ишке ашыраарына үмүтүн билдирген. Чындыгында эле, Дороти бүт өмүрүн Кудайга жана адамзатка кызмат өтөөгө арнаган.*

### Д. “Күзгү жана көлөкө” оюну

Балдарды эки-экиден кылып, аларды бири-бирине бетме-бет каратып тургузуңуз. Эми ар бир жуптагы бир балага кандайдыр бир кыймыл аракетти көрсөтүүнү сунуштаңыз, ал эми анын жубундагы өнөктөшү, күзгү сымал, анын кыймылдарын дал өзүндөй кылып кайталоосу керек. Бир нече мүнөттөн соң, алар өнөктөшү менен ролдорун алмашат. Оюнда кыймылды гана кайталап ойнобостон, бети менен ар-кандай эмоцияларды көрсөтүп кайталоого болот. Мындан кийин ар бир жуптан бирден бала экинчисинин артына туруусу керек, ал эми алдыдагы бала кыймыл жасаганда, артындагы бала, анын көлөкөсү сымал, анын кыймылын кайталайт.

### Е. 21-сүрөттү боёо

### Ж. Жыйынтыктоочу дуба

## 22-САБАК

### А. Дубаларды окуу жана жаттоо

Сабакты ачуучу дубалар айтылган соң, балдар мурдакы сабакта берилген дубаны жаттоону улантышат.

### Б. Ырлар (буга чейин берилген ырларды да кошо кайталаңыз)

Бактылуу болгум келет

```
   Am
Билип алчу бир нерсе бар,
Am                E7
Бул Ишенимдеги адамдар,
 Dm
Сөз эмес иши менен даңкталып,
      Am                                  E7        Am
Жашоосун Ишенимдин үлгүсү кылаар.
```

КАЙЫРМА

```
Am
Бактылуу болгум келет,

Am
Күчтүү болгум келет,

Am
Өмүр бою Ага

Am
Кызмат кылгым келет.

Dm    Am
Ошондуктан мыйзамдарын Алланын

E7       Am
Башымды ийип, таазим менен аткарамын.
```

Билип алчу бир нерсе бар,
Бул дүйнө куру сөзгө бардар,
Адамдар сенден күтөт,
Сөз менен эмес иш менен аткар.

КАЙЫРМА

## B. Цитата жаттоо

Балдар берилгендик темасына багытталган бул сабакта төмөндөгү цитатаны жатка айтууну үйрөнүшөт. Төмөндө аны түшүндүрүүгө жардам бере турган кээ бир идеялар камтылган:

> Берилген жан Кудайдын берген белектерин эч качан унутпайт, ал эч качан Кудайды сүйгөнүнөн кайтпайт. Так ошол Ага берилгендигибиз үчүн биз Анын окуусун жолдоп, мыйзамдарына баш ийүү оңойго турбаса да, болгон аракетибизди жумшайбыз. Ошондуктан биз башкаларга кызмат өтөөдө талбай эмгектенебиз, Анын ырайымына ээ болуу тилеги менен гана жакшы иштерди

жасайбыз. Берилген жан үчүн Кудайга жагуудан башка андай чоң кубаныч жок. Келгиле Бахаулланын төмөнкү сдөрүн жаттап алалы:

**“Улуу аракет кийимин кийип, бул Ишке кызмат өтөө үчүн берилгендик менен көтөрүлгөн жандар – бактылуу ”**[125]

*Кийүү*

1. Мэйдин өзгөчө учурларда гана кийчү жакшынакай көйнөгү бар. Ал көйнөгү менен Мая жамааттын чогулушуна барды. Мэй өзүнүн өзгөчө көйнөгүн кийип барды.

2. Наталья бардыгына мээримдүү. Кудай анын жүрөгүнө мээримдүүлүк кийимин кийгизген.

*Кийим*

1. Кээ бир өлкөлөрдө сот учурунда соттор ак жасалма чач жана кара узун мантия кийүүлөрү шарт. Алар сотторго тийиштүү болгон кийимдерди кийүүгө милдеттүү.

2. Хан сарайдан чыгуудан мурда ханзаада өзүнүн таажысын жана атайы ханзаадалык курун тагынат. Ал өзүнүн ханзаадага тийиштүү кийимин киет.

*Аракет*

1. Окуучулар мектептин тегерегине бак тигүүнү чечишти. Жамаат алардын аракетин колдоп, аларды көчөт жана кара топурак менен камсыз кылды.

2. Пьер менен Арлин тоонун чокусуна чыгууну максат кылышты. Алар бул чоң аракетти талап кылаарын түшүнүп турушту, ошентсе да алар бул чечимин аткарууга ишенимдүү турушту.

**Г. Аңгеме**

*Абдул-Баха бала кезинде, Анын үй-бүлөсү Персиянын белгилүү адамдарынан эле. Алардын Исфандияр атту үй кызматчысы бар болчу. Ал бул үй-бүлөгө чын дили менен берилип иштегендиктен, ага толугу менен ишенишчү. Бийликтегилер түркөйлүктөн жана көрө албастыктан улам Абдул-Баханын сүйүктүү Атасы, Бахаулланы камап, алардын болгон мүлкүн тартып алат. Алардын колунда эч нерсе калбайт жана Бахаулланын жакындарынын бардыгына коркунуч жаралат. Ошондо да Исфандияр алардын үй-бүлөсүнө кам көрүүнү уланта берет. Тартип сактоочулар Исфандиярды издеши мүмкүн деп чочулаган Абдул-Баханын энеси, ага шаардан чыгып кетүүнү сунуш кылат. Бирок Исфандияр аларды таштап кетпейт.*

*“Мен кете албайм”, – дейт ал, анткени ал көптөгөн сатуучуларга карыздарын төлөй элек болчу. “Мен кантип кетип калам? Алар, Бахаулланын кызматчысы ар нерсени сатып алып, аларды колдонуп туруп, төлөбөй кетти дебейби. Мен бул карыздарымдан кутулмайынча кетпейм. Эгер мени камап салса, эч нерсе*

*эмес. Жазага тартса, ал да коркунучтуу эмес. Алар мени өлтүрүп салышса, мага кайгырбагыла. Бирок кете албайм. Мен карыздарымды төлөп бүтүрмөйүнчө, бул жерде калам.”*

*Бир ай бою Исфандияр базар аралап, колунда калган буюмдарын сатат. Качан карыздарынан кутулган соң, ал үй-бүлөгө келип, алар менен коштошот, анткени алар менен мындан ары чогуу кала албастыгына көзү жеткен. Министрлердин бири аны өзүнө алып, мындай кооптуу учурда коргоп калууга макул болот.*

*Көптөгөн айлардан кийин, Бахаулла түрмөдөн бошотулуп, Ал жана Анын үй-бүлөсү бийлик тарабынан Персиядан куулат. Алар кошуна өлкөдө жайгашкан Багдад шаарына бет алышат. Бахауллага чын жүрөктөн берилген Исфандияр, кайрадан Багдадка сапар алып, кайрадан алардын үйүндө кызмат кылууга уруксат сурайт. “Сен бизден кеткенде, сени бир персиялык министр коргоого алып, башка эч ким жардам бере албаганда, ал сага башпаана берген эле. Анын бул жакшылыктары үчүн сен ага ишенимдүү болушуң керек. Эгерде ал сенин кетишиңе эч каршы болбосо, анда кайра келсең болот, а эгер ал сени кетирүүнү каалабаса, анда андан кетпе”, - дейт Бахаулла.*

*Исфандияр абдан түз жүргөндүктөн, ошондой эле ар дайым ишеничтүү болуп, чын дилинен берилип иштегендиктен, албетте министр аны кетирүүнү каалабайт. “О, Исфандияр, - дейт ал, - мен сени кетиргим келген жок, бирок, эгерде сен кетүүнү каалап турсаң, сен каалагандай болсун.” Бирок Исфандияр Бахаулланын айткандарын эстейт. Ошентип ал министрдин кызматында кала берет, кийин министрдин көзү өткөн соң, Исфандияр кайрадан өзү сүйгөн үй-бүлөгө кайтып келип, өмүрүнүн акырына чейин Абдул-Баханын кызматында болгон.*

**Д. “Бул ким?” оюну**

Бир баланын көзү таңылып, ал отургучка балдарга артын салып отурат. Башка бир балага белги бериңиз. Ал бала көзү таңылган балага барып, ал отурган отургучту колу менен такылдатат. Отургучта отурган бала сурашы керек: “Бул ким?” Такылдаткан бала үнүн башкача чыгарып: “Бул мен!” – дейт. Отурган бала ким такылдатканын тапканга аракет кылат. Көзү таңылган балага ким такылдатканын табуу үчүн үч мүмкүнчүлүк берилет. Андан соң кезек башка балага өтөт. Балдарга көзү таңылган баланын жакшылап угуусу үчүн алардын тынч отуруулары керектигин эскертсеңиз болот.

**Е. 22-сүрөттү боёо**

**Ж. Жыйынтыктоочу дуба**

# 23-САБАК

### А. Дубаларды окуу жана жаттоо

Сабакты дуба менен ачып, андан соң балдарга 21-сабакта берилген дубаны жаттоого өтсөңүз болот.

### Б. Ырлар (буга чейин берилген ырларды да кошо кайталаңыз)

Чыдамкайлык

```
      D             A
Буттарың чарчады,
         A          D
Баса турчу жол узак, узак, узак.
      D              A
Баарын таштап кеткиң келет,
        A              D
Ысык күн турат куйкалап.
 G                D
Чыдамсыздыкка айла жок;
   G             D
Ыйлагандан пайда жок.
G            D
Акырындап кадам ташта,
    A                D
Убакыт өтөт бир паста.
```

КАЙЫРМА

```
 G           D
Сабырдуу бол ар качан,
G  D
Кайгы түшсө башыңа.
 G           D
Сабырдын түбү - сары алтын,
         A           D
Ырыскы келет кашыңа.
```

Кайра-кайра айтканыңды,
Түшүнбөй турса тууганың,
Чыдамыңды жоготпостон,
Дагы бир жолу айткының.
Сабырдуу бол ар убак,
Кежирликтин жөнү жок.
Мээримдүү болсоң башкага,
Катасын сезип, үйрөнөт.

КАЙЫРМА

Ишти мыкты аткаргың келет,
Ийгилик бирок жарала элек.
Аракеттен майнап чыкпай,
Шаабайың сенин сууп келет.
Чыдамсыздыкка айла жок;
Аз иштесең пайда жок.
Аракет кылсаң – берекет,
Кылган ишиң илгерилейт.

КАЙЫРМА

**B. Цитата жаттоо**

Балдар бүгүн чыдамкайлыкка байланыштуу болгон цитатаны үйрөнүшөт. Сиз аны төмөндөгүдөй жол менен айтып берсеңиз болот:

Чыдамкайлык - бул биздин эң маанилүү сапаттарыбыздын бири болуп саналат. Чыдамдуу болбосок, анда биз бул жашоодо көп нерсеге жетише албайбыз. Окууда, жумушта, үй-бүлөдө, достукта, руханий жактан өсүүгө болгон аракетибизде чыдамдуулук өтө чоң мааниге ээ. Бардык эле иш-аракеттер ыкчам орундала калбайт, алардын көбү аз-аздан барып ишке ашат. Көптөгөн нерселер кичине-кичинеден, күндөн күнгө жүрүп отуруп орундалат. Биз сабырдуу болсок, убакытты талап кылган иштерди шаштырбайбыз. Биз башкаларга жана өзүбүзгө карата сабырдуу болушубуз зарыл, анткени биз баарыбыз үйрөнүп жана өсүп жатабыз. Анда эмесе чыдамдуу болууга жардам болчу төмөндөгү цитатаны жаттап алалы:

**“Акыйкатта, кыйынчылыкта чыдамдуу болгонду Анын улуу сыйлыгы күтөт.”**[126]

*Сыйлык*

1. Андерсон айым анын окуучулары даярдаган илимий ишке абдан ыраазы болду. Сыйлык катары, ал аларды жакын жердеги океанариумга алып барды.

2. Алена күнүгө гитара чертүүнү үйрөнүүгө убакыт бөлдү. Ал өзүнүн инисине жагымдуу музыканы чертип бергенде, инисинин жүзүндөгү кубанычы Алена үчүн чоң сыйлык болду.

*Чыдоо/чыдамкай*

1. Алия үй-бүлөсү менен чогуу алыс жерге көчүп кетишти. Алгачкы айларда алар көптөгөн кыйынчылыктарга дуушар болушту. Бирок мээримдүү кошуналарынын жардамы менен алар кыйынчылыктарга чыдап, акыры жаңы үйүндө бактылуу жашай башташты.

2. Хьюн ооруп калды. Ал абдан катуу ооруп турса да, эч арызданган жок. Ал бардыгына чыдап, сабырдуу болду.

## Г. Аңгеме

*Ли Шин шабдаалыны абдан жакшы көрчү. Ар күн сайын ал мектепке шабдаалы алып келип, тыныгууда жеп алчу. Ал ар бир тиштемди ушунчалык ыракаттануу менен жечү, бирок жеп бүткөн соң анын данегин ыргытып жиберчү.*

*Бир күнү Ли Шин уруктар жөнүндө сабак өтүп, анда бир ой пайда болду. Ал шабдаалынын данегин отургузуп, аны чоң бак кылып өстүрө турган болду! Тыныгууда жеген шабдаалысынын данегин ыргытпай, кагазга ороп койду. Сабак бүтөөр замат үйүнө шашыла келип, атасынан бак өстүрүүгө ыңгайлуу жер табууга жардам берүүсүн суранды. Атасы ага урукту алуу үчүн данектин кургашын күтүү керектигин эскертти. Ошентсе да, Ли Шин данекти дароо айдап салууну каалап турду. "Ли Шин, эгер сен сабырдуу болуп, данектин кургашын күтө албасаң, анда уруктан дарактын өнүп чыгышын кантип чыдап күтөсүң?" – деди ага атасы. Ошондо Ли Шин данекти кургатуу үчүн коюп койду.*

*Бир нече күн өткөн соң, Ли Шин данекти чагып, андан уругун алып чыкты. Анын апасы ага бакчанын бурчун көрсөтүп, ал жер чоң жана бийик бак үчүн ыңгайлуу экендигин айтты. Ли Шин ал жерге кичине чуңкур казып, ал жакка урукту салып, аны ным топурак менен дөнсөө кылып көмүп койду. Ал толкундана жылмайды. Анын дарагы акыры өсүп баштайт!*

*Ар күн сайын Ли Шин дөңсөөнү келип текшерип кетет, уруктан бир нерсе өнүп чыктыбы деп карайт. Арадан бир нече жума өттү. Жерден эч нерсе өнүп чыкканы көрүнбөйт. Ли Шиндин көңүлү чөгө баштайт. Уулунун капалуу экенин байкаган апасы андан себебин сурайт. "Менин уругум өспөй жатат. Деги эле качандыр бир убакта менин багым болооруна ишенбейм" – дейт ал апасына. "Билесиңби, - деди анын апасы, - бул урук бак болуп өсүп чыгышы үчүн көп нерсени жеңип өтүшү керек. Бул жагынан караганда, ал сага окшош. Сен жаңы төрөлгөн кезиңде, абдан кичинекей элең. Сен тамак жеп, анан уктагандан башканы билчү эмессиң. Эми болсо сени карачы! Сен азыр чоң баласың, сен басканды, сүйлөгөндү жана өз алдынча ойлонгонду билесиң! Бул бактын өсүшү үчүн көп жылдар керек, бирок эгер сен ага жакшылап кам көрсөң, анда бир күнү анын көлөкөсүндө отуруп, анын жемиши менен ыракаттана аласың." Муну уккан Ли Шинде кайрадан үмүт пайда болду. Ал сабактан урук тууралуу өткөнүн эстеп, уруктан жаш сабактын өсүп чыгуусу үчүн урук көптөгөн өзгөрүштөрдөн өтүп, андан кийин гана өсүп чыгаарын эстеди.*

*Жаздын бир күнүндө, Ли Шин адатынча текшерүү үчүн урук тигилген жерге келип, жерден чыгып калган жаш сабактын учун көрдү. Анын багы өсө баштаган экен! Ал кошуна багбандыкына жүгүрүп барып, ага кубанычтуу кабарын айтты. Кошунасы ага жаш көчөткө кандай кам көрүш керектиги тууралуу кеңештерин берип, өнүп чыккан сабактын азырынча жаш жана назик экенин айтты. Ал багбандын ар бир сөзүн кунт коюп угуп, даракты болушунча туура азыктандырууну көздөп жатты. "Жакында сизге ыраазычылык катары көп шабдаалы берем", – деди Ли Шин ага. Бирок кошунасы ага жылмая карап: "Ли Шин, эсиңдеби, данектин кургашын күтүүдө кандай сабырдуулук талап кылынды эле?" – деди. Ли Шин башын ийкеди. "А уруктан сабак өсүп чыгат деп күткөнүңдө, андан да көбүрөөк сабырдуулук керек болгону эсиңдеби?" Бул да Ли*

*Шиндин эсинде эле. "Анда жаш сабактын сен күткөндөй даракка айланып, жемиш бере башташы үчүн, мындан да көп убакыт керек экенин билишиң керек. Ал бак сага жаккан шабдаалыларды бериши үчүн көптөгөн жылдар талап кылынат."*

*Ошентип Ли Шин жаш сабак - көчөткө, көчөт - даракка айланганга чейин багына кам көрүп, ага керектелген нерсенин бардыгы менен камсыздап турду. Бара-бара Ли Шин менен кошо, дарак да чоңойо баштады. Ошентип күндөрдүн биринде, Ли Шин мектептен келип, бүчүр байлаган жердин ордунда алгачкы шабдаалы түйүлө баштаганын көрдү. Ал жерден жаш сабак чыкканда кубангандай дагы бир жолу кубанды. Ал дагы да чыдамдуулук менен күтүү керектигин түшүнүп турду. Анткени шабдаалы чоңоюп, бышканга чейин дагы бир аз убакыт керек эле.*

**Д. "Ким баштады?" оюну**

Бир баланын көзүн таңып, аны топко артын каратып тургузуу керек. Андан соң үн чыгарбай, акырын башка баланы "баштоочу" деп тандаңыз. Биринчи баланы топко кошуудан мурун, балдарга "баштоочунун" көрсөткөн кыймыл-аракетин туураганга жардам бериңиз. Мисалы, эгерде ал кол чапса, башка балдардын бардыгы кол чабат. Эгерде ал кол булгаласа, башкалар да дал ошондой кылуулары керек. Эми биринчи бала көзүн чечип, топко кошулат да, дыкаттык менен карап туруп, "баштоочу" ким экенин табуусу керек. Ошол эле учурда бөлөк балдар да шек алдырбаш үчүн, "баштоочуну" таамай карабай, же кечке карабаганга аракет кылуулары керек, антпесе "баштоочуну" оңой эле таап алууга болот.

**Е. 23-сүрөттү боёо**

**Ж. Жыйынтыктоочу дуба**

## 24-САБАК

**А. Дубаларды окуу жана жаттоо**

Адаттагыдай, сабакты дуба окуу менен ачып, андан кийин балдар акыркы сабактарда жаттап жаткан дубаны кайрадан кайталап чыгыңыз.

**Б. Ырлар (буга чейинки берилген ырларды да кошо кайталаңыз)**

Кудайга болгон сүйүүңдө бекем бол

G C
Басабыз биз, басабыз
D G
Кудайдын жолу менен басабыз
G C
Биз бекембиз, бекембиз
D G
Кудайга болгон сүйүүбүздө.

G C
Кудайдын жолу менен басабыз,
D G
Кыйынчылык башка түшсө,
G C
Туруктуу болуп Анын сүйүүсүнө
D G
Жолунда бекем турабыз.

Кызмат кылабыз, кызмат кылабыз,
Кудайдын Ишине кызмат кылабыз,
Туруктуу болуп Аны сүйүүдө,
Кебелбей бекем турабыз.
Кудайдын Ишине кызмат кылабыз,
Ар убак үлүш кошобуз.
Туруктуу болуп Аны сүйүүдө,
Кызмат кылуудан кубаныч табабыз.

Тикеден тик турабыз,
Жүрөгүбүздү Кудайга бурабыз.
Туруктуу болуп Аны сүйүүдө,
Кебелбей бекем турабыз.
Кудай жардам берээринен,
Эч качан күмөн санабайбыз.
Туруктуу болуп Аны сүйүүдө,
Бардык капаны алыс айдайбыз.

**B. Цитата жаттоо**

Төмөндө берилген идеяларды сиз балдарга жаттоого бере турчу тайбастык темасына арналган цитатаны берүүдө колдоно аласыз.

Кудайды чын дили менен сүйгөн адамга тийиштүү болгон маанилүү сапаттардын бири – бул тайбастык (туруктуулук). Жашоодо кандай гана жагдайлар болбосун, биз ар дайым Кудайды жана Ага болгон сүйүүбүздү эске алабыз. Андыктан ким кандай сөз айтпасын же иш жасабасын, алар биздин Ага болгон ишеничибизге эч кандай таасир көрсөтө албайт. Биз Аны сүйөбүз жана Анын мыйзамдарына, үйрөткөндөрүнө баш ийебиз. Тайбастыктын (туруктуулук) канчалык деңгээлде

маанилүү экендигин түшүнүү үчүн, келгиле, төмөндөгү Бахаулланын айткандарын эсибизге сактап алалы:

**“Эгер сен Кудайдын Ишине тайбастык менен кызмат кылсаң, сенин даражаң болуп көрбөгөндөй бийик болот.”**[127]

*Болуп көрбөгөндөй*

1. Бакчалар абдан кооз эле, мындай кооз бакчаны Ксавье эч качан көргөн эмес. Ал мындай болуп көрбөгөндөй кооз бакчаны элестете да алган эмес.

2. Келецонун апасы үй бүлөсү үчүн өзгөчө таттуу токоч жасады. Алар аны ыракаттанып жешти жана ал болуп көрбөгөндөй даамдуу болгонун айтышты.

*Бийик*

1. Марта ар күнү кечинде жатаардын алдында дуба окуйт жана Кудайга жакындыгын сезет. Ал уктаганы жатканда, анын руху бийикке көтөрүлөт.

2. Чогулушта Кумар дүйнөдөгү тынчтык жана адамзаттын ыймандуулугу тууралуу сүйлөдү. Кумар бийик темаларды козгоду.

*Тайбас болуу*

1. Розмаринин досу жылдыздар асманда учуп жүргөн кичинекей шам чырактар деп айта берет, бирок Розмари буга чейин ар бир жылдыз асмандагы алыскы күн экенин окуган эле. Розмари өз оюн өзгөрткөн жок. Ал өзү чындык деп билген маалыматына таянып, өз оюнан тайбай бекем болду.

2. Монага кимдир бирөө Кудайга күн сайын жалынып дуба окуунун зарылдыгы жоктугун айтты. Бирок ал күндө сыйынып дуба окууну токтоткон жок, анткени бул Кудайдын мыйзамы экенин билчү эле. Мона дуба окуу мыйзамын сактоодо тайбастыгын көрсөттү.

**Г. Аңгеме**

*Балким силер Абдул-Баханын кичүү карындашы, Бахия-ханум тууралуу билет болушуңар керек. Адилетсиз өкмөт анын Атасы Бахаулланы кармап түрмөгө салганда, ал болгону алты жашта болчу. Анын үй-бүлөсү тектүү адамдардан болгонун силер буга чейинки аңгемелерден билесиңер. Бирок, Атасы камакка алынгандан кийин, жерлери, мүлктөрү, үй-жайы, эмеректери – баары жок болду. Үй-бүлө жада калса тамак-ашсыз калган. Ал жана сүйүктүү Агасы Абдул-Баха экөө ачка болгондо, нан жок болгондуктан апасы алардын алаканына бир аз ун себелеп берип тамактандырган.*

*Акыры Атасын бошотушканда, өкмөт аларды мекенин таштап чыгып кетүүгө мажбурлаган. Ошондуктан кыштын кыраан чилдесинде Бахия-ханум үй-бүлөсү менен коңшу өлкөдөгү Багдад шаарына бет алышат. Ал жакка жетиш үчүн кар баскан тоолорду ашууга туура келген. Сапар кооптуу эле, жана жолдо жегидей тамак-ашы да жетишсиз болчу. Кийген кийимдери болсо кар менен сууктан*

*коргой албайт. Бир нече өгүз менен алар бийик тоолорду ашып жай жүрүп отурушту. Жан баспаган жерлерге токтоп тыным алып, түнөп калууга да туура келди. Бирок, аларды Кудай коргоп жүрдү, акыры аман-эсен Кудайдын жардамы менен үч айдан кийин Багдадка жетишет. Бахия-ханум ошол бойдон туулган мекенине кайра кайтып барган эмес.*

*Калган бүт өмүрүн Бахия-ханум Атасынын башына түшкөн азаптарын жана сүргүндөрүн бөлүшүү менен өткөргөн. Акыры өкмөт Бахаулланы түрмө-шаар болгон Аккага айдайт, ал жерде үй-бүлө жексур кылмышкерлердин арасында жашайт. Сүйүктүү Атасы көз жумгандан кийин, Бахия-ханум Ишенимдин Башчысы болуп дайындалган сүйүктүү агасы Абдул-Бахага берилгендик менен колдоо көрсөтөт. Көп жылдан кийин Абдул-Баха кайтыш болгондон кийин, Бахия-ханум Абдул-Баха Ишенимдин Сакчысы кылып дайындап кеткен анын небереси жаш Шоги Эффендинин эң мыкты жардамчысы болот.*


*Ал кезде Бахия-ханум улгайып калган эле. Анын жашоосу кайгы-кырсыктар менен азаптарга толгон. Бир кырсыктын артынан экничиси, бир жамандык дагы башкасы менен алмашып турган. Бирок ал кайратынан эч жазбай, жүрөгү дайыма Кудайга болгон сүйүүгө толуп турчу. Ал өмүрүнүн акырына чейин туруктуулугун жана тайбастыгын көрсөтө алды.*

**Д. “Жардамчы кол” оюну**

Балдарды эки-экиден жетелешип туруусун сураныңыз. Алгач алар көздөрү ачык бойдон ары-бери басышсын. Алар алгач тапандап майда кадам менен баштап, улам барган сайын кадамдарын чоңойтушу керек. Ар бир жуп башка жуптагы балдарды сүзүп албаганга аракет кылышы зарыл. Андан соң ар бир жуптагы бирден бала көздөрүн жумуп, алар ушул эле кыймылдарды кайталашат. Көзү таңылбаган бала балдарды сүзүп албоо аракетинде, көзү жумулган балага багыт берүүгө тийиш. Бирок багыттарды алар сөз менен бербестен, колдорунун жардамы менен берүүгө тийиш. Аларга мындай багыт берүү түрлөрүн оюн башталганга чейин үйрөтүңүз, мисалы, алаканын бир ирет кыса кармоо “токто” дегенди түшүндүрүшү мүмкүн, 2 ирет кысуу “артка кайт”, 3 ирет кысуу “оңго бурул” жана 4 ирет кысуу – “солго бурул” дегенди билдире алат.

**Е. 24-сүрөттү боёо**


**Ж. Жыйынтыктоочу дуба**



**“О, Рух баласы! Менин биринчи кеңешим мындай:**
**Жүрөгүң таза, мээримдүү жана нурлуу болсун...”**




**“Адилеттүүлүктүн жолу менен бас, анткени ал, акыйкатта, туура жол.”**



**“О, Досум! Жүрөгүңдүн бакчасына бир гана сүйүү розасын өстүр. . .”**



**“Чынчылдык - адамзаттын бардык изгиликтеринин пайдубалы.”**




**“Тартуу кылуу жана март болуу – Мага таандык касиет; өзүн Менин изгиликтерим менен кооздогондорго ыраазымын.”**



**“Өзүнөн да өзгөнү артык көргөн - баталуу”**



**“О, Адам баласы! Жүрөгүңдөгү кубанычка шаттан, ошондо Мени менен көрүшүүгө татыктуу болуп, сулуулугумду чагылдыра аласың.”**



**“Биз ар учурда өзүбүздүн чынчылдыгыбызды жана ак ниеттүүлүгүбүздү көрсөтүшүбүз керек.”**



**“О, адам баласы! Менин алдымда момун бол, ошондо Мен кайрымдуулук менен сага түшүп келем...”**



**“ Шаттан, шүгүр де жана Кудайга ыраазычылык билдирүү үчүн көтөрүлүп тур, анткени канчалык ыраазы болсоң, ырыскыңдын көбөйүшүнө алып келет”**



**“... кечиримдүүлүк менен ырайымдуулук, жана Кудайдын сүйүктүүлөрүнүн жүрөгүн кубандырган нерселер силерди көрктөндүргөн жасалгаңар болсун.”**



**“ Өз тилиңерди, о адамдар, чындык менен, ал эми рухуңарды адалдыктын саймасы менен коздогула.”**



**“ Кудай Падышалыгынын негизин акыйкаттык жана адилеттик, ошондой эле ар бир тирүү жанга карата боорукердик менен мээримдүүлүк түзөт.”**




**“ Билгин, сенин чыныгы көркүң Кудайга болгон сүйүүң жана Андан башкасынын  баарынан  байланбастык...”**




**“ Бүткүл даңктын булагы - Кудайдын бергенин кабыл алуу жана Кудайдын буюрганына каниет кылуу.”**



**“ Баардык адамдарга боорукердик жана сүйүү менен мамиле кылган адам чыныгы жыргалга ээ болот”.**



**“ Кайраттын жана күчтүн башаты - Кудайдын Сөзүн жайылтуу жана Ага болгон Сүйүүдөгү тайбастык.”**




**“ Кудайга болгон ишенимди эч качан жоготпо. Үмүтүңдү үзбө, анткени адамдарга Кудайдын ырыскысы тынымсыз төгүлүп турат.”**



**“Ишенимдүүлүк – бул адамдардын бейпилдигине жана коопсуздугуна алып келчү улуу дарбаза”**



**“ Башкалардын жүрөктөрүндө от жандыруу үчүн, жалындап күйгүлө, о, адамдар, Кудай сүйүүсүнүн жалыны менен алоолонгула.”**




**“ О, болмуш урпагы! Сен Менин чырагамсың, Менин жарыгым сенде. Андан нурлан да, Менден бөлөктү издебе.”**



**“ Улуу аракет кийимин кийип, бул Ишке кызмат өтөө үчүн берилгендик менен көтөрүлгөн жандар – бактылуу”**



**“ Акыйкатта, кыйынчылыкта чыдамдуу болгонду Анын улуу сыйлыгы күтөт.”**



**“ Эгер сен Кудайдын Ишине тайбастык менен кызмат кылсаң, сенин даражаң болуп көрбөгөндөй бийик болот.”**

# БИБЛИОГРАФИЯ


1. ‘Abdu’l-Bahá, in Bahá’í Prayers: A Selection of Prayers Revealed by Bahá’u’lláh, the Báb, and ‘Abdu’l-Bahá (Wilmette: Bahá’í Publishing Trust, 2002, 2017 printing), p. 28

2. Ibid., p.29.

3. Tablets of Bahá’u’lláh Revealed after the Kitáb-i-Aqdas (Wilmette: Bahá’í Publishing Trust, 1988, 2005 printing), no. 6.25, pp. 66–67.

4. Bahá’u’lláh, cited by Shoghi Effendi, The Advent of Divine Justice (Wilmette: Bahá’í Publishing Trust, 2006, 2018 printing), par. 42, p. 41.

5. Tablets of Bahá’u’lláh Revealed after the Kitáb-i-Aqdas, no. 3.23, p. 27.

6. Bahá’u’lláh, The Hidden Words (Wilmette: Bahá’í Publishing Trust, 2003, 2012 printing), Arabic no. 2, pp. 3–4.

7. Tablets of Bahá’u’lláh Revealed after the Kitáb-i-Aqdas, no. 10.5, p. 155.

8. From a Tablet of ‘Abdu’l-Bahá. (authorized translation)

9. Ibid.

10. Selections from the Writings of ‘Abdu’l-Bahá (Wilmette: Bahá’í Publishing, 2010, 2015 printing), no. 12.1, p. 42.

11. Gleanings from the Writings of Bahá’u’lláh (Wilmette: Bahá’í Publishing Trust, 1983, 2017 printing), CXXXIX, par. 8, p. 345.

12. ‘Abdu’l-Bahá, cited by Shoghi Effendi, The Advent of Divine Justice, par. 40, p. 39.

13. ‘Abdu’l-Bahá, in “Trustworthiness: A Cardinal Bahá’í Virtue”, compiled by the Research Department of the Universal House of Justice, published in The Compilation of Compilations (Maryborough: Bahá’í Publications Australia, 1991), vol. 2, no. 2053, p. 338.

14. ‘Abdu’l-Bahá, in Bahá’í Prayers, p. 28.

15. Ibid., p.29.

16. Tablets of Bahá’u’lláh Revealed after the Kitáb-i-Aqdas, no. 9.4, p. 138.

17. Ibid., № 10.15, 156-б.

18. Selections from the Writings of ‘Abdu’l-Bahá, no. 206.13, p. 357.

19. Ibid., № 199.6, 334–35-б.

20. From a talk given on 1 July 1912, published in The Promulgation of Universal Peace: Talks Delivered by ‘Abdu’l-Bahá during His Visit to the United States and Canada in 1912 (Wilmette: Bahá’í Publishing, 2012), par. 1, p. 304.

21. Selections from the Writings of ‘Abdu’l-Bahá, no. 237.5, p. 442; also in Bahá’í Prayers, p. 328.

22. From a talk given by ‘Abdu’l-Bahá on 3 September 1912, published in The Promulgation of Universal Peace, par. 29, p. 441.

23. *The Tabernacle of Unity: Bahá’u’lláh’s Responses to Mánikchí Ṣáḥib and Other Writings* (Haifa: Bahá’í World Centre, 2006), no. 5.7, p. 74.

24. Days of Remembrance: Selections from the Writings of Bahá’u’lláh for Bahá’í Holy Days (Haifa: Bahá’í World Centre, 2016), no. 42.8, pp. 209–10.

25. From a talk given on 22 November 1911, published in Paris Talks: Addresses Given by ‘Abdu’l-Bahá in 1911 (Wilmette: Bahá’í Publishing, 2006, 2016 printing), no. 35.2, p. 135.

26. Selections from the Writings of ‘Abdu’l-Bahá, no. 16.5, pp. 51–52.

27. The Summons of the Lord of Hosts: Tablets of Bahá’u’lláh (Wilmette: Bahá’í Publishing, 2006), no. 5.51, p. 301.

28. Tablets of Bahá’u’lláh Revealed after the Kitáb-i-Aqdas, no. 4.23, p. 39.

29. The Summons of the Lord of Hosts, no. 3.17, p. 249.

30. From a talk given by ‘Abdu’l-Bahá on 5 May 1912, published in The Promulgation of Universal Peace, par. 3, p. 127.

31. Bahá’u’lláh, in Bahá’í Prayers, p. 164.

32. Ibid., p. i.

33. Tablets of Bahá’u’lláh Revealed after the Kitáb-i-Aqdas, no. 6.19, p. 64.

34. Gleanings from the Writings of Bahá’u’lláh, LXXXII, par. 3, pp. 180–81.

35. Ibid., V, par. 2, pp. 6–7.

36. ‘Abdu’l-Bahá, The Secret of Divine Civilization (Wilmette: Bahá’í Publishing, 2007, 2016 printing), par. 130, p. 93.

37. The Hidden Words, Arabic no. 70, p. 21.

38. Gleanings from the Writings of Bahá’u’lláh, CXXIX, par. 2, p. 316.

39. Ibid., CXXXIX, par. 4, p. 343.

40. From a talk given by ‘Abdu’l-Bahá on 23 April 1912, published in The Promulgation of Universal Peace, par. 5, p. 69.

41. Gleanings from the Writings of Bahá’u’lláh, CXXV, par. 3, pp. 300–1.

42. Ibid., XV, 1-пункт, 39-б.

43. From a talk given by ‘Abdu’l-Bahá on 5 May 1912, published in The Promulgation of Universal Peace, par. 4, p. 128.

44. From a talk given by ‘Abdu’l-Bahá on 2 December 1912, ibid., par. 2, pp. 638–39.

45. Tablets of Bahá’u’lláh Revealed after the Kitáb-i-Aqdas, no. 6.3, p. 57.

46. Bahá’u’lláh, Epistle to the Son of the Wolf (Wilmette: Bahá’í Publishing Trust, 1988, 2016 printing), p. 23.

47. Bahá’u’lláh, in “Trustworthiness”, published in The Compilation of Compilations, vol. 2, no. 2037, p. 334.

48. ‘Abdu’l-Bahá, in “Bahá’í Prayers and Tablets for Children: A Compilation Prepared by the Research Department of the Universal House of Justice”, no. 11.

49. Ibid., № 10.

50. From a talk given by ‘Abdu’l-Bahá on 14 April 1912, published in The Promulgation of Universal Peace, par. 9, p. 17.

51. Abdul Baha on Divine Philosophy (Boston: The Tudor Press, 1918), pp. 41–42.

52. Selections from the Writings of ‘Abdu’l-Bahá, no. 35.8, p. 104.

53. Ibid., no. 7.4, p. 33.

54. Gleanings from the Writings of Bahá’u’lláh, CXXI, par. 6, p. 291.

55. Ibid., LXVI, par. 6, p. 144.

56. Tablets of Bahá’u’lláh Revealed after the Kitáb-i-Aqdas, no. 10.8, p. 155.

57. Bahá’u’lláh, in The Bahá’í World: Volume One, 1925–1926 (Wilmette: Bahá’í Publishing Trust, 1926, 1980 printing), p. 42.

58. The Hidden Words, Arabic no. 40, p. 13.

59. Ibid., Persian no. 50, p. 39.

60. From a Tablet of ‘Abdu’l-Bahá. (authorized translation)

61. Gleanings from the Writings of Bahá’u’lláh, CXLVI, par. 1, p. 357.

62. Selections from the Writings of ‘Abdu’l-Bahá, no. 1.7, p. 8.

63. From a talk given by ‘Abdu’l-Bahá on 12 May 1912, published in The Promulgation of Universal Peace, par. 8, p. 166.

64. From a talk given by ‘Abdu’l-Bahá on 16 and 17 October 1911, published in Paris Talks, no. 1.7, p. 6.

65. ‘Abdu’l-Bahá, in Bahá’í Prayers, p. 173.

66. Bahá’u’lláh, ibid., p. 94.

67. Selections from the Writings of ‘Abdu’l-Bahá, no. 179.1, p. 285.

68. From a talk given by ‘Abdu’l-Bahá on 10 November 1912, published in The Promulgation of Universal Peace, par. 8, p. 599.

69. Gleanings from the Writings of Bahá’u’lláh, CLIII, par. 1, pp. 366–67.

70. The Hidden Words, Persian no. 21, p. 29.

71. Selections from the Writings of ‘Abdu’l-Bahá, no. 178.1, p. 284.

72. From a talk given by ‘Abdu’l-Bahá on 21 November 1911, published in Paris Talks, no. 34.8, p. 133.

73. Bahá’u’lláh, in “Trustworthiness”, published in The Compilation of Compilations, vol. 2, no. 2013, p. 327.

74. Ibid., no. 2024, p. 330.

75. Ibid., no. 2024, p. 330.

76. Bahá’u’lláh, in “Guidelines for Teaching”, compiled by the Research Department of the Universal House of Justice, published in The Compilation of Compilations, vol. 2, no. 1898, p. 293.

77. Gleanings from the Writings of Bahá’u’lláh, XV, par. 6, p. 41.

78. The Summons of the Lord of Hosts, no. 1.145, pp. 114–15.

79. The Call of the Divine Beloved: Selected Mystical Works of Bahá’u’lláh (Haifa: Bahá’í World Centre, 2018), no. 2.22, p. 21.

80. Bahá’u’lláh, in Bahá’í Prayers, p. 162.

81. ‘Abdu’l-Bahá, ibid., p. 29.

82. From a Tablet of ‘Abdu’l-Bahá. (authorized translation)

83. Bahá'u'lláh, in The Kitáb-i-Aqdas: The Most Holy Book (Wilmette: Bahá'í Publishing Trust, 1993, 2013 printing), par. 70, p. 45.

84. From a talk given by 'Abdu'l-Bahá on 23 November 1911, published in Paris Talks, no. 36.9, p. 140.

85. From a talk given by 'Abdu'l-Bahá on 12 April 1912, published in The Promulgation of Universal Peace, par. 2, p. 10.

86. The Tabernacle of Unity, no. 3.16, p. 64.

87. Selections from the Writings of 'Abdu'l-Bahá, no. 141.4, p. 228.

88. Ibid., no. 1.4, p. 6.

89. The Hidden Words, Arabic no. 48, p. 15.

90. Gleanings from the Writings of Bahá'u'lláh, LXVI, par. 11, p. 146.

91. The Summons of the Lord of Hosts, no. 2.30, p. 229.

92. Tablets of Bahá'u'lláh Revealed after the Kitáb-i-Aqdas, no. 14.11, p. 212.

93. Gleanings from the Writings of Bahá'u'lláh, CXXXIV, par. 1, p. 328.

94. Ibid., CLXI, par. 1, p. 384.

95. Ibid., CXLIII, par. 1, pp. 353–54.

96. Bahá'u'lláh, The Kitáb-i-Íqán: The Book of Certitude (Wilmette: Bahá'í Publishing Trust, 2003, 2018 printing), par. 146, pp. 123–24.

97. From a talk given by 'Abdu'l-Bahá on 23 November 1912, published in The Promulgation of Universal Peace, par. 4, p. 632.

98. , 'Abdu'l-Bahá, in Bahá'í Prayers, p. 29.

99. The Hidden Words, Arabic no. 1, p. 3.

100. Gleanings from the Writings of Bahá'u'lláh, CXVIII, par. 1, p. 283.

101. The Hidden Words, Persian no. 3, p. 23.

102. 'Abdu'l-Bahá, cited by Shoghi Effendi, The Advent of Divine Justice, par. 40, p. 39.

103. 'Abdu'l-Bahá, in Bahá'í Prayers, p. 29.

104. The Hidden Words, Persian no. 49, p. 39.

105. Tablets of Bahá’u’lláh Revealed after the Kitáb-i-Aqdas, no. 6.37, p. 71.

106. The Hidden Words, Arabic no. 36, p. 12.

107. Selections from the Writings of ‘Abdu’l-Bahá, no. 225.30, p. 407.

108. Bahá’u’lláh, in Bahá’í Prayers, p. i.

109. The Hidden Words, Arabic no. 42, p. 13.

110. Tablets of Abdul-Baha Abbas (New York: Bahá’í Publishing Committee, 1915, 1940 printing), vol. 2, p. 483. (authorized translation)

111. Tablets of Bahá’u’lláh Revealed after the Kitáb-i-Aqdas, no. 9.5, p. 139.

112. Gleanings from the Writings of Bahá’u’lláh, CXXXVI, par. 6, p. 336.

113. ‘Abdu’l-Bahá, in “Bahá’í Prayers and Tablets for Children”, no. 10.

114. Selections from the Writings of ‘Abdu’l-Bahá, no. 138.1, p. 220.

115. The Summons of the Lord of Hosts, no. 1.119, p. 93.

116. Tablets of Bahá’u’lláh Revealed after the Kitáb-i-Aqdas, no. 10.4, p. 155.

117. Gleanings from the Writings of Bahá’u’lláh, CLVI, par. 1, p. 378.

118. Bahá’u’lláh, in Bahá’í Prayers, p. 94.

119. Tablets of Bahá’u’lláh Revealed after the Kitáb-i-Aqdas, no. 10.10, p. 156.

120. Selections from the Writings of ‘Abdu’l-Bahá, no. 178.1, p. 284.

121. Tablets of Bahá’u’lláh Revealed after the Kitáb-i-Aqdas, no. 4.16, p. 37.

122. From a Tablet of Bahá’u’lláh. (authorized translation)

123. ‘Abdu’l-Bahá, in Bahá’í Prayers, p. 29.

124. The Hidden Words, Arabic no. 11, p. 6.

125. Tablets of Bahá’u’lláh Revealed after the Kitáb-i-Aqdas, no. 17, p. 257.

126. Gleanings from the Writings of Bahá’u’lláh, LXVI, par. 10, p. 146.

127. Ibid., CXV, par. 13, p. 278.